*«Кедей жашаганыңа кайгырбай, кедей жашаганыңдын себебин билбегенге кайгыр»*
*(Конфуций )*

# М.Ш. МАМАЮСУПОВ




КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАҢЫ ЖАРАНЫНЫН БЕЙНЕСИНЕ

ОШ-2011

УДК 1/14
ББК 87
М 22

Китеп "Агартуу Академиясы" коомдук фондун Окумуштуулар кеңеши тарабынан тарбиялык багыттагы илимий – популярдык аңгемелер жыйнагы катарында жактырылып, жаштарга жана өспүрүм курактагы балдарга сунуш кылынат.

Редактору: ОМПИ нин доценти Ш. Мондошов

Мамаюсупов М. Ш.
М 22 Жашоонун формуласы: Илимий – популярдуу китеп . – Ош: 2011. – 150 б.
ISBN 978 – 9967 – 03 – 741 - 0

Китепте автор өз карашына жараша, жаштарга өзүнү жана дүйнө коомчулугуну таануугa өбөлгө түзүүчү жагдайларды ачып көрсөтүп, кантип бактылуу жана бай жашоого болору жөнүндө аңгеме курат.

**(2016 ж *экинчи жолу басылган*)**

***Сын-пикирлерди төмөндөгү дарекке жөнөтүңүздөр:***
mamaiusupov.m@gmail.com, www.okuma.kg .

***723500, Ош ш., Ленин к., 331, ОшМУ нун жогорку математика кафедрасы.***

М 0301020000 – 11 УДК 1/14
ББК 87
ISBN 978 – 9967 – 03 – 741 - 0 Мамаюсупов М.Ш., 2011.

Мамаюсупов Маккамбай Шеранович

ЖАШООНУН ФОРМУЛАСЫ

Китеп "Агартуу Академиясы" коомдук фондун Окумуштуулар кеңеши тарабынан тарбияоык багыттагы илимий – популярдык аңгемелер жыйнагы катарында жактырылып, жаштарга жана өспүрүм курактагы балдарга сунуш кылынат.

**Басууга берилди:**
Көлөмү 150 бет.

## Мамаюсупов Маккамбай Шеранович



1954 – жылы 16 – октябрда Ош областынын Ноокат районунун Кыргыз – Ата айылдык кеңешине караштуу Тегирменчилер кыштагында математик мугалимдин үй – бүлөсүндө төрөлгөн. 1971 – жылы айылдагы Калинин орто мектебин, 1976 – жылы ОшМПИ нин физика – математика факультетин артыкчылык диплому менен аяктап, математика мугалими квалификациясына ээ болгон.

1978 – жылга чейин Жалал Абад жана Ош областтарынын айылдык мектептеринде математика мугалими болуп иштеген.

1978 – 1992 жылдар аралыгында ОшМПИ нин матанализ кафедрасында окутуучу, улук окутуучу, СССР ИА сынын Сибирь бөлүмүнө жолдонгон аспирант, физматтын деканынын орун басары, ОшМПИ нин кийин ОшМУ нун студенттик профкомунун төрагасы кызматтарын аркалаган. ОшМУ да студенттик демократияны орнотуунун демилгечиси болуу менен катар, студенттерди социалдык жактан коргоочу “Студенттик казына” (1990 ж.) фондун уюштурган. Иш жүзүндө Ош шаарындагы студенттерди ишкердүүлүккө жана саясатка катышууга үйрөтүп тарбиялоочу мектепти түзүп жетектеген.

1993 – 2000 – жылдары чет өлкөлүктөр менен биргелешкен коммерциялык ишканаларда жетекчи, “Ош - 3000” мамлекеттик телерадио компаниясынын Башкы директорунун 1 – орун басары болуп иштеп, “ЭлТВ” телепроектисин уюштурган.

2001 – жылдан баштап ОГПИ де, ОшМУ да доцент, профессор, кафедра башчысы кызматтарында иштеп келүүдө.

1986 – жылы СССР ИА сынын Сибирь бөлүмүнүн Эсептөө Борборунда физика – математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болгон (г. Новосибирск, ВЦ СО АН СССР).

Кыргыз тилиндеги окуу китептери акысыз коюлган www.okuma.kg сайтынын негиздөөчүсү, 30 дан ашык илимий жана илимий – усулдук макалалардын жана төмөндөгү жан 8 окуу китептердин автору жана авторлошу.

МАЗМУНУ

§1 ӨЗҮҢДҮ ТААНУУ
1. **«Мен»** киммин? ……………………………………...6
2. Ата – энеңди жана туугандарды үйрөнүү ........................6
3. Ким жакшы адам ?.........................................................12
4. Жашоодогу өрнөк каармандар .......................................14
5. Картаң адамдардын тарбиясы.........................................16
6. Кошуналарды үйрөнүү ..................................................18
7. Айылды жана өлкөнү таануу..........................................21

§2 "КЫРГЫЗ" АТЫ ЖАНА МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮ
1. Кыргыздар кимдер ? ....................................................29
2.Кыргыздар даңктуу эл болсо, анда бул аттан
эмнеге качышат? ..............................................................33
3. "Кыргыз" аты жөнүндөгү ойлор....................................35
4. Кыргыз империясы жана анын бүгүнкүсү.....................38
5. Кыргыз атын алып жүрүү жоопкерчилиги.....................41
6. Кыргыз мамлекеттүүлүгүндө уруулардын орду............43
7. Манас феноменинен алынуучу таасирлер......................50

§3 ДИНГЕ БОЛГОН МАМИЛЕ
1. Тирүүлүктүн биоэнергетикалык талаалары ..................53
2. Жан энергетикаларын пайдалануу..................................60
3. Дин ишенимдери жөнүндө..............................................62
4. Билим берүүдөгү диндин орду.......................................71
5. Дүйнө элдериндеги "Кудай" уламыштары.....................75
6. Теңирди таанууга карата пикирлер................................82
7. Жан энергетикасы жана био заряддагы
карама – каршылыктар........................................................86
8. Ат коюу жөрөлгөлөрү.....................................................90
§4 КООМ ЖАНА КЕСИП ТАНДОО
1. Коомдогу кесиптердин пайда болуу жагдайлары........93
2. Эл башкаруу кесиби.......................................................96
3. Партиялар жана саясатчылык кесиби..........................101
4. Көркөм чыгармачылык өнөрү.......................................104
5. Илим – билимдин кесипке тийгизген таасири............109
6. Демократиянын шарттарында кесип тандоо..............121
7. Жашоодогу "вампирлер"..............................................124
8. Инвесторго карата мамилелер......................................126
9. Кесип тандоодо спорттун орду....................................131
10. Турмуш куруунга карата пикирлер............................134
11. Кесип тандоого карата сунуштар..............................143

*«Кедей жашаганыңа кайгырбай, кедей жашаганыңдын себебин билбегенге кайгыр»*

(*Конфуций*)

# КИРИШ СӨЗ

Кыргыз элинин келечеги болгон жаштарга жашоо жолун аныктоодо пайдасы тийип калабы деген ниетте, турмуштук тажрыйбама жана билимиме таянып, дүйнө таанымы жана кесип тандоо боюнча илимий – тарбиялык багыттагы баяндамалардын топтомун түздүм. Анткени эгемендүүлүк алган жылдардан кийин кыргыз билим берүү системасы өлкөдөгү саясий олку - солкулуктардын жана каржылык тартыштыктардын айынан кароосуз калып, эскиден калыптанган баркын жоготуп бара жатат. Сөздүн чындыгын айтканда, айыл жерлеринде мектепке караганда мечиттин жана жергиликтүү криминалдык чөйрөлөрдүн таасирлери чоңоюп, жаштар мугалимденби, молдодонбу же жергиликтүү «авторитеттерденби» өрнөк алышын билбей, башы адашып олтурган абалга келдик. Айрым жаштарыбыз Кураны керимдин сүрөөлөрүн ыйлап угуп, Кудайдан бакыт тилеп олтурса, кайсы бири Америка менен Батыштын айдыңдарында жеңил оокат издеп тентип, дагы бирөөлөрү кара күчүнө ишенип криминалга аралашып, турмуштан жолун табууга аракет кылып олтурушат. Албетте, жөн жаткандан аракет кылган жакшы дечи, бирок бай жана бакубат жашоонун ачкычын башкадан издебей, өзүбүздөн издешибиз керек экендигин түшүнүүгө мезгил жетти. Ошондуктан өтөр кетер заманда кызарганды жулуп алган «жапайы» демократиянын жүзүн ачып, жаштарга буюккан туңгуюктан чыгуу жолун көрсөтүшүбүз керек.

Бийлик кумарын татып калган саясатчылардын «сасык оюндарына» байкоочу болуп, акылы жеткени менен алы жетпеген кыргыз интеллигенциясы өзүнүн Кыргызстан элинин алдындагы атын актап, милдетин аткаруусу зарыл. Ошондуктан кыргыз эли бир гана саясатчыларга үмүт артпастан, кыргыз интеллигенциясынын акылына муктаж болуп турган чакта, кайдыгер болбой, ар кимибиз колубуздан келишинче жаштарга акыл бололу. Бул «Жашоонун формуласы» аттуу китеп да ушул максатта жазылган менин жекече пикирлеримдин топтому болуп, кайсы бир деңгээлде жаштарга «Стол китепчеси» катарында кызмат кылат деп үмүттөнөм.

Сөз акырында китепти жазууда баалуу пикирлерин билдиришкен ф.-м.и.д., профессор Ы.Ташполотовго, ф.-м.и.к., доцент Э.Садыковго, УКМК нын полковниги А.Шопоковго жана китепти редакциялаган Ош мамлекеттик гуманитардык педагогикалык институтунун доценти Ш.Мондошовго ыраазычылык билдиремин.

М.Ш. Мамаюсупов

## §1 ӨЗҮҢДҮ ТААНУУ

Жашоо жолун баштоодон мурда өзүңдү кайсы бир деңгээлде таанып, коомдун кайсы жеринде, кандай абалда турганыңды билишиң зарыл. Ал үчүн өзүңдүн туугандарыңды, кошуналарыңды, айылыңды, ишенген Кудайыңды жана урууңду, жашаган мамлекетиңдин тарыхын үйрөнүп чыгууга жана сенин жашооңо таасирин тийгизүүчү коомдогу күчтөрдү, табият сырларын учкай болсо да билүүгө тийишсин. Ошондо гана өзүңдү сырттан караган көз менен анализдеп, дүйнө коомундагы ордуңу таба аласын.

### 1. «Мен» киммин?

Ким гана болбосун, ал өзүн башка адамдардан өзгөчө жаралган сыяктуу сезип, өзүнө жараткан Теңирден артыкча касиеттер жана мүмкүнчүлүктөр берилгендей элестетип, кыялында өзүн башкалардан жогору эсептеп келет. Ошондуктан бакубат жашоонун баштапкы формуласы өзүңдүн **«Мен»** дигиңди туура жана толук түшүнүүдөн башталат.

Жер шарында жашаган миллиарддаган адамдардын жөнөкөй бир өкүлү катарында бул жарыкчылыкка келип кайра кетүү ирмеминдеги өзүңдүн ордуңду туура таба билүү жашоо жарышында жакшы старт алууга шарт түзөт. Андай болсо, сен өзүңдүн кимдигиңди таанууну эмнелерден баштооң керек экендигин санап өтөлү:

*1. Өзүң төрөлгөн үй – бүлөнү үйрөнүү жана алар менен мамиле түзүү;*

*2. Кошуналарыңды жана айылдаштарыңды таануу, жашоо жолуңдагы пикирлеш же өнөктөш топторду түзүү;*

*3. Өз өлкөңдү жана дүйнө өлкөлөрүн таануу, өзүңө жана айылыңа дүйнөлүк деңгээлден көз чаптырып, артыкчылыктарын жана кемчиликтерин аныктай билүү;*

*4. Жогорудагы маалыматтардын негизинде өзүңө өрнөк болуучу* ***«Жакшы адамдын»*** *образын түзүү.*

Ушул кырдаалдарды кайсы бир деңгээлде өздөштүргөн соң гана, сен өзүңдүн бул жарык дүйнөдөгү ордуңду сезип, өзүңө ылайыкташкан жашоо жолун тандоо дараметине ээ болосун деп ойлоймун. Ошондуктан сөз кылынган тандоо этаптарын кандай ишке ашыруу же баамдап баалоо керек экендигине усулдук көрсөтмө берип, бирден токтолуп өтөлү.

### 2. Ата – энеңди жана туугандарыңды үйрөнүү

Өспүрүм куракка келгенге чейин өзүңдүн ата – энең, туугандарың жөнүндө кандайдыр бир деңгээлдеги пикир калыптанат. Алардын айрымдарын өтө жакын деп сыр бөлүшүп акыл сурасаң, айрымдарын алысыраак деп сырың сактап, ачык мамиле кылбай келесин.

Эс тартып, акыл токтоткон күндөн баштап эле жакын туугандарыңдын арасынан кумир тутуп, ага теңелүүгө аракет кылган балалык каарманың да бар. Ошондуктан өзүңдү даана таануу үчүн ата – тегиңди, алардын жашоо жолун, коомдогу ордун учкай болсо да билүүгө тийишсин. Анткени сенин жашоо жолуң, кулк мүнөзүң кайсы бир деңгээлде ата тегиңдин жашоо жолунун, кулк мүнөзүнүн башка бир формадагы кайталанышы болуп эсептелет. Дүйнөлүк окумуштуулардын изилдөөлөрүнө караганда, ар бир үч адамдын экөөсүндө анын ата – тегинин кулк мүнөздөрү, адамдык сапаттары сакталат. Ошондуктан айыл жергесинде аксакалдар көчөдө учураган, таанылбаган балдардын колун коё бербей, ата тегин сурап: «Аа, өмүрлүү бол, айланайын » - деп узай беришет. Биз маани бербеген бул суроо менен алар өздөрү каалаган информацияны 70% процентке чейинки тактыкта алып жатканын түшүнбөй да калабыз. Кандай болсо да, сен бул жарыкчылыкка келген жашооңдо өзүңө окшош биринчи адам эмес экендигиңди түшүнүүгө тийишсин. Сен бул жашоого келүүң менен табияттан өзүңдүн **ата – тегиңдин** өмүр жолун улаганга жана сактоого милдеттүү болуп төрөлгөнүңдү моюнга алууң керек. Өзүңдүн курдаштарыңдын ата – энелерине караганда сенин ата – энең начар жашап, сен каалаган нерселерди сатып бере албай, «элден кем» тарбия берип жаткандай көрүнсө да, алардын аталары, чоң аталары бакубат тың жашаганы үчүн тарыхтын узун жолунда жоголбой тукуму уланып, бүгүнкү күнгө жеткенин эсиңден чыгарба, анткени начар же чабал адамдар тагдыр сыноосунун, табигый тандоосунун негизинде улам илгенип, жашоо тарыхынан өчүп кала берет. Демек, сен улаган тукум ушул күнгө чейин келген соң, сенин да бактылуу жашоого болгон укугуң башкалардыкы менен бирдей. Аталардан калган тукумду татыктуу улантуу жопкерчилигин сезгениң менен, өз ата – энеңден үлгү алгың келбесе, анда үлгү алуучу тегиң, туугандарың бар. Демек, өзүңдү ар дайым ата – тегиңдин эң барктуусунун, кыйынын ишин улантуучу катары элестете алсаң болот. Ошондуктан ата – энелер жана жакынкы туугандар темасына токтолуп, алардын Сенин жашоо жолуңду тандооңо тийгизүүчү таасирлерин талдап, керектүүсүн алуу жолдорун карайлы:

**А)** Төрөлгөн күндөн сага кашык менен тамак жедиргенден баштап калган жашоо сырларынын баарын үйрөтүп келген ата – энең кайсы бир деңгээлде сени тажатып жибергендей да сезилет, ошондуктан жаштардын басымдуу бөлүгү ата – энелеринин жолу менен баскысы келбей, жаңы жол издешет. Мындай жаштардын көпчүлүгү ата – энелеринин жашоо деңгээлине канааттанбай, аларды көпчүлүк элден төмөн турат деп ойлоп, өзүнүн бактылуу келечек турмушун куруу үчүн башка каармандардын жолун тандашат. Өздөрүнүн ушул күнгө чейинки кемсингендей туюлган жашоо күндөрүнүн жалгыз гана күнөөкөрү ата – энелери жана алар үйрөткөн жашоо усулу болгондой көрүнө берет. Бул учурда үй – бүлөлүк чыр-чатактарды көбөйтпөө үчүн, ата – энелер үйрөтүүчү функциясын токтотуп, кеңеш берүүчү милдетке өтүүсү зарыл. Анткени баласы көптөгөн жылдардагы өз анализинин негизинде жашоодогу башка жолду тандоо чечимине

келгендиктен, аны кайра баш тарттыруу мүмкүн эмес. Аны убактылуу ишендире алганыңыз менен, ал кайсы бир күнү кайрадан өз жолу менен басууну самап, сиздер менен күрөшүүгө өтөт. Ошондуктан ата – эненин үйрөтүүчү функциясы баланын өсүү курагына карата азайып олтуруп, ага өз алдынча жашоо жолдорун ойлонууга жана пландаштырууга мүмкүнчүлүк берүүсү керек. Өз балдарына түбөлүк үйрөтө берүүнү каалаган адамдардын балдары эртеби же кечпи ата – энелеринен ажыраган күнгө кабылып, кийинки турмушун өз алдынча пландаштырып улап кетүүдө кыйынчылыктарга кабылышат. Көпчүлүгү турмуштук депрессияга кабылып, аргасыз кептелген туңгуюктан чыга албай ичип же тентип кетишет. Кандай гана ата – эне болбосун балдарына өз түшүнүгүндөгү жакшылыктарды каалайт жана ошол жакшылыктарга жетүү жолдорун үйрөтүүгө аракет кылат. Бирок ата – эненин түшүнүгүндөгү жакшылыктардын топтому баланын муктаждыгын канааттандыра албай калышы мүмкүн. Мындай абалда ата- эне өзүнүн колунан келген мүмкүнчүлүктөрүн баласына ачык айтып, «Кеңешип кескен бармак оорубайт»- дегендей баласына таңуулаган жашоо жолунун оош – кыйыштарын чогуу талкуулап, баласына жаңы жол табууга жардамчы болууга тийиш. Бул жерде тагдыр чечүү ролун балага берип, ата – эне кеңешчи катарында катышуусу керек.

Өз алдынча жаңы жол менен аракеттенүүнүн натыйжасында балаңыздар, биринчиден өзүнүн муктаждыктарын канааттандыруу жоопкерчилигин өзүнө алат, экинчиден ата – эненин кадырын эрте түшүнөт. Жашоодо туура жол издеп, тандоо түйшүгүн өздөрү тарткан балдар турмушундагы өйдө – ылдый кыйынчлыктарга, бактысыздыктарга ата – энелерин күнөөлөшпөйт. Тескерисинче ата – энесинин алдында кетирген кемчилдиктерин түшүнүшүп, алар менен кеңешип иштөөгө кайтат. Ал эми чоң ийгиликтерге жетишишсе, анда ата – энесин колдоосу менен жетиштим деп түшүнүп, дайыма кеңешип турат. Балдарына күнүмдүк ишин үйрөтүп, ашкере насаат айткан же, тескерисинче кадам изине түшүп, өзү берген командаларды маашырлана аткарткан ата – энелер келечекте балдарынан багат деп үмүт кылбаса деле болот. Анткени мындай кысым алдында чоңойгон балдардын көпчүлүгү эркиндикке жеткен алгачкы күнү эле эч нерсеге жөндөмсүз абалда калышат. Ал эми жөндөмдүүлүгүн жоготпогон бөлүгү өзүн эзүүчү ата – энелеринен өч алууну же аларга каршы күрөшүүнү башташат. Ток этер жерин айтканда, «Тиши чыккан балага, чайнап берген аш болбойт» - деген аталардын сөзүн көңүлүбүздүн борборунда сактаганыбыз оң.

**Б)** Ата – эне балдарына реалдуу жетишүүгө мүмкүн болгон гана максаттарды көздөгөн тапшырмаларды берүүсү керек. Эс тартып, акыл токтогон күндөн эле «Сен президент же олимпиаданын чемпиону болосуң», же «Сөзсүз миллионер болушуң керек» - деген сыяктуу аткарууга татаал максаттарды байма – бай кайталап эскерте берүү, балдарда өздөрүнүн турмушунда реалдуу пландаштыруу жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүкпөй калышына алып келет. «Жакшы тилек – жарым ырыс», - дейт элибизде.

Ошондуктан бардык тарбиялар ак тилек менен келечектеги жакшы үмүттөрдү, ниеттерди ишке ашырууга багытталат. Негизги маселе – ошол жакшы тилектерди ишке ашыруучу ыкма усулдарда. Эгерде жакшы тилекти ишке ашырууга жагдай – шарттарды түзбөй туруп, балдарга аруу тилекти ишке ашыруу талабы коюла берилсе, анда алар турмуштарында эч качан жетпей турган максаттарына курулай убакыт коротушуп, өмүрдөгү чечүүчү жыйынтыктарды кабыл алуучу жаштык курак натыйжасыз өтүп, жумшалган эмгек бошко кетет. Жашоо бир гана жолу берилгендиктен, өмүрдүн чечүүчү бөлүгүндө топтогон түшүмдүн үзүрүн көрүүчү экинчи бөлүгү толук камсыздалбай калгандыктан, турмуштук жетишсиздиктерге дуушар болуп, канааттанбоо жана бардыгына нараазы болуу сезимдери өнүгүп, өзүн бактысыз деп эсептеп, коомдогу кайдыгер **«баары бир»** же айдаган багытка кете берүүчү адамдардын, болбосо баарына каршы **«тескери»** адамдардын тобуна кошулушат. Ал эми сөз кылынган элдик макалдагы жакшы тилектер менен аны аткарууга карата түзүлгөн жагдай шарттар шайкеш болгондо гана, 50% проценттеги (жарым ырыскы) ишеничте ырыскы алып келүү ыктымалдуулугу бар деп түшүнүү зарыл. Жаш кезинен эле балдарды куру кыялдарга эмес, реалдуу максаттарга умтулуп жетүүгө үйрөтүп, жаш өзгөчөлүгүнө, тааным мүмкүнчүлүгүнө жана түзүлгөн шарттарга жараша коюлган максаттардын масштабдарын кеңейтүүгө болот. Балдарды китептер боюнча идеалдуу тарбиялоого болот деген да жакшы жыйынтыктарга алып келбейт, анткени реалдуу турмуш менен китептин айырмасы чоң. Тарбиялоо реалдуу чөйрөдө жүргөндүктөн, китептеги чөйрөгө дал келбейт. Балдарды жетилүү курагына жараша чөйрөдөгү жаман – жакшы нерселерди таанууга көнүктүрүп, ошондой окуяларга аралаштыра өз проблемаларын чечүүгө машыктыруу керек. Антпесе китептин барагындай ак, таза балалык наристе сезим реалдуу турмуштагы атаандаштыктарга, адилетсиздиктерге кезиккенде, күтүлбөгөн соккуга же стресске кабылып, өздөрүнө болгон ишенимин жоготушу мүмкүн.

Бүгүнкү күндө турмуштагы өз жолун таппаган салыштырмалуу кедей же максатсыз орто жашаган адамдардын тобу, дал ушул көптөгөн китептердин, интернет желеси менен сотка телефондор тармактарынын таасиринде куру кыялдардын океандарында сүзүп, ошол китептер менен социалдык желе тармактардын ичинде гана бактылуу болуп, алардагы каармандар менен ички бугун бөлүшө мамиле түзүп, канааттануу алып өзүн түшүнгөн жана жактырган тууганындай сезишет. Алар окуган, мамиле түзгөн миңдеген көркөм каармандардын, окуялардын, баалуулуктардын көпчүлүгү түрдүү максаттагы авторлордун саясий жана базар кызыкчылыгындагы азгырык чакырыктары болгондуктан, реалдуу турмуштан аларды издөөнүн акыры жакшылык менен бүтпөй калуусу мүмкүн. Ошондой эле, мындай фанаттык берилүү наркотик сыяктуу эле эффект берип, чыныгы турмуштан канааттануу таппастан, интернет желелеринде гана жашоого көнүктүрөт. Натыйжада коомдон, элден качуу, корунуу сезимдери пайда болуп, жашоо күрөшүнө мөөнөтүнөн мурда эле кол

көтөрүп моюн сунган, болбосо турмуштагы көрүнүштөргө терс маанайдагы өзү менен өзү кобураша сүйлөшүп жүргөн адамдардын тобу түзүлөт. Анткени ага реалдуу жашоого эмес, өзү бактылуу болгон интернет желесиндеги жашоодон башка жашоонун кереги жок. Ошондуктан баланын китеп окуусун, компьютер, телефон пайдалануусун ченемин жана максатын көзөмөлдөй албасак, анда аларды сатып берүүнүн тескери таасири тийип, наркоман сыяктуу жашоодо жолу болбогон бактысыз бала тарбиялап аларыбызды унутпасак.

**В)** Балдары эч кандай эмгек кылбаса да бардык жагынан камсыз кылып, айткандарын толук аткарып келген ата – энелердин балдары реалдуу турмуштук конкуренцияга катышууга жөндөмсүз болуп чоңоюшат. Мындай шарттарда тарбияланган балдарда «Бышкан аш оозума түш» түшүнүгү калыптанат. Аш бышпай калган күнү чоң трагедия башталып, алардын жашоо үчүн изденүү процесси салыштырмалуу кеч калгандыктан, бул процесстен ийгиликтүү натыйжаларды күтүү күмөн бойдон кала берет. Мисалы пара алып үй – бүлөсүн камсыз кылып баккан адамдар өз балдарын да уясынан баштап башкалардын эсебинен жашоого көнүктүрөт. “Уядан эмнени көрсө, ошону алганды” үйрөнгөн баланын акылына пара алуудан, же башка адамдардын эсебинен жашоодон бөлөк эч нерсе келбейт. Коом демократиялашкан сайын адамдар өз укуктарын таанып, коррупция азайып, пара берген адамдар жок болуп калган күнгө келсек, анда бул балдардын башкача жашоо жолдорун тандоо жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырганга убакыт керек болот. Жашоо жарышы тынымсыз аракетти, изденүүнү талап кылгандыктан, убактылуу жетишилген ийгиликтерге маашырлануу, түбөлүк байлыкка ээ болдум деп ойлоо чоң жаңылыштык болуп эсептелет. Байлык жана дөөлөт да салыштырмалуу болуп, бир эле тукумдун балдары бирде бай, бирде кедей болуп, ошол тукумдун жашоо жолун улап олтурат. Бай жана бакубат үй – бүлөнүн балдарынын муктаждыктары аз болгондуктан, жашоо үчүн изденүүчүлүк шыгы толук ойгонбойт, ал эми кедей үй – бүлөнүн балдары кичинекей кезинен эле ата – энелери кетирген кемчилдиктерди изилдеп уктаса түшүндө, ойгонсо оюнда бай жашоонун сырларын үйрөнүүгө умтулуп олтуруп жашашат. Ошентип бул эки үй – бүлөдөн чыккан балдар аракет максаттарына жараша жашоо жарышындагы бизге сезилбеген конкуренцияга аргасыз катышып, өжөр эмгеги менен тынымсыз аракетте болгон кедей үй – бүлөнүн баласы артыкчылыкка ээ болот. Айлана чөйрөгө көз чаптырсак, канчалаган ооматтуу бай адамдардын балдары аталарынан калган мүлкүн акырына чейин сатып, итке минген абалга келсе, канчалаган кедейдин балдары эл алды болуп, карыган ата – энелерин оомат – озурга бөлөп жатышат. Бул учурда элибиз «Жакшыдан жаман же жамандан жакшы төрөлөт деген ушул да», - деп таңдана чечмелеп коюшат. Бирок адам өмүрү сыяктуу эле байлык, оомат, бакыт жана кедейлик да бир үй – бүлөдө төрөлүп, наристеликтен торолуп олтуруп, кайра картайып өлүп калган жандуу кубулушту элестетет. Бул кубулуштун жашоо узактыгы үй – бүлөөнүн аракетине, балдарынын туура жашоо жолун тандоосуна жараша болот.

Ошондуктан «Балаңды балык жегенге эмес, балыкты кармаганга үйрөт» - деген макалды жетекчиликке алган акылдуу элдин балдары гана жүздөгөн жылдар бою дүйнөнүн кайсы бөлүгүндө болсо да өз байлыктарын сактап, бакубат жашап келишкенине тарых күбө болуп олтурат.

Турмушта жаман, иши жүрүшпөгөн кедей же жетишкен бай ата – эне болбойт, болгону убагында жашоо жолун туура тандабай калган гана ата – эне кедей болуп калгандыктан, алардын кемчилдиктерин түзөп, жетишкендиктерин пайдаланып жашоо жарышында ийгиликтерге жетүүгө болоорун унутпа.

**Г)** Сенин жашооңдо ата – энеңден кийинки жакын адамдар болуп туугандарың эсептелет. Кандай гана ишкердик кылбагын, өзүң жалгыз иштебейсин. Кимдир бирөөлөр менен өнөктөш болуп, алака – мамиле кылууга туура келет. «Жат жарытпайт, өз өлтүрбөйт» - дегендей, мүмкүнчүлүккө жараша туугандарың менен чогуу ишкердүүлүк жасаганың туура, анткени алардын кулк - мүнөзүн, жөндөмдүүлүктөрүн, ой жүгүртүүсүн түшүнүүгө убакыт коротпойсун. Экинчи жактан, туугандарың менен бала чактан бирдей шарттарда чоңойгондуктан, жашоо жолун тандоодогу алган таалимиңерде да жалпылыктар бар. Ошондой болсо да туугандардын арасында атаандашуу, көрө албастык сезимдердин калыптануусунун айрым себептерине токтолуп өтөлү:

*1. Бала эс тарткандан эле анын кайсыл бир кемчилигине басым жасап кемсинтип, ага кайсы бир тууганынын артыкчылыктарын ашкере мактап, теңелүүнү талап кылуу.*

*2. Балдардын баарына тең мамиле жасоо. Алардын айрымдарын мени тарткан, кээ бирөөлөрүн апасын, таякесин же башка бирөөнү тарткан деп бөлүү.*

*3. Балдарыңарды өзүңөрдүн тукумуңарды улар бир команда катарында тарбиялоого, бир ийгиликти же кемчилдикти баарына таандык катары сезүүсүнө жетише албоо.*

Чынында эле наристе күндөн тартып өзүңдүн жөндөмсүз экендигиңди мойнуңа алып, кайсы бир тууганыңа окшошууга аракет жасоо башында суктануу сезимин пайда кылганы менен, ага жетүүгө шансың аз экенин сезген күндөн баштап, аны жек көрүп, талкалоо сезими ойгоно баштайт. Ал эми балдарын жөнү жок бөлүп, алардын келечек тагдырына шек келтирип, көрөгөчтүк кыла берүү бир туугандарды жаштайынан бөлүнүүгө даярдагандыкка жатат. Турмушта бир туугандарды касташтырып, аларды "Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман" – дегендей, атаандаш катары тарбиялоого болбойт. Анткени балдарын бир команда катары ата – тегинин жолун улантуучу күч катарында тарбиялап, ата – энесин жана тегин сыйлоону үйрөтүү жакшы ийгиликтерди берерин турмуштук тажрыйбалар көрсөтүп олтурат. Баштаган иштериңде ата – тегиңдин жана туугандарыңдын руху, оң энергетикасы колдоп турат деген ишеним сага эбегейсиз күч берип, баштаган ишиңе жараткан ыроолоп тургандай сезимдер пайда болсо, сөзсүз жеңишке жетишесин. Мисалы, атасынан эрте ажырап, эл душманынын

баласы катарында коомдун адилетсиз басмырлоосуна чалдыгып, турмуштун оор күндөрүн башынан өткөргөн Ч. Айтматов ошол жокчулук күндөрдө да атасынын эл душманы эмес, элдин азамат уулу экендигине жүрөгүнөн терең ишенип, анын жакшы адам болгонун башкаларга да ишендирүү максатын ишке ашыруу жолунда ийгиликтерди жараткан. Наристе сезиминде Москванын темир жол вокзалынан Олуя – Атага узатып жаткан эң кымбат жана сүйүктүү атасынын элеси, ага өмүр бою "Мен акмын, мен элимдин келечегин ойлогон чынчыл патриот адаммын", – дегендей чакырык таштап кала берген. Өзүнөн башка эч кимге угулбаган атасынын "чындыгын" ачыкка чыгаруу милдетин биринчи орунга койгон Чыңгыз, ал вазийпаны аткаруудан чексиз энергия жана күч алып, атасына болгон кусалык – сагынуу кумарын жазып, балалык карызын актоо жолундагы талыкпаган эмгегинин натыйжасында гана кыргыз тарыхынан тактыктуу орунга ээ боло алды. Ошондой эле Төрөкул атанын актыгын элге жеткирүү максатынын айланасында биригишкен бир туугандар өздөрүнүн кандай жакшы адамдын балдары экендигин далилдешип, кыргыз элине үлгү болгон адамдын үлгү болорлук балдары катарында чоңойгондугуна күбө болуп олтурабыз. Демек, башкаларды өзүңө ишендирүүдөн мурда жасап жаткан ишиңе өзүң ишенип, аны жасоодон күч, ырахат жана канааттануу алууң керек Ошентип бир туугандарды бири – бирине конкурент катарында эмес, жамандык кысталышта жардам берүүчү жакын адамдардын бүтүн командасы катарында тарбиялап, аларга бир максатты көздөгөн тапшырмаларды берүү абзел.

### 3. Ким жакшы адам ?

Абсолюттук жакшы адам болбогону менен, адамдар тобунун жашоо чөйрөсүндөгү авторитетине, ишкердик жөндөмдүүлүктөрүнө карата ар бир адамдын субьективдүү «жакшы» деген пикирлеринин негизинде «жакшы адам» түшүнүгү калыптанат. Адамдардын айрым топтору үчүн жакшы болгон киши, башка бир топтор үчүн жаман киши катарында кабыл алынышы мүмкүн. Мисалы уурулар тобундагы эң мыкты ууру же киши жөнөкөй адамдардын арасында эң начар киши катарында мүнөздөлөт. Коммунистик доордогу В.И. Ленин, И.В. Сталин өңдүү биз сүйгөн лидерлер демократиялык ачык коомдо террористтер катарында түшүндүрүлүп келет. Ошондуктан балдарды тарбиялоого өрнөк болуучу жакшы адамды тандоодо коюлган максатка ылайык келүүчү адамдарды тандоо зарыл. Коомдогу ар бир жашоо формасына карата «жакшы» жана «жаман» түшүнүктөрү калыптанып, коомдун мүчөсү катарында бул тандоолор менен кайсы бир деңгээлде макул болууга туура келет. СССР дин мезгилинде ишкердүүлүктүн кайсы гана түрү болбосун алып сатар, кызыл – кулактык деп айыпталып, кылмыш кодексинде көрсөтүлгөн жазага тартылган. Белгиленген коммунисттик моралдын чегинен ашыкча демилге көтөрбөй, кызматтык милдеттерин гана аткарып, айлык маянанын өлчөмүнө жараша турмуш жашоосун пландаштырган адамды «жакшы» деп эсептеп сыйлап келишкен.

СССРдин кыйрашы менен эркин экономикалык мамилелерге өтүү мезгилинде коммунистик идеялдарды туу туткан көптөгөн адамдар базар мамилелерин кабыл алгысы келбей, жашоо жарышынан артта калып кетишти. Ал эми коммунистик идеяларды ыйык ишеним катарында эмес, жөн гана жашоо ыңгайы катары кабыл алган адамдар колунан келишинче коомдук байлыктарды талап – тоноп менчиктештирип, мекендештеринин коммунисттик моралга ишенген «жакшы адам» экендиктеринен пайдаланып калышты. Калктын калган карапайым көпчүлүгү ач курсактарынын муктаждыктарына жараша жер кезип базар экономикасын үйрөнүп, бутка тура башташты.

Теги грециялык түрк жазуучусу Абдурахим Деде грециядан саясий куугунтукталып Турцияга келген соң, кантип жашоосун нөлдөн баштаганын айтып олтуруп, бүгүнкү күндө ийгиликтүү бизнес ишин уюштурган кыргыз интеллигентинин алгачкы ишкердигине токтолуп өткөнү эсимде: «Бир жыл мурда түрк ишкерлери товар бергенбиз, анын акчасын алганы барсак, бир аз бөлүгүн сатып акчасын берип, калган товарларды көрсөтүп: – “Мен таза адаммын, базардын керектөөсүнө ылайык саттым, калганы мына, ала бергиле» - деди. Товарын кайра алган ишкер көзүнө жаш алып: «Товарлардын колдонуу мөөнөтү өтүп кетти, ушундан көрө тилемчилерге акысыз таратып жиберсеңиз сообу тиймек, кандай гана жаман кишисиз» - деп зыянын тактап, үшкүрүп жиберди”. Чынында эле түрк ишкеринин товарларын көзүнүн карегиндей сактап, таратып сатуудан коркуп, алынын жетишинче гана саткан кыргыз атуулу өзүн тарбия көргөн адептүү деп эсептегени менен, товарлары сатылбай, өнөктөштөрүнөн алган кредиттерин төлөй албай бизнеси банкрот болуу коркунучунда калган түрк ишкери, кантип «адептүү» кыргыз ишкерин жакшы адам десин.

Мектепте окуп жүргөн мезгилде начар окуган окуучуларды «жаман» атка кондуруп, кемсинте сүйлөгөн мугалимдерди көрүп эле жүрөбүз. Начар окуганы менен башкаларга зыянын тийгизбей, ар кандай жаңжалдуу конфиликтерге катышпаган окуучуларды «жаман» деп айтууга болбойт. Анткени, алар коомдогу ар кандай жагымсыз окуялардан өздөрүн коргой билүү рефлекси өнүккөн, өтө акылдуу адамдар болуп жүрбөсүн. Балким, ал адамдар жарык дүйнөгө келгенде жашоо мөөнөтүнө ылайыкталып ченелген био–энергиясын, мааниси жоктой сезилген майда – чүйдө убарагерчиликтерге короткусу келбей, жашоодо чечүүчү орунда турат деп ойлогон керектөөлөрүн канааттандырууга үнөмдөп, өмүрүн узартып жаткандыр. Кантсе да көлөкөдө жашап, өмүрдөгү проблемаларды башкалардын био – энергиясынын эсебинен чечип, даяр тапталган жолдо жүрүүгө машыккан «жакшыларга» үмүт артуу кыйын. «Сактыкта кордук жок. Сактансаң, Кудай сактаймын дейт» - деп канчалык кайталасак да, жоош адамдын кейпиндеги сактыктан башка адамдар кордук көрүп каларын унутпасак. Чынында эле, эртеби же кечпи сактыктан өсүп айлакерликке жеткен сактыктын акыры ашкереленип, жери менен элинен айдалып ай талаада тентиген жеке адамдар турсун, бүтүндөй журттарды тарыхтан

окууга болот. Бирок «Жооштон жоон чыгат» - деп алардан корко бербей, окууда жана жашоодо «Эл аралык» же орусча «Золотая середина» - деп таанылган «3» баасына татыктуу окуп жана жашаган бактылуу адамдардын да акылын эсепке алууга туура келет. Ошондой болсо да «Сөөк аңдыган итке окшоп» ырыскы күтүп био – энергиясын үнөмдөгөндөргө караганда, кыйынчылыктарга бой уруп, аларды чечүүдөн ырахат алып, кайраттана тынымсыз түйшүктө эмгектенген адамдардын био – энергиясы курчуп көбөйүп, узак жашарын эскерте кетели. Көрсө, бала чагынан жеңүүчү позицияга машыгуу адаты калыптанып олтуруп, био – энергияны да жеңүүчү позицияга жетелейт окшойт.

## 4. Жашоодогу өрнөк каармандар

Сен жашаган коомдо ийгиликтүү жашап, Сенин оюңча төгөрөгү төп келишип, кемчилдиги жоктой көрүнгөн каармандын табылары турган нерсе. Ошондой болсо да, ал каармандардын арасынан өзүңө өрнөк болуучу адамды туура тандай билүү чоң мааниге ээ, анткени Сен өз жашооңдо ал баскан жолду тандоо чечимине келүүгө ниеттенип жатасын. Ошондуктан салыштырмалуу өрнөк көрсөтүү үчүн тандап алынган адамдар кандай топторго бөлүнүшү мүмкүн экендигине токтоло кетели :

*1) Сен суктанып, өрнөк алган киши сенин реалдуу жашооңдо пайдасы тийип, келечекте кыйыр түрдө болсо да өнөктөш же командалаш болушу мүмкүн.*

*2) Сен суктанып өрнөк катарында тандаган ата – энең же башка киши реалдуу жашооңдо пайдасы тийбейт, бирок анын эмгектеринен, ийгиликтеринен өрнөк алып турасын.*

*3) Сага өрнөк катарында тандалган адам реалдуу турмушуңда кездешпейт же жашабайт, ал – чыгармалардагы каарман же көзү өтүп кеткен улуу инсандардын бири.*

Биринчи учурдагы өрнөк болуучу адамдарга наристе суктануу сезимиң көпкө уланып, аларга чын дилиңен жетүүгө, кошо басууга сырдашкан жакын адамы болууга умтуласың. Адатта мындай өрнөк каармандары үй – бүлө мүчөлөрү же жакын туугандар болушат.

Экинчи учурдагы өрнөк каармандарына наристе сезимиңден баштап ичи күйдүлүк мамиле жасап, сенин жана үй – бүлөңдүн турмуштук кыйынчылыктарына, убактылуу жетишпестиктерине аларды күнөөлөп, ал сенин ырыскыңды тартып алып, жолуңду тосуп тургандай сезиле берет. Ошондуктан сенин жашоо программаңдын негизги максаттарынын бирине өрнөк каарманыңды талкалап жок кылуу кирет. Айрыкча, бири – бирине жардамдашпаган туугандардын балдары жакынкы келечекте бири – бирин кыйратуучу күчтөргө айланышат. Мисалы «Жээн эл болбойт, желке таз болбойт» же «Жээн келгиче, жети бөрү келсин» сыяктуу элдик макалдардын келип чыгуу себептеринин бирине токтололу. Наристе кезден төрөлгөн үйүн, бир туугандарын ыйык тутуп, алардын тандаган жашоо жолунун таасиринде

чоңойгон кыз турмушка чыгып, бала – чакалуу болгон күндө деле төркүнүн эстеп, аларды идеал тутуп, балдарына өрнөк кыла берет. Бирок элибизде кайын журтунан үмүт кылган эркектерди келекелеп ардантчу «Күч күйөө» сыяктуу көптөгөн лакаптар жашап, «чыныгы эркек» кайын журтунан алыс болуп, балдарын да чектеп тургандыктан, тайке журтунун ийгилиги жээндерге тиешеси жоктой сезилип калат. Экинчи жактан, «Чыккан кыз чийден сырткары» - дегендей, таякелери да карындаштарын барган жеринде тынып кетсин деген турмуштук эрежеге таянып, жээндерине ашыкча кийлигишип, ата – журтунан бөлүүгө аракет кыла беришпейт. Ошондой болсо да нaристе сезиминде таякелерине окшошуу, аларга жетүү сезими калыптанган жээндер таякелеринен канааттандырарлык пайда ала албаса, анда өз апаларынын алдында таякелеринен мыкты экендиктерин далилдөөнү эңсеп чоңоюшуп, таякелерин атаандаштардын башкы тизмесине кошушат. Алгачкы эле мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, өзүнүн ким экендигин таанытуу максатында таякелерине чуу салууга аракет жасашат. Таякелерге каршы күрөштө бөлөлөр союздаш болушкандыктан, «Бөлөм, бөлөм – бөлөм үчүн өлөм», - сөзү да тегин жеринен чыккан эмес. Эгерде балдарга аяш аталарын, курдаштарын өрнөк каарман кыла берсең, казан аягы башка үй – бүлөдөн пайда ала албаган балдарың аларга каршы күрөшүүгө умтулуп, аларды өз жашоосунун күн тартибинен чыгарып салууга аракеттенет. Ошондуктан жакын адамдарың менен келечек мамилелерди сактап калуу ниетиң болсо, өз балдарыңа аларды өрнөк каармандар катары тандоодо этият болушуң керек. Антпесе балдар өмүрүнүн көп убактысын жашоо жолун тандоого жумшабастан, ата – энеси таап берген өрнөк каармандар менен күрөшүүгө жумшашып, коомдогу ичи тар, көрө албас, баарына нараазы адамдардын тобуна кошулуп калышат.

Үчүнчү учурдагы өрнөк каармандарды балдар кечиримдүүлүк сезими менен кабыл алып, аларды турмуштагы реалдуу конкурент катарында эмес, жакын кеңешчи катарында түшүнүшөт. Мисалы Манас баатыр, Курманжан датка, Кыз Сайкал же Чынгыз Айтматовду балдардын баары сүйүп урматтайт, анткени алардын жашоо жолунда бул каармандар тоскоолдук жаратышпастан, тескерисинче, оң маанайдагы кыялдануу сезимдерин ойготуп, алардан канааттануу ырахатын жана жашоо үчүн күрөшүү үлгүсүн алышат. Бирок мындай өрнөк каармандарды өз мекениндеги атактуу адамдардын ичинен тандоо зарыл, анткени чет элдик өрнөк каармандар башка чөйрөнүн адамдары болгондуктан, аларга теңелген күндө да алардын ийгилик чени сен жашаган чөйрөдө мааниге ээ болбой калышы мүмкүн. Мисалы Америка Кошмо Штатында жүрүп ишкер фермерден сабак алып үйрөнгөнүң менен, Кыргызстандын шартында ал өнөрүңдү толук пайдалана албайсын. Кыргызстандын айыл чарбасы, базарынын түзүлүшү, кардарлардын психологиясы, эл аралык деңгээлде ээлеген орду Америкадан такыр башка. Ошондуктан чет элдиктердин таасирине өтө берилип тарбияланган балдар Ата – Мекенинде бакубат жашоосун уюштура албай, чет өлкөлөргө кайра кайтууга мажбур болушат. Өнүккөн четтеги жашоо

жарышындагы конкуренция күчтүү болгондуктан, кыргыз эмигранттары престиждүү иштерде иштей алышпай, көбүнчө күнүмдүк оокаттары үчүн убактылуу иштерге жалданышат. Ошондой болсо да өз мекенин дүйнөлүк цивилизациядан артта калган деп жийиркенип, ач болсо да кайтууга көңүлү келбейт. Мисалы, чет элдиктер менен ортоктошуп ачылган айрым мектептерде иштеген кээ бир окутуучулар, окуучулардын мээсине Кыргызстанды келечеги жок, ишкердикке шарт түзүлбөгөн коррупциянын өлкөсү деп, өз өлкөлөрүн идеал катары көрсөтүп койгондуктан, орток мектептерди бүтүрүүчүлөрдүн басымдуу бөлүгү чет өлкөлөргө түбөлүккө кетип, тарбиячылары айткан идеалдуу бакытты таппаса да, көрүнгөн жерде мокочо катары жамандап жүргөн Ата журтуна кайра кайтуудан намыстанып, көпчүлүгү деңиз жээгиндеги сайрандоочу жерлерде башкалардын “кумар жазар оюнчук” адамдарына айланып жүргөнүн угуп жүрөбүз.

Балдарына чет элдик өрнөк каармандарды тандаган адамдар алдын ала балдарына четтиктердин өнөрүн гана үйрөнүп, дилин берилбөөгө жана алар ата – энесин багып, Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүү максатында гана орток мектептерде окуп жаткандыгын байма – бай, кайра – кайра түшүндүрүп турушу абзел. “Бөтөн элде султан болгончо, өз элиңде ултан бол”, “Жат жарытпайт, өз өлтүрбөйт”, “Туулган жердин топурагы алтын” сыяктуу ата сөздөрүн кулагына куюп, чет элдик тарбиячылардын насаат сөздөрүн сын көз караштa кабыл алууга үйрөткөн мекенчил пикирлерди берип туруусу керек. Ошондо гана балдарыңар алган билимдердин натыйжасы ата – энесин, мекенин мазактоо менен бүтпөй, баккан балаңардын үзүрүн көрө аласыңар.

## 5. Картаң адамдардын тарбиясы

Чоң ата, чоң энеси же картаң адамдар тарбиялап өстүргөн балдар негизинен экиге бөлүнүшөт:

1. Турмуш тартыштыгынан жабыркап «Тумшугу ташка тийген» картаңдар тарбиялаган балдар негизинен өздөрүнө ишеничи жок болуп чоңоюшат. Жашоо жолунда көптөгөн жамандыктарды башынан өткөргөн карылар балдарга эмнеге болсо да этият, чочуркоо менен мамиле жасоону үйрөткөндүктөн, балдарда сактануу, корунуу сезимдери өнүгүп, пессимисттик мүнөз калыптанат. Айрыкча, жалгыз чоң энеси же чоң атасы гана тарбиялаган «атадан калган жалгыз туяк» деп аталган балдар реалдуу чөйрөнү жомоктордун дүйнөсү катарында таанып, ырайымсыз чөйрө менен бетме – бет келгенде кысталыш чечимдерди таппай кыйналышат. Ошондуктан аларга «Кемпирдин баласы келге жарабайт», «Кендири кесилген бала тура» сыяктуу үстүрттөн мүнөздөмөлөр берилип, алардын жарытылуу ишке жарашынан алдын ала эле күмөн санайбыз. Өмүрдүн күзүндө жашап, босогодон калетсиз аттоочу кышты күткөн карылыктын демсиз кубатын балдарга туйдуруп, аларга да жашоого үмүтсүз көз караштагы мамиле жасоону үйрөтүү чоң жаңылыштык деп эсептеймин. Кандай күндө болсо да

жаңыдан өсүп келе жаткан баланы келечекте болуучу жакшы күндөрдүн деми менен тарбиялап, ал күндөргө жетүү үмүтүн жандыра алгандай таасир берүү зарыл. Кайсы бир деңгээлде кары адамдардын тарбиялык таасиринде чоңойгон Ч. Т. Айтматов өзүнүн «Ак кеме» чыгармасында акылы болгону менен кемпири жана Орозкулга окшогон адамдардын кысымынан кордолуп, колунан эч нерсе келбеген Момун чалдын жомогунан чындык издеген Нургазынын акыркы чечими, бул дүйнө менен кош айтышууга алып келгенин баяндаганын билебиз. Адабий талдоочулар тарабынан бардык оңду – солду тарабынан изилденген бул чыгарма жөнүндө эмнелерди гана жазсак да, балдарыңарды Нургазы сыяктуу тарбиялап, трагедиялуу финишке алып келбегиле деп эч кимибиз сын пикирибизди айта албадык. Балким Нургазынын таза балалык сезиминдеги туура деп эсептелген акыркы чечим Чыңгыз атабыздын балалык кыялдарына да келген чыгар. Бирок турмушунда ал чечимди кабыл албаса да, көңүлүнөн кетпей, улам кайталанып келе бергенден улам, Чыңгыз атабыз бул чечимге чыгармасында кайрылып, андан биротоло кутулууну чечкендир. Кантсе да касиеттүү Талас жеринин оң энергетикасы Москванын темир жол вокзалында «Мендей бол» - деп узатып кала берген Төрөкул атанын акыркы элесинин чакырыгы, ага оптимистик башка чечимдерди же күрөшүү вариантын тандоого түрткү бергендир деп ойлоймун. Балалык фантазиясынын чындыгын реалдуу турмуштун чындыгы менен улаштыра өнүктүрүп, чындыктардын карама – каршылыктуу дүйнөсүнөн өз чындыгын таба да, далилдеп сактай да алган Чыңгыз Айтматов – жашоодогу өз программасында алдына койгон максатын аткарып, тагдыр башына салган бактысыз балалыгын жеңе билип, коомдун барктуу да, бактылуу да адамына айлана алды.

2. Экинчи топко жашоого болгон ишеними күчтүү, турмушта өздөрү жетпеген бийиктиктерге жете ала тургандай урпактарын даярдоого үмүттөрү чоң, аккан арыктан түбөлүк суу ага беришине жөн гана ишенип калбай, анын ишке ашуусуна салым кошкон карылар багып өстүргөн балдар киришет. Адатта мындай карылар өз балдарын татыктуу тарбиялап өстүрүп, колдон каруу кеткени менен, көкүрөктөгү кайраты кайтпай, коомдун кыймылдаткыч күчү катарында кала беришип, кийинки неберелерине өмүр тажрыйбаларын үйрөтүп келишет. Мындай карыларга мисал катары, кыргыздын сыйлуу драматургу Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» чыгармасындагы башкы каармандардын бири Акылбек чоң атаны кошууга болот. Турмуштун татаал сыноосуна жана жашоодогу «Орозкулдарга» мөгдүрөп жеңилип калбастан, жашоодогу башкы максатка «тукум улоону» коюп, там – ташын, дарагын бузуп көчөдө калтырса да туягынын туягын калтырууну сурап, согуштан кайтпай калган Болотбек уулунун жалгыз баласы Жеңишбектин келечек жолуна чыйыр салат. Жеңишбекке материалдык дүйнөгө, утурумдук кызыкчылыктарга үмүт артып жашабай, ата – тегинин рухуна таянып, алардын энергиясынан азыктанып, бакубат жашоого татыктуу тукумду улоо чакырыгын таштайт. Небересин кереметти куру кыялдагы жомоктон издебей, өз колу менен жасоого үндөйт. Албетте, Акылбек атадай карыялардан таалим

алган Жеңишбекке тагдырлаш миңдеген жетимдер жетилип, ата – тегинин жашоосун татыктуу улап гана кетпестен, бүтүндөй кыргыз элине акыл арка болуп, Акылбек атадай карыя болду деңизчи, ошентсе да Бексултан агайдын миңдеген « Жеңишбектери » азыр деле чоң ата – чоң энелеринин, таята – таенелеринин колунда тарбияланып жатканын унутпай, тарбиячы карыларга балдарыңарга жашоодон коркуп корунууну үйрөтпөй, жашоодо жеңүүчү болууну үйрөткүлө деген тилегибизди билдире кетебиз.

Убагында айылда жакшы окуп – тарбияланып, шаарларда иштеп калган жарандар бирден же экиден балдарын айылда жалгыз калган ата – энелерине эрмек катары жиберип коюп, калган балдарын өздөрү өстүрүп жүргөнүн билебиз. Күндөр өтүп балдар чоңойгондо, өздөрү тарбиялаган балдарына караганда айылда чоң атасы менен чоң энесинин колунда тарбиялаган балдары жакшы чыгып, «Бычакка сап» болгонун, алардын жолун жолдоп, үмүттөрүн актаганын айтып калганын угуп жүрөбүз. Ошентип наристе сезимде өз ата – энесин канчалык жакшы көрсө да, баласын жеке каалоосун эске албай, айылда кол булгалатып таштап кете беришкен баланын оюнда, «Мен кантсем кайра ата – энеме бара алам» - деген эңсөө кала берет тура. Чоң атасы менен чоң энесинен өз атасынын айылда чоңоюп, кандай жол менен шаарга барып калганын билүүгө аракеттенип, жашоо жолунун алгачкы балалык программасын түзүп, ошол программа боюнча шаарга кайтып баруу эңсөөсүнө умтулуп, тилегин ишке ашырганын билип олтурбайбызбы. Айылдын ысык – суугун тартып, шаардан келүүчү балдарын сагынган карыялардын жыл санагы да календарь боюнча эмес, балдарынын келип – кеткен мезгили менен өтүп жатканын өз көзү менен көрүп, жүрөгүнө түйгөн наристе ата – энесин жалгыз өзү гана эмес, чоң аталары да кошо сагынганын сезип, өзүнө кошуп чоң аталарын, кала берсе ата – энеси өскөн айылды кошо бириктирүүгө умтулат турбайбы. Ошентип карыя тарбиячылардын оптимисттик ишенимдеги тилектерин жана сагынычтарын ишке ашыруу жолдорунун туура варианттарын издөө процесси, баланын ой жүгүртүүсүн же фантазиясын өстүрүп, жаман жоруктарды үйрөнүүсүнө убакыт калтырбай, акырындап олтуруп шаардагы ата – энеси чоңойткон бир туугандарынан ашып өтүп, ата – энесинин көңүлүн өзүнө буруу ниетин ишке ашырат экен.

### 6. Кошуналарды үйрөнүү

Төрөлгөндөн баштап эң биринчи алака кылган адамдар ата – энең, туугандарың болсо, сени менен экинчи мамиле жасаган топко кошуналар киришет. Ар бир адам кайсы бир коомдо төрөлүп, ошол коомдо жашап, коомдун мүчөлөрү менен мамиле түзүүгө муктаж болгондуктан, адамдарды «коомдун продукту» деп айтып келишет. Демек, адамдар курчап турган коомго жараша ага шайкеш чоңоюп, ошол коомдун чегинен ашкере сырткары чыга алышпайт. Ээн аралда өзү жалгыз жашаган Робинзон Крузо

адабий каарман катарында аң сезимибизге сиңгени менен, анын жолун жолдоп жашоону эч кимибиз каалабайбыз. Анткени элсиз аралда коомдук, туугандык ж.б. милдеттерден эркин абалда жашаганына карабастан, Робинзон да жаман жакшысы аралаш, толгон токой проблемалары бар коомго кошулуу ниети менен жашап, андан күч, үмүт алып, акыл – сезими, эс – тутуму жана күлүк ою менен элдер жашаган коомдон байланышын үзбөйт. Робинзондун элдер жашаган коом менен байланыш түзүүгө жасаган мындай аракетинен улам өзүбүз жашаган коомдун кандай кымбат жана баалуу экендигин сезебиз. Демек, ийгиликтүү жашоо жолун тандоо баарынан мурда өзүң жашаган коом менен мамиле түзүүнү талап кылат. Ар бир бала үчүн сырткы дүйнө кошунанын дубалынан башталып, өзүңдүн дүйнөң же территорияң болуп эсептелеген үй – бүлөңдүн, туугандарыңдын жылуу илеби ушул чек арада бүтөт. Өзүң жөнүндөгү чыныгы коомдук пикирди ушул чек ара дубалынан баштап сыртка карай түзүүгө тийишсин, себеби алар гана «Карга баласын аппагым» дебестен, «Жаман үйдөн жаман түтүн чыгат» принциптерин эске алып, сен жөнүндөгү салыштырмалуу туура обьективдүү пикирлерди, лакаптарды, ушак – айыңдарды жана аңыз кептерди таратуучу алгачкы маалымат булактары болуп эсептелишет. Элибизде «Алыскы туугандан жакынкы кошуна» - деп айтылгандай кошуналары менен мамиле түзө албаган киши, эч качан коомдогу абийирдүү адамдардын катарына кошула албайт.

Кошуналар проблемалары, негизинен жашоо аянттары өтө жакын жайгашкан түштүк кыргыз элдеринде курч мүнөздө коюлуп, адамдар бул жашоого кошуналарын жеңүү же алардан артыкча экендиктерин далилдөө үчүн гана жаралгандай сезилет. Эң жакын кошунасынан бир километр алыс аралыкта жашап көнгөн теги Чаткалдык жакын досторумдун бири Ырыстуу деген жигит Кадамжай тараптан үйлөнүп калып, күйөөлөп барып келген соң тоогу бири – биринин огородуна өтүп кеткен коңшулардын жаңжалын «Эй, тим эле биринен биринин үйүнө пил өтүп, огородун талкалагандай урушушту, төок эмнени жеп талкаламак эле» - деп сүрөттөгөнүн эстеп калам. Чаткалда бала күндөн кошунасын чет элдиктерди көрүүгө ынтызаар баладай эңсеген Ырыстуу досумдун кошуналарын жамандык жакшылыкта жардамдашуучу, уурулугу жана туурулугу бир жакын адамдар катарында элестетиши, Кадамжай жергесиндеги «кошуна» түшүнүгү менен дал келбей жаткандыгынын себебин көпкө чечмеледим. Көрсө Ырыстуу досумдун ата – энелери жашоо жолун тандоодо баласына кошуналарына атаандашуу программасын киргизген эмес экен. Анткени бири – биринен жетишерлик узак аралыкта жашаган кошуналардын арасындагы бири – бирине көмөктөшүү муктаждыктарына карата түзүлгөн кошуналык мамилелер менен, сүйлөсөң үнүң угулчуу бири – биринен жалгыз гана дубал бөлүп турган кошуналардын арасындагы мамилелердин айырмачылыктары чоң тура.

Кысталыш турмушта жашаган адамдардын жашоо кызыкчылыктары кесилишкен кошуналык чек арадагы кызыкчылыктардын карама – каршы же

үндөш болуу деңгээлине жараша кошуналардын балдарынын арасындагы мамилелер калыптанат. Ошондуктан болор – болбос себептер менен үй – бүлөлүк өз ара талкуулоолордо кошуналардын кемчиликтерин талкуулап, өзүңөрдүн жашоо жолуңардагы кедерги тоскоолдук катарында көрсөтүүгө аракет жасай бербегиле. Бул жашоодо жалгыз гана кошуна эмес, миңдеген адамдар менен мамиле түзүп, алардын кежирликтери менен макул болуп жашоого туура келерин унутпагыла. Эгерде өмүр бою үйдөн чыкпай жашоо кечирсең, ошондо гана сени сыртта чектеп турган кошунаңа кандайдыр бир таарынычың болушу мүмкүн, бирок сен аалам кезип, өнөр издеп, жакшы жашоо тандоо ниети менен төрөлгөн адам катары кошунанын чегинен аттап өтүүгө тийишсин. Балалык сезимде алгачкы чет өлкөлүк же жат адам катарында кабыл алып, мамиле жасаган кошунаңа толук сырыңды, чыныгы мүнөзүңдү, кыял – жоругуңду дароо эле ача бербейсин. Ошентип кошуна менен мамиле түзүүдө алгачкы дипломатиялык чеберчиликтердин негиздери иштелип чыгып, коомчулукка өзүң жөнүндө жакшы пикир жаратуу кадамын баштайсын. Эгерде сен жана үй – бүлөң айылда салыштырмалуу жакшы адамдар деп эсептелип, канчалык аракет кылсаң да, жакынкы кошуналарда жакшы пикир жарата албасаң, анда силерди жакшы деген айыл көпчүлүгүнөн жакынкы кошуналарыңар жөнүндөгү пикирлерди текшерип көрүү зарыл. Анткени коомдогу адамдар негизинен үч топко бөлүнүшөт:

1 – топко өзүнө жана башка адамдарга пайдасы тийген адамдар; 2 – топко өзүнөн башка эч кимге пайдасын тийгизбөөгө аракет жасап, бирөөлөрдөн үйрөнгөнү менен башкалар менен бөлүшпөгөн адамдар; 3 – топко өзүнө да, башкага да пайдасы тийбеген адамдар киришет.

Эгерде айылда кошунаңарды 1 – топко кирет деген пикир көп болсо, анда силер кошунаңарга караганда салыштырмалуу жаман адамдар болуп, кошуналык мамилелердин начардыгынын күнөөкөрү катары эсептелесиңер. Ошондуктан кошуналык мамилелерди оңдоо үчүн өзүңөрдүн үй – бүлөлүк саясатыңарды кайра карап, оңдоого тийишсиңер. Ал эми кошунаңар 2 – топко кирет деген пикир басымдуу болсо, анда кошунаңар менен жылуу мамиле түзүү үчүн алардан ашып кетпөө принцибин эске тутуп, дистанция сактап, дипломатиядагы протоколдук деп аталуучу мамиледе болгонуңар оң. Себеби алардан ашып кетүү белгиси билинер замат мамиле бузулуп, келишпес конкуренттерге айланып, чырдашып калышыңар мүмкүн.

Ч. Айтматовдун “Бетме бет” повестинде өз кызыкчылыгын биринчи орунга койгон Ысмайыл кошунасынын көп балалуу жесир аял экендигине карабастан, анын жалгыз уюн уурдап, союп жейт. Мындай адамдар менен кошуна жашап, жакшы мамиле түзүү татаал жана чоң чеберчиликти талап кылат. Бирок адамгерчиликти жана кошуналык мамилени биринчи орунга койгон Сейденин күйөөсүнүн кара өзгөйлүгүнө чечкиндүү каршы чыгып, адилеттүүлүктү орнотууга жасаган аракети – кошуналык мамилелердин тең салмактуулугун сактап, андан ары улантууга болоруна үмүт арттырат. Демек, кошуна болгон адамдардын ичинен кошуналык милдетти туура түшүнгөн, өз ара кызыкчылыктарыңар үндөш болгон адамдарды таап, мамиле улап кетүү

мүмкүнчүлүгү бар. Дагы бир турмуштук мисал келтирели: Ош шаарында көп кабаттуу үйлөрдүн биринде жашаган келин өзүнүн тикме машинасы жана консерва жабуучу кол тегеретмеси болгонуна карабастан, тикмелик жана консервалоо иштерине кошунасынын тикме машинасын жана консерва жабуучу кол тегеретмесин сурап пайдаланып келген. Кокусунан кирип көрүп калган кошунасы "Өзүңдө бар туруп эмнеге менден сурадың? " – десе, шашып калгандан чынын айтып: "Өзүмдүкү бузулуп калабы деп чочуладым, эже" – деп жиберет. Мындай кошуналар менен чебер дипломатиянын тилинде сүйлөшпөстөн, ачык "орусча" дипломатиянын тилинде сүйлөшүүгө туура келет.

3 – топко кирген кошуналар менен ынтымак жашоо үчүн алардын өзүнө да жасабаган жакшылыктарынын кайсы бир бөлүгүн үзгүлтүксүз милдеттүү түрдө толтуруп турууга тийишсиң, мындай жардам токтогон күнү кошунаң менен мамилең да үзүлүшү мүмкүн. Адатта мындай кошуна үй – тиричилигине керектүү шаймандардан тартып туз, ширенке сыяктуу майда барат көрүнгөн нерселерди сатып албайт. Анын баарын кошуналардан алып иштетем деген ишеним калыптанган адамдардын түшүнүгүндө кошунага коюлган шарттар же талаптар гана болуп, жооп иретиндеги кошуналык милдеттер жокко эсе. Ошондуктан мындай кошуналар менен ынтымак жашоо үчүн аларга спонсор боло бербей, өзүңөрдүн муктаждыгыңарга басым жасап, убагы менен жардам сурап, кошуналык милдетти эскертип кайрылып туруу керек.

## 7. Айылды жана өлкөнү таануу

"Ата журт айылдан башталат", - деп жөн жеринен айтылбайт. Айылдын бир үйүндө төрөлүп, дүйнө кезүүгө жөнөгөн жолуңдун башталыш чыйыры дал ушул айылыңдан башталып, өмүрүңдүн эсте калар күндөрүндө Ата журтка кусалыкты жазып дем - күч алганы же кубанычыңды бөлүшкөнү жолдорунун боз чаңдарын сагына искеп, кайта – кайта келе бересиң. Айылдан алгачкы кеткен жылдары "Айылдаш" деген сөздүн баркын түшүнүп, анын жүрөккө жакын туугандык илебин издеп, жердештердин кечелерине, жолугушууларына барып жүрөбүз. Анткени чоң дүйнөнүн ичине сүңгүп сиңип кире албай жаткан мезгилде сени таанып, кайсы бир деңгээлде адам катары баалаган жана жакшы түшүнгөн, өз учурунда сен да түшүнгөн адамдар менен жолугушуп, өз ара сүйлөшүп, өзүңдүн айылда калыптанган кимдигиңдин жоголуп кетпегендигин улам текшерип тургуң келет. Мурда айылдаштардын шкаласында ченелип, бааланып келген кимдигиңдин туруктуу сакталып гана калбай, кайра байып өсүп жатканын сезүү, сага ишеним жаратып, жаңы дүйнөнү ийгиликтүү өздөштүрүүгө шык берет. Ар бир айылдын өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөрү болот, анткени айылды курчап турган чөйрө, жайгашуу абалы, көйгөйү жана аурасы айылдын жашоочуларына таандык жалпы мүнөздөрдү, кылык – жоруктары менен коштолгон жалпы салттык адаттардын иштелип чыгып калыптануусуна шарт

түзөт. Өсүп келе жаткан баланын алгачкы жашоо жолун тандоо программасы өзү туулган үйдөгү жана айылдагы өрнөк каармандардын таасиринде түзүлгөндүктөн, кийинки жашоо программалары анын уландысы катарында эсептелип, кыялында баштапкы программа менен салыштырып олтурасын. Ошондуктан кандай гана кыйын адам болбосун, кайсы бир күнү айылдан үйрөнгөн жорук – адатын кармата каларын угуп жүрөбүз. Мындай абалдар элибиздеги "Үйрөнгөн адат өлгөндө калат" – сыяктуу көптөгөн макал – лакаптар менен бышыкталып, көңүлгө түйүлүп келет. Адамды киндик каны төгүлгөн айыл темасы түбөлүккө коштоп, ага түгөнгүс арзуусун ырларында, китептеринде жана эскерүүлөрүндө кайрыла берүүсүнүн дагы бир себеби – башка бирөөнүн (ата – энеңдин ж.б.у.с.) жашоо программасынын кайсы бир даражадагы камкордугуна бөлөнгөн бейкапар балалык доорду сүрүп, көп баш оорутпай чоңойгондугуңда болсо керек. Ошентип жакындаштырып тегеректелген каталыктарды эске албаганда Кыргызстанда канча айыл болсо, ошончо мүнөздөгү адамдар бар деп жалпылоого болот. Эски замандарда адамдар уруу топтору менен отурукташкандыктан, адамдарга урууларын боюнча сырткы божомол мүнөздөмөлөр берилип, урууларына жараша кайсыл айылдын эли менен кандай мамиле түзүү усулдары иштелип чыккан. Кала берсе той – ашта урууларына карап тамак тартуу тартиптери да сакталып, айыл аксакалдарынын катуу көзөмөлүндө турган. Учурдагы айыл түзүлүштөрү бир уруулук деңгээлден чыгып, бир канча уруулардан же элдерден куралгандыктан, адамдарга уруулары боюнча мүнөздөмө берүү татаал. Мисалы Баткен аймагында жайгашкан адигине уруусундагы элдин Алай аймагындагы адигине уруусундагы элдер менен жалпылыктары азайып, мүнөздүк жактан Баткенде жашаган элдерден айырмаланбай калган. Бирок жашоо чөйрөсү окшош айылдагы урууларда жалпылыктар сакталып келгенин Кыргызстандын түндүк – түштүгүндөгү тоолуу жерлерде жайгашкан урууладан байкоого болот.

Окшош шарттарда жана муктаждыктарда өсүшкөн айылдаш балдар психологиялык жактан окшош ой жүгүртүшүп, бирдей максаттарга жетүү ыкмаларына машыгышат. Чоң дүйнөгө аралашуунун алгачкы жылдары кайсы бир деңгээлде айылдаштары менен союздаштык сезим сакталганы менен, арадан убакыт өткөн сайын союздаштардын арасындагы ички күрөш өөрчүп атаандаштык сезимдери пайда болушу да мүмкүн. Айылдан алыс болсоң да бир кулагың анда болуп, айылдагы аксакалдардын "Мунун баласы мындай чыкты, тигинин баласы тигиндей чыкты"- деген салыштырууларын угуп, өз тегиңди башкалардан кемсинтпей сыймыктантуу үчүн айылдаштарыңдан ашып түшүүгө аракет жасай баштайсын. Жаш кезиңен уккан: "Кой, кошуна – кологo уят, эл журт эмне дейт"- сыяктуу жаманын жашыруу намысына жетеленип, өзүңдөн мыкты айылдаштарыңа ичи күйдүлүк мамиледеги атаандаш болуп калганыңды сезбей да каласын.

Айылдан чоң дүйнөгө аттануудан мурда өз айылдаштарың менен калыптанган мамилени сактап, жашоо жолуңда максаттуу пайдалануунун болжол – программасын түзгөнүң жакшы. Ал үчүн биринчиден, айылыңды

ички тараптан гана тааныбастан сырткы көз караш менен да таанууң керек. Сен жашаган коом өз айылың менен гана бүтүп калбагандыктан, айылыңа сырткы коомчулуктун берген баа – пикирин үйрөнүү үчүн:

1) *Айылдын тарыхын, андан чыккан аттуу – баштуу делинген адамдар жөнүндөгү пикирлерди, маалыматтарды иликтейсин.*
2) *Айылдын жашоо абалын, экономикалык турумун кошуна чөлкөмдөгү айылдар менен салыштырып көрөсүн.*
3) *Айылда жашаган басымдуу эл кошуна айылдардын элдеринен өрнөк алып жашайбы, же аларга өздөрүн өрнөк катарында эсептейби?*

*сыяктуу суроолорду чечмелейсин.*

Топтолгон маалыматтарга жараша айылыңдын образын түзүп, коомдогу жакындаштырылган ордун аныктайсын. Экинчиден үй – бүлөлүк, тууганчылык таасирлерден алган кызыкчылыктарыңа жараша алдын ала айылдаштарың менен келечек мамилелерди түзүү багыттарын аныктап, кимиси менен союздаш, кимиси менен милдеттемесиз сый алака түзүү максаттарыңды тактооң зарыл. Балалык күндөн бир өсүп, бир чоңойгон туугандар, достор, классташтар, жашаган айылыңдын элдери канчалык жакшы көрүнсө да, тандаган жашоо жолуңдун кучагына алардын баарын батыра албайсын. Жашоо деп жалпы айтылганы менен, ал миңдеген адамдардын жеке жашоолорунан куралат тура, ошондуктан сен да жеке жашооңду түптөө үчүн айылдын жалпы жолунан чыгуучу миңдеген айрылыш жолдордун бирөөсүнө кирүүгө мажбурсуң. Өткөн кылымдын 60-жылдарынын башында мектептин 1 – классында окуткан агайыбыз баарыбыздан келечекте ким болорубузду сурап калды. Уккан билген алыбызга жараша “мугалим, шофер, уста, чабан, башкарма” сыяктуу кесиптерди айтып чурулдап жатсак, бирөөсү “ордодо чүкө аткан оюнчу болом” – деп кыйкырып калды. Улуттук оюндарды эскичил түшүнүк деп коммунисттик моралга негизделген жаңылануу саясатын жүргүзүүгө милдеттенген агайыбыз: “Ашык аткан азат, топ ойногон тозот, окуган озот”- деп кейип, учуру келсе эле “Жамандын тилеги да жаман, жакшы ниет кылып жүргүлө”, - деп баягы балага тигиле карап калар эле. Агайдын сөзүнөн улам класстын көпчүлүк окуучуларында ал бала менен мамиле түзүү кызыкчылыктары азайып, андан убактылуу четтеп калганы эсимде. Көрсө, жеке максаттарга жетүү жолдорундагы классташтардын арасындагы мамилелеш алгачкы топтор калыптанып жаткан экен. Кийинчээрек ал бала класстын сыймыгына айланып, аны менен мамиле кылуунун өзү классташтар үчүн чоң бакыттай сезилген күндөргө келгенде, башталгыч класстарда аны менен мамиле түзүүдөн качкан классташтарын айтып: “Агай мени убагында токтотпогондо чүкө топтоп олтуруп калат белем” – деп күлүп калчу. Ошентип классташтардын арасындагы бири – бири менен мамиле түзүүчү топтор башкалардын убактылуу пикирлеринен куралган мүнөздөмөлөр аркылуу эмес, мектептеги окуу жылдарындагы жеке тандоого негизделген алака мамилелеринин жыйынтыгы менен куралат.

Башталгыч класстарда окуучулардын кимиси кандай экендиги, алардын окууга болгон мамилеси, жүрүм – туруму боюнча мугалим тарабынан аныкталып, класстагы алака түзүүчү мамилелеш топтордун түзүлүшүнө мугалимдин жана ата – энелердин пикирлери чоң таасирин тийгизет. Жогорку класстарга өткөн сайын окуучулар бири – бирин жакшы таанып, өз табиттерине жараша салыштырмалуу реалдуу топторго бириге башташат.
Ошентип мектепти бүтөр күнгө чейин үй – бүлөлүк кеңеште сунуш кылынган же жеке өзүң тандаган кайсы бир жашоо жолунун программасын түзө аласын. Андан кийин классташтардын жана айылдаштардын ичинен өзүңө союздаш катарында жашоо жолуңа тоскоол болбостон, жардамы тийе турган курдаштарды тандайсын жана алар менен жакын мамилени бузбоого аракет жасайсын. Калган айылдаштар менен сый мамилени сактап, чай ичишүү, той тамашада катышуу сыяктуу адамгерчиликтин чегинде гана мамиле түзүп баштайсын. Анткени кыска өмүрдөгү өзүңдүн жашоо программаңдын милдеттерин аткарууга жумшаган убакытты баарына бөлүштүрүп үлгүрбөйсүн. Сенде: “Ары жокко алты күн той” же “Сайда саны, кумда изи жок” болуп жүрүүгө чоло тийбейт. Айылдын баарына жагам деп ар кимдин көңүлү менен жүрө берсең “арсыз” аталып, ара жолдо каласын. Эгерде мектепти бүткөнгө чейин эч кандай жашоо программасын тандай албасаң, анда балалыктын бүткөнүн туура түшүнүп, жашоо жолуңду аныктоо мезгилин өткөрбөй убактылуу болсо да өрнөк каарман тандап, анын жашоо жолуна карап программа түзүүгө тийишсин.

Бүгүнкү илимий – техникалык өнүгүүгө жарыша өсүп жаткан коомдогу миң түркүн турмуштун түйшүктөрү өмүрүң өткүчө бир айылдын чегинен чыкпай, бакубат жашоону уюштурууга мүмкүнчүлүк бербейт. Коммунисттик доордо классы менен айылда калып чабандардын, пахтакерлердин, кызылчачылардын жаштар бригадасын түзүү ураандары базар экономикасынын шарттарына туура келбейт, анткени сен жер кыдырып эмгегиңди кайда жумшарыңды, кимге керегиң тийерин тактап алып гана жашоо жолуңду баштасаң, ийгиликке жетишесин. Пландуу коммунисттик экономикада сенден сурабай эле эмне үчүн төрөлүп кимге кызмат кылууң керек экендиги алдын ала чечилип, коммунизмди куруу кыялын ишке ашырууга программалаштырылган болоор элең. Бир жагынан бул жакшы нерсе, баш оорутпай сага жашоо жолун аныктап берет. Бирок миңдеген адамдарды бирдей ойлонтуп, бир чоордун ыргагы менен түбөлүккө бийлетүү мүмкүн эмес, анткени адамдардын иштөө жана ойлонуу жөндөмдүүлүктөрү бирдей болбойт. Алардын арасынан иштермандары жана бирөөлөрдүн эмгегинин эсебинен жанын баккан жатып ичерлери да теңдештирилип бирдей бааланып, таланттуу адамдар өз эмгектеринин үзүрүнө жараша татыктуу жашай албагандыктан, акырындап кайдыгерчилик мүнөзгө өтүшөт, же болбосо эмгектерин баалаган өлкөлөргө кетип калышат. Натыйжада жалпы көпчүлүк эмгекчил, таланттуу жана жалкоо адамдардан турган коомдун жыргал жашоосун камсыз кылуучу коомдук күч алсыздап, өлкөдө түзүлгөн салыштырмалуу “жалкоо” топ эркин экономиканын

шарттарында аракет кылган күчтөр менен тең тайлаша албай жеңилет. Ошондуктан коомду мотор сыяктуу тарткан адамдардын кубатын ашкере ашыкча пайдалануу менен катар, ага ошончо кайтарым керек экендигин унутпоо зарыл. Сен да жашоо жолуңда бирөөнү ээрчип, андан үйрөнүүнү чечсең, анан ага ошончолук кайтарым берип турсаң гана ал сени ээрчите бериши мүмкүн.

Айылдаштар менен мамилелеш топту тандоодо төмөндөгүдөй принциптерди сактоо керек:

- *Алдына койгон максаттарыңар бирдей болушу же жок дегенде карама – каршы болбошу зарыл.*
- *Ой жүгүртүү жана акыл жөндөмдүүлүктөрүңөрдө жалпылыктар болууга тийиш.*
- *Зарыл учурда өз ара бири – бириңерди колдоого же пайдаңарды тийгизүүгө даяр болоруңарга карата ишенүү сезими туулушу керек.*

Эгерде төрөлгөн айылыңдан мындай адамдар табылбаса, анда бул айылда сага өрнөк болуучу адам жок болуп, сенин айылдаштарың башка бир айылдан өрнөк алып жашоочу адамдарга кошулгандыктан, алар өрнөк алган айылдын адамдары менен мамиле түзүү программасын тандайсын. Өз айылыңдын тарыхый жашоо жолун изилдеп өрнөк алуучу адамды таба билсең, анда анын жолун улантуучулардын тобун түзүп, башка айылды ээрчибегениң туура болот. Анткени кайсы айылды ээрчисең, ошол айылдыктарга кайсы бир деңгээлде атандааш болуп, ачык же көмүскө карама каршылыктарга жолугасын. Ошондой болсо да айылдын чегинен сыртка карай жол тартып жатканда, анык бир жашоо жолуң жок болсо да, аны таап өздөштүрүүгө даяр болгонуң жакшы. Адам баласы төрөлгөндөн өлгөнгө чейин жакшы жашоо үчүн тынымсыз күрөшүп келгендиктен, анык бир такталган санаалаш жана мамилелеш адамдардын туруктуу топторун түзүү мүмкүн эмес. Анткени күнүмдүк турмуш күрөшүндө келип чыгуучу жагдайларга жараша мамилелеш адамдардын топторунун саны азайып же көбөйүп олтурат. Кантсе да сага союздаш, же болбосо конкуррент адамдардын алгачкы тобу айылда куралганы менен, жашоонун жүрүшүндөгү сырткы дүйнөгө аралашуу жолунда калыптанып олтуруп, өмүрдүн бүтөөр чегинде гана кайсы бир деңгээлде турукташа баштайт.

Сенин келечектеги жолуңдун ачылып бактылуу жашашыңа айылыңдын экономикалык абалы, ээлеген географиялык абалы чечүүчү ролдорду ойнойт. Эгерде бакубат жана бай адамдар көп жашаган айылда чоңойсоң, анда балалык күндөн эле жетишерлик көп сандагы оң жана тескери өрнөк алуучу каармандар табылып, алардын бирине суктансаң, экинчисинен жийиркенип олтуруп, кимге окшошуу керек экендигин жеңил аныктайсын. Экинчи жактан мындай айылдардын сырткы чөйрөлөр менен байланыштары өнүккөндүктөн, балдары салыштырмалуу көп маалыматтарга ээ болуп, айылдан сыртка чыккан кезде, чоң дүйнөгө тез көнүп аралашып кете алышат. Мисал катарында өз чөлкөмүңөрдөгү салыштырмалуу тың жашаган айылдан чыккан балдардын ийгиликтери менен өзүңөрдүн айылыңардан чыккан

балдардын ийгиликтерин салыштырып көрсөңөр болот. Ошондуктан “Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың” деп бекеринен айтышпайт.

Жаман жер же жаман айыл болбойт, болгону айылда жашоо жолун туура эмес тандаган адамдардын тобу жашап калышы гана мүмкүн, ал айылга жакшы наам алып келүү айылдын тузун татып, суусун ичип чоңойгон балдардын өз ата – энелеринин тандаган жашоо программаларын туура багытка буруп, каталыктарын оңдой билгендигинен гана көз каранды болот.

Чоң дүйнөгө аттанып кеткениң менен өз айылың көңүлүңдүн борборунда болуп, сен жараткан жакшылыктардын шооласы туулган жерге тийип турушу керек. Кайсы жерге барып, кандай өнөр үйрөнсөң да, аны өз жериңе, өлкөңө пайдалануу ниети менен өздөштүрүп жатканыңды биринчи орунга койгонуң туура болот, анткени сен кандай кыйын болсоң да башка элге лидер болуу шансың өтө аз. Кыргызстан сыяктуу кичине өлкөнүн кайсы бир айылында төрөлүп чоңойгон адамдын өнүккөн Америкада же Батыш өлкөлөрүндөгү жашоо күрөшүнүн конкуренциясына туруштук берип, жөнөкөй жаран катары жашап кетүүсүнүн өзү чоң маселе. Кандай гана өлкө болбосун престиждүү жана келечектүү деп эсептелген жумуштарда, ишкердик чөйрөлөрдө иштөө тартиптерин мыйзамдар менен коргоп, өз жарандарына ыңгайлуу шарттарды түзүшөт. Ал эми эмигранттарды келечеги белгисиз утурумдук жумуштарга пайдаланышып, алардын акыл - күчүн өз керектөөлөрүнө жараша колдонулуучу арзан товар же эмгек күчү катарында баалашат. Айрым учурларда улуу державалардын кичине мамлекеттердеги кызыкчылыктарын коргогон чалгындоо кызматтарынын көз баамына чалдыгып, алардын саясатын колдоо жана жайылтуу үчүн түзүлгөн чалгындоо мекемелеринде гана эмигрант интеллигент катарында иштеп калбаса, дээрлик бардык эмигранттар кара жумуштарда иштешет. Бирок эмигранттардын ошол өлкөдө жашап кетүүгө болгон аракет – умтулуусу жергиликтүү элдердикинен алда канча күчтүү болгондуктан, эмигранттардын жүздөгөн жылдардан кийинки урпактарынан лидерлердин чыгышы мүмкүн экендигин турмуш көрсөтүп олтурат. Мисал катары теги африкалык Барак Обаманын АКШ га президент болушун, теги мадьяр Никола Саркозинин (Сарыкозу деп жүрүшкөн) Францияга президент катары шайланышын айтып кетсе болот.

Келечек жашоо жолун тандоодо “Жети өлчөп, бир кесип ”, “Жат жердин султаны болгончо, өз элиңдин кулу бол” дегендей өзүң төрөлүп – өскөн айылыңды жана өлкөңдү таянуу чекити катарында тандап, ага сөйөнүп - жөлөнгөн турмуштук программаларды кабыл алууну сунуш кылабыз. Бул турмушта кандай гана ийгиликтерге жетип, жакшылыктарга ээ болсоң да, аларды өлкөңө байланыштырып колдонууга болот. Мисалы кайсы бир өлкөдө бут кийим тигүү жана сатуу ишкердүүлүгүнөн ийгиликке жетишсең, аны акырындап Кыргызстандын маркасына өтүп сатып, ишкердүүлүк борборуңду Кыргызстанга көчүрсөң болот. Ошондой эле Ч.Т. Айтматов дүнүйөнүн кайсы жеринде жашаса да, кыргыз элинин турмушун жазып, кыргыздардын адабий образын чындыкка жакындатып (социалисттик

реализмдин чектөөсүнөн чыгып) жараткандыгы үчүн атак – даңк алды. Анткени биз кичинекей деп корунган кыргыздар убагында дүйөнү дүңгүрөткөн империя болуп, батыш цивилизациясынын түптөлүшүнө айтарлык салым кошо алган. Ошондуктан бул империянын атын алып жүргөн элдин кийинки тагдыры жана жашоо образы батыш элине кызык болуп, өзгөчө таасирлерди жараткан. Жашынан көптөгөн маалыматтарга аралашып чоңойгон жазуучу социалисттик коомдо жашаган элдердин агасы катары калыптанган орус элинин турмушун жана тилин мыкты билгенине карабай, орустардын адабий образын жаратпастан, кыргыздар темасына кайрылып, чыгармачылык дүйнөсүндө өз ордун таба алган. Көптөгөн кыргыз жазуучулары коммунисттик идеологиянын репрессиялык кысымынан чочулап, социалисттик реализмдин чектөөлөрүнөн чыкпай, кандуу согуш (1941 - 1945 жж.) жүрүп жаткан мезгилде да кыргыздарды акталган тамдарда жашатып, шейшептелген кроваттарда жаткырып, ГЭС терди тургузуп, коммунизмди курууга шаңдуу жана ишенимдүү бара жаткан адамдар катарында сүрөттөшкөн. Чындыгында бул учурда ишке жарамдуу эр азаматтардын баары фронтко кетип, сары ооз балдарга караан болгон кары картаңдар менен аялдар иттин күнүн кечирип, кандай шарттарда иштеп жашаганын ата энелерибизден угуп жүрөбүз. Согуштан кийинки он жылдын ичинде жеке адамга сыйынуучулуктун ашкерелениши менен келген “Хрущевдик жылуу жел” – деп аталган салыштырмалуу жумшак саясаттын илебине туш болгон Ч.Айтматов адабий чыгармалары менен кыргыз атын дүйнөгө кайра угузду.

Ааламга жол айылдан башталганы менен, бир айылдын кызыкчылыгын биринчи планга койгон жашоо программаларына ашкере артыкчылык берүү туура эмес. Адам болуп жеке бир үйдө төрөлгөнүң менен өзүңө замандаш адамдардын коомунда жашагандыктан, алардын кызыкчылыктарын эске алууга туура келет. Алардын кызыкчылыктарына каршы иш жүргүзүүнүн натыйжасы эртеби же кечпи жеңилүү менен аяктайт. Бир айылдын кызыкчылыгы да ошол айыл жашаган коомдун же өлкөнүн башка айылдарынын кызыкчылыктарына каршы болбой, анын бир бөлүгүн түзүп толуктап турууга тийиш. Ошондуктан жашоо жолуңда жетишкен ийгиликтериңдин түшүмүнүн пайдасын бир эле үйгө же айылга тийгизүү кайсы бир деңгээлде башка айылдардын эсебинен жүргүзүлүп, жалпы элден алган ырыскыны элден жашырып, кичине топко же айылга уурдап берип жаткан сыяктуу болот. Мисалы, эл жооптуу кызматка шайласа, кызматыңдан пайдаланып өз тууганадарыңды, же айылдаштарыңды жөндөмүнө карабай эле бардык кызматтарга коё берсең, күндөрдүн биринде абийириң төгүлүп, шерменде болооруңду тарых мисалдары көрсөтүп турат. Өлкөнүн өнүкпөй калуусунун негизги себептеринин бири – айылдаштык сезимдин жердешчилик жигине бөлүү сезимине өсүп жетилүүсүндө турат. 1917 – жылы совет бийлиги орногон кезде элдерди теңдештирүүгө фанаттык ишеним менен берилген большевиктер илим – билими бар кыргыздарды айылына карабай, советтик – партиялык жооптуу кызматтарга тартышкан.

Ондогон жылдар өткөн соң көпчүлүк кыргыз жооптуу кызматкерлердин айланасында жердештери пайда болуп, мамлекеттик кызматтардын айрым тармактарында бүтүндөй бир айылдын адамдары иштеп калган учурларга чейин жеткен. Натыйжада жердешчилик кеңири кулач жайып, алгачкы милиционер чыккан айылдын баары милицияда, акын – жазуучу чыкса акын – жазуучу, врач чыкса баары – врач, артист чыкса баары – артист ж.б.у.с. болуп кызматтарга жөндөмдүүлүгүнө карата эмес, жердештигине карата алып калышкан. Социалисттик коомдун өнүгүүсүнүн алгачкы жылдарында жердешчилик протекциясы билинерлик таасирин тийгизе албаганы менен, өнүккөн социалисттик коом курулду деген 1970 – жылдардан кийинки мезгилде кедергисин тийгизди. Талантына эмес, тууганчылыгына жараша кызматтарда иштеген курсагы ток айрым кыргыз чиновниктери өз бийлигин жана туугандарынын столун коргоону биринчи орунга коюп, Кыргызстандын кызыкчылыгына кол шилтеп салышкан. Натыйжада борбордук өкмөт өзү билгендей бийлеп, союздук маанидеги өнөр жай, кен иштетүү мекемелерине бөлүнгөн каражаттар (инвестициялар) башка республикаларга жөнөтүлүп, Кыргызстан чабандардын өлкөсүнө айланып калган. Атап айтсак, СССР тарап жаткан мезгилде бүтүндөй Кыргызстандагы өнөр жай ишканаларынын кубаты жана саны Өзбекстандын бир Фергана областыныкына жетпейт болуучу. Кыргыз элинин тагдырына караганда туугандык кландардын кызматтарын сактап калуу максаты жогору коюлуп, Москва бийлигинен республиканын кызыкчылыгын коргоого батынып сүйлөгөн лидер – жетекчи чыккан эмес. Жердешчилик негизде тандалып дайындалган колхоз башкармаларынын, райкомдордун жигерсиз “өзүм өлбөйүн” саясатынын негизинде кыргыз жерлери себепсиз эле кошуна республикаларга берилип, кээде арак ичип тамаша курган отуруштарга алмашылса, кээде кумарга коюлуп утулуп кеткен учурлар болгонун айтып жүрүшөт. Мисал катарында убагында такталып картада сызыгы болгон чек аралардын бүгүнкү күндөгү талашка түшүшү, өзүбүздүн жердеги нефть жана газ кендеринин башка өлкөлөргө өтүп кетүүсү сыяктуу окуяларды айтса болот. Жердештерине ишенип өтүгүн төргө илген, дүнүйө мастыгына тойбой жер саткан жетекчилердин аттарын жергиликтүү эл азырынча унутушкан эмес. Мындай жетекчилерди Баткенде “сортовой”, “конкобай” дешип, баткендиктерди “ботобай” деп айтарын угуп көпкө таасирленип жүрдүм, анткени мага да “конкобай турбайсынбы” деп ишенбегендей мамиле жасашкан эле. Жергиликтүү калктын оокатын, ооматын кошуп саткан келип кетер гастролер – чоңдордон көңүлү көк майдай калган баткендиктердин арманын, жок дегенде бир айдай Баткенде жашап, чек аралардан күнүмдүк тиричилик товарларын ташып өткөргөн адам гана түшүнөрүнө көзүм жетти.

Коомдун жашоо агымы анын жашоочуларынын кызыкчылыктарын тең салмактап турарын өткөн тарыхтан байкоого болот. Ошондуктан эч бир жердештер же туугандар тобу коомдогу бардык жакшылыктарды ээлеп менчиктештирип кала албайт. “Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы” – деп айтылгандай, коомдогу адилетсиздиктер узак убакыттарга уланып жашап

кете албайт, анткени жашоо зарылчылыгына ылайык түзүлгөн кыйратуучу күчтөр калыптанып жетилип олтуруп, жеңүүчү позицияны ээлешип, биринчи адилетсиздикти жараткан күчтөргө каршы болгон адилетсиздиктердин жаңы формасын пайда кылышат. Мисалы французлардын алжир элине жасаган колониялык адилетсиз кордук мамилелери топтолуп олтуруп, алжирликтердин французларды кууп чыгуусуна жана аларга карата адилетсиз мамиле жасоосуна айланды. Натыйжада миңдеген французлар үй мүлкүн, завод – фабрикаларын алжирликтерге акысыз таштап качууга мажбур болушту. Эгерде адилетсиздикке каршы күчтөр жашабаса, же бышып жетилбесе, анда адилетсиздикти жасоо обьектиси болбогондуктан, адилетсиздикти жаратуучу күчтөрдө өзүн өзүн кыйратуу процесси башталат. Ошентип элдин кайсы бир бөлүгүнүн, экинчи бир бөлүгүнө болгон үстөмдүгү түбөлүккө уланбайт. Чынында эле тарых барактарына кайрылып, кандай гана үстөмдүк жасоочу түзүлүш болбосун, аны менен кошо ага каршы күрөшүүчү күч кошо жаралып, убагы келгенде нейтралдаштырып турганын көрөбүз. Сен кандай бактылуу, бай – бакубат жашоону уюштурганың менен, ал бардарчылык сенин урпактарыңа түбөлүк уланып кете албайт, анткени сенин бакубат турмушуңду уюштуруу процесси менен кошо аны кыйратып нейтралдаштыруучу күч кошо жаралып, улам күчүнө кирип бара берет.

## §2 “КЫРГЫЗ” АТЫ ЖАНА МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮ

### 1. Кыргыздар кимдер ?

“Асманда жылдыз, жерде кыргыз көп” – деген макал пайда болгон Кыргыз империясынын (каганатынын) мезгилинен бүгүнкү күнгө чейинки доордо, убагында “кыргыз” атын сыймыктанып алып жүргөн жүздөгөн уруулар жашоо ыңгайына жараша жаңы мамлекеттерге биригип, кыргыз атынан качып, жаңы улуттарды түзүп кеткенге үлгүрдү. Ошондуктан биз “кыргыз” атыны танбаганыбыз үчүн эле “кыргыз” атын ашыкча көкөлөтүп жаткан жокпузбу? деген да күмөндүү суроо туулат. Бул суроого жооп алуу үчүн айрым жазма булактарындагы фактыларга таянып, кошумча суроолорго болжолдуу жоопторду издеп көрөлү :

1. *Бүгүнкү Орто Азия чөлкөмүндө жашаган улуттардын кайсынысы дүйнө элдерине эски замандан баштап таанымал* ?

Жооптор: а) Эгемендүүлүктүн башталыш жылдарында Германиянын Кыргызстандагы атайын элчисинин басма беттериндеги орус тилиндеги макаласында “ Кезегинде дүйнөнү эки империя башкарып турган, алар немец тилинде сүйлөгөн Рим империясы менен көчмөндөрдүн Кыргыз империясы болгон ”, – деп жазганын окугандар көп эле болсо керек.

б) Фашистик Германия СССР ге кол салган күнү Муссолони италиялык газетада: “ Улуу фюрердин армиясы орустардын большевиктерден жана адам жегич кыргыздардан турган армиясынын таш талканын чыгарат”, – деп жар салган.

в) Милиарддан ашык калкы бар Индиянын Премьер – министри Раджив Ганди, аны менен катар Пакистандын Премьер – министри Беназир Бхутто Кыргызстанга жасаган визиттеринде Ош шаарындагы Сулайман тоого чыгып, Бабурдун үйүнө зыярат кылышып, байыркы кыргыз империясына кандайдыр бир туугандык тиешелери бар экендигин кыйытып айтышкан деп жүрүшөт.

г) Орустун улуу акыны А.С. Пушкин өз чыгармаларында орустардан башка чыгыш элдери жөнүндө сөз кылганда кыргыздарга басым жасап, алардын үрп – адаттарынан, кийим – кечесинен алган таасирлерин чыгармаларында пайдаланган.

д) Падышалык Россиянын алгачкы думасына делегат болгон казак мыктылары архивдик материалдарда кыргыз депутаттары катарында жазылган. Бүгүн казак эли сыймыктанган Чохан Валиханов баш болгон интеллигенциянын баарынын паспортторунда улуту “ кыргыз” деп жазылган. Кала берсе Ыбрай Алтынсарин түзгөн алгачкы казак аллиппеси “Кыргыз хрестомтиясы” деген ат менен 1879 - жылы жарык көргөн. Ошондой эле Казакстан Республикасы башында Кыргыз Республикасы деп аталганы баарыбызга маалым.

Демек бизге тектеш элдерге караганда “ кыргыз” аты дүйнөгө кеңири тарап, биз “славян” сыяктуу эле тарыхы, маданияты терең, түптүү элдин атын алып жүргөн калк экендигибиз талашсыз. Кезегинде Рим империясы менен тең ата болгон Кыргыз империясынын урпагы болгон Отелло (Атилла болуп таанылган) ички Европага чейин таасирин тийгизип, Адылхан “кыргыз” атын дүңгүрөтө Европага шым кийгенди үйрөтсө, Шейбани – сарттардан куугунтукталган Бабырхан “кыргыз” атын Пакистан, Индия менен кошо Кичи Азиянын аралдарына чейин жеткирген тура. 1996 – жылы Түркиянын “Саман жолу” телекомпаниясынын журналистери менен “Сибирия түрклөрнүн ана юрдудур” аттуу документальдык телефильм тартып жүрүп, Красноярск крайындагы Минусинск шаарындагы музейден Кыргыз империясынын (каганатын) картасын көрүп, таң калган жерим бар. Анткени мен гана эмес, түрк телеканалынын журналистерин коштоп жүргөн иш адамдары да, географиялык картада Сибирден баштап жакынкы чыгыш, чыгыш Европанын аймактарын камтыган империянын аймагына ишенип - ишенбей олтуруп калышты. Фильмди тартуу процессинде барган жериндеги базар, сатылган товарлар, калктын сатып алуу мүмкүнчүлүктөрү жана кызыгуулары жөнүндөгү маалыматтарды жыйнагандан тажабаган түрктөр мага: “Кыргыздар оңолбойсуңар, силер бир да маалыматка кызыкпайсыңар, эч кандай муктаждыгы жок маңыроо, баары бир адамдай жүргөн пендесиңер” – деп чын көңүлдөн кейип кепчип, шакаба аралаш тамашалап барышты. Мен болсо, чынында эле маалымат жыйнаган менен кайсы өндүрүшчү кыргыз ишкерине берем, ал кайсы товарын сатат деп ойлоп, аларга билгизбей өзүмө керектүүдөй маалыматтарды жазганым менен, “Аккан арыктан суу агат, биз улуу империянын тукуму болобуз, көңүлүбүз ток төрөпейил элбиз, ошондуктан биз тез эле өнүгүп кетебиз, силер тарыхта

тойгон эмессиңер, кара курсактын айынан тентип жүрүп күнүңөр өтөт ” – деп моюн бербей бардым. Минусинскидеги (Миңөзөн) музейди көргөндөн кийин, мени “император” деп тамашалаган түрктөрдүн үнү басылып, “ Бу кыргыздарда теңирден берилген бир касиет бар, сенин назарыңан калбайлы, ишибиз жүрүшсүн, бизге жаман тилек кылба” – деп  чочулап калышты. Бирок иши жүрүшкөн кайсы бир элдин өкүлдөрүнүн кыргыздарды малга теңеп айткан сөзүндө чындык да бар экенин сезип, андан жыйынтык чыгарып, өзүмө базар экономикасынын шарттарында жашоону үйрөнүшүбүз керек тура деген пикирди алдым. Кантсе да кыргыз империясынын ордосу болуп, анын ийгилигине жана кыйроосуна күбө болгон Хакас жеринин жакындыгын сезип, ушул жерде төрөлүп жашагандай сезим менен “Кыргыздын көз жашы” деп аталган кең талаадагы жалгыз булакка кыргыз тыйынын таштап, аталардын элесинен күч – кубат жана кыргыздык намыс сурап, өз билгенимдей сыйынып жаттым. Түрк жолдошторум кыбыланы тактап, жайнамазын жайып Ата Журтун кайра көрүп жатканына кудайга ыраазылык билдирип, бабаларынын арбагына арналган намазга чакырышты, мен болсо “Кыргыз империясында намазды билген эмес, бабаларымдын арбагын капа кылбайын, алардын салтын сактаймын” - деп четке чыга бердим. Менин намаз окубаганыма териге түшкөн түрктөрдүн бири намазы бүткөн соң “Бул булагыңарды эмнеге кыргыздын көз жашы дейсиңер” – деп тийише сүйлөдү. Коштоп жүргөн Тимур аттуу хакас жигити: “Тууган деген түрктөр ушул талаада чыккынчылык менен кыргыздарга кол салып, кыргыздар кырылып кыйраган кезде, туугандарынан жамандык күтпөгөн кыргыздар арман кылып ыйлаган экен, туугандарынан мээримдүүлүк чыкпаганына чыдабай жерге төгүлгөн кыргыз көз жашы булак болуп кайра агып чыгып, урпактарга туугандыңарды сатпагыла деп эскертип турат дейт элибизде, ошондуктан туугандарынан жамандык келбесин деген ниетте жолдон өткөн ар бир адам булактан кыя өтпөй таазим кылышат, кала берсе Шушенское айылында сүргүндө жүргөн Ленин да бул булакка сыйынганы келген дешет” – дей салды. Аталарынын айыбына күнөөкөр боло түшкөн ыймандуу түрк досторумдун үнү кысылып, өңдөрү бозоро түштү. Заматта арабыздан муздак жел өткөндөй болуп, бири – бирибизге чочуркоо менен карап калгандай туюлуп кетти. Ошентип хакас тарыхчысы Кызыласовдун “Кыргызы на табате” деген китебинде жазылып, Табат дарыясынын жээгинен табылган экспонаттар коюлган Миңөзөндөгү тамчы өтүп, авариялык абалда жабылуу алдында турган эски кыргыздарга арналган жалгыз музейден (мен билгенден) чыгып, булакка сыйынып, кыргыз империясынан калган коргон – дөбөлөрдү кыдырдык. Бул дөбөлөр белгилүү баатырлардын мүрзөсү катары шамандар тандаган жерлерге курулуп, дөбөнүн астындагы жыгачтан жасалган үйдүн ичине баатырдын сөөгү, курал жабдыктары, аты, тамак – ашы  менен кошо кызматчылары коюлуп, дөбө бийик болгонго чейин топурак менен көмүлүп, дөбөнү тегерете бийик таштардан жасалган коргон менен тосулат экен. Коргондогу таштардын чоңдугу жана саны баатырдын негизги эрдиктеринин санына ылайыкталып, атайын 70 – 100 км.

аралыктардан ташылып келингенин түшүндүрүштү. Дөбөнүн чокусу космос мейкиндигине чыгып, аркы дүйнө менен энергетикалык байланыш жасоочу чекит катары тандалып, каза болгон баатырдын жаны тиги дүйнөдө жанатта жайгашып, зарыл учурда тирүү урпактарына кайтып келип, колдоп турушуна ыңгайлаштырышкан. Атайын шамандар (бакшылар) ушул дөбөнүн чокусуна чыгып, жандарын өз денесинен космоско жөнөтүп, көз – ачыктык маалыматтарды жыйнап, сыркоолорду дабалоо, келечекке төлгө салуу сыяктуу жөрөлгөлөрдү аткарышат экен. Дөбөнүн чокусунан чыккан энергетикалык күч сөөгү коюлган баатырдын аброюна жана тандоосуна жараша өзүнө жакпаган таза эмес адамдарды кабыл албай, аларга зыян келтирет деген ишенимден улам, анын чокусуна баары эле чыга бербейт экен. Ошондуктан дөбөнүн чокусуна чыгып, өзүбүзгө жакшылык тилегенге менден башка адам табылбады. Дөбөгө чыгып, хакастар айткандай аракеттерди жасап жаткан көз ирмемдердин биринде өзүмдү ошол заманга аралашып кеткендей сезип, аталардын даңкын улай албаган мажирөө баладай болуп кеттим. Кыргыздын даңкын уламак турсун, алардын элеси менен изи калган музейин көчүрүп кете албай, сууга бастырган урпактарына ата – бабалардын арбактарынан кандай колдоо сурап, жакшылык бата тилеп, эмне сураарымды билбей абдырап турдум.

Биздин доорго чейинки IV-III – кылымдарга таандык Кыргыз империясынын стол сервистери деп жазылып коюлган Миңөзөн музейиндеги идиш – аяктардын арасындагы тамактардын түрлөрүнө жараша колдонулуучу алтын жалатылган ар түрдүү кашык, вилка, бычак, тарелка сыяктуу ашкана эмеректерин көрүп, сапаты жагынан бүгүнкү стол сервистеринен калышпаган бул буюмдар чынында эле кыргыздардыкыбы же башка бир элдердикиби деген ойго кеттим.

Кыргыз атынын таасирлерине мисал катары дагы бир окуяга токтолуп өтөйүн: Өткөн кылымдын 90 – жылдарында чек араларды ары – бери кесип өтүп, Тамгачектин (Таможня) тинтүүсүнөн тажап турсам, Орус – Латыш чек арасында бир орус абышка басып келип: “Аа, кыргызсыңбы, таможняны өзүңөр ойлоп тапкансыңар, эми кыйналып олтура бер”, – деп кете берди, көрсө “таможня” сөзү кыргыздын тамга басуу же тамгалоо сөзүнөн алынып, чек арадан өткөн товарды сатуудан мурда салыгын алып тамга басып беришчү экен.

**2. Кыргыздар даңктуу эл болсо, анда бул аттан эмнеге качышат ?**

Жооптор: Кандай гана бийлик болбосун анын оң да, терс да жактары бар экендиги белгилүү, ошондуктан жөнөкөй тиричилик мисалдардын негизинде ынанымдуу жоопторду издеп көрөлү

а) Көчмөндөрдүн маданияты менен отурукташкан элдердин маданиятынын арасында чоң айырмачылыктар болгондуктан, кыргыз империясынын басып алуучулук согуш аракеттеринин жүрүшүндө бир гана аскер күчтөрү кагылышпастан, эки маданияттын да кагылышуусу болуп,

көчмөндөрдүн түшүнүгүндөгү жашоону кабыл алуу оор болгон. Мисалы, мал союу, эт жиликтөө сыяктуу жөрөлгөлөр кыргыз маданиятында салтанат катарында кабыл алынып, жаш ымыркай баладан баштап, мууздалып жаткан жаныбардын буту башын кубана кармалап катышып, сөөктөрүн оюнчук катары пайдаланышса, айрым элдер жаныбардын жанын кыюууну ырайымсыздык катары кабыл алышып, балдарын сестенип калбасын деп аралаштырышпайт. Отурукташкан эл үчүн көчмөндөрдүн жашоо образы "Жапайылык" же " Варвардык " мүнөздө кабыл алынып, аны менен макул болуп, баш ийип, мажбур түрдө аралашып жашоо кыйын болгон. Ошондуктан жашоонун жүрүшүндө "кыргыз" атын жек көрүү сезими бышып жетилип, кыргыздар жөнүндө укумуштай терс легендалар, макал лакаптар жаралып, "кыргыз" аты дүйнө элдерине ырайымсыз адам жегич "Варварлар" катары белгилүү боло баштаган.

б) Басып алынган жерлерде көпчүлүк кыргыз аскерлери жаңы аялдарга ээ болуп, кыздарыбыз башка улутка турмушка чыгып, убакыт өткөн соң алардан төрөлгөн балдарынын айрымдарына хандыктар (княздыктар) тартууланып, аларды коргоо милдети да кыргыз аскерлерине жүктөлгөн. Мисалы Ладога көлүндө шведдерди талкалап, Россиянын түндүк чек араларын сактап калган Александр Невский орус тарыхында улуттук баатыр катарында калып, анын урматына ардактуу орден белгиленгени менен, Ладога көлүндөгү согушта орус дружинасы катышпай эле, кыргыздардын бир тууган жээни Александрдын өтүнүчү менен жөнөткөн чакан отряды, "Оор темир зоот кийимчен шведдерди чалма ыргытып, музга жыгытып, көк бөрү тарткандай эле кырып салды", – деп жазылганын батыш тарыхчыларына шилтеме жасаган түрк тилиндеги "Улуу ислам тарыхы" китебинен окуп калдым. Улутчул орус тарыхы Россия империясынын территориялык түзүлүшүнө кыргыздардын тийгизген таасирин жаап жашырганы менен, дүйнө тарыхы Россияны "жапайы" кыргыздардын продукту катарында кабыл алып, орустарга "Варвар", "Аюу" сыяктуу лакаптарды ыйгаруу менен кыйыр түрдө " жапайы" кыргыздардын балдары экендигин эскертип турушкандай сезилет. Анткени дүйнө тарыхында чындык айтылып, аларга кол салып коркунуч туудурган "жапайы" кыргыз аскерлери жазылып калган. Атанын байлыгы аш болбосо да балдарынын талашына түшүп, тарыхтын узун жолунда бир туугандык сезимдер "Мен сенден карыз эмесмин, мен өзүм эле кыйын болчуумун" сыяктуу атандашуу, өзүмчүл, көрө албастык сезимдерге жетип, жийиркеничтүү "Кантип эле сенден жардам алып калайын" – дегендей мамилелердин жаралышына алып келген окшойт. Орустардын падышаларынын династиясы кыргыз гени менен канын алып жүргөнүнө карабай, "Орустан досуң болсо, айбалтаңды ала жат" макалы жаралган падышалык Россиянын "кыргыз" атын унутуу саясатынын таасиринде чоңоюушкан айрым большевиктер, жаңы "эркин" заманда "жапайы" лакамынан толук кутулуу үчүн, "кыргыз" атына реякциячыл эзүүчү тап катарында "эскичил" дегендей салкын мамиле жасашкан. Орус саясатынын таасирине кирип, анын маданиятына мурда эле кайсы бир

деңгээлде аралашып калган туугандарыбыздын көбү “жапайы эмеспиз” деген таризде алда качан эле “кыргыз” атынан алыстап татар, башкыр ж.б. сыяктуу аттарды алып кетишсе, тарыхый чындыкка аргасыз моюн сунуп “кыргыз” болуп жүргөн элдер бул аттан кутулуу ыңгайын пайдаланып, большевиктердин мындай салкын мамилесин сезимталдык менен колдоп, өздөрүнө жаңы доордун чакырыгына жооп бере тургандай жаңы аттарды ойлоп табышкан. Мисалы, казак билермандары башында Кыргыз Республикасы болуп түзүлгөн өлкөсүн, араңдан зорго Казак Республикасы деп өзгөртсө, дагы бир араб – фарс маданиятына аралашып кетип, өздөрүн маданияттуу сезе калган тектештерибиз өзүбүзгө бий, бек болгон эл бололу деген жакшы ниетте жок жерден курама жыйып журт кыла коюп, жаңы “өзбек” аты коюлган Өзбек Республикасын түзүштү. Ошентип убагында Астрахан чөлкөмүндөгү кыргыз хандыгын башкарган, кыргыздын могол урuусунан чыккан Өзбек хандын аты кокусунан кайра жаңырып, Өзбекстан Республикасынын түзүлүшүнө себепкер болуп калды.

1981 – жылдын кыш айларында СССР ИА сынын Сибирь бөлүмүндө Ташкенттин Бөкөй районунда төрөлүп өскөн теги кыргыз Бөрүбай аттуу жигит тарых боюнча илимий ишин коргоп калды. Коргоо аземи бүткөн соң кечинде мейманканада Бөрүбайдын жетекчиси Өзбек ИА сын академиги Аскаров, Орто Азия боюнча адис археолог болгон Массон жана жаш казак тарыхчылары сүйлөшүп олтурушту. Аксакал катарында Аскаров баарыбызга насаат айтып, кезеги менен тамаша иретинде казактарга “Ай, силер “казак” сөзүнүн маанисин чечмелебей эле “кыргыз” атынан баш тартып, “кайсак” же “качак” атынан келип чыккан “казак” атын алып алдыңар, ал эми өзбектер көркөмдүү ат тандаганыбыз менен “Кыргызстан” деп аталуу мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарып жиберген экенбиз” – деп өкүнө сүйлөсө. Казак тарыхчылары ичимдик ордуна көк чай ичип олтурган Аскаровго табышмак катары: “Итке берсе ишмейди, сарт колунан түсмейди, бу не, агай” деп тамаша менен жооп берип олтурушту. Менин казак эмес, кыргыз экендигимди билген соң, мага карап, 1956 – жылы бир ооз орус тилин билбей Ленинградга археология боюнча стажировкага келгенин, жолдо поездде келе жатып орусча суудай сүйлөп, гитара чертип ырдап барган кыргыз жигити менен таанышканын, бирок аны суктанткан ошол жигит илимий иш кылбай эле ырдап, ичип, той – тамашаларды куруп Фрунзеге кайра кеткенин, Кыргызстан археологиялык мурастарга бай болгону менен, аны изилдеген бир да кыргыз окумуштуу жок экенигин айтып олтуруп, “Ушунча алыс жерге келген соң, илимий ишиңди бүтүрүп коргоп кеткин, арак ичпегениң жакты, ичип ырдаганга да жетишесин”, – деп боор тартып тууганча насаат берди. Биздин маекти алыстан байкап олтурган Бөрүбай Абдыллаев эртеси: “Археологиялык казууларды Кыргызстандын территорясында жүргүзүп, илимий макалаларыбызда табылгаларды Наманган, Анжиян же Фергана шаарларынан баланча километр түндүк - батыш же башка багыттарда табылды деп жаза беребиз”, - деп калды.

Төбөлдөрү кыйыр түрдө Кыргыз империясынын урпагы болорун моюнга алган Бабур кыргыздын заманында мамлекет катары түзүлгөн Кара Корум аймагында жашаган элдер англичандардын колониясынан кутулган соң, 1949 – жылы кыргызча "Таза өлкө" маанисиндеги "Пакистан" деген атты алышат. Ошентип учу – кыйыры жок Кыргыз – Кайсак талаалары менен өрөөндөрүн мекендеген бир кездеги Кыргыз империясын түзгөн тектеш элдеринин ичинен тарыхый "кыргыз" аты байыркы империянын айрым салт – адаттарын сактап келген, башка элдер менен анчалык аралашып кете албаган Кара кыргыздарга же Бартольд айткан "Таш кыргыздарга" ыйгарылып калган. Кара кыргыздардын тыш дүйнө менен анча иши жок болгондуктан, ким эмне дегенине карабай "кыргыз" атына сыймыктанып, "жапайы" аталарынын эрдиктерин бүгүнкү күнгө чейин аздектеп жомок кылып айтышып, эпос кылып ырдап келишет.

### 3. "Кыргыз" аты жөнүндөгү ойлор

"Кыргыз" аталышынын чечмеленишин кытай же башка чет элдик булактардан издөө туура эмес, анткени кыргыздардын теги кайсы бир империянын колониясы сыяктуу мажирөө элден келип чыкпайт, тескерисинче башкаларды басып алып, империя түзүп башка элдер турсун мамлекеттерге ат койгон даңктуу тукумдан уланат. Ошондуктан "Кыргыз" сөзүнүн маанисин, анын тилинде гана чечмелеп түшүнүүгө болот деген пикирди карманып, "Кыргыз" аталышына болжолдуу жоопторду издейли:

а) "Кара кыргыз" аталышындагы "Кара" сөзүн түс менен алмаштырбоо керек, анткени байыртан "Кара" сөзү эбегейсиз чоң, улуу деген мааниде айтылып келген. Мисалы "Кара дарыя" деп суусу улуу ташкындаган дарыяны, "Кара таш" деп эпсиз чоң ташты, кара машина деп чоң машинаны айтсак, Карахан мамлекети дегенде улуу хандыкты түшүнөбүз. Ошентип дүйнөлүк интеграциянын агымында улуттук жүзүн кайсы бир деңгээлде сактап калган Кара же Улуу кыргыздарды байыркы Кыргыз империясынын өзөгүндө турган уруулар деп эсептөөгө болот, анткени империянын ооматы кеткен учурда аталарынын айыбы үчүн жазалануудан чочулап, бир бөлүгү ички Россиядан, экинчи бөлүгү Сибирь – Алтай аймактарынан чегинип, Ала Тоону мекендеп калгандай сезилет. Кыргыздардын акыркы таяныч чекити катарында тандалган жердин тоо – ташына карап, башка кыргыздардан айырмалоо үчүн Бартольд аларга "Таш кыргыздар" деген ат койгондой ой жаратат. Кантсе да "Таш кыргыз" атын изилдөөчүлөрдүн жеке пикирлери катарында эсептеп, тектеш элдердин улуу эл маанисиндеги " Кара кыргыз" атын кабыл алабыз.

б) Тарыхка кайрылып Кыргыз империясы түзүлгөн мезгилге келсек, эбегейсиз кубаттуу жана чоң империяны жалгыз бир адамдын тукумдарынан куралган дегенге ишенүүгө болбойт. Жашаган аймактарында өз таасирлерин кеңейтип, сырткы жана ички душмандардан коргонуу максатында Сибирь – Алтай аймактарында монгол уруулары менен аралаша жашашкан тилдеш

элдер курултай өткөрүп, хан көтөрүп өздөрүнүнүн мамлекетин курган болсо керек. Алгачкы этапта согуш чакырыгы катарында “Кыргыс кол” же армия сөзүнөн калыптанып келип чыккан “Кыргыз” ураанын, жаңыдан түптөлгөн мамлекетке “кырылып бүтпөс элдердин союзу болсун” деген ниетте “Кыргыз” деп коюшкандай. Анткени “тыс”, “күс”, “гис”, “сүз” сыяктуу сөз мүчөлөрү кыргыздарда бүткүс, бүтпөс процесстерди сүрөттөөчү сөздөргө кошулуп жазылат. Мисалы, “Түпсүз” сөзү менен “чексизге” чейин барсаң да түбүнө жетүүгө болбой турган нерсени түшүндүрсө, ал эми “Кыргыз” деген чексиз мезгилдер өтсө да кырылып, жоюлуп бүтпөс элди түшүндүрөт деп ойлоймун.

“Кыргыздап” чакырган жеңиштүү жортуулдардын жемиши менен тез эле “Кыргыз” аты чөлкөмгө тарап, улам барган сайын даңк алып кубаттана берген деп ойлоймун. Элдик эпостордо согуштук эпизоддорду сүрөттөгөн “Кыргыз деп ураан чакырып, кыйкырыкты салды эми” – сыяктуу сөздөр жөн жеринен айтылбаса керек. Кыскартып айтканда, бул мамлекетти түзүүчү демилгечилердин арасында бүгүнкү Ала – Тоону мекендеген кыргыз урууларынын да турганы талашсыз нерсе. Ошондуктан “кыргыз” атын кытай, араб же башка элдердин тарыхый булактарынан издөө туура эмес. Алар өз өлкөлөрүнүн кызыкчылыктарынын деңгээлиндеги уккан – билгендерин, кайсы бир жерде көрүп калган фактыларын учкай гана жазып кете беришкен. Ар бир элдин тарыхы мекенчилдик духта жазылып, башка элдерди өз тарыхтарын көркөмдөө же артыкчылыктарын даңктоо максаттарында гана кошо жаза коюшат. Мисал катары орус тарыхында алардын мамлекеттүүлүгүн түптөөдө жана бүгүнкү чек араларынын калыптанышына эбегейсиз салым кошуп, канын төккөн кыргызтектүү элдер жөнүндө чындык фактылар жазылбаганын айтса болот. Чынгысхан түптөгөн империяны мураска алган орус эли Батый аталарын “Батя” деп унутпаганы менен, расмий тарыхта жана саясатта оозго алынбайт. Ошондой эле жакынкы тарыхта эле болуп өткөн Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхы Орус, АКШ, Германия, Япония ж.б. элдердин тарыхтарында ар башка жазылган. Бири Фашисттик Германиянын талкаланышында башкы ролду Орустар ойногон деп жазса, экинчиси Америка Кошмо Штаттары баштаган коалицияны чечүүчү орунга коюшат. Ал эми Украина, Польша, Чехославакия жана Прибалтика сыяктуу мамлекеттер орустар берген “боштондукту” басып алуучулук саясаты деп, 9 – май жеңиш күнүн майрамдоодон да баш тартып олтурушат. Коммунисттик партиялуулук принцибинде түзүлгөн СССР дин буюртма “жалган” тарыхын жазган жана анын таасиринде чоңойгон СНГ тарыхчылары бүгүнкү күндө тарыхтын таяныч чекити кылып реалдуу чындыкты албастан, өз өлкөлөрүнүн азыркы авторитеттерине жараша жазылган “жалган” тарыхты бөлө албай кыйналышууда. Илимий жетекчилери борбордогу орустар болгон кыргыз тарыхчыларынын мээсине сиңген ээрчиме пикир токтогончо, бири бай, бири акылдуу кошуналарыбыз Кыргыз тарыхынын талканын чыгарып, жалпы тарыхыбыздын каалаган жерин кесип алып, кечээ куралган өлкөлөрүнүн даңкталган тарыхына

жамактап олтуруп, дүйнө коомчулугун ишендирүүгө далбастап жатат. Ошондуктан Европага чейин жеткен Кыргыз империясынын аттарынын дүбүртү унутула электе, Кыргыз империясы боюнча Европа, кытай, түрк, монгол тилдеринде илимий конференцияларды өткөрүп, өз хандарынын каалоосуна ылайык тарых кураган окумуштууларга эркин дүйнөнүн пикирин байма – бай угузуп туруу зарыл. Ошондо гана тектеш элдердин жалпы тарыхы жазылып, “Кыргыз дооруна” чейинки жана андан кийинки мезгилдер сыяктуу главалар пайда болуп, “Кыргыз” атына славяндар сыяктуу аталык тек ыйгарылат. Мындан байыркы Кыргыз империясына кирген уруулардын кайсы бири үстөмдүк кылуучу артыкчылык алат деп түшүнбөө керек, тескерисинче, ата – бабаларыбыздын тагдырдын татаал жолунда бири – бирине арка – жөлөк, ырысташ болуп, ынтымак күчү менен тарыхтан өчпөй келгенин туура айтышыбыз керек. Анткени тарых жолунун сыноосунда текшерилип, өз ара турмуштук муктаждыктарын канааттандыруу процессинде калыптанган мындай туугандык мамиле жана сезим тарыхты улаган келечек жолубузда керек болот. Чынында эле кыргыздын келечегин тектеш элдерден башка арабдар же англичандар сыяктуу алыскы элдер менен туугандык, коңшулук деңгээлде чогуу болот деп элестетүү чоң акылсыздык болор эле.

в) Байыркы Кыргыз империясынын түзүлүшүнө Сибирь, Алтай аймагындагы боордоштор менен кошо монгол урууларынын да активдүү катышканын, азыркы көпчүлүк кыргыз урууларынын аталыштарынын монгол тилинде экендиги жана ошол эле уруулардын монгол элинде да бар экендиги менен түшүндүрсө болот. Мындай алакалар биздин кылымга чейинки IV– кылымдардын тегерегинде жашаган элдердин заманында болгонун Минусинскидеги жерден казылып алынган буюм – тайымдардан байкаса болот. Анткени ушул доордо гүлдөгөн Кыргыз мамлекети болгонун, кытай тарых булактары да ырастап, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 – жылдыгын белгилегенибизге негиз болгонун эстен чыгара элекпиз. Биздин Советтик традицияны сактаган тарыхчыларыбыз ошол империянын ооматы кеткен мезгилине же биздин кылымдагы уландысына, атап айтсак, айрым уруулар империядан бөлүнүп сатып кеткенден кийинки, кайрадан каганат же улуу хандыктарды түзүүгө аракет жасалган фрагменттерге басым жасашып, орустар келгенге чейин бири – бирибизди кырып, касташып жаткан жапайы эл катары сүрөттөп келишет. Тарыхый тектеш – тууган элдердин арсындагы турмуштук майда чырдашууларга кеңири токтолушуп, орустарды аларды элдештирүүчү адилеттүү күч катары көрсөтүү максатын көздөп келишет. СССР дин жана орус падышачылыгынын саясатташкан жалган тарыхын булак катары пайдалануу салтынан чыга албаган тарыхчыларыбыз: “Тарыхка кийлигишпегиле, зериккен эле кыргыз далил булагы жок жазып, тарыхчы болуп кетти” – деп кайгырышат. Ошондой болсо да Кыргыз империясынын өзөгүн түзгөн Улуу Кыргыздар менен монголдордун бүгүнкү тил байлыгын колдонуп, тарыхый санжыраларда, оозеки эпостордо Сибирден баштап Европага чейинки аралыктагы жер – суулардын аталыштарында кездешкен

түшүнүксүз сөздөрдү чечмелөөгө мүмкүнчүлүк бар экендигин моюнга алышы керек. Мисалы, Афганистанды “Ooганыстан” деп тоону ооп өткөндөн кийинки өлкө маанисинде түшүнсөк, Италияны чоң атам Мамайсуп айткандай “Түн ичи итче үрүп ырдап чыккан Итаали деген өлкө бар, аларды ит багып чоңойткон экен” деп түшүнүүгө эмне үчүн болбосун. Азыр деле Ош тарапта ырдап, “шумдана” берген балдарын “Итаали” деп тыйган кексе адамдарды жолуктурууга болот. Ош шаары жибек жолундагы кербендерге ыңгайлуу тыныгуу чекити катары калыптангандыктан, аны алдыдагы улуу тоолорду ооп, ары – бери өткөн соодагерлердин “Оошто” жолугалы деп убадалашып, мамилелерин тактап, товарларын ооштуруп (алмаштырып), чер жазыша аңгемелешип, дем алышкан жери катарында пайда болгон шаар десе болот. Аны өгүздү “Ош - оштоп” айдаган сөздөн калган деп болжолдоо туура эмес. Европанын ортосунда жайгашкан Алп тоолорунун атынын чечмелениши бир да Европалык элдердин тилинде жок болгону менен, кыргызча “алп” же эбегейсиз чоң тоолор деп эле түшүндүрө алабыз. Москва сөзү “москит” дегенден келип чыккан деп орус лингвисттери болжолдошкону менен, жеңишине мас болуп сайрандап жүргөн кыргыздардын “Маскөп” деген сөзүнөн алынганы чындыкка жакындай туюлат. Азыр деле аны немецтер Маскоф деп атап жүрүшкөнүн кинолордон угуп жүрөбүз. Аскерлери кыргыздын согуштук “ур” чакырыгын ураан катары сактап келген орустардын өзүнүн аталышын да жашаган жеринин релефине карап, “ордогу устар же төмөнкү өзөндөгү элдер” маанисинде кыргыздар койгон десе таң калбас элем.

Байыркы Кыргыз империясынын төрөлгөн жери азыркы Монголия - Сибирь аймактары болуп, империянын түзүлүшүнө монгол тектүү элдердин салымы болгону чын болсо керек. Новосибирск шаарындагы Академгородокто математика боюнча илимий иштерин жүргүзүп жүрүп, монгол аспиранттары менен тарых жөнүндө кеңири сүйлөшө албасам да, өзүмө жакын “Баргы” уруусунун аталыш мааниси жөнүндө сурап калсам, “Бизде да баргы уруулары бар, ал күтүлбөгөн учурда төрөлгөн бала маанисин түшүндүрөт (неожиданный плод)” – деп айтышканы эсимде. Ошондой эле кыргыз тилинде мааниси түшүнүксүз болгон найман, төөлөс, нойгут, адигине ж.б. урууларынын аталыштарын да монгол тилинде чечмелесе болчудай. Ошентип биздин кылымга чейинки доорлордо кара кыргыздар менен монголдор бир эл катары жашап турушкан деп болжолдоого негиз бардай сезилет. Бул болжолдун чын төгүндүгүн монгол жана кыргыз урууларынын гендик түзүлүштөрүн жана элдик санжыраларын салыштырып текшерип көрүүгө болот. Анткени орус падышачылыгынын жана коммунисттердин жалган тарыхый булактарына караганда гендик структуранын түзүлүшүнө жана элдик санжыраларга ишеним чоң.

### 4. Кыргыз империясы жана анын бүгүнкүсү

Кандай гана коомдук түзүлүш же мамлекет болбосун, тирүү жандарга окшоп эле төрөлүп, балалыктан эр жигиттик куракка чейин өсүп жетилип, андан кийин картайып өлөт же кыйрайт деп ойлоймун. Бирок өздөрү өлгөнү менен адамдар сыяктуу эле артында балдары, неберелери, чеберелери ж.б. калып, жаңы мазмундагы жашоосун уланта берет. Ошондуктан жер шарындагы мамлекеттердин аттары, жашоо маңыздары өзгөргөнү менен, жашоо тарыхы улана берет. Мамлекеттердин жашоо узактыгы, алардын башкаруу принциптери жана кызыкчылыктары менен ошол мамлекетте жана ага коңшулаш мамлекеттерде жашаган элдердин кызыкчылыктарынын дал келүү узактыгына жараша аныкталып келет. Эгерде бул кызыкчылыктар бири – бирине үндөш болбосо, анда мындай мамлекет көпкө жашабайт. Убакыт өткөн сайын мамлекетти түзгөн элдердин арасында турмуштук, экономикалык карама каршылыктар пайда болуп, башкаруу системасы болгон бийлик бул карама – каршылыктарды убагында чечип турбаса, бөлүнүү жарылуу пайда болуп, мамлекет бир канча мамлекеттерге ажырап же башка таасирлүү мамлекеттерге кошулуп кетиши мүмкүн. Ал эми өз элдеринин кызыкчылыктарын бир муштум сыяктуу бириктире алган мамлекеттер башка кызыкчылыктагы элдерге да өздөрүнүн кызыкчылыктарын таңуулап, согуш жарыялашып, чек ара аймагын кеңейтип кете беришет. Бирок мамлекет канчалык чоңойгон сайын, анын калкынын кызыкчылыктарын өз ара үндөш абалда сактоо татаалдашып, мамлекеттин кыйроо күнү жакындап келе берет. Мисалы Байыркы Рим, Байыркы Кыргыз империяларынын аймактарында жүздөгөн мамлекеттер пайда болуп, алардын бөлүнүү процесстери XXI – кылымдын башында да бүтпөй уланып келе жатканына күбө болуп олтурабыз. Убагы келгенде алар Евросоюз өңдүү кайра биригип, жаңы сапаттагы мамлекеттерге айланышы, болбосо мындан да майдаланып бөлүнүп кетиши мүмкүн. Анын бардыгы жер планетасындагы табигый өзгөрүүлөрдүн же илимий техникалык прогресстин жүрүшүндө пайда болуучу жалпы адамзаттык коркунучтардын, баалуулуктардын же кызыкчылыктардын калыптануу ылдамдыктарына жараша болорун турмуштук тажрыйбалар көрсөтүп олтурат.

Ошентип, тарыхый жактан далилденген 2200 – жылдыгы майрамдалган Кыргыз империясынын логикалык жактан кийинки уландысы катарында Чынгызхан түзгөн мамлекетти эсептөөгө болот деген тыянакка келебиз. Анткени, биринчиден, уруулардын курултайында хан шайлоо усулдары окшош. Экинчиден, Чынгызхан сөзүн кыргыз тилинде эки түрдө чечмелөөгө болот: Чынгызхандын Европа тилдеринде “Тенгисхан” сыяктуу айтылышы, бул аттын “ Жеңгисхан” атынан келип чыгышы мүмкүн деген ойду жаратса, ал эми экинчи бир мааниде “тыз”, “ гис”, “ гүс”, “сиз”, “сүз” сыяктуу мүчөлөр кыргыздарда “акыры жок түбөлүккө бүтпөс пределдик процесстерди” мүнөздөө үчүн колдонулган деп эсептесек, анда Чынгызханды “Түбөлүккө чейин чын бойдон кала берген хан” – деп түшүнүүгө болот. Ошондуктан кайсы бир санжырачылардын Чынгызхандын уруусуна чейин айтышынан улам, анын атын кыргыздар койгон деп эсептөөгө толук тарыхый –

логикалык негиз бардай көрүнөт. Бирок, бул хандыкка эски Кыргыз империясынын курамындагы айрым тыңсынган уруулар кирген эмес, алар түбөлүккө чейин бийлик жүргүзүүгө үмүттөнгөн Чынгызхандын аскерлерине каршы чыгышып, туруштук бере албаган соң, бири ички Сибирге, экинчиси Европага чейин чегинүүгө аргасыз болушкан. Алардын катарына түрктөрдү, мадьярларды (венгерлерди), якуттарды кошууга болот. Кантсе да кайсы бир деңгээлде согушуу мүмкүнчүлүктөрүн сактап калган бул уруулардын мыктылары жеткен жерлеринде мамлекеттүүлүгүн гана сактап калбастан, Осмон империясы сыяктуу кубаттуу державаларды түзүшкөн. Ал эми болгар, мадьяр уруулары Европа өлкөлөрүн Чыңысхандан калкалоочу күчтөр катарында кызмат кылышып, ал үчүн бүгүнкү аймактарын тартууга алышканы жөнүндөгү фильмдерди да эстөөгө болот.

Байыркы Кыргыз империясынын үлгүсүндө анын рухунан энергия алып, аталарынын дүбүртүн Европага экинчи жолу угузган Чынгызхандын империясын; келген жеринде араб маданиятына аралашып, ислам динин идеология катарында жетекчиликке алган Осмон империясын; батыш кытай өңүрүн жердеген Уйгур каганатын түздөн түз Кыргыз империясын уландысы же анын таасиринде төрөлгөн мамлекеттер деп эсептөөгө болот. Ал эми Орус империясын Чыңысхандын башкаруу системасынын үлгүсүндөгү анын балдарына бөлүштүрүлгөн хандыктардын ыктыярдуу, же болбосо өз ара согуштук аракеттердин натыйжасында түзүлгөн союз катарында кароого болот. Демек падышалык Россия байыркы Кыргыз империясынын “небереси” болсо, СССР ди “ кыбырасы” дей алабыз. Ошондуктан кыргыз тарыхын төмөндөгүдөй иретте жазуу туура деп ойлоймун :

I. *Кыргыз тарыхында Байыркы Кыргыз империясынын доорун «Орток тарых» катарында кароо керек.*

Албетте Европа менен алака түзүп, батыш элдеринен кайсы бир деңгээлде тексиз жалгыздык кемсинтүүсүн сезген Түрктөр теги кыргыз экендигин далилдөөгө аракет кылып жатканы менен, айрым тектеш элдер мындай чындыкты кабыл албашы мүмкүн. Ошондуктан “Орток тарыхты” батыш тарых булактарын чет тилинде окуй билген жаңычыл тарыхчылар менен батыш тарых булактарына таянып, кыргызтаануучу Абрамзон С.М., Бартольд В.В., Бутанаев В.Я., Валиханов Ч., Гумилев Л.Н., Кызыласов , Худяков Ю.С. сыяктуу тарыхчылардын эмгектеринен керектүү эпизоддорду тандап, Монголиянын, Турциянын тарыхчылары менен ортоктошо, гендик изилдөөлөргө таянып, башкадан жазып чыкса болот.

II. *Кыргыз империясы кыйрагандан кийинки доордогу бөлүнүү процессинде келип чыккан мамлекеттердин тарыхы.*

III. *Кыргыз тектүү уруулардын Россиянын курамына киргенден баштап, советтик доор башталганга чейинки тарыхы.*

IV *Советтик доордогу кыргыз тарыхы.*

Казактар менен өзбектер кыргыз атынан баш тарта элек (советтик доорго чейинки) мезгилдеги тарыхты бүтүн тарых катарында карап, алардын хандыктарын, баатырларын жалпы баалуулуктар катарында кабыл алуу керек

(Албетте Улуу же Кара Кыргыздарга кеңири токтолуу менен). Анткени азыркы күндө деле сураштыра келсең бул чөлкөмдө жашаган элдердин дээрлик көпчүлүгү кыргызтектүү уруулардан экендигин айтышса, калган азчылыгы ислам динин таратуу мезгилинен баштап, кыргызтектүү уруулар менен аралашып жашашкан арабтектүү жана фарстектүү шайыктар, кожолор сыяктуу курамалардан чыккандыгын айтышат.

Тарыхты жогорудагыдай тартипте жазганда гана кыргызтеги түшүнүгү славянтеги сыяктуу кеңири түшүнүктү берип, бизге тектеш элдер “кыргызбыз десек, кыргыздардын никесиз баласына окшоп калабыз” - деп корунбай, өздөрүн Кыргыз империясына тең ата укуктуу эл катары түшүнүшөт. Ал эми биз болсо, “Кыргыз” аты биздин гана менчигибиз болбой, тектеш элдердин баарына тиешелүү орток ат экендигин моюнга алып, тагдырдын буйругу менен аларга тийбей, биздин энчибизге тийген “Кыргыз” атына сыймыктана алабыз. Ошол учурда гана “Кыргыз” аты бизге даңк алып келип, аксакалдык устукандын даамын татуу бактысын сунат. Тескерисинче, биз гана кыргызбыз, калгандары биз басып алган кулдар деп, алардын тарыхтагы адал ырыскысын талашсак, анда чыныгы тарыхтан ажырап, бизден билимдүү жана бай туугандарыбыз жамактап берген тарыхка ээ болуп кала беребиз.

Тарыхчылар унутканы менен тектеш элдердин оозунда унутулбай азырга чейин айтылып, сакталып келген жалпы тарыхты ачык жазуу, алардын ынтымактыгын чыңдап, дүнүйөлүк глобализациянын айлампасында бүтүн калуусуна салым кошот. Өткөн күндөрдө турмуштук деңгээлдеги майда барат келишпөөчүлүктөн улам бири – бири менен каршылашып, айрым бийлик кумарын көксөгөн “баатырлардын” айынан айрылыш жолдорго түшкөн тектештерибизди эрегештирип, “мен кыйынмын” духунда жазылган “жасалма” тарыхтар бир тууган элдерди ыдырата чачыратып, кылымдар бою табигый жолдо калыптанган экономикалык, турмуштук байланыштарын начарлатып, жашоо ыргагын бузат. Анткени жашоодогу жаңы өнөктөштөргө үйрөнүп, алар менен ырашкер мамиле түзүү процесси жүздөгөн, миңдеген жылдарга уланышы мүмкүн. Ошондуктан кыргыз тарыхын жазуу үчүн:

1) СССР дин тарыхчыларынын изилдөөлөрүн негизги маалымат булагы дебестен, Европа элдеринин тарыхый маалымат булактарын колдоно билген батышчыл тарыхчылар тобун түзүү керек.

2) Тили тектеш өлкөлөрдүн тарыхчылары менен талашып олтурбастан, жазылган тарыхты Европа өлкөлөрүнүн тилдерине которуп, дүнүйөлүк деңгээлдеги конференцияларда гана талкуулоо керек.

## 5. Кыргыз атын алып жүрүү жоопкерчилиги

Тарыхтагы Улуу империялардын бири болгон “Кыргыз” атын алып жүрүү чоң жоопкерчиликти талап кылат. Анткени ал ат ошол даңктуу империянын энергиясын, рухун жана духун кошо алып жүрөт окшойт.

Ошондуктан башка тектеш элдерге караганда кыргыздар тике сүйлөп, бетке айткан сөздөрү менен, “кызарган нерсени” баса калбай, башкаларга жол койгон токпейилдүүлүгү менен, бар нерсесин башкага бергенге шашкан айкөлдүгү менен айырмаланып тургандай. Мен кайсы жерде, кандай элдин ичинде жүрсөм да, кыргыз атын бийик көтөрүп, ушул атты булгабоо милдетин башкы орунга коём. Анткени ушул күнгө чейин башка улуттардын өкүлдөрү кыргыз болгонум үчүн эле урматташып, ишеним менен мамиле кылганына бир чети таң калып, бир чети сыймыктанып жашап келдим. Жасалма Советтик интернационализм саясаты мезгилинде да азиялыктарды тымызын “черныйлар” деп атаган улутчулдук көз караш бар эле. СССР дин ИА сынын Сибирь бөлүмүндө илимий иштерин жүргүзүшкөн азияттар да экинчи сорттогу адамдар сыяктуу эсептелип, негизинен илимий наамдарды сатып алуу үчүн келген базарчылар катарында бааланчу. Бирок орус окумуштуулары азияттардын ичинен казактар менен кыргыздарга башкалардай текебер мамиле кылбай, адамгерчиликтин чегинде эле мамиле жасоого аракет кылганын байкоочумун. Көрсө, кыргыз менен казактар өздөрүн орустарга караганда сөөгү таза жогору эл деп эсептеп, кошоматчылык кылып жагынып, белек берип, бөйпөңдөп олтурбайт экен. Жасаган иши жакпаса, оңдоп жазышып кой деп суранбай, бирөөдөн карыз болбой, эси жок болсо да эркин жүргөн кыргыз мүнөзүн баары билет тура. Азиянын базарында жүргөндөй эле белек – бечкектерин көтөрүп, кезекке турууну ойлоп да койбой, илимий жетекчилеринен кеңеш алууга келген тектеш элдердин өкүлүн  кезекке тур деп айтуудан да уялган аспиранттар, иши зарылга кезегин берип, адилеттүү ырыскысын күткөн кыргыздарга таңданып, булар кайдан чыккан маданияттуу элдин балдары деп, бизди кайсы бир цивилизациянын мураскорлору катарында сыйлашат окшойт. Ошондой эле көрүнүштү транспортто жүргөндө да байкаган элем, шаардык маршруттук автобустарга түшүүгө кезекке турган адамдардын ичинен бизге тектеш элдерди көрбөйсүн, анткени алар келген автобуска кезеги жок эле түшө беришет, алардын мындай адатын мыйзамдуу көрүнүш катарында кабыл алган эл сабырдуулук менен күтүп турушат. Кала берсе кондукторлор да алардын жол акысын төлөбөсүн билип, билетин текшербегенине көп эле күбө болгом. Бирок кыргыздар алардан айырмаланып, кезекке туруп, жол акысын төлөп, сурабаса да билетибизди кондукторлорго көрсөтүп түшчүбүз. Анткени кыргыз болуу жоопкерчилигин сезип, бизге чейин улуулугун сактап келген “Кыргыз” атынын маркасын түшүрбөй, бизден кийин окууга келген кыргыздар да аталардын улуу сапаттары сакталып калса экен деген оюбуз бар эле.

Өзүмдүн жөнөкөй жашоо жолумда “Кыргыз” атын сыймыгынан канаат алып, башка элдердин урматын көрүп келсем, “Кыргыз” аты дүйнөлүк атак - даңкка ээ болуусуна кыйыр түрдө болсо да өбөлгө түзгөн бир адамга токтолуп кетейин. СССР дин курамына кирген улуттарда көптөгөн таланттуу жазуучулар бар эле, алардын көпчүлүгү өз эне тилдеринде Чыңгыз Айтматов жазган темалардагы чыгармаларды жазышкан. Бирок Чыңгыз агайыбыздын

орус тилинде жазган китеби Европага маалым болгон соң, чыгыштын баарын “жапайы” кыргыздардын балдары катарында тааныган батыштыктар, биринчи кезекте Чыңгыз Айтматовдун кыргыз экендигине көңүл буруп, китептерин өз тилдерине которо башташкан, андан кийин гана окуп чыгышып, жазуучунун ченемсиз талантына таазим кылышкан дешет. Кантсе да Мухтар Ауэзовдун көмөгү менен француз жазуучусу Луи Арагондун назарына түшүп купулуна толгон Ч.Айтматовдун ийгилигине да кыргыз тегинин дубасы тийип, аталарынын оң энергиясы колдогонун танууга болбойт.

Биздин доорго чейинки чыныгы тарыхта Улуу Кыргыз империясы менен Рим империясы тең ата эл башкарып, Европага чейин таасирин тийгизип турганын билгендиги үчүн Улуу Рейхтин төбөлдөрү Түркестан легионун аскерлерине басмадан латын арибинде жазылган “Манас” эпосун чыгарып таратышып, анын дух – рухунун колдоосу менен СССР ди жеңүүгө үмүт кылышкан. Ал эми И.В.Сталин башында турган коммунист төбөлдөр да орустардын башына мүшкүл түшкөн кыйын күндөрдө кыргыз аталарынын рухуна муктаж болуп, СССР дин жүрөгү болгон Москваны коргоону кыргыз жеринде түзүлгөн Панфилов дивизиясы менен сибирлик туугандарыбыздын Сибирь аткычтар дивизиясына тапшырышкан. СССР дин тарыхында “ 28 баатырдын эрдиги” катарында жазылып, Москвага келүүчү негизги жол болгон Волокаламск шоссесин кашык каны калганча коргошкон Кыргыз империясынын урпактары аталарынын арбактарын уятка калтырышпады. Байыркы Кыргыз империясынын мезгилиндеги сөз менен айтканда, курамында кыргыз тектүү орустар, казактар, улуу кыргыздар, татарлар ж.б. улуттар болгон Панфиловдук дивизиясы менен катар эле Сибирь аткычтар дивизиясын “кыргыз дивизиясы” деп атап койсо да болор эле. Бул жалгыз эле менин түшүнүгүм эмес, ошол мезгилде Италияны башкарган Муссолинин да түшүнүгү экендигин, анын (жогоруда сөз кылынган) ошол мезгилдеги газетага жарыяланган пикиринен билсе болот. Бирок “кыргыз тектүү” сөзү, ал улуттардын Кара (Улуу) кыргыздардын же “биздин балдар” дегенди түшүндүрбөй, болгону убагында жер шарын башкарган Кыргыз империясын түзгөн “Кыргыз” атына тең ата уруулардын урпактары экендигин түшүндүрөт.

Эл аралык аброй алып келүүчү иштерди жасап, чет жерлерде ийгиликтерге жетем десең, анда чачыңды боёп, өзүңдү орусмун деп тааныштырбай, кыргызмын деп айтсаң, баары таанибаса да, тарыхты билген акылы тетик билермандарынын көз жаздымына илинчүүдөйсүн.

### 6. Кыргыз мамлекеттүүлүгүндө уруулардын орду

Биздин заманга чейинки убактан ушул күнгө чейин кыргызды сактап келген анын уруулук түзүлүшү болгон. Анткени түзүлүшү боюнча мамлекетке жана хандыкка караганда кичине, туугандык сезимдеги ишеничтери боюнча түзүлгөн адамдардын тобу, тарыхтын татаал жолунда

бири – бирин коргоп, колдоп жүрүүгө ийкемдүү болуп, уруулардын кызыкчылыктарына жараша өз алдынча саясат жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Уруулардын ички жана сырткы саясаттары уруу башчылары менен аксакалдары тарабынан аныкталып, зарыл учурда кайсы бир хандыкка кошулуу же анын таасиринен чыгуу сыяктуу маселелерди чечип турушкан. Ошентип чакан топтон турган адамдардын проблемаларын өз убагында оперативдүү чечүү уруунун мүчөлөрүнүн муктаждыктарына жооп берип, уруулук топтун жашап кетүү жөндөмдүүлүгүн узартып, алардын ушул күнгө чейин сакталышына шарт түзгөн. Урууларды башкаруу үй – бүлөлүк башкаруу принциптеринде түзүлүп, үйдө жаман бала болбогон сыяктуу уруулардын да жаман мүчөлөрү жок деп эсептелген. Салыштырмалуу жаман болгондорун уруунун мүчөлөрү топтоло тарбиялап, жардысына жардам берип турушкан. Жакшысын алдыга чыгарып, жаманын жаап жашырган кыргыз урууларында ички тартип бекем сакталып, уруунун намысына шек келтирип, атын булгагандарды уруу алдында ачык жазалашкан.

**Урууучулукту бөлүнүүчүлүктүн негизи катарында кароо туура эмес, уруулук демократия бузулганда гана аны теңдөө күрөшү башталып, уруулардын арасындагы адилеттүү мамилелерди калыбына келтирүү процессинде бөлүнүүчүлүк келип чыгышы мүмкүн**.

Кыргыз империясы жана анын таасиринде жаралган көчмөндөрдүн кийинки мамлекеттик түзүлүштөрү азыркы демократиянын башталуу чекити болгон уруулар же “көчмөндөр демократиясынын” принциптеринде курулушкан. Ал принциптердин айрымдарына токтолуп өтөлү:

I. *Мамлекеттик башкарууга бардык уруулардын өкүлдөрү кирип, негизги чечимдер алар менен макулдашуу аркылуу чечилген. Мамлекет башчысы жалпы уруулардын курултайында шайланган* ;

II. *Ар бир уруу ички турмушун жана башкаруу системасын өздөрү аныкташкан;*

III. *Ар бир уруунун белгиленген аймагы болуп, ал аймактын чегинде ошол уруу мамлекет сыяктуу автономдуу бийлик жүргүзө алган;*

IV. *Мамлекеттин курамына кирген ар бир уруунун белгиленген бир милдети, оруну болгон, ошол милдетине жана орунуна жараша согуштук аракеттерден алуучу олжосунун өлчөмү, төлөөчү салыгы алдын ала белгиленип, уруулар өз ырыскыларынан башканы талап кылган эмес.*

Бирок көчмөндөрдүн демократиялык принциптеринде курулган мамлекеттердин экономикалык өнүгүүсүнүн негизин отурукташкан туруктуу чарбалар же өндүрүштөр түзбөстөн, башка мамлекеттердин мал – мүлкүн басып алуу саясаты түзгөндүктөн, улам кеңейген мамлекеттин муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жаңы жортуулдарды уюштуруп туруу зарыл болуп турган. Ошондуктан көчмөндөргө “варварлар” деген атты беришкен. Мезгилдин өтүшү менен жаңы жерлерди басып алуу мүмкүнчүлүгү азайып, экономикалык маселелерди ички дыйканчылык чарбаларга жана өндүрүшкө таянуу менен чечүүгө туура келген. Өз ойлорунда жер кыйырына чейин ат салып жетишкен көчмөндөр талап –

тоноого жер таппай тыныгуу абалына келгенде, алардын Улуу державасында дымыгуу (застой) мезгили башталат. Басып алган аймактарын балдарына жана урууларга даражасына карата бөлүштүрүп, алардан чогулган салыктардын эсебинен жашоосун уланткан державада нааразылыктар өсүп, тугандардын арасындагы бийлик талашуу күрөшү державанын таралуу процессинин башталышына түрткү болгон. Ошентип жүздөгөн жаңы, кайсы бир деңгээлде географиялык территорияга ээ болуп отурукташкан майда хандыктар жана алардын союздары катарында түзүлгөн ири мамлекеттер пайда болгондой көрүнөт. Мындай хандыктардын башкаруу жана экономикалык саясаттарына аталык үстөмдүк мамиле кылып, бийликтерине кооптонуу жараткан көчмөндөр демократиясы туура келбейт болуучу. Ошондуктан алар уруулук түзүлүш системасын бузуу саясатын жүргүзүшүп, ар кандай айла – амалдарды ойлоп табышкан. Айрым турмуштук уламыштарга жана тарыхый фактыларга негизделген мисалдарга токтололу.

Кыргызтектүү маңгыт уруусу тарабынан негизделип, “Маңгыттар династиясы” катары белгилүү болгон Бухар эмирлиги акырындап олтуруп, фарс тилдүү мамлекетке айланган. Анын акыркы эмирлери маңгыт тегин бийлөө кызыкчылыктары үчүн гана формалдуу моюнга алышпаса, иш жүзүндө алардын тилин жана маданиятын жерип келишкен. Анткени алгачкы кыргыз тектүү хандын ар түрдүү улуттагы аялдары болуп, алар хандык мурасты өз балдарына алып берүүгө аракет кылышкан. Айрыкча, хандын балдарын тарбиялап, чарбалык иштерин жүргүзгөн ордо кызматкерлери өзгөчө ролду ойношкон. Жаш ханзадаларды тарбиялоонун жүрүшүндө аларды чеберчилик менен өздөрүнө жакындатышып, ата – энелерине караганда да таасирдүү күчкө ээ болууга жетишишкен. Түрк тарых булактарына (Бүйүк ислам тарыхы) ишенсек, мындай ордо кызматкерлерин “Сарт дивани” деп аташкан, “сарт” сөзү “арсыз тейлөөчү кызматкер”, ал эми “дивани” – сөзү “бийлик ордосу” маанисинде айтылган. Сөздүн ток этер жерин айтканда “сарт” деп уруулаш туугандарын сатып, бийликке кошоматтанып кызмат кылган адамдарды айтышып келген. “Сарт” атынын карапайым өзбек, кыргыз, тажик, уйгур элдерине тийешеси жок болгону менен, анын маанисин түшүнө бербеген көчмөн элибиз, отурукташып соода сатыкка аралашкан элдин баарын эле “сарт” деп аташа берген. Мисалы Баткенде сарт деп тажиктерди, Кытайда уйгурларды, Ошто өзбектерди айтышса, Ысык – Көлдө калмактарды, түндүк кыргыздар жалпы Оштук кыргыздарды сарт деп коюшат. Демек, эскиден сарт аты хан ордолоруна жакын жайгашып, уруулаш туугандарын унутуп, хандардын бийлигине баш ийип жактап, кызматына берилип кирип кеткен адамдарга ыйгарылып келгенин эстесек, анда Кыргызстанда эгемендүүлүк алган күндөн баштап, жалпы кыргызга эмес, бийлик менен акчага кызмат кылып сатылган ар улуттан куралган жаңы “сарттардын” калыптанып жатканын сезүүгө болот. Ошентип элибизде “сарт” деп, бийликтин мүнөзүнө ылайыкташып жаңыланып турган оңой оокат издеген айлакер арсыз кыргыздардын (же башкалардын) тобун айтышкан. Кыргыз тектүү хандардын бийлигинин

каймагын калпып жегенге көнгөн сарттар өз кызыкчылыктарын сактап калуу максатында, ханзадаларды үйлөндүрүү процессине негизги көңүлдү бурушуп, өз тукумдарына үйлөндүрүү же турмушка берүү жолу менен хандык бийликти колдоруна алышкан. Ошентип хандыктын өзөгүндө турган кыргызтектүү уруу улам бийлик ордосунан алыстап, анын ордуна ошол уруунун атына жамынганы менен дили башка, ордо оюндарын уюштурууга адистешкен, хан тандоону кесип катары өздөштүргөн жаңы аргындашкан башкаруучу адамдардын тобу пайда болгон. Натыйжада тарбиячылардын таасири менен көчмөндөрдүн маданиятынан жана тилинен алыстаган, араб жана фарс маданиятын биринчи орунга койгон эмирлик келип чыккан. Башка өлкөлөрдөгү башкаруу системасына назар таштап, эгемен Кыргызстанды башкаруунун келечеги да карапайым элдин ырыскысына тийбей, жаңы “сарттардан” куралган жаңы элдин колуна топтолоруна ишенип кетесин.

Кыргызтектүү уруулардын кылычы менен түптөлгөн Кокон хандыгы да ушундай эле тагдырга туш болуп, табигый тандоонун жүрүшүндө калыптанып куралган тили ширин курама элдин хандыгына айланып калганына тарых күбө. Кыргызтектүү хандардын ордосундагы бийликтин дили башка элдерге өткөндөн кийин, кыргыз урууларын бири – бирине каршы коюп, ордо бийлигин сактап калуу үчүн аларды мезгили менен чабыштырып, күчтөрүн алып турушкан. Намысы күчтүү кыргыз урууларынын ар бирине жекече мамиле түзүү тактикалары иштелип чыгып, кезеги менен кайсы бир урууга ашкере колдоо көрсөтүлүп, башка уруулар кемсилтилип келген. Бирок адилетсиз мамилелердин күнөөкөрү катары хан ордолорун көрсөтүшпөй, ордого жакын урууларды көрсөтө билишкен. Мындай чагымчыл саясатка ишенген уруулар болор болбос келишпестиктердин айынынан чабышып, келишпес душмандарга айланып калышкан. Мисалы, бири – Алтайдан, экинчиси – Кангайдан көчүп келип, туугандык ынтымак сезимдери менен Ала – Тоону эш тутуп мекендеген Улуу кыргыз урууларынын түндүк жана түштүк болуп бөлүнүүсү да Кокон хандыгын чагымчыл саясатынан башталганын көрөбүз. Кокон хандыгы жалпы кыргыз урууларын бийлөө укугун алардын тарыхта калыптанган даражасына карабай эле бирде кыпчак, бирде мундуз, бирде адигине уруууларына ыйгара берген. Кыргыз урууларынын салт боюнча сакталып келген көчмөндүк демократиясын урматтабоо (аксакалдык ж.б. салттарынын бузулушу же кыргыз урууларынын лидерлерин курултайда шайлабастан, кайсы бир хан аркылуу дайындалышы) сыяктуу текеберликтерди көпчүлүк кыргыз уруулары адилетсиздик, б.а. кемсинтүү же кордоо сыяктуу кабыл алышкан. Географиялык жактан Кокон хандыгынын ордосунан алыс эмес жайгашкан урууларга лидерлик ыйгарылгандыктан, лидерликке дайындалган уруулар Кокон хандыгын кылычына ишенип, өз туугандарына үстөмдүк кылып башташкан. Кокон хандыгынын аймагындагы кыргызтектүү урууларды ислам дининин байрагы астында бириктирүү максатын көздөгөн бийлик мамлекеттик тил катары кыргыз тилин дипломатиялык формасы катарында өсүп калыптанган, араб жана фарс сөздөрү аркылуу кеңейтилип

жумшартылган орток тил катары азыркы өзбек тилин кабыл алышкан. Ошентип тарыхтын жолунда кыргызтектүү уруулар тарабынан негизделген Бухар эмирлиги фарстардын хандыгына, ал эми Кокон хандыгы араб – фарс маданиятынын таасири астында аргындашып калыптанган современный же “жаңы кыргыздардан” куралган азыркы өзбектердин хандыгына айланып кеткен ( Бул процессти орус маданиятынын таасири астында пайда болгон азыркы “киргиздер” уруусунун пайда болушуна салыштырууга болот.). Кокон хандыгы лидерлик ыйгарган уруулардын өкүлдөрү цивилизациядан артта калбаганын далилдөө үчүн тилдерин жумшарта буруп сүйлөп, араб графикасындагы жазма булактардан билим – таалим алып, өздөрүн башка кыргыздарга караганда билимдүү жана маданияттуу деп эсептешип, көчмөндөрдүн “жапайы” маданиятынан алыстай башташкан. Кантсе да турмуштун кайнаган чордонуна аралашып, экономикалык абалдарын башка урууларды чаап алуу менен толтурбастан, алар менен алака – мамиле түзүү, дыйканчылык кылуу, өндүрүп чыгарып соода – сатык жүргүзүү менен толтуруу процессинде башка элдер менен алака түзүү зарылчылыгы келип чыгып, анын натыйжасында кыргыз тили байып кеңейген. Чынында эле тоолуу жерлерде обочо жашап, башка элдер менен салыштырмалуу аз алака түзгөн кыргыз урууларынын тил байлыгы зарыл турмуштук муктаждыктарды гана канааттандырууга ылайыкталса, тогуз жолдун тоомунда жайгашып, башка тилдүү элдер менен алака түзүп, жашоого мажбур болгон кыргыз урууларынын тил байлыгы турмуштук чектен чыгып, эл аралык маанидеги алакаларды түзүүгө жөндөмдүү деңгээлге өсүп жеткен деген ой туулат. Демек, сырткы күчтөрдүн жана турмуштук жагдайлардын таасири астында кыргыз урууларынын арасындагы тилдик жана маданият жалпылыктары азайып олтурганына ишенүүгө болот. Өз ара алысташа түшкөн кыргыз уруулары жаңы тууган издеп бири Кытайга, бири Оруска, бири Коконго жабышып, алардын тымызын колдоосу менен өз ара араздашып чабышканга чейин барышкан. Кокон хандыгына таянган түштүк кыргыз уруулары, хандын аскерлерине кошулуп, жол көрсөтүп, түндүк тараптагы кыргыз урууларына үстөмдүк кылууга аракеттенсе, кийинчерээк түндүк кыргыз уруулары орус жазалоочу аскерлерине кошулуп, жол көрсөтүп түштүк кыргыз урууларын басып алууга көмөктөшкөн. Өзөктөн чыккан өрт болуп, өздү сыйлабай өзгөдөн тууган издеген аталарыбыздын жаңылыштыгынан Кыргыз жеринин куну учуп, башка элдердин талашына түшкөн. Мисал катарында СССР дин курамындагы Кыргыз Республикасынын чек арасын аныктоодо канчалаган аймактарыбыздын Кытайга, Казакстанга, Өзбекстанга, Тажикстанга өтүп кеткенин айтууга болот. Кыргыз жерлеринин башка республикаларга өтүп кетишинин көнөөкөрү катарында алгачкы кыргыз коммунист жетекчилерин жана биринчи Президентибизди эсептеп жүрүшөт. Иштин чынында чек араларды аныктоочу документтерде комиссарлар, ошол жерде жашаган кыргыз урууларынын жогорудагы мамлекеттерге ыктыярдуу түрдө кошулуу жөнүндөгү XIX – кылымда түзүлгөн келишимдерди негиз катары алышкан.

Кала берсе 2000 – жылдан бери чуусу басылбай келе жаткан Үзөнгү - Кууш маселесинин учугу да айрым Ысык – Көлдүк кыргыз манаптарынын Кытайга ыктыярдуу кошулуу келишимине келип такалып, падышалык Россия менен кытайлардын Маргалан келишими боюнча Ысык – көлдүн көп аймактары кытайдыкы деп таанылганынан улам келип чыккан.

Убагында кыргыз элин сактап келген уруулук түзүлүштүн деми жана күчү акырында кыргыз элин таратып – жоготуучу күчкө айланып кеткендей туюлат. Көчмөн кыргыздардын таасиринен кутулуу үчүн уруулукту эскичил, караңгылык катарында жийиркене кароого үйрөткөн саясаттын максаты кыргыз улутун жок кылууга багытталып, кыргыз элин курама элдердин мамлекетине айландырууну көздөйт. Ошондуктан Кыргыз Республикасын саясий жана башкаруу органдарын кыргызтектүү уруулардын Жогорку Курултайында шайлоо жолу менен аныктоо зарыл. Кылымдар бою канга сиңген "көчмөндөр демократиясынын" айрым элементтерин калыбына келтирүү менен, өлкөбүздөгү башка улуттардын кызыкчылыктарын эске алып, тарыхтан эстелик катарында бизге калган Кыргыз мамлекетин түптөөгө жана өнүктүрүүгө милдеттүүбүз. Уруулук түзүлүштөр расмий мамлекеттик саясатта жок болгондой көрүнгөнү менен уруулардын жалпы жыйындары, аш тойлору өткөрүлүп, кызматтар бөлүнүп, лидерлери шайланып, шайлоолордогу талапкерлер урууларына жараша добуш топтоп жүргөнүн ар бир кыргыз билет. Демек, бүгүнкү расмий бийликтер да мурдагы хандыктар сыяктуу эле уруулук түзүлүштөргө каршы күрөшүү чакырыгына жамынып, эл башкарууну кесип катары тандашкан чакан адамдардын тобунан куралган жаңы "сарттар" уруусунун кызыкчылыктары үчүн иштешип жатышат деп айтууга негиз бар. Расмий бийлик менен уруулардын арасындагы мындай карама – каршылыкты жоймоюнча, бийлик талашуу жана тирешүү акциялары токтобой, "Дүжүр Курултайлар" өткөрүлүп, өлкө туруксуздугу уланып кете берет. Мындай айлампадан чыгуунун жолу катарында жеке көз караштагы пикиримди билдире кетейин:

I. *Кыргыз Республикасын баарынан мурда кыргызтектүү уруулардын эркин союзу катарында түзүлгөнүн расмий түрдө таануу керек.*

II. *Кыргыз Республикасынын жогорку башкаруу органы деп кыргызтектүү уруулардын Жогорку Курултайын эсептеп, анын депутаттарын уруулардын ички шайлоолору аркылуу аныктоо керек.*

III. *Жогорку Курултай Кыргыз Республикасын Президентин шайлоо жана артка чакыруу укугуна ээ болуп, Өкмөттүн милдети Президентке жүктөлүүгө тийиш. Кичинекей Кыргызстандын бюджети кошумча премьер – министрдин аппаратын каржылоого жетишпейт деп ойлоймун.*

IV. *Кыргыз Республикасындагы башка улуттардын укугун кыргызтектүү уруулардын укугу менен теңдештирүү үчүн, аларга белгилүү бир пайыздагы депутаттык орундар берилип, аларды ички шайлоолордун негизинде өздөрү аныкташы керек.*

Күн тартибиндеги башкы маселе Кыргыз мамлекетин түптөө болуп жаткандыктан, "Кыргызстан – баарыбыздын үйүбүз" принциби экинчи

орунга калып, биринчи орунда ошол Кыргызстан деп аталган үйдү куруу маселеси турарын сезүү мезгили келди, антпесе баары курган жалпы үйгө кыргыздардын батар батпасын болжолдоп билүү кыйын болорун тарых барактарынан билебиз. Дүйнө элдеринин тажрыйбасына карасак, өз мамлекеттеринде улуттук азчылыкты түзгөн Прибалтика өлкөлөрүндө биринчи орунга музей экспонаттары сыяктуу коргоого муктаж титулдук улуттар коюлуп, тартынбастан эле титулдук улуттардын салттарына негизделген башкаруу органдары киргизилген. Алардын мындай аракеттери дүйнө коомчулугу тарабынан түшүнүү менен кабыл алынып, терс пикирди жараткан жок. Анткени башка улуттун өкүлдөрүнүн да укуктары сакталып, аларга иш уюштурууга, бай жана бакубат жашоого мүмкүнчүлүктөр берилип, болгону тарыхый жактан мамлекеттин атын алып жүргөн титулдук улуттун маданиятын жана салтын урматтоо шарттары киргизилген. Мындай салттык үрп – адаттарды кармануу жөрөлгөлөрү Япония сыяктуу өнүккөн өлкөлөрдө да сакталып, аны демократиянын талаптарын бузуу катарында эмес, болгону тарыхка урматтоо мамилеси катарындагы салттар сыяктуу кабыл алышат. Ошондуктан уруучулукту улутчулдуктун жана эскичил караңгычылыктын өзөгү катарында түшүнбөй, аны Кыргыз мамлекетин кубаттандыруучу булак катары кабыл алып, азыркы заманга ылайыкташтыра өнүктүрүп, тарыхтагы акыркы кыргыз мамлекетин сактап калышыбыз керек.

Уруучулук түзүлүштөгү башкаруу системасынын моделин азыркы шартка ылайыкташтыруу менен заманбап уруулук демократия принцибинин негизинде, бардык кыргызтектүү уруулар менен макулдашылган бийлик орнотсок гана, калк салыштырмалуу адилет бийлик түзүлгөнүнө ишенип, чындыкты кокту – колотто өтүп жаткан уруулардын курултайларынан, аш тойлорунан издебей, Жогорку Курултайдан гана издеп калышат деген ойдомун. Бирок эбак эле көчмөндүк жашоо турмушу унутулуп, кыргызтектүү уруулардын жашоо образы менен кошо кызыкчылыктары да өзгөрүп, уруулук кызыкчылыктар отурукташкан аймактык кызыкчылыктарына чейин өсүп жетти. Ошондуктан кыргыз урууларынын кызыкчылыктарын аймактык кызыкчылыктар менен, ал эми уруулук демократияны болсо аймактык демократия принциптери менен алмаштырып, бүгүнкү күндөгү улутчулдук жикке бөлүүлөргө жана түндүк, түштүк сыяктуу аймактык бөлүнүүлөргө каршы күрөшүүгө болот. Ал эми айрым саясатчылардын жан күйдүрүп “Бөлүнбөйлү кыргыздар, бир бололу, бар бололу”, “Бөлүнсөк бөрү жеп кетет, ... же бөлүнсөк ата бабаларыбыздын кусуру урсун” сыяктуу дүжүр чакырыктары, курсак тойгондон ачканга чейин убакытта гана эсте калат. Демек бөлүнүүчүлүктүн себеби же тамыры уруулук демократиянын же анын азыркы формасы болгон аймактык демократиянын бузулушу эсептелип, ага жол берген башкаруу системаларында уруулук же аймактык бөлүнүүлөр улана берет. Мындай проблемалар өнүккөн өлкөлөрдө да кездешип, алар бул абалдан чыгуу үчүн мамлекеттин ичиндеги каролдуктарга, герцогдуктарга ж.б.у.с., аймактык түзүлүштөргө өзүн - өзү башкаруу мыйзамдарын киргизип, кала берсе

аймактык конституцияларды түзүүгө чейин уруксат беришкен. Ошондуктан Кыргызстандын башкаруу системасын түзүүдө уруулук же аймактык кызыкчылыктарга каршы күрөшпөстөн, аны реалдуу чындык катарында кабыл алып, аны чечүү механизмдерин киргизүү зарыл. Бул механизмдердин бири катарында уруулук же аймактык демократиянын принциптеринде шайланган Жогорку Курултайлык (Парламенттик) башкаруу органын киргизип, аймактык кызыкчылыктардын карама – каршылыгын жоюу керек. Ошонда гана уруулук же аймактык кемсинүү сезими жок болуп, коомдогу “аймактык бөлүнүү” оорусунан кутула алабыз.

## 7. Манас феноменинен алынуучу таасирлер

Кыргыз баласы кайсы уруудан болгонуна карабай, “Манас” баатырдын атын укканда, каны дүрбүп ойгонуп, силкине калмайы бар. Анткени ар бир кыргыз үй – бүлөсүндөгү бала тарбиялоо системасында “Манас” аты айтылып, аны жакшылыктын үмүтү катарында “колдоочу баатыр” деп эстеп калганбыз. Ошондой болсо да Манастан үмүт кылып, үйдө максатсыз жата берүүдөн эч нерсе чыкпайт, жаны кейиген бир таанышымдын “Кыргыздар боз үйүн мактап, Манастан бата тилеп үмүт кылып, жата беришин токтотмоюнча оңолбойт”, – деп айтканын эстеп калам. Менин оюмча, Манасты таанып, андан өрнөк алуу үчүн эки нерсеге көңүл буруу керек: Биринчиси – Манас айтуунун адамга күч берген обон – ыргагына, экинчиси - Манастын башкаруу чеберчилиги жана анын уруулук демократиянын сакталышына берген маанисине.

Чынында эле тирүүлүктүн негизги белгиси био – энергетикалык термелүү болуп, ааламдан баштап бардык тирүү жандыктарга чейин белгилүү бир жыштыктагы жана толкундагы энергетикалык термелүүлөр жүрүп турары белгилүү. Эгерде бул термелүүнүн ыргагы бузулса, анда ал тирүү жандыктардын абалы өзгөрүп, термелүү токтосо жашоосунун бүтөрүн азыркы илим да ырастап олтурат. Байыртадан эле адамдардын стресстен чыгып жашоосун улантуусу үчүн, анын денесиндеги термелүү ыргагын калыбына келтирип туруу усулу колдонулуп келгендей. Белгилүү кыргыз чоорчусу К.Азыкбаев немец жеринде иштеп келгенден кийин, кайсы бир телеканалга берген маегинде: “Европада музыканы жөн гана укпастан, анын толкун жыштык ыргагына көңүл бурушуп, адамдарды музыкатерапиялык ыкма менен дарылоого колдонушат экен. Математиканы жакшы билбегеним үчүн анын майда чүйдөсүнө жакшы түшүнө бербедим”, – деп айтканы эсимде. Чынында эле адамдын денесиндеги термелүү жыштыгынын ыргагын, сырттан берилүүчү үндөргө карап өзгөрүшүн, анын жаман же жакшы сөздөргө жооп берген реакциясына карап билүүгө болот. “Айтылган сөз – атылган ок” деп бекеринен айтылып калган эмес, ошондуктан кандай жаман кабар болсо да, аны адамга жагымдуу үндөр менен угузуу мисалдары турмушта, адабий китептерде кездешип келет. Кала берсе каардуу ханга баласынын өлгөнүн комуз күүсү менен угузушкан деген уламыш да жөн

жеринен чыккан эмес. Ошентип адамдарда жашаган чөйрөсүнө жана жашоо образына ылайыкташкан термелүү процесси жүрүп, анын натыйжасында алардын ден – соолугу жөнгө салынып турат. Кеңири талааларды мекендеген казактардын обондору, көбүнчө талаа жаңыра созолонуп, термелүүсү бийиктен төмөн карай кемип барган узун сызыкка окшоп кетсе, кыргыз обондору өздөрү жашаган ой – тоолорго жараша бирде шаңшып бийиктеп, бирде төмөндөп жүрөктүн кагуу ритмине үндөшүп кеткендей сезилет. Ошондуктан сыркоолорду дарылоо процессинде кыргыз обондорун музыкалык терапия катарында пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп көрүү керек.

Адамдын термелүүсүн калыбына келтирип, ага оң же терс заряд алууга мүмкүнчүлүк түзүү үчүн анын термелүүсүнө таасир берип, нейтралдык абалга же телепатиялык абалга келтирүү зарыл. Бул учурда адам өзүн кайсы бир саамга унутуп, информациялары жаңыдан калыптанып, денелеринин термелүү жыштыктары өзгөрүп жаңыланат. Адамдарды өзүн жоготкон деңгээлге чейинки телепатиялык эргүү абалына келтирүү үчүн музыка угузуу, бакшы же шаман ойнотуу, дем салуу, намаз окутуу, гипноздоо сыяктуу медитациялык ыкмалар колдонулуп келгени тарыхтан белгилүү. Экстремалдык мүнөзгө ээ болгон көчмөндөрдөн жашоосу толгон – токой күтүлбөгөн кырсыктарга жана окуяларга бай болуп, аларга маани берип, эмоцияга алдырып, кайгырып олтурууга убакыт жеткен эмес. Элдик уламыштардан белгилүү болгондой чабыштарда курман болгон баатырлардын сөөгүн жерге берүүгө мүмкүн болбой калганда этин жиликтеп, сөөгүн шылып куржунуна артып кете берген адамдардын психологиялык абалдарын кандай мүнөздөөгө болот? Аларды мурдагы абалына кантип ыкчам келтиришкен? – деген сыяктуу суроолор туулбай койбойт. Көчмөндөр мындай абалдарда айтылуу ыргагы өзгөчө болгон, бардык шарттарда (ат үстүндөгү жүрүштөрдө, чабыштарда ж.б.) айтыла берчүү комплекстүү психологиялык эпосторду ойлоп табышкан. Ушул күнгө чейин Сибирь кыргыздарында кекиртек көңдөйү менен жакшы духтарды чакырып, жаман духтарды чочута коркутуп ырдаса, Ала Тоонун кыргыздары күпүлдөп айтылган Манастан жакшылык издеп, оң энергия алышат. Менин байкоомо караганда Манас айтуу обонунун термелүү ыргагы кыргыздардын денесиндеги термелүү ыргактарын нейтралдаштырып, жаңылануусуна өбөлгө түзөт. Манас айтуу кадимки обондуу ырдоолордон айырмаланып, кекиртек же көмөкөйдөн чыккан катуу үн менен айтылып, адамдардын башка нерселерге көңүл бурбай угуусуна жетишип, андан кийин бирде өчүп бара жаткан оттой басаңдап, бирде жалындап күйгөн оттой катуулап чачырап чыккан үндүн термелүү тембри адамдарды жетелеп, өзүн жоготкон эргүү абалына алып баргандай туюлат. Ошондуктан Манас кыргыз элинде жөн эле айтылчу эпос болуп калбастан, кыйын абалдарда аларды дабалоочу психологиялык терапия болуп эсептелет. Компьютерди переустановка кылып программасын жаңылаган сыяктуу эле, Манасты уккан кыргыздар жаңыланып, жаңы рух жана дух менен жашоого оптимисттик үмүт артып

алдыга кете берген деген ойду жаратат. Ошентип өзөгүндө Манас баатырдын эрдиктери турган эпосто кыргыз элинин кайгысы, тарыхы жана келечек үмүтү менен кошо кыргыздарга күч – кубат берип сүрөөчү обондун термелүү ыргагы камтылгандай. Башынан ысык суук өтө элек кыргыз жаштары Манас менен иши жоктой болуп көрүнгөнү менен, акылы токтогон ар бир кыргыз Манасты угуп кумарын жазып, өткөн кеткенди эстеп, өз өмүрүн таразалап, оптимистик көз караштарын бекемдеп жүргөнүн билебиз. Бирок эл арасында “ Манастын жүгү бар, атын абайлап айткыла” деген сөздөрдү кездештирип жүрөбүз. Анын сырын чечмелөөгө аракет жасап көрөлү:

1. *Адамдын тазалануусунун башталыш нөлдүк чекити катарында алынган телепатиялык эргүү абалы өтө назик келип, жаңыланып тазаланган денедеги өмүрдүн термелүүсү мурдагы калыбына келбей токтоп, адамды өлүмгө алып келиши мүмкүн. Ошондуктан ден – соолугу начар, мүнөзү жумшак адамдарды, боюнда бар аялдарды, жаш балдарды Манастын жүгүн көтөрө албайт деп Манасты уктурушкан эмес.*

2. *Манас айтуу процессинин элдерге тийгизген таасири, Манас айтуучу адамдын жеке касиеттерине, оң же терс энергиясына жана биоталаасынын күчтүүлүгүнө байланыштуу болот. Ошондуктан Манас айтуу бактысы бардык эле адамдарга берилбей, эл арасында кайсы бир касиеттери менен айырмаланган гана адамдарга берилген.*

Ар бир Манасчы эпосту айтып жатканда ар кандай таасир алып, айрым учурда сүрөөн – кыйкырыктары менен аттарын дүбүрөтө чапкан чоролордун коштоосунда Манас баатыр келип калгандай элестетүүлөр болгонун, кээде күн күркүрөп алай – дүлөй болуп, күн тутулуп кеткенин угуп жүрөбүз. Күндүр – түндүр Манас айта беришкен күчтүү Манасчылардын көзгө көрүнгөндөй абалга чейин эпостогу окуяларга аралашып кетүүсү анын телепатиялык абалдан кайра чыгуусун кыйындатат. Мындай учурда Манас айтууну токтотуп, гипноздук абалдан абайлап чыкпаса, анда угармандардын жана Манас айтуучу адамдын ден – соолуктарына зыян болуп калышы мүмкүн. Менимче, ушул жагдайлардан улам чочулашып, Манаска этият мамиле жасашып, анын арбагын жөнү жок козгой бергендердин иши оңунан чыкпайт деп коюшат окшойт.

Кыргыздардын баары Манасты урматташып, аны өзүмдүк баатыр сыяктуу кабыл алганынын дагы бир себеби, Манастын башталышынан бүтүшүнө чейин уруулук демократия сакталып, угарманды ойлонтуп толготкон бардык көйгөйлөр ийри олтуруп, түз кеңешип чечилгендигинде деп ойлоймун. “Манас” эпосунда анын Жакып атасынын теги кыпчак деп айтылганы менен, кырк уруу кыргыздын баары Манасты өз уруусунан чыккандай аздектешип сыймыктанышат. Мисалы Манасты таластыктар өздөрүнүкү деп ээлик кылып, башкаларга Манастын тике урпактары сыяктуу көрүнгүсү келсе, Баткендиктер Манасты өрүкзардын кулуну болот деп, анын эпосто айтылган баскан – турган жерлерин баарын көрсөтүшүп, кала берсе баатырдын сөөгү жашырылган деген Кара – Тоого сыйынып келишет. Ачык айтып, Таластыктардан Манасты талашууга батына алышпаса да, “Ээ бача,

айта веришет да" – деп өздөрү гана билген сырды ачык айтпай, Баткенде Манас комплексин түзүшүп, Бишкектен башка жерде коюлбаган эстеликтерин орнотуп олтурушат. Кошой коргон комплексин жандандырган Теңир тоолуктар да Манаска жакындыгын далилдешип, тарыхтан анын изин издөөгө киришкендей. Ал эми кытайлык кыргыздар манасчы Жусуп Мамай төрөлгөн Ак – Чий ооданын "Манас" эпосу жаралган жер деп жар салып, анын расмийлигин ЮНЕСКОдо каттатышып, жыл сайын Манасты хор менен айтып майрамдоонуу адатка айлантышты. Манастын энергия берүүчү күчүнө ишенген Гитлердин идеологдору да латын тамгаларында жазылган Манасты кыргызча басып чыгартып, Түркестан легионунун жоокерлерине таратканын, ушул легиондо оберь – лейтенант чининде кызмат кылган Ноокаттык Буркан аксакалдын атам Шератга айтып жатканын уккан элем. Албетте, мындан Манас менен кыргыз элинин сыймыктанарын, кыргыздардын Манаска теңеле албаса да, анын образынан үлгү алып, кайсы бир деңгээлде өзүнөн Манасты издегенин көрүүгө болот. Ошондуктан кыргыздар башына кыйын иш түшкөн мүшкүл күндөрдө Манастан адилеттүүлүк издеп, анын обон ыргагына термелип, бул жалган дүйнөнүн бары – жогун унутуп, өздөрү кабылган туңгуюктан чыгуу үмүтүн жоготушпай жашап кете берет деп ойлоймун.

## §3 ДИНГЕ БОЛГОН МАМИЛЕ

### 1. Тирүүлүктүн биоэнергетикалык талаалары

Ар бир адамдын денесин көзгө көрүнбөгөн алоо сыяктуу тегиз бир калыпта термелип жалындап чыгып турган биоталаа курчап турат. Ал талаанын жалынынын дененин бөлүгүндөгү жыштыгына жана алоо бийиктигине карап, адамдын денесинин ошол бөлүгүндөгү ички организминдеги өзгөрүүлөрдү аныктоого болот. Биоэнергетикалык талаанын термелүү ритминин жыштыгы 30 – 40 герцтин тегерегинде болуп, адам активдүүлүгүн жоготкондо төмөндөп кетери далилденген. Мисалы, уйкуда болгон учурда бул ритм – жыштыгы 3 герцке чейин төмөндөп жеткени тажрыйбаларда текшерилген. Адам кайсы бир жеринен сыркоолосо, анда сыртынан кеп – кабык сымал каптап турган бир тектүү биоталаанын алоо жыштыгы ошол жеринде көбөйүп же азайып кетери йогалардын окууларында илгертеден айтылып келген менен, жакында гана айрым өлкөлөрдүн расмий медициналары тарабынан таанылып олтурат. Йоголардын тажрыйбасына ишенсек, атайын акыл көнүгүүлөрүнүн жардамы менен адамдар өздөрүнүн биоэнергетикалык талааларын оңдоп түзөп, кала берсе топтоштуруп, кайсы бир багыттарга мейкиндик аркылуу берүү мүмкүнчүлүктөрүнө жетише алышат. Азыркы изилдөөлөргө караганда биоэнергетикалык талаанын күчү оң жана терс деп экигие бөлүнөт. Айрым адамдар жаратылышынан эле ашыкча биоэнергетикалык энергияларга ээ болуп, көбүнчө терс энергияларын көзөмөлдөй албай, башкаларга таасир кылган учурларды көрүп эле жүрөбүз. Мисалы "баланчанын көзү тийет,

анын жанына бара бербегиле” – деп айтып калышат. Чынында эле жер жүзүндө бир назар салуу менен куландан соо адамды сыркоолото койгон, күлүк ат турсун, жүрүп бара жаткан машинаны ала салдырган “көздүү” адамдар кездешет. Алардын назарынан сактануу үчүн аны чочутуп жибергиле же көңүлүн буруп жиберчү аракет жасагыла, болбосо көз мончок таккыла деген сөздөрдү ар бирибиз угуп чоңойгонбуз. Атайын лабораторияларда жүргүзүлгөн эксперименттер көрсөткөндөй “көзү бар” адамдын назарына түшкөн темирдин да структуралык түзүлүштөрү өзгөрүп, сынып кеткенге чейин барган. Демек, адамдын биоэнергетикалык талаасынын күчүн бир фокуска жыйнап, мейкиндик аркылуу экинчи бир адамга, жаныбарга же буюмга жөнөтүү менен, алардын биоэнергетикалык талааларын буза алсак, анда алардын талааларынын кайсы бир жеринде биожалыны өчүп же көбөйүп кетип, ошол жеринен сыркоолоп же сынып калат деп түшүнсө болот. “Көз тийүү” процесси көбүнчө күтүлбөгөн даярдыксыз абалдарда болуп өтөт, анткени мындай капилет учурларда адамдар өздөрүнүн биоэнергетикалык талааларын көзөмөлдөөнү унутушуп, талаасын коргоочу кабыкчасын көңүлдөн чыгарып жиберишет. Духу күчтүү жана өзүнө ишенип биоталаасын көзөмөлдөй алган адамдарга такыр “көз” тийбейт. Өзүн ишениссиз сезген же сыркоолоп турган абалдарда, адамдын биоталаасы начарлап, коргоо механизмдери иштебей, башка адамдардын биоталааларынын таасирлеринде калышат. Ошондой элде жаш балдардын биоталаалары да толук калыптанып бүтө элек болгондуктан, аларды тааныш эмес адамдардын назар салуусунан сактоого аракет жасап келебиз. Элдик медицинада “көз тийген” учурда “кирнелөө”же ”суктоо” амалдары аткарылып, ал адамдын денесин бычак, кагаз сыяктуу буюмдар менен сылап, кирген суктун чыгышын талап кылган үн коштоолор менен уланып олтурулат. Бизге сырдуу болгон бул аракеттерден кийин сыркоолуу адамдар айыгып кеткен учурларга көп эле күбө болуп жүрөбүз. Бала кезде сыркоолоп калсак эле Гүлсана апам бизди Бекеш жезде деген молдого окутуп келгиле деп жөнөтүп калчу, чынында эле денебизге температура чыгып кыйналып барсак, молдонун дуба окуусунан соң жеңилдеп, оорубузду унутуп, кадимкидей ойноп кете берчүбүз. Айылыбызда толтура молдо болсо да, Бекеш молдодой “деми” күчтүүсү жок эле, ошондуктан анын эшигинен дем салдырып окутууга келген адамдардын кезеги үзүлчү эмес. Ошондой учурларда “көз тийгендерди” кирнелөөчү бир – эки кемпир бар эле. Чоңойгон кезде бул кереметтер көңүлүмдөн кетпей, алардын сырын чечүүгө көп убактымды жумшадым. Көрсө, биоталаасы күчтүү адамдар гана дуба окуп, кирген сукту чыгарууга же биоталаанын бузулган жалынын тегиздеп – түздөөгө кудурети жете алат экен. Алар колуна өткөргүч же электр заряддарын топтоп, кайра бере ала турган нерселер менен денени сыйпалоо процессинде өзүнүн биоталаасынын таасири менен жабырлануучу адамдын биоталаасындагы начарлаган жерлерди күчөтүп, ашып кеткен жерлериндеги биожалындарды өчүрүп азайтып, мурдагы бир тектүү абалына келтирет экен. Биожалыны тегизделген соң адамдын организминде тең салмактуулук

калыбына келип, сыркоо жери айыга баштаары расмий медицинада таанылып, атайын кыска толкундагы биожалын тегиздөөчү же кирнелөөчү аппараттар жасалып, алар белгилүү клиникаларда кирнелөөчүлөрдүн жана дуба окуучулардын милдеттерин аткарып жатканын угуп калам. Табиятынан биоталаасы күчтүү адамдар дуба окуу процессинде өздөрүн биоталаасын топтоштуруп, жабырлануучу адамдын биожалынын калыбына келтирсе, биоталаасы күчтүү кирнелөөчү кемпирлер бар дитин коюп, өткөргүч материалдар аркылуу биожалыныңдын термелүүсүн түздөйт турбайбы. Кирнелөө же дубалоо процесстеринде оболу жабырлануучунун биоталаасынын термелүү ритмине жандашып, анын абалына кирип, андан кийин гана анын биоталаасынын жалынын же термелүү ритмин калыбына келтирүүгө же күчөтүүгө болот. Ошондуктан тандалган гана адамдар башкалардын биоталааларын термелүү ритмине таасирин бере алат. Айрым учурларда жабырлануучунун биоталаасынын термелүү жыштыгын табуу аракетинде өзүн жоготкон телепатиялык абалга чейин жеткен бакшылар кайра калыбына келе албай, акылынан адашып, болбосо өлүп калган учурлар да кездешкен. Мисалы, сыркоолууга дем салып жаткан молдо “касида” деген сүрөөнү окуу процессинде акырына жете албай адашып кетсе, же бирөөлөр алаксытып чочутуп сүрөөсүн бүтпөй калса, анда аны жин уруп кетет деп дем салуудан баш тартышып, өзүнө ишенген гана молдолор “касиданы”окушканын билебиз. Эскерте кетүүчү нерсе – кайсы диндеги дубаларды колдонсо да, дуба окуу же салттык ырым процесстеринде дубалоочу бирде демин чыгарбай көгөргөн абалга чейин жетип, бирде үнүн буруп, сени арбап биоталааңдын термелүү ритмине теңелүү же кийлигишүү аракетин жасайт жана жабырлануучунун кайсы динге ишенгенине карабастан бирдей таасирин берет. Ошондуктан мындай дабалоо ыкмаларын кайсы бир диндин артыкчылыгы же диний жактан берилген касиет катарында түшүнбөстөн, йогдордун адамдардын биоэнергетикалык талааларынын бири – бирине тийгизген таасирлери катарындагы түшүндүрмөсүнө ишенүүгө туура келет.

Батыш медицинасы көпкө чейин моюнга албаганы менен, XX – кылымдан баштап чыгыш элдик медицинасына маани берип, анын жетишкендиктерин өз илимий лабораторияларында текшерип көрүп, адамдардын тарых жолунда топтогон табыпчылык өнөрлөрүнүн туура экендигине ишенип гана калбастан, аны алдыңкы медициналык технологиялардын катарына кошуп калды. Ошентип лабораториялык шарттарда адамдын эки турпаты: биринчи – физикалык же дене түзүлүшү; экинчи – ага жан берип турган биоэнергетикалык талаасынын болору далилденип, адам каза болгондо андан бөлүнүп кетип жаткан жан энергиясы салмагына чейин таразага тартылып алынды. Жан энергиясын физикалык денеден бөлүнүп кетүүсүнө жол койбоо үчүн кыргыз бакшылары адамдарды өзүн жоготуу абалынан чыгаруу максатында чочутуу же алаксытуу, болбосо үнүн катуу чыгарып кыйкыруу, дененин айрым бөлүктөрүн камчылоо, касыратып кашык сындыруу сыяктуу амалдарды колдонуп келишкенин

жашап калган кыргыздардын баары эле жатка билишет. Адамдын биожалынын термелүү жыштыгын көзөмөлгө алуу менен, анын денесине зыян келтирбей эле операцияларды жасап, зыяндуу органдарынын кесип салуу, адамдардын денесин көзөп найзаларды тепшип өткөрүү, жүздөгөн күндөргө өлүк катары мүрзөдө жатып кайра тирилүү, ички органдарын каалоосу боюнча башкарып жылдырып, денесин көзөөгө жол ача билүү сыяктуу эксперименттерди ийгиликтүү жасашкан йогдорду көрүп туруп, расмий медицина да көз карашын өзгөртүп, сыркоолорду дабалоо процессинде чыгыш медицинасынын жетишкендиктерин кеңири колдонуп калышты. Кала берсе, убагында Германияда Улуу Рейхтин билермандары да түбөлүк жашоо сырларын изилдеп, Тибетке атайын экспедицияларды уюштурушуп, өз максаттарына жетүүдө биоэнергетикалык энергиялардын артыкчылыктарын пайдаланууга аракет жасашкан. Тарыхта кайраттуу жана каардуу адам катарында калган Гитлердин өтө ырымчыл экендигинин дагы бир далили катарында анын ар бир чечкиндүү аракет жасоодон мурда көзү ачыктарга, төлгөчүлөргө кайрылып, алардын пикирин угуп тургандыгы менен түшүндүрсө болот. “1941 – жылдын 22 – июнь күнү СССР ге кол салсаң, анда 1945 – жылдын 8 – майында толук жеңилесин” - деген көзү ачык Вольф Мессингдин сөзүн укпай согушка кирген Гитлер кийин анын сөзүн кайра оңдотуу үчүн артынан куугунтуктап таппай калган. Гитлер тарабынан башына алтын байге коюлган В.Мессинг СССР ге качып келип, НКВД нын катаал текшерүүсүнөн өткөндөн кийин Сталиндин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, коопсуздук кызматтарынын иштерине көмөктөшкөндүгүн билебиз. Азыркы расмий эмес илимдин тастыктаганына караганда, адам өлгөндөн кийин анын физикалык денесинен учуп кеткен биожаны мейкиндиктеги жандардын биоталаасына учуп чыгып, жашоосун уланта берет. Табиятынан өзгөчө биоэнергияга ээ болгон В.Мессинг сыяктуу адамдар, шамандар, бакшылар кандайдыр бир транс абалдарында мейкиндиктеги жандардын биоталаасына аралашып, алардан маалымат алып, кайра кайтуу кудуретине ээ болушат. Ошентип адамдын жаралуусу жана жашап өтүп кайра өлүшү, көптөгөн талаш – тартыштарды жаратканы менен, физикалык денесинен бөлүнүп чыккан жан энергиясы мейкиндиктеги биоталаалардын талаасына (көптүгүнө) топтолуп, зарылдыкка жараша башка формага өтүү менен кайра кайтып, жердеги биоэнергетикалык теңчиликти (балансты) сактап турат деп түшүнсө болот.

Бул жарыкчылыкта тирүүлүк деп айтса эле жан – жаныбарлар жана адамдар деп түшүнбөстөн, бүтүндөй жаратылышты жана аны менен кошо жер шарын, планеталарды, жылдыздар жайгашкан ааламды кошо кароо керек. Анткени алардын дээрлик баары энергетикалык талаасы бар биожандан жана физикалык форманы түзгөн денеден же массадан турушат. Жер шары жана аалам да төрөлүп, жетилип, андан кийин картайып өлүп, энергетикалык талаасы башка формаларга (денелерге өткөн сыяктуу) өтүп, ааламдын түзүлүшү өзгөрүп турат. Бир түзүлүштүн же форманын түбөлүккө тирүү болушу мүмкүн эмес, анткени ага жан берип курчап турган

энергетикалык талаасындагы термелүү түбөлүк улана бербей, белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин энергиясын жаңылоо үчүн башка формалардын энергетикалык талаалары менен байланышып, алардын таасири менен формасын өзгөртүп, кайра төрөлүп турат. Мисалы, жер шарынын борборунда жалындап күйүп турган ядросун жүрөккө окшоштурсак, анын айланасында тынымсыз кыймылдаган мантиясын кан деп элестетип, жер бетин териси, ал эми жерди чачылуудан сактап, айтылган кыймылдарды жөнгө салып турган атмосферадагы көзгө көрүнбөгөн магнит талаасын энергетикалык жанкеби деп ойлоого болот. Шар формасындагы жердин тирүүлүгүнүн белгиси деп жердин магниттик талаасындагы энергетикалык термелүү ритминин бузулбай сакталып турушун айтса болчудай. Жер шарын энергетикалык талаасы анда жайгашкан таштан баштап, бардык тирүү жандыктардын энергетикалык талааларынын суммасы катарында түзүлөт. Ошондуктан адамдар тарабынан жасалган ар бир иш аракет анын энергетикалык талаасынын термелүү ритмине таасирин тийгизип, жооп катарында аны калыбына келтирүү үчүн жердин кыртышында өзгөчө кубулуштар болушу мүмкүн (жер титирөө, цуннами, ж.б.). Адамдар жердин энергетикалык талаасына өзгөртө койчу аракет кылбаса деле, космос ааламындагы обьекттердин таасири менен белгилүү бир убакыт аралыгында жер өз жашоосун улантуу үчүн энергетикалык талаасын жаңылап туруугa арагасыз болот. Ошондуктан бүгүнкү адамдарды жердин алгачкы кожоюндары деп айта албайбыз, анткени жер жаралгандан бери жаштык жана жетилген курактарында өз жашоосун улантуу үчүн канчалаган жолу энергетикалык талааларын өзгөртүп, полюстары алмашып, жер бетиндеги адамдардын жашоолору токтоп, кайра уланып турган. Ар бир адам жашоого умтулгандай эле ар бир нерсе, анын ичинде жер да өз өмүрүн биринчи орунга коюп, өзүнүн денесиндеги жашаган пенделердин жашоосуна маани бере бербейт, анткени өзү жашап турса гана анын энергетикасын түзүүчү энергетикалары бар жандыктар (адам болбосо башкасы) жашай беришет. Жер да тирүү адам сыяктуу сыркоолоп, денесинин кайсы бир бөлүгү тешилип, энергиясы агып чыгып турса, дагы бир бөлүгүндө сырттан энергияларды соруп, жер бетиндеги касиеттүү ыйык (аномалдык) аймактарды пайда кылып тургандай. Адамдардын био – энергетикалык талаалары жердин энергетикалык талаасынын бөлүгү катарында анын таасирин оң же терс маанилерде кабыл алат. Ошондуктан зыяратка келген адамдардын био энергетикалык талааларына аномалдык аймактардагы жерден бөлүнүп чыккан энергия, заряд берүүчү же ашыкча зарядын алуучу аппарат катарында таасирин тийгизет.

Бир гана адамдардын жашоо формасындагы түзүлүштү тирүүлүк деп эсептөөгө болбойт. Бардык нерселелер молекулалардан жана атомдордон куралып, өз кезегинде атомдор ядродон жана анын айланасында кыймылдап айланган электрондордон, протондордон туруп, алар өзүнүн энергетикалык талааларынын күчү менен чачылып кетпестен, ошол нерсенин формасын сакташып, тирүүлүк түзүлүшүн камсыз кылган термелүү процессин камсыз

кылышат. Мындай кыймыл жүрүп жаткан жердин баарында кайсы бир формадагы жашоо болуп, ошол маанидеги тирүүлүк өкүм сүрүп турат десе болот. Мындай тирүүлүктүн өмүрүнүн узактыгы, нерсенин ички бөлүгүндөгү күчтөрдүн же болбосо сырткы күчтөрдүн аракети менен анын энергетикалык талаасын бузулган күнгө чейин уланып, бул күчтөрдүн таасири астында ал жаңы энергетикалык талаасы бар тирүүлүктүн башка бир формасына айланып жашай берет, же болбосо жетиштүү энергетикалык талааны түзө албай, жаңы энергетикалык колдоону күтүп, кезеги жеткенге чейин өмүрүн токтотуп турат. Ошондуктан жерден башка планеталарда тирүүлүк өкүм сүрбөйт деген көз карашты жаңылыш деп ойлоймун. Алардын ар биринин энергетикалык талааларын түзүп турган кайсы бир формадагы тирүүлүк болбосо, анда алардын энергетикалык талаалары жоюлуп, кыймылы токтоп калмак. Бул өз кезегинде жердин энергетикалык талаасына таасирин тийгизип, андагы тирүүлүк формасын да өзгөртүүгө учуратмак. Ошентип биздин галлактиканын жылдыздары жана планеталары өз ара энергетикалык байланышта болуп, бири – биринин энергетикалык талааларын колдоп, алардын жандарын көзөмөлдөп тирүүлүк формаларын берүүчү жалпы жандардын талаасына (фондусуна) ээ болот. Ушул талаадагы биожандардын жардамы менен күн системасындагы тирүүлүк түзүлүштөрү калыптанып, алардын тең салмактуулугун сактайт жана керектөөгө жараша бир формадан экинчи формага өтүп турат. Же болбосо физикалык денеден учуп чыккан энергетикалык биожандар галлактикабыздын мейкиндигинде же кайсы бир планеталардын энергетикалык талааларында термелип, күн системасындагы энергетикалык тең салмактуулукту сактоо зарылдыгына жараша тирүүлүктү улантып жашай беришет. Мисалы жерде жашаган адам өлгөндөн кийин анын биожаны же энергетикасы мейкиндиктеги биожандардын жалпы энергетикалык талаасына кошулуп, андан ары күн системасынын бүтүндүгүн сактоого карата болгон энергетикалык муктаждыкка жараша керектүү планетага же мейкиндикке жөнөтүлөт. Ошентип биожандар кайрадан планеталардагы тирүүлүктүн формасына жараша кайсы бир буюмга же бир жаныбарга энергетикалык жан катарында кайтып келиши мүмкүн. Ал нерсе жердеги бир дагы нерселерге окшобогон $-500^0$ же $+500^0$ температураларда жашай алган микроб сыяктуу эле жашай берген кичине же чоң жан – энергетикасы бар нерсе болушу мүмкүн. Ошондуктан тирүүлүк жашоосу үчүн жердегидей аба, суу болбосо деле, суу ордуна кислота, темир ордуна муз, жб.у.с. колдонгон энергетикалык жандары бар жандыктар боло бериши мүмкүн. Аларда, балким, кан ордуна темир эритмелерине окшош, денелери таштан катуу адам чыдагыс атмосфералык басымдарга туруштук берген тирүүлүк жашоолор болсо керек. Демек, жаратылыштагы термелген кыймылдуу энергетикалык талаасы болгон бардык нерселерде тирүүлүктүн белгиси бар деп эсептөөгө болот. Ошондуктан колубузда кармап турган калемдин энергетикалык талаасы да кандайдыр бир тирүүлүктүн белгисине ээ болуп, анын ичиндеги атомдордун айланасында планеталар сыяктуу эле электрондор жана протондор айланып, өз ара энергетикалык байланышта

болушуп, калемдин жасалган формада сакталып жашашын камсыз кылат. Ушул планетага окшош майда бөлүкчөлөрдө да адамдар сыяктуу жандыктар жашап, өз ара мамиле түзүшүп, айлануу орбиталарына чыгып, коңшу протонго же электронго жетүү үчүн космос кемелерин куруп жүрүшпөсүн. Эгерде калемди сындырып салсак же аны кайсы бир жерде жүздөгөн жылдарга унутуп чириген абалга жеткирсек, анда анын энергетикалык талаасы бузулуп, атомдук деңгээлдеги катастрофага учурайт. Бул учурда айрым атомдордун энергетикалык талаалары калемди таштап, жалпы жердин энергетикалык талаасына кошулса, айрым атомдору калемдин сынык абалдагы же чирибеген бөлүктөрүнүн тирүүлүк жашоосун улантууга шарт түзүп, калем менен кала берет. Калемди ойлоп таап жасаган автору адамдар болгондуктан, анын жашоо тагдыры да адамдардын колунда экендиги талашсыз. Ошондон улам үч ченемдүү мейкиндикте жайгашкан күн системасы менен анын планеталары да, жаратылыш мейкиндигиндеги калем сыяктуу эле жасалган үч же төрт ченемдүү мейкиндиктеги кандайдыр бир буюмдун же жандыктын бөлүгү болуп, анын тагдыры ошол мейкиндиктерде жашаган устанын колунда болуп жүрбөсүн деген ой туулат.

Күн системасындагы тирүүлүк анын энергетикалык күчүнүн таасири астында айланасында айланып жүргөн планеталардын кыймылы же тирүүлүгү токтогон мезгилге чейин улана берет. Планеталардын өз ара жана күн менен энергетикалык талаалары аркылуу байланышып, бири – биринен энергетикалык көмөк алып туруу процессин, алардын тирүүлүк белгилери деп айтса болот. Кадимки эле чаң менен атмосферага көтөрүлүп, бир планетадан экинчисине учуп жеткен микрожандыктардын бар экендиги илимий жактан тастыкталганы менен, алардын космос мейкиндигинде өлбөй учуп жүрүшү түшүнүксүз калууда. Менин оюмча, микрожандыктар космос мейкиндигиндеги ачык жана катаал жол менен барбастан, бул планеталардын тирүүлүк энергетикалык (биожандардын) байланыш жолдору аркылуу катташып, биожандарды коргогон кеп (оболочка) же скафандр менен корголуп турушат. Мындай энергетикалык байланыш коридорлору же туннелдери аркылуу физикалык денелер же нерселер катташа албастан, алардын энергетикалык жандары гана каттап жүрө алышат. Анткени мындай зымсыз байланыш туннелдери электр энергиясын ташыган зымдарга окшоп, көзгө көрүнбөгөн табияты электр зарядына окшогон биожандардын биозаряддарынын тобун гана өткөрө алат. Ушундай туннелдер аркылуу энергетикалык жандардын жалпы талаасына топтолуп, кайра ааламга жана күн системасынын планеталарына электр заряды сыяктуу таралып туруучу энергетикалык жандар ааламдын тең салмактуулугун сактоо үчүн керектелет. Жалпы галлактикалык жан энергетикалардын талаасы оң жана терс полюстардан туруп, бардык тирүүлүктөрдүн жан энергетикалары алардын арасында термелип, жалпы талаанын тең салмактуулугун сактоого катышышат. Физикалык денеде турган жан энергиясы да биозарядынын оң же терс белгисине жараша денеден бөлүнүп чыккандан кийин оң (бейиш) же терс (тозок) полюстардын бирине барып, ааламдын жан энергетикасынын

керектөөсүнө карап, ошол белгидеги кайсы бир планеталардагы же мейкиндик боштугундагы жаныбарларга же буюмдарга жан берүүчү энергетика катарында жөнөтүлүп турушу мүмкүн. Мындай бөлүштүрүүдө айрым жан энергетикалары Меркурий, Венера сыяктуу ысык, кайнаган планеталардын тирүүлүгүн камсыз кылуу үчүн бөлүнсө, айрымдары Сатурн, Юпитер өңдүү муздап тоңгон планеталарга бөлүнүп кете берет. Кээ бирлери күндүн өзүнө бөлүнүп калса, кайсы бирлери өз алдынча жаңы тирүүлүк берүүгө кудурети жетпей жоюлуп чачырап, ар кандай жан энергетикаларын толуктоочу бөлүкчөлөргө айланып, тарап кетиши мүмкүн. Ошондуктан бардык диндик ишенимдердеги жана окуулардагы адамдардын жандарынын тозокко же бейишке түшүшү жөнүндөгү жоромолдордун чындыгы бардай туюлат. Кантсе да бардык дин булактары тарабынан ырасталган бул уламыштар айрым адамдардын убактылуу клиникалык өлүмгө учурап, кайра тирилгенден кийин, эсте калгандарын айтып бергенинен улам жаралса керек.

Жердеги аба ырайын, жаратылыш кырсыктарын жана адамдардын тагдырын көзөмөлдөгөн жан энергетикалары жерден башка планеталардан жана жылдыздардан көз каранды болорун, тарыхтын узун жолундагы жылдыздардын кыймылын байкоонун тажрыйбасында түзүлгөн астрологиялык прогноздор ырастап тургандай. Катардагы пенде турсун, килейген державалардын президенттери жеке астрологдорунун айтканы менен гана жашап жана өлкөсүн башкарып келгенин угуп жүрөбүз. Прессадагы маалымат боюнча АКШ нын Президенти Рональд Рейганга "АКШ ны Рейган эмес, анын астрологу башкарат", – деген ачык күнөө коюлганда, астрологунун сөзүн укпай, публикага чыгып, атылган октон араң өлбөй калган дешет. Ошондой болсо да коомчулукта орто кылымда эле келечекте жерде болуучу окуяларды туура болжолдогон Настродамус, кечээги XIX– кылымда жашап көзү сокур болсо да, "көзү ачык" катары дүйнөгө таанылган Ванга сыяктуу олуялардын болушу жердеги тирүүлүк процесстерин ааламдагы тирүүлүк процессинен ажыратып кароо мүмкүн эмес экендигин жана алардын баары биригип биздин галлактиканын бир бүтүн тирүүлүк денесинин формасын түзөөрүнөн кабар берип тургандай.

## 2. Жан энергетикаларын пайдалануу

Жан энергетикасына космостук деңгээлге чейин ой жүгүртүп, анын бир физикалык денени же форманы таштап экинчисине өтүп, биздин галлактиканын тирүүлүгүн камсыз кылган энергия катарында жашай берүүсүн билүүнүн зарылдыгы барбы, же жөн эле бул жашоого бир келип кеткен пенде катары бешенеге жазылган ырыскыбыз түгөнгөнчө жашап кете беребизби? – деген суроо туулат. Бул суроого жооп берүү укугун окурманга калтырып, жан энергетикасынын адамзаттын турмушуна тийгизген таасирлери жөнүндө сөз кылалы. Азыркы XXI– кылымдын башталышындагы илимий – техникалык прогресстин жетишкендиктерине саресеп салсак, айрым заттардын жан энергетикаларын турмуш тиричилигибизде колдонуп

жүргөнүбүздү байкайбыз. Мисалы суунун, шамалдын агымынан табияты боюнча жан энергетикасына окшош электр энергиясын алып, аны өткөргүч зымдардын жан энергетикаларынын жардамы менен каалаган жерибизге жеткирип, практикалык турмушубузда колдонуп жүрөбүз. Мындан сырткары аба мейкиндигиндеги жан энергетикаларын пайдаланып, радио - телевидениеден баштап, уюлдук телефонго чейинки байланыш каражаттарын колдонуп жатканыбыз да чындык. Ошондой эле суунун да тирүү адам сыяктуу сөздү түшүнөөрү далилденип, анын информация сактоо жана ташуу жөндөмдүүлүктөрү аныкталып олтурат. Кыргызда "Жаман түшүңдү сууга айт" – дегендей, эч кимге айтпаган сырын сууга айта коюп, сууда өскөн камыштан жасалган чоор ошол сырды ашкерелеген уламыштардагы окуялар айтылып, мультфильм болуп тартылып да жүрөт. Лабораториялык шарттарда сууга жаман сөз айтып тилдеген учурда, анын структурасы бузулуп, зыяндуу заттардын көбөйүшү, ал эми сууга ыраазылык билдирип мактаган учурда, анын жумшаруусу менен катар зыяндуу заттардын азайышы далилденген. Сууга жана чайга дем салып, ооруган жерин айыктыруу тапшырмасын берүү менен, алардын жан энергетикаларынын сыркоонун жан энергетикасы менен байланышып, макулдашып сыркоого оң таасир бергенин көрүп жүрөбүз. Суунун энергетикалык жанынын эс тутуму расмий медицинада кеңири колдонулбаганы менен, элдик медицинада ийгиликтүү пайдаланып келе жатканын билебиз. Демек илимий изилдөөлөрдүн негизинде адамзат кайсы бир мезгилде өз жан энергетикасын башкарган күндөргө да жетиши мүмкүн деп ойлоймун. Анткени лабораториялык шарттарда адамдын терисинен баштап, айрым органдарын жасоо тажрыйбалары жакшы жыйынтыктарды берип жатканын газетадан окуп жана теледен көрүп калабыз. Эгерде ушундай темп менен изилдөө иштери уланып, жерде тынчтык болуп турса, анда жакынкы 50 жылда жасалма жол менен адамдын физикалык денесин куруп, ага энергетикалык жанды киргизүү ишке ашып калышы да мүмкүн. Ошондуктан жаратылыштын, анын ичинде, тирүү жандыктардын жан энергетикаларын изилдөө менен, адамзаттын жашоо тагдырына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө болот. Адамзат алсыз мажирөө жандык сыяктуу биздин галлактиканын же болбосо күн системасынын жан энгергетикасын кайра төрөлүү күнүн же энергетикасын жаңылоо күнүн б.а., "кыямат кайымды" күтүп жата бериши туура эмес болор эле. Кайсы бир деңгээлде жаратылыштагы тирүүлүктүн сырларын камтыган жан энергетикасын үйрөнүү менен, адамзат алдын ала өз урпактарын коопсуз жерлерге, планеталарга же галлактикаларга көчүрүүгө үлгүрүп, өз тукумун уланышын камсыз кылып келген. Бүгүнкү кыргыз, япон, корей, монгол, кытай элдери да убагында Марс планетасындагы катастрофадан улам Сибирь чөлкөмүнө көчүп келген, ал эми Европалыктарды жана Африкалыктарды да кайсы бир башка планеталардын жашоо формасын өзгөрткөн кыямат кайымдарынан корголоп көчүп келген деген уламыштар бар. Өткөн тарыхта жашап өткөн адамзаттын ата – тегин биоэнергетикалык жандары менен, анын урпактарынын биоэнергетикалык жандарынын арасындагы байланыштардын

негизинде гана бүгүнкү улуу илимий ачылыштар жасалып жатат деген ойлор да бар. Анткени космостон келген аяндардын жардамы болбосо, адам акылына дароо келе койбогон технологияларды колдонуп, кремнийден баштап графитке чейинки заттардын жан энергетикаларын пайдаланып, кагаздай жука компьютерлерди, кездемедей жука ок өтпөс бышык металлдарды жасап чыгуу мүмкүн боло койбос эле. Япондордун ушуга байланышкан бир уламышын айта кетейин: “Кудай адамдарды биринчи жолу ылайдан жасап, мешке бышырып жатканда алаксып калып, адамды күйгүзүп жиберет. Мештен шашылыш ала коюп карап көрсө, карарганы менен жашай берсе боло берчүүдөй экен, ошондо аны Африкага жайгаштырып негрлер пайда болуптур. Экинчи жолу жасаганда, меште күйүп калбасын деп чочулап эртерээк ала койгон экен, чала бышкан агыш адам болуп калыптыр, аларды Европага жайгаштырып, үчүнчү жолу адам жасаганга бар дитин коюп, мештин отун абайлап олтуруп таза бышкан ак саргыл адамды жасап, аны азыркы корей, япондор жашаган чөлкөмдөргө жайгаштырган имиш.” Ошондон уламбы алдыңкы илимий технологиялар космостон акыл алган, эси толук бышып калыптанган ушул элдерден көп чыгып жүрөт дешет. Айтор мындай жоромолдордун жана уламыштардын канчасы чын же жалган экендигин далилдөө кыйын болгону менен, ишенбей коюуга да эч кандай негиз жок. Кантсе да бул ааламдагы тирүүчүлүк укугу бир гана адамга берилбестен, ааламдагы ар бир затка жана нерсеге берилгенин жана бул тирүүчүлүктөрдүн баары биригип, ааламдагы биздин галлактиканын бүтүндүк формасынын тирүүлүгүн камсыз кыларын моюнга алышыбыз керек.

### 3. Дин ишенимдери жөнүндө

Адамдагы эң ыйык жана назик нерсе анын ишеними болуп, анын ишенимине каршы аракеттердин баары ага жасалган душмандык катары эсептелип жүргөнүн эч ким тана албайт. Ар бир адамдын бул жашоодогу туткан бир пири же дини болуп, адам кыйналганда же кубанганда, баласына же атасына да айтпаган сырын ошол пирине ичинде айтып, аны менен бөлүшүп сырдашкандан кийин гана кандайдыр бир чечкиндүү чечимге келет. Адатта мындай пир катарында жашоодогу атаандаштарыңдан коркпогон, керек болсо алардын баарын тыйып коюучу, кандай гана проблемалар болбосун чечүүгө кудурети жеткен адамдардын үстүнөн башкарып, алардын тагдырын колуна кармап турган, эч кимдин көзүнө көрүнбөсө да сен эңсеген адилеттүүлүктү орнотуучу, кыялыңда баарын коркуткан суперадамды тандайсын. Мындай сыйкырдуу суперадамды реалдуу турмушуңда жолуктурбасаң да, кыялыңда анын бар экендигине ишенип, өзүңдү ага баарынан жакын адам деп эсептеп келесин. Ошентип эс тарткандан өлгөнгө чейин, өзүңө жакпаган түшүнүксүз жана алың жетпеген нерселерди суперадамым билет, мага керек болсо белги билдирет деген ой менен жаныңа тынчтык бербеген ашыкча ойлоруңду жана проблемаларыңды чечүү үмүтүн

суперадамыңа жүктөп, кайсы бир саамга болсо да турмуштан канааттануу алгандай болуп ырахаттанып, биожан энергетикаңдын тыныгуусуна мүмкүнчүлүк түзүп, анын заряд алып күчтөнүүсүнө шарт түзөсүн. Турмушуңда сени менен кошо кайгы капаңа, жакшылык жамандыктарыңа жана бактылуу күндөрүңө ортоктош болуп, көзгө көрүнбөсө да көөдөнүңдө жашап, жан жолдош катары коштоп келген суперадамды – сенин ишенген Кудайың (Теңириң) деп айтууга болот. Айтса аты улук Теңирдин кудуретинен жакшылык тилеп, ага ишенип жашоо, адамды канчалаган түйшүктөрдөн арылтып, ага күч кубат берип адамча жашап өтүүсүнө өбөлгө болуп келет. Жашоо жолунда көптөгөн туңгуюктарга кептелип, андан арылуу аракеттери адамды моралдык жана психологиялык жактан чарчатып, мокотуп, кала берсе жанын кыюуга чейин алып барганын көрүп жүрөбүз. Эгерде Теңирге ишенген адам болсо, мындай учурларда келип чыккан проблемаларды чечүүнү Теңирдин ыктыярына тапшырып, эртеси жаңыдан төрөлгөн адамдай ишин баштап кете берет. Демек, кайсы бир Теңирге же саясатка, болбосо адамга ишенүү жакшы сапат болуп эсептелип, ишенген адамдын жашоодогу проблемаларын чечүүсүнө көмөк көрсөтүп барат.

Жер жүзүндө жашаган миллиарддаган адамдын ар биринин өзүнүн ишенген Теңири болгондуктан, алардын кимисинин Кудайы, бардыгы ишенген универсалдуу чыныгы Теңир болот деген суроо туулат. Анткени жер жүзүндө жашаган адамдар ислам, иуда, христиан, будда өңдүү көптөгөн диндерди тутунушуп, ар башка Кудайларга ишенип келишет. Иш жүзүндө тирүүлүктүн белгисин алып жүргөн жалпы нерселердин, анын ичинде адамдардын жан энергетикалары ааламдын жалпы жан энергетика талаасына топтолуп, ааламдын бүтүн бир денесинин (формасын) тирүүлүгүн камсыз кылып турары жөнүндө жогоруда сөз кылган элек. Демек, адамдардын жаны ошол жан энергетикалык талаанын бир элементи катарында андан көз каранды болгондуктан, адамдардын тирүүлүк тагдыры ошол жан энергетикалык талаасынан көз каранды болот. Себеби бардык нерселердин, анын ичинде адамдардын жан энергетикалары, ошол жалпы жан энергетикалык талаанын жашашын камсыз кылып, анын керектөөсүнө жараша формасын өзгөртүп, адамдын, жаныбардын, суунун же таштын ж.б., тирүүлүк жашоосун улантып, аларга убактылуу жан энергетикалары болуп турат. Андай болсо ааламдын бүтүндүк тирүүлүгүн камсыз кылган жалпы жан энергетикалык талаасын адамдардын чыныгы Теңири деп эсептөөгө болот. Ошентип биздин жандын ээси Теңир десек, ал бирөө гана болуп, табияты боюнча ал электр же магнит талааларына окшоп кеткен, биз гана эмес, ааламды чачыратпай тирүүлүгүн сактап турган, жаны жалпы жан энергетикалык талаа болгон тирүүлүк болушу мүмкүн. Ошондуктан адамдардын баары Теңирди көрбөсө да, анын асманда жашаарына ишенип, көккө карап суранып бата тилешет. Кыргыздар болсо Кудайын эзелтеден эле Көкө Теңир деп, анын асман мейкиндигинде жайгашкандыгына ишенип, жаратылыштын ар бир нерсеси менен Теңирдин тирүү баласындай сыйлап сүйлөшүп, макулдашып жаратылыш менен аралашып жашап келишкен.

***Менин көз карашымда, биздин галлактиканын Теңири деп, ушул галлактикадагы таштан баштап, тирүү жандыктардын жана планеталардын, жылдыздардын тирүүлүк жан энергетикаларын өзүнө камтып турган, жалпы энергетикалык биоталааны жан катары пайдаланган тирүү физикалык денеси бар кайсы бир түзүлүштөгү форманы айтабыз***.

Калем саптын ичиндеги электрондордо жашаган микроб сыяктуу тирүү жандыктар калемдин түзүлүш формасын көрө албагандай эле, адамдар эч качан Теңирдин түспөл формасын көрө албайт, анткени Теңир бизге караганда табияты татаал физикалык денеге ээ. Балким ал үч ченемдүү мейкиндикке сыйбаган тирүүлүк формасынын өкүлү болушу да мүмкүн. Теңир өзүнүн био талаасы көзөмөлдөгөн кайсы бир бөлүктөгү планеталарда жашаган адамдар сыяктуу жандыктарга микроскоп сыяктуу приборлор менен гана таасирин тийгизип, алардын тирүүлүк тагдырына кийлигише алат деп ойлоймун. Адамдын денесинде саат сайын жаралып кайра өлүп турган миллиондогон тирүү (жан энергетикалары бар) бактериялар, адамдын терисине жана башка органдарынын жашоосуна бири оң, бири терс таасирин тийгизип олтуруп, адамдын тирүүлүк процессине кызмат кылгандай, адамдардын жан энергетикасы да кудайлардын жан энергетикасынын бөлүгү болуп, ага кызмат кылып тургандай. Балким, биз үчүн бактериялардын өмүрү бир сааттай болуп көрүнгөнү менен, бактериялардын ченеминде төрөлгөндөн картайганга чейинки мезгилди камтыган миңдеген сааттарга созулган узун убакыттыр. Ошондой эле жазында жерден өсүп чыгып, күзгө жетпей бышып жетилип же картайып, өздөрүнүн жан энергетикаларынын бир бөлүгүн кайрадан жаратылышка, дагы бир бөлүгүн жаныбарларга тамак катары таратып кете берген өсүмдүктөрдү ким аз жашады деп айта алат. Ал эми биз этин жеген үй жаныбарлары 1 – 10 жыл аралыктарында эле картайганча узун өмүр сүргөндөй кабыл алынып, алардын жан энергетикалары адамдардын жана жаратылыштын жан энергетикаларына чачылып кала берет. Ошондуктан кайсы жаныбардын этин көп жесең, мүнөзүң жана түспөлүң ошол жаныбарга окшоп кете берет деген сөздөр да айтылып калат. Өз убагы келгенде адам да жашоосун токтотуп, жан энергетикасын башка тирүүлүктөрдү сактоо үчүн жумшап, ааламдагы жалпы тирүүлүктү улантып келет. Ошентсе да адам өз күчү жеткен жан жаныбарларга, нерселерге Теңир сыяктуу кудуреттүү болуп көрүнүшү мүмкүн, анткени ал каалаган учурда чапкыч менен чымындын денесин жан энергетикасынан чыгара чаап сала алат, оюна келген күнү үй жаныбарларын союп жеп, анын денесинен жан энергетикасын бөлүп таштайт. Өсүмдүктөрдү каалагандай эгип, жыйнап, алардын жан энергетикаларына кожоюндук кылат. Ошондой эле ааламдык жан энергетиканын талаасын жан катары колдонгон Теңир да өз талаасын түзүүчү тирүүлүктөрдүн жан энергетикаларын каалагандай калчай алат деп түшүнүү керек.

Жараткан Теңирдин бирөө гана экендигине ишенип, анын түспөл турпаты жана түзүлүшү жөнүндө ой жүгүртүп көргөндөн кийин, ар түрдүү

кудайларга ишенүүгө үндөгөн диндердин арасындагы жалпылыктарга жана карама – каршылыктарга токтолуп өтөлү:

1 . *Бардык диндер тиги дүйнөнүн бар экендигин моюнга алышып, бейиштин жана тозоктун бар экендигине ишенишет.*

2 . *Бардык диндер Теңирдин бирөө экендигин тааныганы менен, ал өздөрүнүн динindеги Кудайын гана чыныгы Теңир деп эсептешет.*

3. *Бардык диндердин Куран, Инжил, Торо ж.б., сыяктуу негизги ыйык китептеринде жалпылыктар бар.*

4. *Бардык диндер өз Кудайларын кудуреттүү, күчтүү экендигине жана ааламдагы тирүүлүктү башкарып турганына ишенишет.*

Байкап карасак, диндердин талашын – кудайлардын арасындагы талаш эмес, динди саясат катары колдонуп, анын негизинде мамлекеттик түзүлүштөрдү куруп, аларды башкаруу напсисин тыя албаган пенделердин арасындагы талаш экендигине ишенебиз. Теңир тарабынан акыл – эстүү пенде катары жаратылган адамзаттын ар бир өкүлү өзүнүн жаралуу табиятын сырларын жана тарыхын билүүгө кызыгат. Ошондуктан алардын ар биринин жүрөгүндө өйүгөн “ Мен киммин жана кантип жаралдым, өлгөндөн кийин кантем ... ? ” – сыяктуу суроолорго жооп берген окууларды уюштуруп, китептерди жазып, жашоо эрежелерин ойлоп таап, адамдардын тобунун ишенимине кирүүгө аракет кылышат. Мындай эрежелер менен жашаган адамдардын тобунун колдоосу менен лидерликке же бийликке жана байлыкка ээ болгон пенделер, өздөрүнө болгон ишенимди бекемдөө үчүн, ал эрежелерди өздөрү эмес, көктөгү Кудайлар ойлоп табышкан деп айтышкан. Ошондуктан ар бир динди идеология катарында пайдаланган күчтүү мамлекеттер келип чыгып, алар диндерин башка элдерге таратуу үчүн кандуу согуштарды жүргүзүп келгенин билебиз. Мисал катары Европадагы христиандаштырууну көздөгөн “крестүүлөр”, арабдардын жана түрктөрдүн мусулмандаштыруу үчүн Африкадан Чыгыш Азияга чейинки жортуулдарын, орустардын Сибирь чөлкөмүндөгү кыргыз тектүү элдерди христиандаштыруу зомбулуктарын айтса болот. Кандуу жол менен кудайды таанытуунун өзү чоң күнөө болуп, аны уюштурган пенделердин тозокко түшүшү турган нерсе. Кудуреттүү Теңир эч качан пенделерди зордук менен өлтүргөнчө кыйнап олтуруп, өзүнө ишендирүүнү суранбайт. Теңир пенделердин коргоосуна муктаж эмес, ал – ааламдагы бардык күчтөрдөн көз каранды болбогон, эч ким ээ болбогон чоң бийлиги бар, бул жарыкчылык турмушту жалгыз өзү тескеп турган феномен. Ошондуктан Теңирдин атын сатып, ал үчүн өмүрүн арнаган болуп, башка пенделерди кыйнап өз Кудайына ишендирүү, Теңирдин кудуретине ишенбөөчүлүк же ага шек келтирүү менен барабар болот. Теңирге кызмат кылабыз деп бийлик, мансапка умтулуп, бул жалган дүйнөдө өз напсисин тойгозуу ниетиндеги пенделердин баары чоң күнөөгө батып, тиги дүйнөдө тозокко түшүшү мүмкүн. Анткени бул дүйнөдө кан төгүп, ар кандай зомбулук жасаган жана башка диндеги адамдарга келишпес кастык ойлогон пенделердин жан энергетикасы бузулуп, биозаряды терс белгиге өтө баштайт, өлгөндөн кийин

денесинен учуп чыккан жан энергетикасы жалпы ааламдык жан энергетикаларынын талаасынын терс бөлүгүнө кошулат жана терс жан энергетикалуу тозокту түзгөн азаптуу шарттарда жашаган планеталарга же жандыктарга бөлүнөт. Зомбулук пейилине жараша терстешип кете берген жан энергетикасын, мүнөзүңдү оңдоп, жан энергияңды медитациялык аракеттердин жардамы менен тең салмак абалына келтирүүгө аракет кылбасаң, анда жаның тозокко карай жол тартат деп ойлоймун.

Адам баласы кыска өмүрүндө өз жан энергетикасынын биозарядын оң белгисин сактап бейишке барышы үчүн, көбүнчө оң белгидеги жан энергетикасы бар тирүүлүктөр менен мамиле түзүп, алардын жан энергетикаларына үндөш же аларга жаккан оң иштерди гана жасашы зарыл. Пенделерге жакпаган терс иштерди жасаган мүнөзү тескери адамдардын жан энергетикалары улам терстешип кете берет. Бирок жан дилиңде билбей, анын тескери же жаман экенин оюңа албай жасаган жаман иштериң аз болсо, анда бул жаңылыштыктар жан энергетикаңдын термелүү ыргагын терс жакка бузууга аракет кылганы менен, аны толук терс белгиге өткөрө албайт. Мындай учурда жан дүйнөңдү тазартуу амалдары менен жан энергетикаңдын биозарядынын белгисин оң белгиде сактап кала аласын. Ошентип жаратылыш менен шайкеш жашап, анын оң жан энергетикалуу курт кумурскасына чейин урмат менен мамиле жасасаң, сенин жан энергетикаң ааламдын оң жан энергетикасы менен гармониялык бирдикте болуп, анын ыргагына каршы термелбей, үндөш термелип, ааламдык тирүүлүктүн жашоосу менен кошо өзүңдүн өмүрүңдү узарта аласын.

Кудайды бирөөнүн дилине күчтөп киргизүүгө болбойт, анткени Кудай – ар бир адамдын жүрөгүндө жашаган ыйык ишеним, ал сыртынан ошол динди кабыл алгандай көрүнгөнү менен, дилинде мурдагы калыптанган ишенимин уланта берет. Элдердин эзелтеден сакталып келген үрп – адаттарын аларга кийинчерээк келген дин ишенимдери өзгөртө алган эмес. Ошондуктан бир эле өлкөдөгү бир динди тутунушкан ар башка элдер үрп - адатына, салт – санаасына жараша динге өзгөртүүлөрдү киргизип, динди майда агымдарга бөлгөнгө чейин барганын көрөбүз. Мисалы, келишпес душман катары жашашып, бирин бири өлтүрүп кырууга даяр турган сунниттер менен шеиттер бир ислам динин тутушса, бир эле христиан динindеги протестанттар менен католиктердин келишпес чыры да азырынча чечилип бүтө элек. Кала берсе биздин Орто Азиядагы мамлекеттердин ар биринде ислам дини ар башка мааниде кабыл алынып, ар башка диний көз караштагы сыйынуу жөрөлгөлөрү менен коштолуп турат. Кыргызстандын жети дубанындагы диний жөрөлгөлөр да ар башка болуп, бири – биринен айырмаланып турат. Ал гана турсун бир айылдын ичиндеги уруулардын да өз өзүнчө мечити, молдосу, көрүстөнү болуп, алар башка мечиттерге барып намаз окушса, христиандардын чиркөөсүнө баргандай эле өздөрүн ыңгайсыз сезерин көрүп жүрөбүз. Мисал катарында бир окуяны айта кетейин: Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Ош шаарына иш сапары менен Түркиядан келген Азиз Кырвели деген ишкер жигит мечиттердин бирине

2000 доллар зекет берем деп калды. Аны ээрчитип Оштун чоң мечиттеринин бирине барып, анын имамын конок менен тааныштырып келген максатыбызды айтып калдым. Азиз Кырвели имам менен Оштогу диний абал жөнүндө аңгемелешип, берер акчасын бир канча мечиттерге бөлүп берсем жакшы болот эле дегендей ниетин билдирди. Аны уккан имам ыңгайсыздана түшүп, Ош шаарындагы башка мечиттерди оозго алгыс сөздөр менен жамандап, кала берсе айрым мечиттердин имамдарын каапыр деп, аларга зекет бергендин өзү арам дегенге чейин барды. Аны уккандан кийин Азизбей мечитке акча бергиси келбей мени карап, уялганынан 500 доллар берип чыга берди. Кийинки барган мечиттин имамы мурда тарых мугалими болуп иштеген жогорку билимдүү адам экен, ага башка мечиттерди жамандабаң деп шыбырай койдум, айтканымдай ал киши аярлап сүйлөп, диндин терс жактарына да токтоло кетти. Биринчи барган мечитте имам долларды жакшы түшүнбөймүн деп койгонунан экинчи мечиттин имамына жаңыдан чыккан кыргыз сомунан узатты, ал токтоло түшүп “ Ээ, бизге өзүбүздүн мусурман акчадан эле берсеңиз жакшы болот эле” – деп калды. Түшүнбөй калган түрк ишкери –“Мусурман акчасы дегениңиз кайсы, Сизге кандай акча берейин?” – деп сурап калды. Бизге СССР дин рублин же американын долларын бере бериң, биз Өзбекстан менен алака кылабыз, азырынча кыргыздын сомуна ишенүү кыйын деп калды. “Алла”, “Алла” деп Аллалаган түрк ишкери рубль менен доллар каапырдын акчасы, ал эми сом СССР деги мусурмандардын өздөрү чыгарган биринчи акчасы деп имамга түшүндүрө албай кыйналып жатты. Мечиттен чыккандан кийин өзбек улутундагы досума келип, ага болгон окуяны айтып берсем, мени тамашалап күлүп “Өзбектердин бардыгы кыргыздарды каапыр деп коюшат, аны уга элексинби” – деп калды. Себебин сурасам, кыргыз молдолор арабча сүрөөлөрдү так окубай, намаз убактыларын да шартына карата өзгөртүп окуй беришет, тажаса окубай коюп, арак ичип деле кете беришет имиш деп калды. Бала кезден айылдагы молдолордун ушундай жоруктарын угуп көрүп чоңойгондуктан, өзбек досум менен бул темада талаша албай сөзүм токтоттум. Ошол эле учурда кыргыздар да өзбектерди “Азирет Алинин кылычынан корккондон жалган эле мусулман болуп жүрүшөт ” – деп эсептеп, өздөрүн мусулманчылыкты жүрөгү менен кабыл алган пенделер катарында мактап келишет. Ошентип көздөрү менен тиктешип, күндө саламдашып турган бир эле ислам дининдеги адамдар ички дүйнөсүндө исламды өз билгениндей кабыл алып келет. Айрым учурларда исламды башка элдерден кек алуу идеологиясы сыяктуу кабыл адгандар да кездешет. Мисалы, укканыма караганда Бишкекте эл аралык уюмдардын академияларынын биринде окуп жаткан Афганистандык пуштун жигит, талаш – тартышуу маектерде тартынбай эле “Силер каапыр Хазарсыңар, ата бабаңар пуштундардын канын суудай агызып, менин элимди азапка салып, бактылуу жашоосун кыйраткан, ошондуктан Бабыр атаңар баштаган согушту Алла колдосо өзүңөргө алып келип, каныңарды төгүп жериңерди тартып алабыз. Ар бир пуштундун беш убак намазда тилек кылып Алладан сураганы жалгыз ушул эле” – деп

агынан жарылып жүрөт дешет. Кантсе да пуштун жигиттин сөзүн ойлобой эле ойноп сүйлөгөн катарында кабыл алсак да, бардык пуштун мусулман боордошторубуздун Исламга ишенүүсүнүн башкы максаты, биздин каныбызды төгүү экендигин укканда төбө чачым тик туруп, жакамды кармай Кудайга тообо кылдым.

Адамдардын арасындагы дин тутуу жана Теңирди талашуу тартыштары узун тарых жолунда уланып келет жана улана бере тургандай көрүнөт. Анткени адамдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү жана жашоо шарттары менен керектөөлөрү бирдей болбогондуктан, пенделер тарабынан өз жашоосунун ыңгайына карап өз Кудайларын тандоо процесси уланып, жаңы диндер келип чыга берет окшойт. Диндердин ич ара каршы тараптарга бөлүнүшүнө башка диндердин диверсиялык аракеттери да роль ойноп келет. Жашоо күрөшүндөгү мамлекеттердин арасындагы саясий жана экономикалык конкуренциялар, аларды өз ара диндерине каршы жашыруун таасир берүүчү шпиондук топторду түзүүгө мажбурлаган. Мисалы Сыдик Гүмүштүн 1992 – жылы Станбул шаарында басылып чыккан “Англичандардын ислам динине душмандыгы” – аттуу китебинде, 1710 – жылы Улуу Британиянын жараны Хемпхер жетектеген шпиондук топтун кандайча ислам динин бөлүүгө аракет жасап, 1713 – жылы Басра шаарында исламдагы жаңы Веххаби агымын ойлоп таап, 1738 – жылы жарыя кылышканы жөнүндө баяндалат. Өзүн Мухаммед деген ат менен ислам динине кирген Хемпхердин кол жазмаларына ишенсек, Англиядан берилген акчалар менен кайсы дин башчыларын сатып алгандыгы жана Лондондон алган тапшырмаларын кантип аткаргандыгы жөнүндөгү маалыматтары, чын эле англичандардын исламда Веххаби агымынын пайда болушуна салымы бар экенинен кабар берет. Ошондой эле теги яхуди (еврей) болгон Йемендик Абдуллах бин Себенин деген дин аалымы Мухаммед пайгамбарга караганда Али пайгамбарды жогору койгон окуусу менен, мусурмандарды сүннүлөргө жана шеиттерге (Мүшрүктөргө) бөлдү. Эки пайгамбардын орундарын алмаштыра коюу менен теги еврей дин аалымы ислам динин келишпес эки лагерге бөлүүгө жетишип, ал гана турсун Кураны керимдин Меиде сүрөөсүнүн 82 - аятында: “Исламдын эң биринчи душманы яхудилер менен мүшүрүктөр болушат ” – деп жазылып калуусуна да себепчи болуп калды. Мындай караганда эки пайгамбардын орундарын алмаштыруудан чоң бир нерсе өзгөрүп деле кетпей тургандай көрүнөт. Бул эки пайгамбар кудуреттүү Кудайдын жердеги өкүлдөрү катарында өздөрү эле чечишип алчу маселеге, катардагы пенделердин кан төгүп жатып кийлигишүүсүн зарылчылыгы барбы? – деген суроого өз алдыңызча жооп издеп көрүңүз. Ушундай эле душмандык аракеттер мусулман өлкөлөрү тараптан христиан динин бөлүүгө жасалганын да танууга болбойт. Анткени Испанияга чейин басып кирген Осмон империясынын башында ислам идеологиясы тургандыктан, анын христиан динин бөлүүчү агымдардын көбөйүшүнө таасири тийген эмес деп айта албайбыз. Азыркы күндөрдө сырттан келген диний секталардын көбөйүшүн жана алардын таасирин күчөтүү үчүн сырттан келген

финансалык колдоону көрүп туруп, пенделердин арасындагы Кудай талашуу менен саясий түзүлүшкө, элдин бүтүндүгүнө жана экономикага каршы шпиондук диверсиялык аракеттердин уланып жаткандыгына ишенебиз.

Илимий – техникалык прогресстин өсүүсү менен адамзаттын турмуш тиричилиги, жашоо мүнөзү өзгөрүлгөндүктөн, диндерди ойлонулуп табылган мезгилдеги мааниде кабыл алуу туура эмес. Себеби кандай дин болсо да, ал бүгүнкү турмуш чындыгына дал келүүсү керек. Мисалы, бүгүнкү күндө жерди өгүз көтөрүп турат десең, жаш баладан баштап дин аалымдарына чейин “Бул айнып калган эмеспи? ” – деп, мазактай күлүшөт. Диндердин Куран сыяктуу башкы китептеринде ошол мезгилдердеги адамдар үчүн табышмак болгон бардык суроолорго жооптор жазылып, адамдардын дүйнө таанымы жөнүндөгү маалыматтар камтылгандыктан, бул китептер мезгилинде адамдардын руханий жан азыгы болуп эсептелген. Бирок илимий жактан негизделип, адамдардын кыялында эмес, реалдуу турмушунда колдору менен кармап, көздөрү менен көрүп, колдонуп жүргөн тиричилик техникалары, космоско учуп чыгып, ааламдын түзүлүшү жөнүндөгү пикирлердин калыптанышы, алардын эзелетеден келген диний китептерге болгон көз караштарын өзгөрттү. Ошондуктан дин агымдарынын көбөйүп жаңыланышына бир гана алардын бири – бирине жөнөткөн шпиондук диверсиялык аракеттери эмес, адамдардын турмуш чындыгына жараша көз караштарын өзгөрткөнү да таасирин тийгизген. Заманбап коомдун жетишкендиктерин пайдаланып, замандан артта калбай жашоону каалаган пенделер дилинде жаңы дүйнө таануу илимине муктаж болуп, алардын ички дүйнөсүндө жаңы динге жана Кудайга ишенүүгө болгон керектөө бышып жетилет. Натыйжада заманга ылайык жаңы дин ойлоп табуучу, анын негизинде бийлик мансапка жетүүчү диний – аалымдар пайда болуп, диндерди заманга жараша реформалоо иштерин жүрүшүндө жаңы дин агымдары же секталар келип чыга берет. Мисалы XX – кылымдын башында ислам дининде алдыңкы илимий – техникалык жетишкендиктердин баарын “Кудайдын амири” менен болгон нерсе катарында кабыл алып, аны христиан же башка диндеги адамдар ойлоп тапканына карабай “арам” дебестен, турмушта кеңири колдонуп, кала берсе өркүндөтүп пайдалана берүүгө уруксат берген дагы бир жаңы агым пайда болду. Анын негиздөөчүсү болуп Өзгөндүн Жазы (Яссы) чөлкөмүндө төрөлүп чоңоюп, Казакстандын Туркестан шаарында кайтыш болуп мавзолейи тургузулган Акмат кушчу же Жазылык Акмат (Ахмед Яссави) эсептелет. Араб жеринде жаралып, араб элинин кулк мүнөзүнө ылайыкташкан Ислам динин, көчүп конгон Кыргыз тектүү элдердин кулк мүнөзүнө, үрп адаттарына жана салт санааларына ылайыктап реформалоо менен мусулман дүйнөсүнүн кулачын кеңейткен атабыздын жолун жолдоп, бүгүнкү диндик жарылууларга тынчтык жол менен чекит коюучу дин аалымы - мекендешибиз чыгар деген үмүтүбүз чоң. Тарыхка кайрылып Жазылык Акматтын ишин улантуучу деп эсептеген Түркиялык Саид Нури деген ислам аалымына токтолуп өтөлү. Саид Нуринин окуусунун максаты 700 жылдай өкүм сүрүп кыйраган Осмон халифатын

кайра түптөө болуп, исламдык идеологияны жетекчиликке алган Осмондуктардын кыйроо себептеринин бири катарында замандын реалдуу өзгөрүүсүнө жараша ислам окуусунун реформаланбай калышы деп эсептеп, исламды жашаган заманга жараша реформалоого аракет кылган. Саид Нури өзүнүн алгачкы он томдук эмгектеринде мындай реформаланган жаңы динге негизделген Осмон империясын кайра куруу же бийликти алуу үчүн, керек болсо, кан төккөн согуштарды жүргүзүү керек деп жазган. Ошондуктан анын окуусун батыш саясатчылары террористтик уюмдардын катарына кошуп келишкен. Бирок Ата Түрктүн жетекчилиги менен жасалган революциянын натыйжасында Түркия Республика болуп жарыяланып, жаңы багыттагы өнүгүү жолун баштаган күндөн баштап, өз көз карашын өзгөрткөн. Кийинки эмгектеринде демократиялык принциптерди сактаган республиканын мыйзамдарынын чегинде, эч кандай кан төгүүчү согуштарды, терракттарды жүргүзбөй эле тынчтык жолу менен бийликти алып, халифатты курууну көздөгөн багытты тандайт. Ошондуктан Саид Нуринин окуусуна Түркияда уруксат берилип, анын ишин улантуучу окуучулары өсүп чыгат. Саид Нуринин ишин улап, мусулмандардын замандын цивилизациясына аралаша жашоо эрежелерин диндик жактан чечмелеп, түшүндүрмөлөрүн жүздөгөн томдук китептеринде жазган диний чөйрөдөгү белгилүү Түркиялык аалым Фетуллах Гулен болуп эсептелет. Азыркы күндөрдө АКШ да жашап жаткан бул аалым жөнүндө маалыматтар аз болгону менен, анын томдуктары орус, англис тилдерине которулуп, дүйнөлүк дин аалымдары тарабынан оң пикирлерди жаратканы белгилүү. Бул аалымдын ишин улантып, анын окуусун ырастоого чоң салым кошкон аалымдардын катарына 1950 – жылы Түркиянын Едирне валичилигинин Кешан шаарында төрөлгөн Хусейин Гүлерчени кошууга болот. Станбул университетинин илимдер факультетинин физика – математика бөлүмүн бүтүрүп, эмгек жолун Йалова лицейинде мугалим болуп баштаган Хусейин мырза өзүнүн “Ишеничтин көлөкөсүндө”, “Түркиянын кимдигин чечмелөө” сыяктуу томдуктардан турган китептеринин серияларында Кураны керимдин аяттарына заманбап түшүндүрмөлөрдү берүү менен, бүгүнкү түрктөрдүн дүйнө таануу түшүнүктөрүн исламдын эрежелерине ылайыктап жаңыдан чечмелөөгө аракет жасаган.

Пенделер жер жүзүндөгү ислам, христиан, будда сыяктуу диндерден башка да социализм менен коммунизмди жактаган коммунисттик, капитализмди жактаган демократия сыяктуу диндерди ойлоп табышкан. Бул диндер жердин кайсы бир бөлүгүндө жашаган пенделердин мамлекеттик түзүлүшүн бекемдеп кармап туруучу саясаттын милдетин аткарып, саналуу адамдардын бийлигин жана байлыгын сактап келишет. Бирок экономиканы саясатташтыруу, аны кайсы бир идеологиянын кулуна айландыруунун акыры кризиске алып келип, коомду жаңылоо үчүн жаңы диндер ойлонулуп табылган процесс чексизге чейин уланып кете берет. Ошондуктан жер шарын менчиги сыяктуу эсептеген айрым өнүккөн мамлекеттерге байлык жана бийлик алып келип жаткан демократия дининин убагы да чектелүү же

утурумдук деп гана түшүнүү керек. Мисалы Кыргызстан кечеги IXX – кылымда эле халифатты, коммунисттик, капиталисттик диндерди карманган мамлекеттик түзүлүштөрдү башынан кечирди. Кокон хандыгы сыяктуу исламдык идеологияга негизделген мамлекеттик түзүлүштөрдүн курамында кандай жашоо болгонун эл али унута элек. Кийген кийиминен баштап ичкен сууңа жана кылган жумушуңа чейин адал арамга бөлүп, адамдык абийириңди тебелеген диндик эрежелер бүгүнкү жашоого туура келеби? Албетте 8 – 10 жашар кыздарды аялдыкка алып, “аялдын сөзүн күбө катары эсептөөгө болбойт” деп эсептеп, аларды үйдөгү буюм катары санаган молдо – кожолор мамлекеттик чиновниктерге айланса эмне болорун болжолдоп көрүү кыйын. Ошондой эле социалдык теңдикти туу тутуп, аны орнотууну эңсегени менен толугу менен ишке ашыра албай кыйраган кайран СССР да, качанкы бир көргөн жакшы түш сыяктуу кыялыбызда гана кала берет. Алдыда капиталисттик мамилелерге негизденген, жөндөмүңө жараша ырыскы бөлгөн базар атаандаштыгынын жарышынан жалбара үмүт тилеп, кайсы бир деңгээлде “демократия” динине баш ийген жашообузду уланатып бара бермекчибиз.

### 4. Билим берүүдөгү диндин орду

Кыргызстанда ачылган чет элдик мектептерде кыргыз балдарын окутуу усулдарын карап көрүп, аларды кыргыздарды сабаттуу кылуу максатында эмес, ойлоп тапкан диндери менен баш айлантып, базарын алуу максатын көздөгөн пенделердин напсисин тойгозуу үчүн ачылганбы деп да ойлоп кетесин. Кыргызстандагы чет элдик окуу жайларды негизинен экиге бөлүүгө болот: Биринчиси – өкмөт аралык келишимдер боюнча ачылган расмий окуу жайлар, алардын окутуу максаттары жана программалары эл аралык келишимдер менен аныкталып, анын негизинде ачык жүргүзүлөт. Экинчиси – Кыргыз Өкмөтү уруксат берген жеке менчик окуу жайлар, алардын ишмердигин изилдеп, максатын билген киши аз. Чалгынчылардай жашырынып иш кылган бул окуу жайлары коомчулукка жабык десек да болот, анткени аны көзөмөлдөөгө келген чиновниктерди босогодон эле белектери менен күтүп алышып, чай куюп узатып коюшат. Алар прессага да өздөрү каалаган информацияларды бердирип, өздүк журналисттерин жана менчик газета журналдарын ачууга жетишишкен.

Бир эле өлкөдөн келген эки башка бөлүктөргө таандык окуу жайлардын өз ара салкын мамиледе экенин да байкоого болот. Мисалы Ош мамлекеттик университетинде Түркиянын мамлекеттик расмий динаят вакыфы тарабынан ачылган диний багыттагы теология факультети менен Түркияда либералдуу ислам агымын түзгөн “Нурчулардын” лицейлери бир пикирде эмес, анткени расмий динчилер аларды Кудай өзү гана оңдоого акысы бар Кураны керимди заманга ылайыктап туура эмес чечмелейт деп айыпташат. Түркияда расмий бийлик “Нурчуларга” санаалаш партияга өткөндөн кийин гана бул эки окуу жай биргелешкен диний иш чараларга чогуу катышканы болбосо, азыр деле

кириш чыгышы жок коңшулардай жашашып келишүүдө. Мындай карама каршылыктын өзөгү Түркиядан башталып, “Нурчуларды” мамлекет ичинде мамлекет куруп, Түркиянын саясий жана экономикалык турмушуна ашкере кийлигишкен уюм катарында жактырбай келген таасирдүү күчтөр бар.

Түркияда дмн аалымы Саид Нуринин “Нурчулар” деген ат менен белгилүү болгон жаңы ислам агымы башында “Түрк ишкер адамдарынын биримдиги” деген уюмдарда ачык талкууланып, кулачын кеңейтип олтурган. “Нурчулар” системасы Түркияны түрктүк жүзүн сактап, исламдык багыттагы өнүккөн өлкө болушун самаган өндүрүш адамдарынан туруп, ислам динине өндүрүштө алдыңкы технологияларды колдоно билүүгө, заманга жараша алдыңкы билим алууга, мыкты адис болууга тоскоол болбогон, тескерисинче, аларга жол ачып көмөк берген исламий эрежелерди киргизишкен. Ошентип Түркиядагы эзелтеден келген салттуу мечиттердин жана медреселердин ордуна компьютер менен жабдылган мечиттер жана дүнүйөлүк алдыңкы окуу программалар менен табыгий илимдерди англис тилинде, ал эми гуманитардык сабактарды түркчө окуткан менчик лицейлер түзүлүп, аларды иш адамдарынын бирикмелери каржылай баштаган. Түркиянын мамлекетинде таанылган расмий дин өкүлдөрү ислам динине жүргүзүлгөн мындай жаңылоону же реформалоону исламды бузуу катары кабыл алышып, ушул күнгө чейин “Нурчулар” менен жакшы кызматташпай келишет. Бүгүнкү күндө “Нурчулар” партияга чейин өсүп жетип, элдик шайлоолордун жыйынтыгы менен Түркиянын башкаруу системасына таасирин тйгизип гана тим болбостон, АКШ дан баштап дүйнөнүн төрт бурчуна орто билим берүүчү лицейлерди ачышып, өз окууларын таратып келишет.

Кыргызстанда да “Себат” ширкети аркылуу “Нурчулардын” ондогон лицейлери иш жүргүзүп келет. Кошуна Өзбекстанда ачылган “Нурчулардын” лицейлери көп узабай жабылса, Түркмөнстанда эң натыйжалуу билим берүү системасы катарында мамлекеттин колдоосуна ээ болуп, Түркмөн башы С.Ныязовдун жардыгы менен “Себат” ширкетинин башчысы Түркмөнстандын билим берүү министиринин биринчи орун басары болуп дайындалган. Бирок жаңыдын шайланган Түркмөнстандын Президенти К. Бердимухамедов бул жардыкты жокко чыгарып, ширкеттин лицейлерин жабуу маселесин күн тартибине коюп олтурат. Жергиликтүү дин башкармалыктары Түрктөрдү динди бузуп жатат десе, билим берүү системасындагы катардагы мугалимдер Себатчыларды окутууга караганда өздөрүн рекламалоого көп көңүл буруп, мамлекеттик чиновниктерди сатып алуу менен алдыңкы мектеп аталып жүрөт дешет. Мисал катары жергиликтүү олимпиадалардан баштап, эл аралык олимпиадаларга чейин каржылоо ишин колдоруна алып, анын аркасында алдын ала белгилүү сценарийлер аркылуу орундарды формалдуу бөлүшкөнүн айтышат. Айтор, анын канчасы чын же жалган экенин билбеймин, бирок расмий эл аралык олимпиадалар өтпөй калганына ондогон жылдар өтүп кетсе да, бир канча мамлекеттердеги Себатчылардын лицейлерине бир нече санаалаш менчик лицейлерди кошо коюп, “эл аралык” олимпиадалар уюштуруп жаткандыгын

угуп жүрөбүз. Кыргызстанда да мектеп олимпиадасын өткөрүү үчүн түзүлгөн комиссиянын басымдуу бөлүгү Себатчылардан экендиги, алардын чынында эле олимпиадаларды таза өткөрөрүнө шек туудуруп келет. “Олимпиадалар” деген чакырыкка жамынып, менчик мектептерин рекламалоо максатын көздөгөн “олимпиадалардын” формалдуу жыйынтыгын билим берүүнүн сапаты катарында кабыл алуунун акыры эмнеге алып келерин билбейбиз. Азырынча “Себат” ширкетинин лицейлери диний максаттарын билдирбей жашырып, каапырларга каршы кансыз же экономикалык согуштарды уюштуруу үчүн мусулман ишкерлеринин башын бириктирүү идеяларын таратып келгени гана белгилүү. Каапыр ишкерлерин Кыргызстанга киргизбей, экономикалык көйгөйлөрдүн баарын түрк же башка мусурман ишкерлери менен чечүү маселеси коюлса, анда элибиз кандай тагдырга туш келип, эмне болорун да эч ким билбейт. Ошентсе да динди согушсуз аракеттердин жардамы менен жайылтуу усулун колдонгон “Нурчулардын” окуусунун прогрессивдүү жактары көп, анткени маданияттуу адам катары улуттук жүзүн жана кийимин сактап, алдыңкы технологияларга негизделген өндүрүштөрдү ачууга ниеттенген жаштардын намаз окуп, динге ишенишинен жана алардын халифатынан азырынча жамандыктын жыты сезиле элек. Тескерисинче, Пакистан, Афганистан сыяктуу өлкөлөрдө окуп хиджаб кийген, орто кылымдын маданиятын жана традициясын жактаган “сакалчандардын” коомубузду артка кайтууга үгүттөп жатышы – коркунуч туудуруп жаткандай сезилет. Анткени адамзат Теңирдин амири менен берилген, адамдын колу менен жасалган нерселердин пайдасын көрүп, алдын көрүүгө ылайыктап жасалган көзү менен көргөн чындыкка ишенип, артка карап кетпей Теңир берип көзөмөлдөгөн убакытты ээрчий алдына умтулуп жашашы керек. Эгерде сен Теңирден да акылдуу болуп көзүңө көрсөткөн чындыкка ишенбестен, анын эрежелерине каршы, тескери жашасаң, адамзат эбак басып өтүп артында калтырган турмушка үндөсөң, анда Теңирдин пенделерге тартуулаган реалдуу турмушуна каршы чыгып, жан энергетикаң да жердеги жашоо агымына каршы тескери белгиге өтүп, тиги дүйнөдөгү тескери жан энергетикалардын талаасына же тозокко тартылып барасын. Ошондуктан кайсы бир диндин окууларын таратып, даабатка чыгаардан мурда айтар сөзүңдү ырастап, тозокко түшүп калбоо үчүн жан энергетикаңдын оң белгисин сактап калууга аракет кыл.

“Нурчулардын” заманга жараша либералдашкан ислам агымын ойлоп табышына да сырттан таасир берген диверсиялык күчтөр аралашкандай сезилет. Түркия Республика болуп динди мамлекеттен бөлүп салган Кемал Ата Түрктүн мезгилинен баштап анын илимий, аскердик, ишкердүүлүк жана саясий чөйрөдөгү кадрлары Европада жана Америкада даярдалып, негизинен Түркия батыш үлгүсүндөгү мамлекетке айланып бара жаткан. Батыш өлкөлөрүнө эркин чыгып, алардан өрнөк алган түрк ишкерлери Түркияны жакынкы чыгыштагы Израилге тең ата таасири бар өнүккөн мамлекеттин деңгээлине чейин жеткире алышты. Сырткы күчтөр Түркиянын мындай өнүгүүсүнөн чочулап, эркин түрк акылын эконмикалык маселелерден

оолактатып, кайрадан исламдын түгөнгүс талаштуу проблемаларына байлагандай көрүнөт. Прессадан берилген маалыматтарга караганда, ушул кылымдын баш чендеринде эле “Нурчулар” тарабынан демилгенелген “аскердик төңкөрүш” сыяктуу акциялардын жардамы менен, Түркиянын намаз окубаган кадрларын тазалоо процесси башталып, адамдарды Кудай берген талантына эмес, пенделер ойлоп тапкан диний эрежелерге баш ийүүсүнө карап баалап жана кызматка коюп калгандай кырдаал жаралган. Мындай аракеттин акыры Түркиядан таланттардын кетишине алып келип, кылган ишинин “арам” же “адал” экенин илгеп олтуруучу дин эретиктеринин сурагынын акыры Түркиянын өнүгүү темпин басаңдатып, кандуу жаңжалдардан кыйроого чейинки алааматтарга кириптер кылышы менен бүтүшү мүмкүн. Кантсе да боордош “Нурчулардын” Улуу Осмон империясын кайра түптөөгө болгон аруу тилектеринин ишке ашуусун колдоп, Теңирден бата сурасак да, бүгүнкү саясий аренадагы негизги оюнчулардын жүрүшүнө карап, жакынкы жүз жылдыктарда Осмон империясын кайра түптөө куру кыял бойдон кала берерине аргасыз ишенебиз.

Түркия – кыргыздар тууганча түшүнгөн жана өрнөк алып үйрөнүүчү, башына иш түшсө таянар боордош мамлекеттердин бири болгондуктан, анын тажрыйбаларын кылдат үйрөнүп, ырайымсыз базар экономикасынын катаал шарттарында мамлекеттүүлүгүбүздү сактап каларбыз деген үмүт менен, көбүнчө Түркияга байланыштуу мисалдарга кайрыла бергенибиздин себебин окурмандарга эскерте кетем.

Жогоруда каралган мисалдарга жана өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбаларына сересеп салып, көп улуттуу жана диндүү мамлекеттердеги билим берүү системасын ашкере идеологиялаштыруу, ошондой эле диндештирүү убагы келгенде коомдогу тең салмактуулукту бузуп, ажырым жаратуучу чоң күчкө айлануу коркунучун жаратат деген ойго келесин. Анткени идеологиялашкан окутуу системасында башкы орунга адамдарды адамгерчилик сапаты боюнча эмес, ишенимине карап баалоо калыптанып, аларды өзүндөй ишенимдеги адамдар менен жашоого жана мамиле түзүүгө үйрөтөт. Ал эми Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдө ар башка диндерге ишенген ар түрдүү улуттар менен тагдырлаш жашоо кечирүүгө туура келет. Ошондуктан мамлекеттик расмий билим берүү системасында көп улуттагы жана диндеги элдердин чогуу чаран бакубат жашоо куруууга үндөөчү идеологиядагы ишенимди башкы орунга коюп, башка бардык ишенимдерге калыс мамиле жасоого туура келет. Балдардын кимге жана кайсыл динге ишенүү чечимин өздөрүнө тандатып, аларга ишенимдердин келип чыгуу тарыхын, максаттарын жана ал ишенимдерди идеология катарында колдонуп өнүккөн жана кыйраган мамлекеттик түзүлүштөрдү окутуу керек.

Диний жана саясий окутуулар мамлекеттик билим берүү системасынан сырткары жүргүзүлүп, аларды көзөмөлдөө жоопкерчилиги ата – энелерге, расмий катталган дин уюмдарына, партияларга жүктөлүүгө тийиш. Балабызга өзүбүз жетпеген бийиктиктерге жана максаттарга жетсин деген ак

тилегибиз болсо да, кайсы бир идеяга же адатка фанаттык деңгээлде ишенген балабыздын колунан чай иче албай, берген тарбиябыздын үзүрүн көрө албай каларыбыз мүмкүн экендигин унутпасак.

### 5. Дүйнө элдериндеги "Кудай" уламыштары

Жер шары жана аалам миллиондогон жылдар мурун жаралып, жан энергетикасы бар тирүүлүк катары өлүп кайра төрөлүп олтурган. Анын өмүрү ааламды термелтип кыймылга келтирип, тирүүлүктүн белгисин берип турган жалпы жан энергетикалык талаага байланыштуу болуп, ааламды физикалык дене катары туткан Кудуреттүү Теңирдин өмүрү менен ченелет. Жан энергетикаларынын талаасы кадимки биз билген электр жана магнит талааларындай термелип, анын термелүү амплетудасы тозок менен бейиштин арасындагы убакыт аралыгында циклдик мүнөздөгү кайталанма термелүүдө турат деп ойлоймун. Эгерде бул термелүү токтосо анда биз жашаган ааламдын тирүүлүгү бүтүп, ал башка мүнөздөгү термелүүгө өтүп, башка бир тирүүлүктүн формасын жаратат, же болбосо өзүнүн жан энергетикалык талаасынын бүтүндүгүн кармай албай чачылып, мейкиндиктеги башка тирүүлүктөрдүн жан энергетикалык талааларына тартылып кетип, алардын тирүүлүгүн камсыз кылганга керектелет. Мындай биздин аалам сыяктуу чоң масштабдагы тирүүлүктөрдүн өлүү же жан энергетикаларын ааламдын денесинен чыгып кетүү кубулуштары миллиондогон жылдарда бир жолу болуп туруучу окуялар болот. Анткени ааламдын жан энергетикалык талаасы анын дене формасынын элементтерин түзгөн планеталардын, жылдыздардын жана алардагы тирүүлүктөрдүн жан энергетикасынын термелүүлөрүн камсыз кыла алган кубаттуу энергетикалык талаа болот. Кубаттуу мындай энергетикалык талаа оңойчулук менен бузулуп тарап кете албайт, анын кайсы бир бөлүгүндөгү энергетикалык бузулууларды өзүнүн таасири менен ыргагына кайра келтирип, ааламдык бүтүндүктү сактап тура берет.

Ошентип ааламдык тирүүлүктү эки жол менен жок кылууга болот деп болжолдойбуз: Биринчиси – биздин ааламдын жан энергетикалык талаасын буза тургандай сырттан таасир берүүчү, биздин ааламдын жан энергетикалык талаасынан алда канча күчтүү жан энергетикалык талааларга ээ тирүүлүктөрдүн таасири менен; Экинчиси – биздин ааламдын ичиндеги бөлүктөрүнүн жан энергетикалык талааларын бузуу менен ичтен тааасир этүү жолу менен.

Демек биздин ааламдагы тирүүлүктү сырттан токтотуучу күчтөргө каршы туруу мүмкүн эмес, ал эми ичтен бузуучу күчтөргө кайсы бир деңгээлде таасир берип жөнгө салып, ааламдык тирүүлүктүн жашоо мөөнөтүн узартууга болот. Бул кубулушту түшүндүрүү үчүн жөнөкөй мисал келтирип көрөлү: Үйдө багылган койдун жан энергетикасын алып, тирүүлүгүн токтотуучу сырткы күчтөргө адамдарды, аба ырайын, жер титирөө сыяктуу кокустуктарды алууга болот. Ал эми ичтен таасир этүүчү

күчтөр деп койдун өзүндө жашаган микроб сыяктуу тирүүлүктөрдүн аракети астында койдун ылаңдап өлүп калышына алып келген окуяларды айтууга болот. Ааламдын тирүүлүгүнө анын ичиндеги микроб сыяктуу орунду ээлеген адамдардын аракети менен кандай коркунучтарды жаратууга болорун ырастаган айрым илимий жана тарыхый жактан талаштуу божомолдорду айтуу менен, алардын чындыгына ишенүү ыктыярын окурмандардын өздөрүнө калтырабыз.

Жер шарында алгачкы жолу же биринчи жашаган аң сезимдүү пенделер деп, бизге түспөлдөш денелүү адамдарды эле эсептөөгө болбойт. Анткени жер шарында адамдын колу менен жасалбаган көптөгөн табышмактуу сырлар көп. Адамзат акыл – эске кирген күндөн баштап эле кантип жаралып, кандайча жерде жашап өлөрүнүн сырын билүүгө аракет кыла баштаган. Жердеги бир да пенде билбеген бул суроолордун жообун жаратылыштын өзүндөгү өзгөчөлүктөрдөн издеп башташкан. Көптөгөн жылдарга узарган байкоолордун натыйжасында энергетикалык талаасы күчтүү же начар айрым жерлерди аныкташып, ал жерлердеги бойдун узара же кыскара түшүшү, буюмдардын жогорудан төмөн ылдыйга карай томолонбостон, жогору карай томолонушу (Колифорния штатында), адамдардын дароо сыркоолой же болбосо айыгып кетиши сыяктуу кубулуштарды түшүнө алышпай олтуруп, аларды сырттан башкарып турган күч бар деген ишенимге келишкен. Жердеги таштарда жана айрым Египеттеги пирамидалар сыяктуу курулуштарда тартылган сүрөттөрдө адамдар башкарган учуучу аппараттарды көрүп, жерди Кудай сыяктуу башкарган адамдар асмандан учуп келип кетип турат окшойт деген жыйынтыкка келишкен. Анткени жердеги адамдардын баары эле бири – бирине окшош жана айрым бир өзгөчөлүктөрү болбосо, кудуреттүү маселелерди чечүүгө жөндөмсүз экендигин көрүп билип турушкан. Мындан сырткары айрым шуммер, индус, тибеттиктер, инк сыяктуу элдерде жерде жашап өткөн Кудайлардын болгонун жана алардын келип кетип турганы жөнүндөгү уламыштар жазылган китептер сакталып калып, бул китептерде жердин мурдагы жашоочулары (кудайлар) жөнүндөгү маалыматтар баяндалган. Кала берсе индустардын тарыхый “Вимана кашастра” аттуу китебинде “Вимана” деп аталган учуучу аппартаттардын схемаларынан баштап, техникалык негиздемелерине (расчетторуна) чейин берилип, анын тетиктерин канча мөөнөттөн кийин алмаштырып тейлөөгө болору көрсөтүлгөн. Бизде бүгүн самолет же учак деп айтылган учуучу аппараттар мындан 2500 – 3000 жылдар мурун “Вимана” деп аталып, саатына 800 км. ылдамдыкта учуп, 12 км. бийиктикке чейин көтөрүлө алары айтылып, алардын согуштук жана граждандык түрлөргө бөлүнөрү жазылган. Согуштук “Виманалар” жерде тирүү жандык калтырбай кыра турган кубаттуу куралдар менен жабдылып, адамдардын (кудайлардын) ондогон ок атуучу, жарык менен атуучу кол куралдарынын түрлөрү бар экендиги кабарланган. Ушундай эле учуучу аппараттардын сүрөттөрүн Египеттеги пирамидалардан, Пэрудагы инк уруусу жашаган Мачу пикчу (тоонун чокусу) эстеликтеринен

көрүүгө болот. Артынан от чачкан космостук корабль сыяктуу аппараттардын жанында скафандр кийген адамга түспөлдөш сүрөттөр чегилген таш эстеликтерин дүйнөнүн төрт бурчунан кездештирүүгө болот. Азыркы күнгө караганда да жогорку технологияларды колдонушкан, жер жутуп кеткен атлантида өлкөсү жөнүндөгү шуммерлер жазып калтырган маалыматтар, бүгүнкү күнгө чейин изилдөөчүлөрдүн бүйүрүн кызытып, аягын суутпай келет.

Жер шарында бизге чейин дене түзүлүшү чоң алп монорасалык адамдар жашаган болсо, алар кайда жана кантип жерден жоголуп кеткен деген суроо туулат. Кайсы бир эстеликтерде бет түзүлүшү кушка окшош, кайсы биринде арстан беттүү, дагы биринде бизге окшош адамдардын (кудайлардын) кандай болгондугу жөнүндө ар башка диндерде ар башка түшүндүрмөлөр берилген. Мисалы, будда дининин негиздөөчүлөрү болуп эсептелген Тибеттиктер ушул күнгө чейин "Кудайлардын өлкөсү" деп аталган "Шамбала" деген жердин бар экендигине ишенип келишет. Кала берсе "Шамбала" кайсы жерде бар экендиги жөнүндө жазылган китептери да бар. Аларга ишенсек жердин Чакрасы деп аталган жерде тигил дүйнө менен бул дүйнөнү же Кудайлар менен пенделерин байланыштырып туруучу коридор болуп, ал аркылуу Кудайлар турган жерге жетип, жер шарын башкара ала тургандай кубаттуу энергияга ээ болсо болот. Кудуреттүү Кудай өз пенделерин ошол жерде жаратып, андан кийин жерге коё берген деп айтылат китепте. Будда аалымдары жердин Чакралары турган жерлерди координаталык тактыкка чейин билишип, аларды пенделерден жашырып келишкен. Анткени жердин күчтүү энергетикалык агымы чыгып же кирип турган мындай жерлерге жеткен адамдар аны туура эмес максаттарда колдонушат деп чочулашкан. Ошондой болсо да Германия мамлекетине Гитлер бийликке келип, Улуу Рейхтин түзүлүшү менен Тибетке "Аненэрве" операциясынын чегинде жөнөтүлгөн экспедициялык топ буддалардын жашырын сырын үйрөнүшүп, аны дүйнөгө үстөмдүк кылуу максаттарын ишке ашырууга колдонууга аракет жасашкан. Улуу Рейхтин көзү ачык төлгөчүлөрүнүн ишениминде немец улуту башка элдерге караганда акылдуу жана таза кандуу "Арийлердин" тукуму болуп, жерде жаралган алгачкы адамдар болушкан. Экспедиция немецтердин кайсы жерде жаралып жер шарына жашоо үчүн коё берилгенин аныктап, аларды жасаган Кудайларга баруучу жол аркылуу өтүп, Кудайлардын энергетикасына ээ болууну ишке ашыруу үчүн уюштурулган эле. Тибеттик Будда аалымдары немецтердин адам болуп жасалып таралган жери катарында Кавказдагы Эльбрус тоосун көрсөтүшүп, анын жайгашуу координаталарына чейин так көрсөтө алышкан. Экспедициянын башчысы Э.Шеффер бул маалыматтарды Гитлерге жеткирери менен, анын көрсөтмөсүнүн негизинде шашылыш түрдө адис альпинисттер курамына кирген тоо аткычтар бригадасы түзүлүп, Эльбурс тоосуна баруучу жолдорду ээлеп алышкан. Мындай караганда стратегиялык мааниси station аздай көрүнгөн Эльбрус тоосуна немец аскерлеринин негизги күчтөрүнүн бурулушу убагында советтик армиянын генштабына түшүнүксүз

болуп кала берген. Көрсө Будда аалымдары көрсөткөн координатага карап, тоонун бооруна аэродром курушуп, 1942 – жылдын күз айларында Тибеттен Далай Ламаны самолет менен Эльбруска алып келишип, арийлер жасалган уяны издешкен тура. Бир жагынан, кыштын жакындап келишине байланыштуу тоолуу жерге катуу сууктун түшүшү, экинчи жагынан совет армиясынын катуу кысымына туруштук бере албай немец армиясынын артка чегиниши арийлер жасалган уяны табуу операциясын акырына чейин жетүүсүнө тоскоолдук кылган. Убакыттын аздыгына карабай немец изилдөөчүлөрү болжогон жерлерине жетишип, аны үйрөнүүгө убакыттары жетишпесе да, кайра келүү максатында эн белги коюуга үлгүрүшкөн. “Аненэрве” экспедициясы ондогон жылдар архивдерде унутта калып, андан жашыруундук грифи алынгандан кийин, 2000 – жылдардан кийин орус изилдөөчүлөрүнүн көңүлүн буруп, немецтер Кавказ тоолоруна мүрөктүн суусун жана күчтүү биоэнергетикалык жерлерди табууга аракеттенишкенин аныкташкан. 1941 – жылдагы согушка чейин эле СССР дин Кавказ аймагындагы жолдорун куруу тендерин утушуп, проекттерин түзгөн немец компаниялары жол куруунун жүрүшүндө бул аймактарды изилдөөгө үлгүрүшкөн экен. Кавказдагы адамдардын өмүрүнүн узундугу, алардын ичкен суусу менен тоолорунун энергетикалык күчтөрүндө экендигин баамдашкан Улуу Рейхтин башчылары чынында эле бул тоолорго кызыгышкан экен. Согуштан кийинки Эльбрус тоосуна жасалган экспедициялык изилдөөлөрдө тоонун боорунан аэропорт курулган аянтчаны жана андан алыс эмес жерде багыт аныктоого мүмкүнчүлүк берген фашисттик крест коюлган эн белгилерине карап, убагында немецтер таппай калган үңкүрдү табышат. Анчалык көзгө уруна бербеген, башка үңкүрлөрдөн айырмаланбаган үңкүрдүн ичине бир аз тереңдеп кирген соң, анын түпкүрүнө карап кеткен стандарттуу жылмаланган таш плиталар менен тосулган чоң залдардан турган курулуштарды көрүшөт. Ал үңкүргө кирген изилдөөчүлөрдүн баяндамасында, үңкүрдүн азыркы адамдар колдоно билбеген технологиялар менен курулгандыгы жана ал Эльбрус чокусун жакынкы аймактар менен байланыштыруучу коридорлордон жана залдардан турары жазылган. Изилдөөчүлөр үңкүрдөгү күчтүү энергетикалык агымдардын таасиринен чочулашып, изилдөөлөрүн кийинки жылдарга калтырышканын жана жакынкы жылдарда изилдөө жыйынтыктарын жарыялашаарын айтууда. Тибеттиктер өздөрү баруудан чочуп, калгандардарына баруучу жолду көрсөтпөй келген “Кудайлардын шаары” же “шамбала” деп аталган аймак да убагында адамдарды жасап чыгарган лаборатория болуп, учурда бош бөлмөлөрдүн жана коридорлордун тутумунан турушу мүмкүн. Байыркы элдердин катарына кирген будда аалымдарында, индустарда, шуммерлерде, пенделерди жасаган монорассалык адамдардын айрым кол жазмалары сакталып калып кеткендей көрүнөт. Анткени алгачкы кол жазмалар жана илимий – изилдөө иштери ушул жерлерде жүргүзүлүп, бизге чейин жашаган жана адамдарды жасап жер шарына таштап кеткен монорассалык адамдардын тамгалары, цифраларды

жазуу эрежелери ушул элдерде кайра колдонулгандай сезилет. Биз араб цифралары деп атаган цифралар индияда табылган “Вимана Кашастра” китебинде самолеттордун техникалык негиздемелеринде колдонулгандыктан, бул цифралардын жерде бизден мурда жашап өткөн элдерден мурас катары калып, кийин арабдар аркылуу Европага тарап, араб цифралары деп аталып калганынан кабар берет. Ошондой эле индиянын, еврейлердин, кытайлардын, япондордун, кыргыздардын (Орхон Енисейдеги жана Алтайдагы) жазуу тамгаларынын айрым элементтерин мурдагы цивилизациядан калган деп эсептесе болчуудай. Ал эми кыргыздарды Пэрудагы Мачу пикчу тоосунан тарап, Аляска аркылуу Шибер чөлкөмүнө жер которгон деп болжолдоого болот

Тибеттен миңдеген километр узактыкта жайгашкан Эльбрус тоосунда адамдар жасалган уянын бар экенин так айткан Будда жазмалары да мурдагы цивилизациянын аалымдары тарабынан так эсептелип түзүлгөн эсептөөлөрдүн бар экендигине далил боло алат. Мындай уялар Алтай, Урал тоолорунда, Перудагы Мачу Пикчу чокусунда, Египет пирамидаларында ж.б., бир канча аймактарда кездешет. Испандыктар Перуга келген кезден узак убакыттар өткөндөн кийин, убагында инк уруусу жашап, кийин таштап кеткен деген шаарча табылат. Тоонун чокусундагы бул “өлүктөрдүн шаары” деп аталган шаарчадагы курулуштарда салмагы 15 тоннага чейин жеткен, өтө чебердик менен жылмаланган таш плиталарды көрүп туруп, испандыктар келгенде жез эритүү технологияларын араң билген, араба эмес анын дөңгөлөгүн түшүнбөгөн инктердин мындай салмактагы таштарды кынап коюуга жана жылмалоого алы жетерине ишенүү кыйын. Жергиликтүү тургундардын уламыштары боюнча сурамжылап олтуруп, бул курулуштун кайсы жеринде кандай кудайга тектеш адамдар жашаганын, кайсы жерден учуп конгонун болжолдоп аныкташкан. Ошондой эле байыркы шуммер цивилизациясынан калган Египеттеги пирамидаларды да азыркы араб же башка элдердин жасашы мүмкүн эмес, анткени ошол күндөгү приборлор жана техникалар менен геометриялык түзүлүшү жана курулуу тактыгы боюнча бүгүнкү курулуштардан кем калбаган пирамидаларды тургуза алышпайт болуучу. Бул курулуштарга жакын жашашкан уруулар аларды Кудайлар жашаган аймактар катарында кабыл алышып, пенделер өлгөндөн кийин кайрадан өздөрүн жасаган Кудайлар менен жолугушсун деген үмүт менен пенделердин физикалык денелерин коюп олтуруп, курулуштарды өлүктөрдүн жана фараондордун күмбөздөрүнө айландырышып салган. Эгерде “Аненэрве” экспедициясы Эльбрус тоосундагы уя үңкүрүн тапса деле, анын кудретин пайдалана алмак эмес, анткени арийлерди жасаган монорассалык адамдар эбак эле ал жерде бош курулуштарын таштап кетишкен болуучу. Мындай тарыхый курулуштардын издерин Индия, Мексика, Боливия, Кыргызстан сыяктуу ондогон жерлерден, балким башка бир планеталардан да табууга болот.

Ошентип көбүн эсе тоолордун чокуларында, ал эми Египетте колдо жасалган тоолор сыяктуу чокулары бар пирамидаларда бүгүнкү адамдарды

жасашкан монорассалык адамдардын же Кудайлардын жашагандыгы жөнүндөгү уламыш – маалыматтар айрым элдердин эски китептеринде калып кеткен. Мисалы индустардын "Махаджадра" китеби жазылгандан 5000 жыл илгери жерде монрассалык адамдардын (Кудайлардын) жашагандыгы жана алардын да өздөрүнүн Кудайлары болуп, кимисинин Кудайы күчтүү деген талаштын артында өз ара согушуп кетишкендиги жөнүндө баяндалат.

Колдорунда ядролук куралдардан да күчтүү согуштук технологиялары болгон монорассалык адамдар бири – бирин аёосуз кырып, жердин бетин тирүү жан калбаган абалга чейин жеткиришкен. Китептеги окуяларды салыштырып олтуруп, азыркы Пакистандын аймагындагы Мумбай шаарына жакын жерлерде атом бомбасы ташталган айыгышкан согуш болгонун байкоого болот. Азыркы учурда Мумбайдын түндүк – чыгыш жагында көлмө болуп турган жерлердин кыртышында табигый нормадан 50 – 100 эсеге чейин ашыкча радиациянын табылышы, индустардын китебинде чындык окуялар баяндалганына изилдөөчүлөрдү ишендирүүдө. Ушундай эле окуялар шуммерлердин тарыхый булактарында да жолугуп, алардын айтымында биздин кылымга чейинки доордон 5000 жыл мурда, жердеги монорассалык адамдардын (Кудайлардын) арасында согуш болуп, анын натыйжасынжа жер шары болуп көрбөгөндөй катастрофага учураганы жазылган. Ушулар сыяктуу тарыхый жазма булактар менен таанышып чыккан соң, жер шарында бүгүнкү адам түспөлдөш жандуулардан мурда жашашкан монорассалык адамдардын өз ара Кудай талашуу согушунун натыйжасында жер шарын чаң каптап, күндүн нуру жерге жетпей, караңгылык баскан. Ошентип жерде 10 жылдай ядердик кыш өкүм сүрүп, жашоо токтогон. Согуштун мындай натыйжа менен бүтүшүн алдын ала сезген монорассалык адамдар тирүү калуу үчүн өздөрүнө бункерлерди даярдап, ядердик кыштын бүтүшүн бункерлерде күтүп жаткандай көрүнөт. Бункерлердин мындай дөңсөө жерлерде жасалышы алардын суу каптоо кооптонуусунан, же болбосо жерди чулгаган чаңдын катмарынын бийик дөңсөө жерлерден тезирээк тарап кетип, күндүн нуру тийет деген үмүтүнөн улам болсо керек деп ойлоймун. Азыркы адамдардын эсинде калып кайсы бир тарыхый жазмаларда ушул бункерлерден чыгып жерге тараганбыз деген түшүнүктүн калышы, жердеги катастрофадан кийин монорассалык адамдардын жерде жашоого мүмкүнчүлүгү болбой калган кезде, жердеги жашоо токтоп калбасын деп, атайын уя – бункерлерге өздөрү жасаган азыркы адамдарды таштап, башка планеталарга учуп кетн беришкен деген ойду туудурат.

Жер шарынын ар кайсы жеринде мүйүз баштуу, башынан жарык чачырап турган сыяктуу сүрөттөр тартылган эстеликтер байыртадан элге түшүнүксүз болуп келгени менен, космос мейкиндигине адамдардын учушунан кийин, ал баш кийимдин скафандр экендиги белгилүү болуп, адамдардын жаралышына карата дагы бир болжолду жаратты: Адам гана эмес күн системасы баш болгон биздин ааламдын баарын биз жасаган буюмдар сыяктуу жасаган аң сезимдүү бизче Көкө Теңир деп аталган тирүүлүк бар. Алар жердеги монорассалык адамдардын согушунан улам

жашоонун токтолуп калганын көрүп, космостон учуп келишкен жана уя – бункерлерге жасалган адамдарды таштап, жердеги алгачкы жашоолорун уюштуруп кетишкен. Кантсе да бардык диндердеги Куран сыяктуу баштапкы китептер асмандан түшпөсө да, асмандан келген монорассалык адамдарды көргөн кишилердин оозунан угуп жазылганына ишенүүгө болчуудай сезим калтырат. Анткени адамдарды жасап, алардын жашоосунун алгачкы этаптарын уюштуруп кеткен монорассалык адамдардын жерди таштап асманга учуп кетишкени, же жерге асмандан учуп келишкени жөнүндө бакшы – шаман сыяктуу жалпы тирүүлүктүн жан энергетикалык талаасы менен байланышуу касиетине ээ болгон адамдар аркылуу алынган маалыматтарга таянып, адамдар кайсы жерде ким аркылуу жаралышканы жөнүндөгү таанымдарын толукташып, китеп катары жазышкан өңдөнөт.

Жер гана эмес, жалпы ааламдын жашоосунун булагы болуп, анын жан энергетикасын термелүүсүнүн уланып туруусу эсептелгендиктен, термелүүнүн циклдик кайталанма мүнөзү адамдарга да тиешелүү болот. Ошондуктан бүгүнкү илимий технологиялык өсүүнүн натыйжасында адамдардын турмушу жеңилдеп, улам жыргал турмушка жетишкени менен, алардын арасындагы экономикалык жана диний карама каршылыктар күчөп, жаңы жаңжалдардын оту жалындап чыгууда. Айрым мамлекеттердин дүйнөнү өз менчигиндей мамиле жасоосунан жана айрым диндердин өздөрүнүн Кудайын баарынан жогору койгонунан келишпестиктер өрчүп олтуруп, жаңы дүйнөлүк согуштун келип чыгуусу чындыкка жакындап бара жатат. Жаңы дүйнөлүк согуш азыркы адамдар үчүн кыямат – кайым болуп эсептелип, ядролук куралдарды колдонуунун натыйжасында жердеги жашоо токтоп, ядердик кыш өкүм сүрөт. Бирок бүгүнкү адамзат жерде мурда жашап өткөн монорассалык адамдар сыяктуу өздөрүнүн өкүлдөрүн же өздөрү сыяктуу аң сезимдүү жандыктарды жерге мураскер катары калтыра алабы же жокпу, болбосо жерди жана биздин ааламды жараткан аң сезимдүү тирүүлүктүн кожоюндары (Кудайлар) космостон учуп келип, жаңы жашоону баштоочу аң сезимдүү жандыктарды жасап таштап кетишеби деген суроо туулат. Пенделер тарабынан жерди кыйратуучу согуштар биздин ааламдын жан энергетикалык талаасын ичтен бузууга карата жасалган аракеттер катарында бааланып, биздин ааламдын жан энергетикасынын бузулбашына кызыккан күчтөр (Кудайлар) тарабынан жердин тирүүлүгүн камсыз кылып жашоосун улантуучу жаңы пенделер жасалып, ааламдын тирүүлүгү сырткы күчтөрдүн көзөмөлү (башка галлактикалардын таасирлери) токтотмюунча улана берет. Мындай окуяны адамдын кайсы бир органына оорууну пайда кылган микробдорго салыштырсак, өзүнүн ден соолугу үчүн күрөшкөн адам, ал микробдорду дарынын жардамы менен өлтүрүп, өзүнө пайдалуу био микробдорду көбөйтүп дабаланууга жасаган аракети сыяктуу түшүндүрө алабыз.

## 6. Теңирди таанууга карата пикирлер

Жалпы адамзатты кызыктырган адамдардын жаны жана Теңир жөнүндөгү маалыматтарды жыйынтыктап, төмөндөгүдөй корутундуларга келүүгө болот:

1) Тирүүлүктүн белгиси болуп нерселерге термелүү берип турган жан энергетикасы эсептелет. Жан энергетикасы табияты боюнча электр, магнит талааларына окшоп кетет. Тирүү жандыктардын жана нерселердин айланасында жан энергетикасынын тең салмактуулугун жөнгө салып, анын физикалык денеден чыгып кетпөөсүн камсыз кылган кабык сымал биоталаа курчап турат. Жер шары, бардык планеталар да тирүү организм болуп эсептелип, жан энергетикаларынын таасири менен термелип, кыймылга келип айланып турушат. Аларды коргоп, тирүүлүгүн сактаган кабыкча деп, курчап турган атмосфераларын, алардын жан энергетикасынын таасири менен түзүлгөн магнит талааларын айтса болот. Жердин бул кабыкчасын экинчи космостук 11,2 $\frac{км}{сек}$ ылдамдыкта учуучу космос кемелери гана тешип өтө аларын билебиз. Ошентип кыймылсыз жер шары физикалык дене болсо, анда анын магнит талаасын түзгөн ички энергетикалык күч жердин жаны болуп эсептелип, жер шары да турпаты тоголок адамдар сыяктуу эле ичинде канга окшоп айланган мантиялары бар тирүү жан болуп эсептелет. Эгерде бир саамга эле жер шарынан анын жаны болгон жан энергетикасы учуп чыгып кетсе, анда анын өлүү денеси болгон тоголок жердин атмосферасы жана магнит талаасы жоголуп, аны чогултуп кармап туруучу күч жок болгондуктан, космоско чаң сыяктуу чачырап кетиши мүмкүн. Бул процесс өлгөн адамдын денеси чирип топуракка кошулуп кеткен убакыттай акырындап жүрүп олтурат. Ал эми биздин аалам деп күн системасын алсак, анда аны ушундай турпаттуу физикалык денеси бар тирүү жан деп эсептөөгө болот. Анын жаны деп күндүн өзү менен кошо планеталарын термелтип кыймылга келтирип айлантып турган, магнит талаасын түзгөн энергетикалык талааны айтууга болот. Күн системасын курчап турган жалпы кабыкча болуп, күн системасындагы бир да планеталар анын сыртына чачырап чыгып кете албайт. Кала берсе жерден үчүнчү космостук 16,5 $\frac{км}{сек}$ ылдамдык менен алыскы жылдыздарга учурулган космос кемелери да бул кабыкчаны тешип өтө албай артка кайтып, күндүн өзүнө же анын планеталарынын бирине келип түшөт (Эйнштейндин ааламдын жарылуудан кийинки түз чачыроо абалындагы түзүлүшүнө каршы пикирди алгачкылардан болуп кыргыз физиги Самат Кадыров (1976-ж.) билдирип, ал ааламды туюк система катары эсептеген). Күн системасынын жалпы кабыкчасын тешип өтүү үчүн, балким, космостук ылдамдыкка караганда алда канча жогору болгон ылдамдыкта учуучу кемелерди жасоо керек. Азырынча мындай ылдамдыкты камсыз кылган супер кубаттуу кыймылдаткычтар түзүлө элек болушу мүмкүн.

2) Тирүү жылдыз катары күндүн өзүнүн да бүтүндүгүн сактаган кабыкчасы болуп, аны тешип өтүп, оңойчулук менен күндүн ичине же

сыртына кирүүгө же чыгууга болбойт. Бул кабыкчанын ичиндеги күндүн температурасы болжол менен 15 млн. градус болсо, кабыкчанын сыртындагы температурасы 5 миң градустун тегерегинде гана болгону маалым. Күндүн кабыкчасы анын тирүүлүгүн башка асман телолорунан коргоп, күндүн чачылып кетишине жол бербей турат. Өз кезегинде биздин көзүбүзгө көрүнгөн асман мейкиндиги же биздин галлактика да бүтүн бир тирүүлүктү түзүп, анын жан энергетикасы галлактиканы термелтип кыймылга келтирип, чачылбай турушун камсыз кылат.

Асман мейкиндигинин да сырткы жалпы кабыкчасы болуп, аны аралап башка галлактикаларга чыгуу же башка галлактикалардан кирүү да жогорку супер ылдамдыктар менен гана ишке ашышы мүмкүн. Ошентип биздин галлактиканын (Асман мейкиндигин) жалпы жан энергетикалык талаасы, анын курамына кирген бардык тирүүлүктөрдүн жан энергетикаларынын башкы базасы болуп, аларды башкарып, жалпы энергетикалык талаанын балансын сактоо менен тирүүлүгүн улантат. Муктаждыгына жараша курамындагы майда жан энергетикаларды таратып жанын алып, кайра тирилтип жан берүүчү кудуретке ээ болот. Асман мейкиндигинин жалпы жан энергетикалык талаасын жан катары пайдаланган физикалык телону биздин галлактиканын Теңири деп эсептейбиз. Демек, майда тирүүлүктөрдүн жан энергетикалары менен, ааламдык (күн системасынын) деңгээлден да чоң болгон жогорку (галлактикалык) тирүүлүктөрдүн жан энергетикалары өз ара байланышта болуп, жалпы жан энергетикалардын талаасын түзүшөт. Ошондуктан жердеги аба ырайын, адамдардын ден соолугун же башка кескин болуучу кубулуштарды асмандагы жылдыздарга карап байкоо менен, астрологиялык прогноздорду түзүүгө болот. Мисалы байыртадан эле кыргыздар жылдыздарга карап кайсы мезгилде кандай аба ырайы болорун жана кайсы жерди жут каптап, инфекция тарарын билип, ыңгайына жараша Алтайдан Ала – Тоого чейинки аймактарга көчүп конушуп олтуруп, балээден кутулуп келишкенин айтып жүрүшөт.

3) Кудайлар жөнүндөгү окууларды үйрөнүп, аларды бүгүнкү илимий көз караш менен салыштырып көрүп, Теңирдин бирөө экендигине жана ал биздин галлактиканын жалпы жан энергетикалык талаасынын таасири менен түзүлгөн физикалык денеси бар тело экендигине толук ишенүүгө болот. Ошондуктан жер шарындагы ар башка диндерди ойлоп табышып, диндерди өз бийликтери жана экономикалык мансаптары үчүн өз ара каршылаштырып келишкен дин аталары чоң күнөөгө батышат. Алардын жалгыз Теңирдин пенделерин согуштуруп, өз ара жан энергетикаларын тартып алууга мажбурлагандыгы үчүн жана Теңирдин атын сатып, элди козгогон дүрбөлөңдөрдү уюштуруп, терс жолго үндөгөндүгү үчүн “Тозокко” түшүшү, жан энергетикалары чачылып азапка салынары турган нерсе.

Азыркы күндөгү диндер пир туткан “Ыйык” китептердин асмандан түшпөй эле жерде жазылганына, аларда жазылган “Жерди өгүз көтөрүп турат” деген сөз күбө болуп турат. Анткени асманда турган Теңир жердин тоголок болуп мейкиндикте сүзүп жүргөнүн көрбөй калышы мүмкүн эмес

эле. Дин ишенимдери жаралган алгачы китептердин түп нускалары өз ара окшош болуп, бир динге кызмат кылганы менен, тарыхтын жүрүшүндө дин тараткан пенделер тарабынан жүздөгөн агымдарга бөлүнүп, замандын өзгөрүүсүнө жараша реформаланып келген. Мисалы католик дининин борбору болгон Римдин папалары пенделерди тажаткан диний эрежелерди жана жөрөлгөлөрдү ойлоп таба беришкендиктен, чыдамы түгөнгөн пенделер “протест” (Моюн сунбоо каршылыгы) жасашып, Римдиктердин бийлиги үчүн кызмат кылган динден баш тартышып протестанттар, православие сыяктуу агымдарга бөлүнүп кеткендиги белгилүү. Өз учурунда бир бийликтин курамына кирген христиандардын бийлик талашуу жолунда келип чыккан ыркы келишпеститкердин айынан, ушул күнгө чейин кан төгүүчү (Мисалы Түндүк Ирландияда) карама – каршылыктарга даяр турганы белгилүү. Ошондой эле Кудай менен сүйлөшүп келгендей ишеним менен ислам динин жүздөгөн агымдарга бөлүп, өздөрүнүн Кудайын башкаларга күчтөп таңуулап, керек болсо кан төгүүгө чейин чакырган пенделердин күнөөсү “Тозокто” эле жуулбаса, дин талаштын айынан үй бүлөсүнөн, ата энесинен, баласынан ажыраган аң сезимдүү адамдардын жүрөгүндө түбөлүккө кечирилбей кала берет.

Адамдар гана эмес бүтүндөй биздин галлактиканын тирүүлүгүн сактап, жашоо берип турган Кудуреттүү Теңир эч кандай пенденин боорукердигине муктаж эмес. Ошондуктан анын атын сатып, ишенүүгө чакырып, анын жакын өкүлү катарында Теңирдин жолуна салууга аракет жасоо, жердеги напсисин тыя албаган көр пенделер ойлоп тапкан идеологиялар гана болот. Аларга ишенип артынан ээрчүү, Теңирди эмес, пенделерди ээрчүү катарында бааланып, Теңирдин бардыгына шек келтирген чоң күнөө болуп эсептелет. Анткени жердеги пенделердин баары Теңир үчүн бирдей болуп, алардын арасында кереметтүү өкүлү жок жана болгон эмес. Кудуреттүү Кудай жасаган тирүүлүк оң жана терс полюстардан турган жалпы жан энергетикалык талаанын тең салмактуу абалынан туруп, анын тең салмактуулугун бузуучу бардык аракеттер күнөө деп эсептелет. Ал эми биздин галлактиканын планеталарынан баштап жылдыздарына чейинки бардык тирүүлүктөрдүн жан энергетикалары, ушул талаанын тең салмактуулугун сактоо үчүн керектелүүчү ички резерв элементтер катары кызмат кылышат.

Кудуреттүү Теңир тартуулаган тирүүлүк ушул чак менен жашап, мезгилдин агымына жараша келер чакка умтулуу зарылдыгын канааттандыруу үчүн уланып жүрүп олтурууга ылайыкталган. Мезгилди артка кайтаруу мүмкүн эмес, жана артка умтулуп жашоо Теңирдин жасаган тирүүлүк агымына каршы келген чоң күнөө болуп эсептелет. Ошондуктан “Жерди өгүз көтөрүп турат” – деген замандагы Исус Христостун, Мухаммед пайгамбардын доорлоруна кайтып, ошол мезгилдигүн үрп адаттарды, салт санааларды сактап жашоого чакыруу, мезгилди тескери буруу аракети катары эсептелип, Кудуреттүү Теңирдин амири менен түзүлгөн алдыга карап жашоо мыйзамына каршы келет. Кудайдын амири менен түзүлгөн күн, жер,

планеталар да мезгилдин агымы менен жашап, эбак болуп өткөн замандардагы жан энергетикаларынын термелүүлөрү жаңыланып, жаңы термелүү ыргактарына өтүп, эски термелүүнү унутуп кала берет. Ошондуктан эски замандын мыйзамдары менен жашоо чакырыгы бүгүнкү жан энергетикалык талаага тоскоолдук кылуучу терс энергетикага айланып, “Тозокко” баруучу жолго түртөт. Адамдардын аң сезимин өсүп жашоо образынын өзгөрүшү, жалпы жан энергетикалык талаанын өзгөрүп өнүгүүсүнө ылайык болгондуктан, илимий техникалык прогресстин өсүүсүн Теңирдин амири менен болуп жаткан кереметтер катарында кабыл алып, анын жетишкендиктерин күнүмдүк турмушта колдонуп жашоого милдеттүүбүз. Демек бул каапырлардыкы же мусулмандардыкы деп бөлүүгө акыбыз жок, алардын баарын Кудуреттүү Теңирдин жалпы пенделерге тартуулаган белеги катары түшүнүүгө тийишпиз.

Жарык дүйнөгө келген өмүрүңдө татыктуу жашап өтүү үчүн кайсы динге ишенгениңе карабастан, жалпы жан энергетикалык талаанын термелүүсүнө каршы термелүүчү сапаттарыңды тыйып, калган жашоо эрежелерин башкаларга зыяны тийбегендей кылып, өзүң каалагандай эркин тандап жашай берсең болот. Кааласаң намаз оку, ыйык жерлерге сыйын, кайсы бир Кудайга ишен, бирок мунун баарын жеке өзүңдүн керт башыңдын соопчулугу үчүн жасап жатканыңды унутпа. Сенин окуган намазыңдын же башка сыйынуунун сообу баарынан мурда өзүңө гана тийгендиктен, ал аракеттериңди башка пенделерге милдет кылып, аларды да өзүңө окшоп жашоого мажбурлоого акың жок, анткени сен сактаган эрежелердин чыныгы Теңирге жагар жакпасы күмөндүү, алар болгону сен сыяктуу пенделер ойлоп тапкан эрежелер гана болушат. Кудуреттүү Теңир сенден бир гана нерсени – жалпы жан энергетикалык биоталаанын тең салмактуулугуна же анын термелүүсүнө каршы аракеттерди жасаба деп суранат.

Америкалык генетик Алан Вильсон жер шарында жашаган элдердин генетикалык түзүлүштөрүн изилдеп олтуруп, 2010 – жылдын соңунда бардык элдердин эне тарабынан бир тууган болорун жарыя кылды. Ошентип 99,9% пайызга жакын тактыкта бардык адамдардын бир энеден тараганы илимий жактан далилденди. Вильсон изилдөөлөрүнүн натыйжасында бейиштен айдалып чыккан Адам менен Ева, бүткүл адамзаттын ата энелери болсо керек деген пикирге келген. Бирок Адамдын Евадан башка да Лили деген аялы болгондуктан, Лилиден төрөлгөн балдардын кайда жашаарына жооп табылган эмес. Менин оюмча бир энеден төрөлгөн балдардын жер шарын каптап, миллиарддаган санга чейин көбөйүшүнө ишенүү кыйын. Бардык адамдардын энелик жактан бир тууган болушунун себеби, алардын бир суперадам (Теңир) тарабынан, бирдей технология менен жасалганында болсо керек. Кантсе да баарыбыз энелеш бир тууган болгондуктан, Теңирдин жана жер эненин жанын кейитпей, ынтымактуу жашоого умтулуубуз зарыл.

## 7. Жан энергетикасы жана биозаряддагы карама - каршылыктар

Жан энергетикасы оң жана терс белгидеги биозаряддардан туруп, таразанын ташындай тирүүлүктүн балансын теңдөө үчүн, зарылдыкка жараша өз ара белгилерин тартып алып турушат. Оң жан энергетикалары топтолгон талааны “Бейиш”, ал эми биозаряддарын “Периштелер”, ал эми терс жан энергетикаларынын талаасын “Тозок”, биозаряддарын “Шайтандар” деп коёлу. Ошентип бардык тирүүлүктөрдүн жан энергетикалары “Тозок” менен “Бейиштин” арасындагы талаада термелип турушат деп айтсак болот. Оң жан энергетикасы тирүүлүктөрдө жакшы сапаттарды пайда кылып, аларда өз ара келишип жашоочу мүнөздү калыптандырып келет. Ал эми терс жан энергетикасы тирүүлүктөрдө өз ара келишпес жаман сапаттарды пайда кылып, башкалардын жан энергетикаларын тартып алуучу же тирүүлүктөрдү өлтүрүүчү күчкө айланып кетет. Тирүүлүк токтоп, анын жан энергетикасы учуп чыгып кеткенден кийин, жалпы жан энергетикалардын талаасына келип, тирүү кезинде жыйнаган жан энергетикасынын белгисине карап “Бейишке” же “Тозокко” барып кошулат. Андан ары жалпы жан энергетикалык талаанын тең салмактуулугун сактоо муктаждыгына жараша, башка бир тирүүлүктү жандандыруу үчүн колдонулуп турат. Айрым өз алдынча термелүү талаасын түзүүгө чарк – чамасы жетпей калган жан энергетикалары башка жан энергетикаларына бөлүнүп кетип, экинчи жолу өз алдынча бүтүн бир тирүүлүктү берүүгө жөндөмсүз болуп калышат.

Адамдар да бардык тирүүлүктөр сыяктуу эле физикалык денеден жана ага тирүүлүк берип турган жан энергетикасынан турат. Адамдын жан энергетикасы да оң жана терс белгиге өзгөрүп, алардын арасында термелип турат жана башка тирүүлүктөргө жасаган адилеттүү же адилетсиз мамилелерине жана кылык – жоруктарына жараша туруктуу бир белгиге умтулуп олтуруп жетет. Адам өлгөндөн кийин анын физикалык денесинен бөлүнүп чыгып кеткен жан энергетикасы жалпы жан энергетикалык талаага барып, андан биозаряддын белгисине жараша “Бейишке” же “Тозокко” бөлүнөт.

Катардагы пенделердин Теңирдин каарына кабылбай, ал каалагандай жашашы үчүн эмне кылуусу керек деген суроого токтололу:

Кудуреттүү Теңир адамдарга кулагы менен угуп, көзү менен көрүп, аң сезими менен туюп, таразалап чечим кабыл алуу менен жашоо мүмкүнчүлүгүн берген. Ошондуктан бул тирүүлүктө ар бир адам эч кимдин насаатына муктаж эмес жана Теңир алдында жеке өзү жооп берет. Тирүүлүк жашоосунда кандай белгидеги жан энергетикасы менен төрөлгөнүнө карабай, жашоонун жүрүшүндө оң жан энергетика топтой алса, анын жаны “Бейишке” барып кайра башка тирүүлүктүн жаратман (оң) бөлүгүнө кайтып келет, ал эми жашоонун жүрүшүндө терс жан энергетика топтосо жаны “Тозокко” түшүп, тирүүлүккө каршы күрөшкөн күчтөргө кошулуп, өлүп бара жаткан тирүүлүктөрдү акырына чейин өлтүрүү же кыйратуу процесстерине

катышышат. Сен кайсы динге ишенгениңе же бир да динге ишенбегениңе карабастан, сенин дилиңде жан энергетикаңдын ээси болгон чыныгы Теңир жашай берет. Демек сен Кудуреттүү Теңирден качып кутула албайсың, анткени анын энергетикалык талаасы тарабынан башкарылып турган жаның денеңдин ичинде турат. Ошол жаныңды денеңден чыгарып жибербөө үчүн, жаныңдын (энергетикалык) термелүүсүн галлактикадагы жалпы жандардын талаасынын термелүүсүнө каршы койбой, ааламдын жашоосу менен гармоникалык биримдикте болуусуна жетишүүң керек. Ал үчүн аң сезимдүү пенде катары жашоодогу өзүңө тагылган милдеттерди так аткарып, аң сезимсиз жаныбарларга же буюмдарга тиешелүү милдеттерге аралашып кетпөөң зарыл. Мисалы Теңир тарабынан аң сезим берилгенден кийин, айбандар сыяктуу бири – бирин жебестен, Кудай берген көз менен көрүп таанышып, тил менен сүйлөшүп, кулак менен угуп макулдашып жашооң керек. Жалпы жан энергетикалык талаа оң жана терс полюстардан тургандыктан, тирүүлүктүн уланышы үчүн жан энергетикаларына терс белгидеги биозаряддарды берүүгө да туура келет. Бирок бул терс энергетикаларды адамдар өз жашоосуна керектеген тигил же бул өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын ж.б., тилин түшүнбөгөн тирүүлүктөрдүн жан энергетикаларын кыюу, же тартып алуу аракеттери менен жана айрым жагымсыз мүнөздөрү менен толуктап турушат. Аң сезимдүү адамдардын Теңир тарабынан тартууланган милдеттеринен аша чабышы, жердин жанын ооруткан жардырууларды жасап, өз ара бири – бирине зомбулук жасашы жалпы тирүүлүктүн жан энергетикасын бузат жана аны теңдөө үчүн жер титирөө, кометалардын түшүшү, жердин магнит талаасынын алмашышы, эпидемиялык оорулардын таралышы сыяктуу энергетикалык тең салмагын оңдоого жасаган аракеттери менен жооп берип турат.

Жалпы жан энергетикалык талаанын оң полюсун түзгөн “Бейиштеги” жан энергетикалары тирүүлүктүн жаратман (созидающая часть) бөлүгү болуп, ага түшкөн жан энергетикалары тирүүлүктүн жаңы жогорку баскычына б.а., адамдар үчүн Кудай катары эсептелген тирүүлүктөргө же болбосо аң сезимдүү тирүүлүктүн өзүнө адам болуп жөнөтүлөт. Мындай тирүүлүктөрдүн ырахат жашоосуна ыңгайлуу “Бейиштер” күн системасындагы оң белгидеги жан энергетикалуу планеталарда же мейкиндиктин башка бир бөлүктөрүндөгү ушундай шарттары бар планеталарда жайгашышы мүмкүн. Ал эми “Тозок” дегенибиз жалпы жан энергетикалык талаанын терс полюсунда жайгашып, тирүүлүктү кыйратып жоготуучу бөлүгү катарында кабыл алынат. Ошондуктан “Тозокко” түшкөн жан энергетикалары ааламдын кыйрап, бүлүнүп жаткан бөлүктөрүндөгү азаптуу аймактарга жөнөтүлүшөт. Мындай “ Тозоктор” физикалык тоголок турпаттуу денесинен жан энергетикасы бөлүнүп чыгып кетип жаткан планеталарда жайгашып, “Тозокко” келип түшкөн жан энергетикалары өлүп бара жаткан планеталардын чаң болуп чачылып, же болбосо от болуп күйүп түгөнүшүнө салымын кошуп, аны менен кошо өз алдынча бүтүндүгүн сактай албай ааламдык жалпы жан энергетикалык талаага чачылып жок болот.

Айрым учурларда оң белгидеги планеталардагы терс жан энергетикалык белгидеги жаныбарларга айланып, анын азаптуу жашоосун башынан өткөрүшү да мүмкүн.

Тирүүлүккө адамдардын гана жашоолору кирбестен өсүмдүктөр, жаныбарлар, нерселер, жер, планеталар, жылдыздар сыяктуу турпаты же физикалык денеси бар башкача формада болгон жашоолорду да кошууга болот. Алар биз сыяктуу жашабаганы менен өздөрүнө таандык жан энергетикаларын чегинде өз ара байланышта болушуп, өздөрүнө жараша көбөйүү ж.б. сыяктуу тирүүлүктүн бардык белгилерине ээ болушат. Бардык тирүүлүктүн формалары өз жан энергетикаларынын балансын сактап, жашоосун улантуу үчүн, өзүнөн майда тирүүлүктөрдүн жан энергетикаларын тартып алып жашоосун уланта берет. Бул учурда сен тартып алган тирүүлүктүн жан энергетикасы сага таасирин тийгизип, кайсы бир деңгээлде ага окшой баштайсын. Мисалы койдун, жылкынын этин көп жеген пенделердин мүнөзүнө ушул жаныбарлардын таасирин тийгенин, ал эми чочконун этин жегендердин мүнөзү гана эмес өң түсү да чочкого окшоп кеткенин байкоого болот. Ошондуктан йогалардын айрым агымдарында жаныбарлардын этин жебестен, анын жан энергетикасына зыяны тийбей тургандай сүтү, жүнү сыяктуу азыктарды гана колдонушат. Өсүмдүктөрдү да бышып, жетилип жан энергетикалары табыгий жол менен чыгып кеткенден кийин гана азык катары колдонуп жүрүшкөн элдердин сергек жашоосу, аларга 100 жылдан кем болбогон өмүр тартуулаганын көрүп жүрөбүз. Мындай аруулук аларга адам акылына келбей турган тигил дүйнө менен байланышууга шарт түзүп, йогдорго өз денелерин ийнелерди сайып көзөп өткөргөн деңгээлге чейин башкарууга мүмкүнчүлүк бергендей туюлат.

Айрым өзгөчө адамдардын жан энергетикалары алардын физикалык денесинен мейкиндиктеги жалпы галлактикалык жан энергетикалардын талаасына учуп чыгып, ал жерден информация алып кайра денелерине кайтып келген учурлар көп кездешет. Бул учурларда адамдар гипноздук же телепатиялык абалдарда болушуп, жан энергетикасы начар адамдарга жаны кайрадан кайтып келбей, өлүп калышы да мүмкүн. Ошондуктан аны эксперимент сыяктуу кайталай берүү адам өмүрүнө коркунуч келтирип, анын жанын жалпы энергетикалык талаада калып кетишине алып келет. Ошондой болсо да ар бир адам кайсы бир деңгээлде түшүндө, же ооруп жаны кыйналып турганда, мурдагы же кийинки жашоосу жөнүндөгү маалыматтарга ээ болушу мүмкүн деп ойлоймун. Мисалы улуу ачылыштардын көбүн апенди чалыш, өзү менен өзү сүйлөшүп уйку соонун арасында телепатиялык абалда жүргөн кишилер ачышкан, алар ушундай абалдарда кайсы бир дүйнөлөр менен пикир алышып сүйлөшүп, мурдагы же кийинки жашоосундагы элестер менен байланышып олтуруп, жаңы информацияларды алышат окшойт.

Адамды кооптондурган жана кызыктырган башкы маселе алардын узак жашоону каалагандыгы эсептелгендиктен, аларга узак жашоо үчүн жан энергетикаларынын тең салмактуулугун сактоо кеңешин берер элек. Ал үчүн

пенделер өз түйшүктөрүн узак убакытка чейин эстөөгө аракет кылбастан, аларды унутууга аракет жасашып, медитациялык көнүгүүлөрдү көбүрөөк жасоосу керек. Медитациялык көнүгүүлөргө дарылануу, намаз окуу, ыйык жерлерге сыйынуу, бакшыларга барып көзүн ачтыруу, йогалардын көнүгүүлөрүн жасоо, киннелетүү, дуба окутуу ж.б., өзүн нейтралдык абалда сактоо үчүн тынчтандыруу аракеттери кирет. Анткени жылдыздардын кайсы бир жагымдуу тогошуусунун убагында, жердин магнит талаасы өзгөчө агымга ээ болгон күндөрү, же болбосо "Жердин чакрасы" деп аталган аймактарда төрөлгөн пенделер өзгөчө касиеттерге ээ болот, б.а. алардын жан энергетикаларынын таасири пенделердин био талаасында өзгөрүүлөрдү пайда кылып, пенделердин тагдырына таасирин тийгизет. Негизинен пенде төрөлүп жаткандагы галлактикалык жан энергетикасынын абалы, кайсы бир деңгээлде анын мандайына жазылган жашоосун аныктап келет. Анткени адамга сырттан таасир эткен энергетикалык күч, адамдын электрондук деңгээлге чейинки майда бөлүкчөлөрүн козгоп, анын гендик ДНК сын эсине жазылып тукумдан тукумга чейин уланып кете бериши мүмкүн. Жылдыздар менен планеталар мындай турсун адамдарды каргоо, дубалоо менен жан энергетикаларын бузуунун натыйжасы да, анын гендик ДНК сын эсинде калып, адамдын урпактарына чейин терс таасирин тийгизе бериши мүмкүн. Бирок кандай гана пенде болбосун өз жан энергетикасын медитациялык аракеттер менен нейтралдаштырып жаңылап, келечек тагдырын өзү каалаган нукка бура алат. Ошондой эле тирүү адам сыяктуу эле жердин өзүндө да өзгөчө жан энергетикалардын агымы бар аймактар болуп (мазарлар сыяктуу), ошол жерге келип ыймандай сырыңды айтып сыйынсаң, сенин био талааңа таасирин тийгизип тазаланышыңа жардам берет. Айрыкча сууга берилген оң заряд дубалары, суунун маалымат ташуу жөндөмдүүлүгү менен денеге тез таасирин тийгизет деп айтышат. Анткени адамдын денесинин 70% пайызы суудан куралып, суу адамдын жасалышындагы негизги каражат болгон деген илимий болжолдор да бар.

Турмуштук тажрыйбалар кайсы бир динге же саясатка, же болбосо өзү иштеп чыккан эрежелерге бекем ишенген адамдардын өмүрлөрү узун болорун көрсөтүп олтурат. Анткени кайсы бир ишеничтеги адамдын жан энергетикасы ошол ишеничтин чегинде термелип, башка тарапка чыгып кетүү аракеттерин токтотуп турат. Өмүрдүн эрте токтолушу баарынан мурда өзүнө ишенбеген, же болбосо анык бир кесипке жана максатка умтулбаган адамдарга тиешелүү болуп келет. Демек узак жашоо үчүн жан энергетикаң сени таштап кетпей тургандай максаттарды алдыңа коюп, аларды ишке ашыруу үмүтүнөн баш тартпооң керек. Мындан сырткары расмий медициналык жардамдарга жана элдик трациялык табыпчылыкка ишенүү менен мамиле жасап, аларды жан энергетикаңды толуктоого жана тең салмактуу абалда сактоого пайдалануунун зарыл. Анткени адамдын жан энергетикасы өзүнүн физикалык денесинен же ден соолугунан гана көз каранды болбостон, ага сырттан таасир этүүчү башка тирүүлүктөрдүн жан энергетикаларынын таасиринен көз каранды болот. Сен кандай кыйын

болгонуңа карабастан, биздин галлактикада жайгашкан жылдыздардын, планеталардын, жөн эле жердеги адамдардын же буюмдардын жан энергетикалары, сенин жан энергетикаңдын тең салмактуулугун буза тургандай таасирин тийгизе алат. Бул учурда сени курчап турган кабыкча сыяктуу био талааңда өзгөрүү болуп, денеңди каптаган бир тектүү био жалында өзгөрүү болот, б.а. кайсы бир органыңдын айланасында био жалын начарлап өчүп же өрчүп өсүп баштайт. Сени алаканы менен сыйпап, байкап көргөн табып, термометр сыяктуу бул жылуулук агымына сересеп салып байкап, сенин кайсы органыңдын сыркоолоп жатканын аныктап, сырттан өзүнүн био жалыны аркылуу аны түздөп оңдоого аракет жасайт. Табыптын жеке касиетине жараша сенин био талааң калыбына келип, заматта оруудан айыгып кетишиң мүмкүн. Ушундай эле натыйжага жердеги өзгөчө энергетикалык агымдар жайгашкан ыйык жерлерге барып сыйынуу же түнөө менен кайсы бир убакытка калуу аркылуу жетишүүгө болот. Жердин "чакрасы" болгон ыйык аймактарда жердин жан энергетикалык талаасы табыптар сыяктуу эле пенделердин жан энергетикасынын термелүүсүн тең салмактуу абалга келтирип айыктыра алат. Ошондой эле медициналык дары дармектердин, операциялардын жардамы менен сыркоонун себеби ичтен калыбына келтирилгендиктен, био талаанын термелүүсү түздөлүп, сыркоо айыгат. Ошондуктан илимий медициналык усулдар менен сыркоону айыктырууну, элдик традициялык эмес дарылоо усулдарына каршы койбой, аларды бири – бирин колдоочу усулдар катары таануу керек деп ойлоймун. Анткени алардын экөөсү тең, бир тирүү пенденин жан энергетикасын калыбына келтирүү үчүн кызмат кылышат.

Биздин тирүүлүгүбүзгө параллель жашаган үч ченемдүү мейкиндиктен чоң ченемдүү мейкиндиктердеги тирүүлүктөрдү жок деп айта албайбыз, себеби жалпы жан энергетикалык талаанын таасири мейкиндиктин кайсы чек арасында бүтөөрү азырынча белгисиз. Биздин галлактиканын чегиндеги бүтүндүктү сактап турган жалпы жан энергетикалардын талаасы, өзүнүн тышкы кабыкчасынын сыртында жайгашкан башка мейкиндиктердин жан энергетикалык талаалары менен кандай мамилелерде болуп, өз ара энергетикалык алмашууларды жүргүзүп турарын аныктоого кудуретибиз жетпейт. Азырынча адамдын жан энергетикасынын таасири менен түзүлүп, анын сырткы кабыкчасы катары денесин курчап турган биоталаанын башка адамдардын, жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн жан энергетикалары менен кандай байланышта болгонун толук үйрөнүп бүтө элекпиз. Өз ара параллель тирүүлүктөрдөгү жашоолорго мисал катарында, тирүү деп эсептелген жер шарында бир мезгилде жашашкан замандаш адамдарды, жаныбарларды айтууга болот, анткени ар бир адам же жаныбар өзүнчө бир тирүүлүктү түзүп, бир мезгилде өз алдынча жашап келишет. Ошондой эле бүтүн бир тирүүлүк катары эсептелген биздин галлактика менен да параллель галлактикалар жашашып, алар биздин галлактиканын кайталанышы же тууганы, баласы, атасы, замандашы сыяктуу милдеттерди аткарып келиши

мүмкүн. Бирок, жердеги жашоого параллель болгон жашоолорду, күн системасынын сыртынан издөө керек деп ойлоймун.

## 8. Ат коюу жөрөлгөлөрү

Ар бир адам өз баласына койгон атынан жакшылык издеп, баласынын келечек жашоосунда колдоп коштоп жүрүүчү кудреттүү күчтүн, ошол коюлган аттан келип чыгышына үмүт артат. Ошондуктан балага ат коюу жөрөлгөсүн, ата – эненин тандаган жашоо жолунан келип чыккан социалдык абалына жараша калыптанган, дүйнө тааным деңгээлинин эң бийик чокусунда чечилүүчү арзуу тилек максаттарын ишке ашыруу планынын бир бөлүгү катарында түшүнүүгө туура келет.

Дүйнө элдеринин ат коюу тажрыйбаларына кайрылып көрөлү. Айтымга караганда эң акылдуу элдердин бири болгон еврейлерде бала төрөлгөн аймакты же жер – сууну, кала берсе көзгө көрүнгөн биринчи предметти баланын жердеги ырыскысын бөлүшкөн Кудрет катарында таанып сыйынуу менен, анын атын балага берүү жөрөлгөсү бар экен. Байыркы көчмөн кыргыз элдеринен баштап, бүгүнкү күнгө чейинки кыргыздарда да, кайсы бир деңгээлде бул жөрөлгө сакталып келгенин, элибиздеги Ташкороо, Тезекбай, Нарынбек, Чаткалбай, Ноокатбек, Акбуура сыяктуу аттардын коюлушунун улантылып жүргөнүнөн байкоого болот. Бирок коомдун өнүгүү жолундагы саясий жана диндик түзүлүштөрдүн таасири астында түптөлгөн мамлекеттерде ат коюу маданияттары иштелип чыгып, ошол бийликтердин түбөлүктүү улануусуна үндөш аттарды коюу системалары иштелип чыгылган. Мисалга мечиттерде азан айтуу менен китептен ат коюу, чиркөөдө чокунтуп ат коюу сыяктуу жөрөлгөлөрүн жана мамлекеттерде расмий кабыл алынган ат коюу стандарттарын келтирүүгө болот.

Адамдын жанын алып жүрүүчү биоэнергетикалык талаанын термелүү ыргагы, ата тегинин биоэнергетикалык талаасынын туундусу катары калыптанып, ошол талаанын жашоо ыргагын уланткан мураскери катары тирүүлүктү улантат. Ошондуктан ата тегиңдин атын, алар уккан жана жашаган жер – суулардын атын, энергетикасын эстеп кайра жаңыртуу, ата тегиңдин тирүүлүгүн камсыз кылган жан энергетикаларын коштоп, алардын термелүү ыргактарынын урпактарындагы улануусуна өбөлгө түзөрүнө ишеним чоң окшойт. Ал эми ата тегиңдин жашоо жолунда кийинчээрек кошулган маданияттардын таасири астында коюлган аттар, баланы тааныш эмес биоэнергетикалык талаалардын таасирлеринен азыктантып, алардын келишүү мамилелерине, б.а. оң же терс натыйжаларына жараша калыптанып өсүүсүнө шарт түзөт. Аралаш маданияттуу элдерде жалпы баалуулуктар жана жашоо кызыкчылыктары үндөшүү деңгээлине жеткен кезде гана, аралаш аттарды коюу талапка ылайык келет.

Ошентип, балдарга алардын байыркы тегинин жашоо энергетикасы түптөлгөн күндөрдү эстетүүчү, ата тегиң арзып эңсеген аттарды коюу оң натыйжа берип, тегиңдин мезгил цикли менен кайталанган биоэнергетикалык

термелүүсүнө дем берип, уланиусуна өбөлгө болчуудай сезилет. Чынында эле акылдуу элдерде балдарына ата тегинин аттарын кайталап коюу, же болбосо фамилиясы аркылуу тектеш адамдардын энергетикалык байланыштарын үзбөй кармап туруу салттары сакталып келет. Мисалы, орустарда балдарына атасынын же жакын туугандарынын аттарын берүү менен катар, теги бир адамдарды фамилияларын “ов”, “ев” сыяктуу сөз мүчөлөрү менен чачыратпай кармап турушса, кытай, корей, япон элдери теги бир миңдеген муундарды бир фамилияга бириктирип келишет. Ал эми арабдарда өз атына кошо аталарын, чоң аталарын аттарын Абн, Ибн, Аль өңдүү мүчөлөрү менен чогуу айтып, төрөлгөн жерин да эскерте айтып кетүүдөн зеригишпейт. Фарси элдеринде болсо, кыргызча теги деген маанини түшүндүргөн заде мүчөсүн кошуп, төрөлгөн баланын тегине маани берип келишет. Кыргыздар кечээги Россиянын катарына кошулганга чейин фамилия түшүнүгүн урууларына байланыштырып, таанышууну уруусун териштирүүдөн баштап, жети атасын суроо менен кайсыл атадан кошуларын тактап, тууганчылык даражасын аныктаган. Төрөлгөндөн баштап, жети атасынын жана уруусунун таржымалын күндө жадыбалдай жаттаган көчмөн кыргыздар, ата конуштарында жашап, ата теги менен туулган жеринин биоэнергетикалык талааларынын колдоосун толугу менен алып тургансыйт. Ошондой болсо да, убагында орус маданиятынын калыптанып түптөлүшүнө айтарлык салым кошушкан кыргызтектүү интеллигенция өкүлдөрү, урууларын унутса да орустардын “ов”, “ев” мүчөлөрүнүн ордуна баланчанын тукуму экендигин ырастоочу “нын”, “нин”, “дин” мүчөлөрүнүн жардамы менен Кара Мырзанын тукуму дегенди кыскартылган вариантта Карамурзин деп, орус фамилиясына өзгөртүү киргизгендей. Ал эми батыш өлкөлөрү менен колтукташ жашаган түрк туугандарыбыз да байыркы аталарынын тилинде гана мааниси чечмеленген фамилияларын алмаштырбай сактап келишет. Мисалы Түркиядагы белгилүү ишкер Мурат Улькер, өз фамилиясынын маанисин кыргыздар гана билсе керек деп сурамжылаган экен, бул аттын Уулкөр деген тилекте уулдуу болсун деп чечмелениши мүмкүн экендигин түшүндүргөнүм эсиме түшөт.

Сөздүн ток этер жерин айтканда кыргыз тектүү элдер балдарынын аттарынын маанисин өз тилинде же эски аталарынын тилинде чечмелене тургандай койгону максатка ылайыктуу. Ошондо гана баланын жан энергетикасы ата тегинин биоэнергетикалык талааларына чоочун болбой, анын ыргагында термелип уланган бөлүгү катарында тирүүлүгүн сактоочу жагымдуу шартка ээ болот. Эскиден эле кыргыз урууларында балага атты чоң ата, чоң энелерге, уруу аксакалдарына же атуу баштуу адамдарга койдуруу салты калыптанып, азыркы күндөргө чейин уланып келет. Өмүрдүн ачуу таттуусун татып, анын баркын билген аксакалдар ата тегинин колдоосун кайсы бир деңгээлде баамдап сезип, ат коюу менен өз тукумунун улануусуна бата тилеп, биоэнергетикалык заряддарын бөлүшөт окшойт. Ошондон уламбы маңгыт уруусунун кызы, менин Жамбы чоң энем, кулак болуп уулдары менен кошо атылып кеткен атасы менен агасынын атын, өз

неберлерине улуу агам менен мага койгон өңдөнөт. Мындай мисалдарды ар бир кыргыз үй – бүлөдөн учуратып жүргөндүктөн, ат коюуда башка маданияттардын баалуулуктарынан жакшылык издебей, бизди жараткан ата тегибиздин жан энергетикасынан үмүт кылып, кыргызча эле ат койгонубуз туура болчуудай деп эсептеймин. Бизге караганда бай маданиятка ээ болгон тажиктер, төрөлгөн балдарга араб жана башка элдердин атын коюуну мамлекеттик деңгээлдеги токтом менен тыюу салганын угуп жүрөбүз. Ошондуктан урпак катары, бизге жашоо ырыскысын берип, тарыхтын түпкүрүнөн жан энергетикабызды төкпөй, чачпай улантып келген “Кыргыз” атын өчүрбөө парзыбызды аткарууга милдеттүүбүз.

## §4 КООМ ЖАНА КЕСИП ТАНДОО

### 1. Коомдогу кесиптердин пайда болуу жагдайлары

Адам кайсы коомдо жашаса да өзүнүн бакубат жана жетиштүү жашоосу үчүн ошол коомго ылайыкташкан кесиптердин бирине ээ болуп, анын аркасында өзүн жана үй – бүлөсүн багып келгенин баарыбыз билебиз. Ошондуктан кесипти жөн эле ырахат алуу же жеке кызыкчылыктарыңды канааттандыруу максатында тандай албайсын. Мисалы ырды жакшы көргөнүң үчүн эле ырчылык же акындык өнөрдү тандасаң болбойт, анткени сенин ырыңды коомчулук кабыл алып, укканы үчүн акча төлөгөнгө даяр болушу керек. Сен өзүңдүн ырчылык өнөрүңдөн материалдык канааттануу албасаң, анда үй – бүлөң ачка калып, тандаган кесибиңдин үзүрүн көрө албай башка кесип тандоого мажбур болосун. Демек кесипти тандоодон мурда, ал кесиптин коомдун муктаждыгын канааттандырууга кудурети жетеби же жокпу? – деген суроого жооп издеп көрүү керек. Эгерде сен айылдын чегинен чыкпай жашоо чечимине келсең, анда айылдагы эң бай жана бакубат жашаган адамдын жашоо жолун же тандаган кесибин изилдеп чыгып, өзүңдүн ата – энеңдин жана туугандарыңдын кесиптери менен салыштырып көрүүгө тийишсин. Ошол бай деп аталган кишинин кесибине болгон айыл элинин керектөөсүнөн сага да орун ырыскы ашабы, же ал кесип ошол бай адамдан башканы багууга жетпейби? – деген суроого жооп алган соң гана, анын кесибин үйрөнүү же үйрөнбөө чечимин кабыл алууң керек. Ал эми өз айылыңдын гана эмес, өлкөнүн масштабындагы кесипти тандагың келсе, анда бир айылдын эмес, өлкөнүн деңгээлиндеги элдердин муктаждыктарын канааттандыруучу ишмердүүлүктөрдү тизмелеп, өзүңдүн мүмкүнчүлүгүңө жана талантыңа жараша алардын бирөөсүн тандайсын. Мындай кеңири масштабдуу кесиптерди тандоо, атайын билимдерге жана финансалык каражаттарга ээ болууну талап кылгандыктан, оболу керектүү билим алууга жана каражатка жетишүү керек. Эгерде мындай мүмкүнчүлүгүң жок болгону менен, өлкөнүн деңгээлинде иш уюштуруу ниетинен кайтпасаң, анда азырынча өздөштүргөн өнөрүңө муктаж болгон чет өлкөлөргө барып иштеп, каражат топтоого жана билим алууга аракет жасооң керек. Мисалы Турцияда

жаңыдан үй – бүлө күтүп, балалуу болгон жаштар өз мүмкүнчүлүктөрүн Ата – Мекенинде пайдалана албаган соң, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө кетип, келечекте Турцияда өзүмдүк иш уюштуруу максатына туура келген ишканаларга орношушат. Жылына бир жолу 15 күндүк эмгек өргүүсүндө үй – бүлөсүнө келгенче керектүү деталдарды ала келишип, 20 жылдын ичинде Турцияда бир ишкана түптөшөт. Арадан 20 жыл өткөндөн кийин пенсияга чыгып, чет элден үйрөнгөн өнөрүн негизинде өздөштүргөн кесиби боюнча Ата Мекенинде иш уютурушуп, өз балдарын ошол кесипке үйрөтүшөт. Ошентип коомго керектүү кесипти өздөштүрүү үчүн 20 жыл сабырдуулук менен күтүүгө туура келет. Анткени экономикасы өнүккөн, илимий – техникалык прогресстин таасири тийген өлкөлөрдө кесиптердин мүнөзү өзгөрүп, коомдун талабын канааттандыруу татаалдаша берет. Жарандары негизинен керектөөчүлөр болуп, өндүрүш ачып коомдун муктаждыктарын канааттандыруу ишмердүүлүгү жокко эсе болгон Кыргызстан өңдүү мамлекеттерде, өнөр тандап кесипке ээ болуу мүмкүнчүлүгү алда канча жогору болот. Мисалы адам баласынын кесип тандап ишмердүүлүк жүргүзүүсү үчүн 1000 айла – амалдар же мүмкүнчүлүктөр бар десек, Кыргызстанда анын 400 дөйү колдонулуп, калган 600 дөй мүмкүнчүлүктөр бош турат десек болот, ал эми ошол эле Европада, Турцияда же Кытайда бул мүмкүнчүлүктөрдүн дээрлик баары колдонулуп, айрым бир өлкөлөрдө кошумча мүмкүнчүлүктөр да ойлонулуп табылып, өздөштүрүлгөн жашоонун айла – амалдарынын саны, көрсөтүлгөн чектен же 1000 ден да ашып кетет. Кыргызстанда кыйынчылыктар көп деп ишке жарамдуу жарандарыбыздын көбү чет өлкөлөргө кетип жатат дегенибиз менен, тескерисинче чет өлкөдөн келип кыргыз жериндеги бош кесиптердин эсебинен оңой байлык таап жаткан коноктордун көбөйүшү, өлкөбүздүн потенциалын пайдаланып, иш уюштуруу, кесип тандоо мүмкүнчүлүктөрү кеңири экендигинен кабар берет.

Кыргыз жериндеги кесиптерге кыргыздар өздөрү ээлик кылышы үчүн, кыргыздар жашоого болгон көз карашын өзгөртүүсү керек. Ата бабаларыбыз жаратылыштын же башка бирөөнүн эсебинен жашоо адатына көнүп келгени тарыхтан белгилүү, анткени уламыштардагы кыргыз баатырларын көбү өз элинде мергенчилиги менен же башка уруулардын жылкысын чаап уурдай билген жөндөмдүүлүктөрүнө жараша белгилүү болсо, азыр деле үйүндө жээр тамагы жок болгондо башка бирөөнүн малын уурдаганга, же мылтыгын алып мергенчиликке жөнөгөн кыргыздарды көп эле көрүүгө болот. Бүгүнкү жашоо образы жана коомдогу адамдардын керектөөсү өзгөргөндүктөн, алардын талабы менен макул болуп аралаша жашап кетүү зарылдыгы, байлыктын ченин малынын туягы менен эсептеген кыргыз адатын таштоого, мал багып базарда сатуу кесибин өркүндөтүүгө мажбурлайт. Себеби бир уюнун торпогун 3 жыл бою түмөн түйшүгүн тартып багып 15000 сомдой акчага сатса, аны базардан алып этин саткан касап 2 күндө сатып 2500 сомдой пайда алышы мүмкүн. Ал эт сатар 12 күндө мындай 6 торпоктун этин сатып 15000 сом киреше алса, эттен тамак жасап саткан ашпозчулар мындан да көп киреше табууга жетишет. Ал эми

торпоктун терисин иштеткен өтүкчүнүн пайдасы мындан калышпайт. Ошентип торпоктун бул дүйнөгө келип жетишүүсүн камсыз кылган, бала чакасын азапка салып мал артына салган кыргыздын малчылык кесибинен 3 жылда бир жолу киреше чыкса, даяр торпоктун этин пайдаланган касап менен ашпозчу мындай кирешени саналуу күндөрдө эле таба алат. Жашоо сапарында Новосибирск шаарында "кириешки" чыгарып саткан жаш жигиттер менен таанышып калдым. Жылдын 12 айынын 7 айдан ашыгы кыш болгон жерде кириешкиге кошулуучу бир да компонент – өсүмдүктөр өспөгөндүктөн, алардын баарын Орто Азиядан сатып алып, Новосибирскде бышырып кайра Орто Азияга сатабыз деп, бизди акылы жок элдер да дегендей кемсинте сүйлөгөнүнө күбө болдум. Чынында эле бутуң алмага чалышкан Ноокаттын больницасына алма ширесин көтөрүп бара жаткан таанышымдын: " Врачтар алманын ширесин ич дептир, тазараак деп Россиянықын алдым" – деп өзүнүн сезгичтигине басым жасап сүйлөгөнүн угуп, алманын баары бизде болсо, орустар кайсы алмадан шире жасады экен деп таңданып, "Бутуңдун алдында жаткан алманы Россияга ташып барып, кайра алып келген турбайсынбы азаматым" – деп кете бердим. Кийинки жылы айылдан мени көрүп калган баягы таанышым, колумдан бекем тартып үйүнө киргизип, алма ширесинен ооз тийгизгенче, "Бул алма ширеси Россияга барып келген жок, ушул жерден эле келди" – деп үйүндөгү 3 литрдик банкалардагы өзү даярдаган алма ширелерин көрсөттү. Айтайын дегеним казак менен кыргыздын колуна ишкердүүлүк жаса деп акча берсең эле, мал базарга барып төө баштаган мал жандыктарды сатып алып, анын төлүн же башка продукциясын күтүп жата берет. Албетте малды да бирөөнүн багышы керек деңизчи, бирок аны сырье катары сатпастан, андан алынуучу продукцияны акырына чейин иштетип сатса жакшы эле киреше алууга болот. Себеби этти же сүттү нефти же темир сыяктуу жерден казып алууга болбойт, аны өндүрүү үчүн "мал менен мал" болуп кошо жашаганына ыраазы болуп ырахаттанган адамдар аз эле кездешет. Ошондуктан телевизор, жеңил машина, сотовый телефон, видеокамера өңдүү товарлардын баасы төмөндөшү мүмкүн, бирок жей турган товарлардын баасы өсүп кете берет. Мисалы Кыргызстанда бир видеокамераны бир торпоктун акчасына алсаң, японияда ал бир обьеддин акчасына барабар. Илим менен техника өнүгүп топурактан сүт алган күнгө жеткенче, топуракка чыккан чөптү сүткө айландырган уйларды багып эле жакшы жашоосун уюштурууга болорун Голландия быштактарынын баасынан билсе болот. Алакандай жерин деңизден коргоп, шамал насосторунун жардамы менен күндүр түндүр суусун деңизге айдап, жерин кургатып дыйканчылык кесиптин үзүрүн көрүп келген бул элдин талантына башыңды ийсең аздык кылар. Дүйнөгө клубинкадан баштап картошкага чейинки бакча өсүмдүктөрүнүн өнүмдөрүн сатып, кала берсе күнөстүү Кыргызстандын гүлбакчаларына чейин өсүмдүктөрдүн уругун базарлаган Голландия дыйкандарына мындан башка ыраазылык сөздү таба албадым. Ошентип бүгүнкү кесиптерди өздөштүрүү үчүн сезимталдык, акыл, билим жана өжөр эмгек керек болорун байкайбыз. Башканы коюп

өзүбүзгө кошуна өзбек, дунган, кытай элдеринин тандаган кесиптерин анализдеп көрүп, алар жасаган иштеринин акыркы жыйынтыгына чейин өздөрү пайдаланганын көрөбүз. Ош шаарынын четинде жашаган бир өзбек дыйканы жылына 25 сотых жерине бадыраң эгип, анын түшүмүн базарга сатпай, улам жетилгенин терип келип банкаларга мариноват этип жыйа берет. Жыл аягында топтогон азыгын Оштун базарында эле сатып, башка дыйкандарга караганда алда канча көп киреше таап келет. Кантсе да жаратылыштын эрке баласындай жанын кыйнабай жашап келген кыргыздардын ойгонуп ойлонуусуна убакыт келгендей сезилет. Анткени алдыбызда 24 саат бою эмгектенип терин төккөн кытайларга, дунгандарга, өзбектерге жанашып, аларга караганда бай жана жакшы жашоону уюштуруу тагдыры күтүп турат.

## 2. Эл башкаруу кесиби

80 – жылдары Ош пединститутунда ректор болгон философ Сулайман Жумагулов агайдын "Бийлик бар жерде адилеттүүлүк болбойт" – деп айта берген сөзү кулагымда калганынан уламбы, айтор коомдогу кесиптердин ичинен эң талашы жана кирешелүүсү болуп, эл башкаруу кесиби эсептелсе керек деген ойго келем. Кандай гана коом же мамлекет болбосун, өзүнүн жарандарын керектөөсүнө ылайыкташтырылган башкаруу системасын түзүүгө муктаж болот. Натыйжада мамлекеттин жарандарын күнүмдүк жашоо тиричилигинен башка, аларды мамлекет катары бириктирип турган жалпы кызыкчылыктарын сактап жөнгө салып туруучу нормаларды көзөмөлдөөчү адамдардын тобу түзүлүп, алар коомдо түздөн түз продукция өндүрүп жарандардын муктаждыгын канааттандырбаганы менен, жарандардын ошол коомдо эркин жашап, эмгектенүүсүнө жана үй – бүлө күтүп өнүгүүсүнө жагымдуу жагдай түзүү милдетин аткарышат. Тарыхтан белгилүү болгондой кыргыздарда эл башкаруу милдетин адегенде уруу баатырлары жана аксакалдары, уруулук демократия принциптеринде шайланган хандар аткарып келишсе, кийинчээрек эл башкаруу тизгинин ислам идеологиясын таасири астында кыргызтектүү урууларды бириктирген фарс жана араб тектүү уруулар түзгөн хандыктар колдоруна алышкан. Кыргызтектүү уруулардын чөлкөмүнө баскынчылык согуш менен келип, башкаруу бийлигин урпактарына таштап кеткен араб сахабаларынын тукумдары, жергиликтүү элдерге караганда аз санда болушканына карабастан, ислам эрежелеринин негизинде кыргызтектүү урууларды өзүнө тартып, алардын уруулук түзүлүшүнө караганда Кудайдын амири, алардын бийлигинен жогору турарын далилдешкендиктен, ишенчээк кыргыздар кудайдын амирине же буйругуна каршы чыгууга батынышкан эмес. Ошентип тарыхтан уланып келген кыргыздардын жашоосундагы уруулук жана көчмөндүк демократияга негизделген башкаруу системасы бузулуп, элди Кудайдын буюруган өкүлү башкарат деген түшүнүк келип чыккан. Ушул мезгилден баштап кудайдын буюруган өкүлдөрүнөн турган, эл башкаруу

кесибинин ээлери пайда боло башташкан. Алар өз балдарына өтүкчүлүк өнөрүн же дыйканчылык сырын үйрөткөндөй эле, эл башкаруу айла – амалдарын үйрөтүп эл башкаруудан киреше таап, үй – бүлөсүн багып башкаруу кесибин улап келишүүдө. Мисалы, азыркы күндө жер шарын “массондордун проектиси” менен, өздөрүн башка элдерге караганда акылдуу деп эсептешкен адамдардын уюму башкарары сөз кылынып келет. Кала берсе массондордун уюмуна Россиянын биринчи президенти Б.Н.Ельцин да кирген деген божомолду НТВ телеканалынан көрүп калган жерим бар. Улам барган сайын башка элдерден даярдалган өнөктөштөрүн өз катарларына кошуп, чабалдарын чыгарып сапаттык жактан бышып жетиле берген эл башкаруу кесиби да түбөлүккө улана койбойт. Анткени башталган иш качандыр бир кезде бүткөндөй эле, башкаруу усулу да өз ресурсун түгөтүп, ички же сырткы күчтөрдүн таасири астында өзгөрүүгө кабылат. Бийлик алмаштыруу процессинде карапайым элдин кара күчү пайдаланылганы менен, аларда башкаруу чеберчилиги болбогондуктан, тез эле өздөрү көнгөн тиричилигине байланыштуу кесиптерине кайтышып, жаңы бийликти башкаруу иши мурдагы эле адистерге калып кете берген. Мисалы Кокондо олтуруп бийлик жүргүзүүгө чолосу тийбеген же чыдамы жетпеген кыргыздар, хандыктарды Кудайдын өкүлү сыяктуу сыйлоо менен коноктой эле сезишип, анын бийлигине формалдуу баш ийишкен. Эгерде хандык бийлик өзүн сездирүүгө аракеттенсе, анда аны өздөрүнө ыңгайлуу адамдар менен алмаштырып, Кокондо сайран куруп, кумарын жазып бүткөн соң бат эле Кокондун турмушунан тажашып тоолоруна кайтышкан. Шералинин чокойун маңдайына илип хан көтөргөн кыргыздар Кокондон чыгары менен эле, хан сарайдагы башкаруу кызматындагы адамдардын көпчүлүгү мурдагы кызматтарын уланта бергени белгилүү.

Коомдогу эл башкаруу кесибин сактап калуу үчүн, башкаруу сарайларында эмне деген айла – амалдар, шарияттагы эрежелер ойлонулуп табылып, кала берсе мыкаачылык аракеттер менен коштолуп турган. Мисалы, тарыхта Осмон империясы деген ат менен белгилүү болгон Түрк мамлекеттүүлүгүн сактоо ураанына жамынган ордо саясатчылары, Император (Султан) өлөрү менен, анын жарыя кылынган мураскеринен башка бир туугандарынын баарын бала чакасы менен толук өлтүрүп, Султанга жанаша көмүшкөн. Бул аракети менен алар бийлик ордосундагы бийликти талаштырбай, империянын адилет бийлигинин мөөнөтүн узартабыз дегени менен, ордо ичиндеги саясатчылардын жылуу орундарын сактап калуу максаты биринчи орунда турганын байкоо кыйын эмес. Арабдар ислам динин ойлоп табышканы менен аны дүйнөгө таанытып, илим катары өнүктүрүп тараткан Осмондуктардын ислам шариятынан жол таап, жүздөгөн жылдарга уланткан мындай мыкаачылыгына өзүңөрчө баа берип көргүлө. Батыш өлкөлөрүндө уламыш болуп калган “Карол өлдү, Жашасын Карол” чакырыгы да Осмондуктардыкындай эле, эл башкаруу кесибинин өкүлдөрү тарабынан ойлонулуп табылгандай көрүнөт. Ошондой эле Орус

империясындагы бийлик талашуу, бир туугандардын бири – бирин өлтүрүүсү тарыхта жазылып, кино болуп тартылып көрсөтүлүп жатканын билебиз.

Жогоруда түрк тарых булактарына таянып, Орто Азия чөлкөмүндө хан сарайларында кызмат өтөп, өз позицияларын хандын көз карашына жана каалоосуна карап аныктаган адамдарды “сарт – дивани” деп аташканын белгилеп өттүк. Сарт – диванилердин кылымдар бою башкаруу бийликтерине таасирин тийгизип, хандыктардын жашоосуна жана кыйроосуна карабай ордодогу орундарын сактап келгенин байкоого болот. Падышалык Россия гана эмес, кала берсе СССР державасынын авторлору болгон кызыл комиссарлар да “сарт - диванилердин” таасиринен чыга албагандай көрүнөт. Жакынкы тарыхтан белгилүү болгондой Орто Азия чөлкөмүндө алгачкылардан болуп Туркестан АССРи, Хорезм ССРи андан кийин Бухара ССРи түзүлгөн. Бирок Ташкенттеги комиссарларга чай куюп олтурушуп, бат эле мурдагы хан ордосунда тарбияланган жакшылар, өздөрүнө бийлик орундары тийе тургандай жаңы республикаларды түздүрүшкөн. Алардын арасында Пишпекте төрөлүп чоңойгон М.В. Фрунзенин жардамы жана кыргыз интеллигенциясынын демилгеси менен автономдуу болсо да Кыргыз мамлекетине орун тийип калган деген сөздөр бар. Бала кезде аксакалдардан укканыбызга караганда республикаларга жер бөлгөн комиссия келерде: “Кыргызбыз десеңер басмачы экен деп төртүнчүлөр атып кетет”, - деген коркутуучу сөз тараткан топтун таасиринен, кыргыздар биз жаңы өзүбүзгө өзүбүз ээ болгон эгемендүү “өзбек” элибиз деп айтышканынан, канчалаган жерлерибиз Өзбекстанга өтүп кеткендей. Тарыхый ырыскыбыздан алакандай жер тийсе да акындарыбыз “Кыргызстан алтын баскан тоону алды, Өзбекстан камыш баскан чөлдү алды”, - деп ырдашып, ордо билермандарынын алдындагы чабалдыгыбызды жаап жашырып кала берген өңдөнөт.

Негизги кесиби малчылык болгон көчмөндөр үчүн элди аксакалдар жана курултайларда шайланган баатырлар башкарат деген түшүнүк калыптанып, алардын башкаруу адилеттүүлүгүнө ишенишип, хандык түзүлүштөрдүн эл башкаруу усулуна формалдуу мамиле жасашып келишкен. Ошондуктан хандыктардагы эл башкаруу кесибин аркалаган чиновниктерди “сарт – дивани” деп, хансарайдын пикирсиз намысы жок жүгүнмө кызматкерлери катары эсептешип, мазактап келишкен. Бирок “сарт – диванилер” чебер ордо кызматкерлеринин жаңы муундарын тарбиялашып, билинбеген ордо оюндарын уюштуруп, хандыктардын турмушунда маанилүү ролго ээ болушкан. Кыргыздарда эл башкаруучуларын даярдаган мектеп болбогону менен, эл жакшылары балдарын ээрчитип жүрүп практикалык жактан бышырышкан. Уруулук деңгээлдеги хан лакамдарына ээ болгон баатырлар локалдык аймактарды башкаруу эрежелерин балдарына, аялдарына үйрөтүп кеткени менен, кыргыздарда атадан балага калган уруулук демократиядан башка, жалпы башкаруу технологиялары иштелип чыккан эмес. Башкаруу чеберчиликтери элдик эпостордо, уламыштарда айтылып, ооздон оозго берилип келгени менен, совет дооруна чейин кыргыздарда системалаштырылган ырааттуу башкаруу технологиялары

окутулган эмес. Совет доорунда гана бийлик кызматтарынын номенклатурасы түзүлүп, келечектеги бийлик өкүлдөрү коммунисттик көз караштагы партиялык мектептерде даярдалган. Кыргызстан эгемендүүлүк алган жылдардан баштап калыптанган номенклатура жоюлуп мугалим – генерал, врач – юрист, тюремщик – министр болуп дайындалып, кыргыз башкаруу системасында уруулук, криминалдык, демократиялык башкаруу технологиялары аралашкан накта кыргызча система түзүлө баштады. Убагында көчмөн кыргыздар коомдук түзүлүштүн өзгөрүүсүнө маани бербегени менен, өнүккөн дүйнө элдери балдарын эл башкаруу кесибине даярдаш үчүн атайын сабактарды окутушуп, мектеп жашынан баштап балдарынын кулагына башкаруу чеберчиликтерин куюп келишкени белгилүү. Ошондуктан саясат таануу, саясий экономика, философия сыяктуу илимдер келип чыгып, башкаруу чеберчиликтерин жана мамлекет түзүлүштөрүн изилдешип, кайсыл элге кандай башкаруу керек экендигин болжолдошуп гана тим болбостон, аны иш жүзүнө ашырууга көмөктөшүп келишет. Мисалы XIX – кылымда Европа өлкөлөрүндө саясий илимдер тез өнүгүп К. Маркс, Ф. Энгельс сыяктуу изилдөөчүлөр мамлекеттик түзүмдөрдүн белгисин, аны түзүүчү таптарды аныкташып, бул таптардын өз ара мамилелерине негизделген бийлик алмаштыруу жолдорунун теориясын иштеп чыгышкан. Алардын теориясы батыш дүйнөсүнө тездик менен тарап, жумушчу табынын активдүү колдоосу менен мамлекеттик түзүлүштөрүнө реалдуу коркунучтарды жарата баштаган. Коомдогу коркунучтуу Марксисттик теориядан кутулуу үчүн, эл башкаруу кесибинин чыныгы ээлери болгон ордо кызматкерлери, бул теорияны ишке ашыруучу мамлекет катары Россияны тандашкан деген сөз бар. Анткени эбегейсиз чоң аймактардагы Ыраакы Чыгыштан башталып, Польша менен Финляндияны карамагына алып турган Орус империясынын арааны батышка табышмак бойдон калып, алардын стабилдүү жашоосуна коркунуч туудуруп турган. Эгерде 1913 – жылы Петербургдан басылган “13 – Жашыруун Мамлекет” аттуу китепке ишенсек, батыш өлкөлөрүнүн төбөлдөрүнүн чечими менен Марксисттик теорияны Россияда эксперимент катары ишке ашыруу кабыл алынып, атайын каражат бөлүнүп, Ленин башында турган революционерлерге жашыруун колдоо көрсөтүлгөн. Чынында эле батыш өлкөлөрү Орус империясын кулатууга ниеттенген революционерлердин баарына баш паанек берип, алардын сьезддерин өткөрүп, газетасын чыгарууга шарт түзүп бергени кокусунан болбосо керек деген ойду жаратат. Орус революционерлеринин өз ара бийлик талашып большевик, меньшевик, эсер сыяктуу бөлүнүү мезгилинде, Ленинди немец шпиону деп аташканында да чындыктын чети бар болуп, революцияны даярдап өткөрүүгө келечектеги орус жерине ээ болууну каалаган бир канча батыш державаларынын катышкандыгынан кабар берет. Кантсе да батыш өлкөлөрүнүн ордо оюндарынын натыйжасында ондогон жылдарга орус коркунучу жоюлду. Польша менен Финляндия эгемендүүлүккө ээ болуп, Брест келишимин негизинде Германиянын аймагы кеңейип, жаңыдан калыптанып Европага

конкуррент болуп жаткан орус экономикасы кыйрап, Россиянын таланттуу жана билимдүү инженер адистери, ишкерлери, интеллигенциясы дүйнө кезип тентип кетишти. Коммунисттик теңдештирүү саясатынын негизинде орус байлыгы чачылып, анын үзүрү менен, кыргыздар өңдүү элдер мамлекет лакамын алууга чейин өсүп жетти. Мисалы 1913 – жылдарда жашоо деңгээли Европалыктарга жакындап калган орус аймактары СССР дин 93 жылдык өмүрүндө эки, үч эсе гана өссө, ал эми Орто Азия республикаларынын элдеринин жашоосу жыйырма, отуз эсе өсүп, дүйнө стандарттарына теңелүүгө жакындап келгенин көрүп олтурабыз.

Батыш саясий технологдорунун Россияны алсыздандыруу пландары көпкө жашабады, анткени орус бийлигин өз колдоруна алган кечээги сабатсыз тюремшиктер деп эсептелген революционерлер, өз башкаруу усулун батыш күткөндөй жумшак демократиянын негизинде эмес, ырайымсыз кызыл террордун негизинде жүргүзүшүп, энергетикалык ресурстарга бай орус жеринде темирдей тартип орнотуу менен, СССР дин экономикалык абалын жөндөп кетүүгө жетише алышты. Ал гана турсун төңкөрүш технологиясын устаттарынан ашыра үйрөнүшүп, коммунистик идеядагы орус революциясын башка мамлекеттерге экспорттоого да үлгүрүштү. Натыйжада жер картасында социалисттик лагерь түзүлүп, өздөрүн супер акылман деп эсептеген батыш державаларында гана эмес, бүтүндөй жер шарында коммунизм коркунучу түзүлдү. СССР дин өнүгүү жолун изилдеген батыштын саясий технологдору, анын экономикалык өнүгүү булагын негизин чийки нефть жана газ сатуу түзөрүн билгенден кийин, ага башкаруунун демократиялык жолун экспорттоо саясаты менен катар эле, дүйнөлүк базардагы нефть менен газдын баасын төмөндөтүү аракетин жасашкан. Акырындап нефтинин 1 барелинин баасын 13 – 19 америка долларына чейин төмөндөтүшүп, коммунист төбөлдөрдүн айласын курутушукан. Экинчи жактан борбордоштурулган байлыкты бөлүштүрүүдөгү коррупцияланган система өнүгүп, пара берген шылуун республикалар СССР дин госпланына кирген деген шылтоолор менен ортодогу байлыкты ашыкча пайдаланышып, орустар жашаган айрым борбодук региондор каралбай кала берип, нааразылык күчөгөн. Үчүнчү жактан пландуу экономиканын тартиби менен иштеген өндүрүш мекемелери, коомдун реалдуу талабын канааттандыруу атаандаштыгына жараша иштеген, сырт дүйнөнүн өндүрүш мекемелеринен бир канча эсе артта калып, социалисттик лагерде өндүрүлгөн товарлар өтүмсүз болуп калды. Мисалы Оштогу насос заводу чыгарган продукция алдын ала бекитилген план боюнча бардык социалисттик жана жаңыдан өнүгүп келе жаткан өнөктөш өлкөлөргө сатылып, насостору Африкадан бери коюлуп келгенин билебиз. Продукциясы сатылып жаткан насос заводу, анын сапатын жогорулатуучу технологияларды изилдөө ишине маани берип башын ооруткан эмес. Эгерде Оштун насосторун эксплуатацияга бергенден кийин, ар бир беш жылда пластмассадан жасалган сальниктерин жана клаппандарын алмаштырып туруу керек болсо, чет өлкөдө чыккан насостордун аталган тетиктери резина

сиңдирилген металл аралашмалардан жасалып, аларды 25 жылда бир жолу алмаштыруу каралган. Ошондой эле социалисттк автозаводдордо жасалган автомобилдердин моторлоруна орточо 100000 км. кепилдик берилсе, дүйнө автозаводдорунда 1000000 км. кепилдик берилерине иномарка минип күбө болдук. Төртүнчүдөн адамдардын напси – ынсабын теңдештирүү мүмкүн болбогондуктан, адам баласы эңсеген теңдештирилген ырахат жашоону же коммунизмди реалдуу түрдө ишке ашырып куруу кыял бойдон кала берген. Кыялдагы жасалма теңдештирүү саясаты коомдогу таланттуу адамдардын эмгегин жемкорлордун оозуна түшүрүп, аларды бекерпоздор менен теңдеп тургандыктан, салыштырмалуу акылдуу адамдар чет өлкөлөргө качышып, СССР демилгесиз адамдардын клубуна айлана баштаган. Мындай ыңгайлуу шарттарды пайдаланган дүйнөнү башкаруу кесибинин ээлери, СССР баштаган социалисттик лагерди кыйратуу технологиясын иштеп чыгып, аны ийгиликтүү ишке ашырды. Батыш саясий технологдору Россияда “Орус байлыгы орустардыкы” – ураанын ойготушуп, социалисттик өлкөлөрдү багуудан баш тартып, коммунисттик балээден кутулуу жолун көрсөтүштү. Натыйжада социалисттик лагерь кыйрап, орус байлыгына жол ачылып, өнүккөн батыш өлкөлөрү кептелген энергетикалык жана экономикалык кризистер Россиянын эсебинен нейтралдаштырылды.

Бүткүл дүйнөлүк глобалдаштыруу агымында эл башкаруу кесиби дүйнө башкаруу кесибине айланып, анын кылдат технологиясын жөнөкөй жерине түшүнүп, түшүнбөгөн жерине жөн эле баш ийкеп келген кыргыздар дүйнөлүк деңгээлдеги саясаттын океанында тамчыдай эле орунду ээлесе да, андан акыркы жылдарда эки жолу 2005 – жылдын мартында, 2010 – жылдын апрелинде кан төгүлгөн төңкөрүштөрдөн башка олуттуу зыян тарта элек. Тескерисинче хандык тутумдардын кумуна сиңип бара жаткан мамлекеттүүлүгүн СССР дин мезгилинде түптөп өнүктүрсө, ал кыйраган соң жер шарындагы 200 дөй эгемендүү мамлекеттердин катарына кошулуп, алар менен тең ата сүйлөшүү укугуна ээ болду. Кыргыздардын кызыкчылыктары азырынча дүйнө башкаруу кесибин ээлерин кызыкчылыктарына каршы келбей, терс таасирин тийгизбегени менен, кайсы бир күнү алардын кызыкчылыктарынын өз ара талашында калышыбыз мүмкүн. Ошондуктан мектеп жашынан баштап окуучуларга мамлекет түзүү жана аны башкаруу технологиялары боюнча маалыматтарды окутуп, аларды бүткүл дүйнөлүк глобалдаштыруунун куюнунда жашап кетүүгө даярдоо зарыл.

### 3. Партиялар жана саясатчылык кесиби

“Нан болсо, ыр да болот” – деп мурдагы мекенибиздин (СССР дин) жетекчиси Л.И.Брежнев айткандай, кайсыл коомдо болсо да адам баласын жашоосундагы негизги маселе – анын курсагын тойгозуу маселеси болуп кала бермекчи. Ошондуктан кандай гана саясат болбосун, биринчиден курсак тойгозуу, экинчиден курсагы тойгондон кийин ошол жетишкен байлыгын сактап калуу максатындагы иш аракеттерди жүргүзүү жолунда келип чыгат

деп эсептөөгө болот. Чынында эле улуттук боштондук кыймылдары чакырыгы менен чыккан партиялардын саясатын өзөгү, кайсы бир элдердин курсак – ырыскысын башкалардан коргоо болсо, өнүккөн өлкөлөрдөгү саясий партиялар өлкөнүн байлыгын сактап, жарандардын жакшы жашоосун камсыз кылуу чакырыгына жамынышат. Саясаттын башталуу чекити болуп үй – бүлө эсептелет. Анткени үй – бүлөнүн жаман жакшысын жаап жашыруу үчүн, бала кезден коңшу – колоңдор менен өзүңө зыяны тийбей тургандай жасалма сыпайы мамиле түзүү чеберчиликтерин үйрөнөбүз. Ушул чеберчиликтер өнүгүп олтуруп айылдык, аймактык, мамлекеттик, дүйнөлүк саясат айдыңына катышууга жол ачат. Албетте чоң саясатты жалгыздап жүргүзүү мүмкүн эмес, ошондуктан пикирлеш адамдардын тобунан турган партияларды түзүшөт.

Кыргыздардын уруулук түзүлүштөрүн алгачкы партиялык топтор деп эсептөөгө болот. Уруулук түзүлүштөр коомдун жашоо укладына карата өнүгүп, өзгөрүп олтуруп партиялык түзүлүштөргө жетет. Анткени уруулук түзүлүштө жашаган адамдардын керектөө муктаждыктары уруулардын деңгээлинде чечилип, сыртка бир бүтүн уруунун кызыкчылыгы катарында чыгып турган. Отурукташып жашаган элдерде уруулук кызыкчылык аймактык кызыкчылыкка алмашып, жашоо жери шарты окшош адамдар жалпы муктаждыктарга жана кызыкчылыктарга ээ болуп, аймактын бир бүтүн кызыкчылыктары боло баштайт. Ал эми жашоо уклады өнүгүп, өндүрүштүк мамилелер түзүлө баштаганда кесиптик кызыкчылыктарга карата бириккен адамдардын профсоюз сыяктуу уюмдары түзүлүп, бийликке таасир көрсөтүү инструменти катарында партияларды түзүшөт. Кыргызстанда өндүрүштүк мамилелерди түзүүгө жетишерлик база түзүлбөгөндүктөн, профсоюздук жана партиялык кызыкчылыктар уруулук жана аймактык кызыкчылыктардан артта калып, азырынча коомчулуктун жалпы колдоосун алгыдай абалда калыптанып бүтө элек. Ошондуктан профсоюз уюму десе взнос төлөөчү жана балдар менен чал – кемпирлердин эс алуусун уюштуруучу уюм катары түшүнүп, партияларды тиги же бул аймактардыкы деп массалык маалымат каражаттарында ачык эле айтып жана жазып жүрөбүз. Кыргызстанда эл башкаруу кесибине ээлик кылуу кызыкчылыктары боюнча гана шайлоолорго, төңкөрүштөргө даярдык көрүү мезгилинде убактылуу пикирлеш партиялар болуп калбаса, калган учурларда партиялар жалпы элдин кызыкчылыгы үчүн түзүлгөндөй түр көрсөткөнү менен, иш жүзүндө кайсы бир топтордун, аймактардын гана кызыкчылыктарын эске алган саясат жүргүзүп келгени белгилүү. “Оорууну жашырсаң, өлүм ашкере кылат ” дегендей, азырынча кыргыз партияларынын ордуна кылымдар бою кыргыздарды сактап келген, узун тарых сыноосунан өткөн уруулук демократиянын негизинде түзүлгөн “Уруулар” же болбосо элдердин отурукташканына карап “Аймактар” партияларын парламенттик (Курултайлык) башкаруу системасын киргизсек, кыргыздардын көксүнү сууп, экономиканы оңдоо багытына өтөр беле деп ойлоймун. Кантсе да калкынын басымдуу бөлүгү малчылык жана дыйканчылык менен алектенип,

табияты боюнча уруучулук жана аймактык кызыкчылыктардын деңгээлинен чыга албаган Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдө, калкынын жашоо мүнөзү өндүрүштүк мамилелерге негизделген өнүккөн өлкөлөрдөгү партиялык башкарууну экспорттоп киргизүү, жаңы наразылыктарды пайда кылышы мүмкүн. Анткени өнүккөн өлкөлөрдөгү партиялардын артында кызыкчылыктары боюнча биригишкен миңдеген бай фабриканттар жана алардын ишкердүүлүгүнөн ырыскысын таап жеп жаткан миллиондогон реалдуу адис жумушчулар болсо, Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдө партиялардын артында бир аймактын же чакан топтун кызыкчылыктарын айланасында топтолгон жүздөгөн гана адамдар бар. Ошондуктан кыргыз саясатчылары баарынан мурда улуттун жашоо мүнөзүнө туура келген уруулук же аймактык демократияны орнотуу багытындагы башкаруу технологияларын изилдешип, аны өнүктүрүп барышса жакшы болор эле.

Дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, коомдун стабилдүү өнүгүшү үчүн ***бийликтин, ишкердүүлүктүн жана жумуштагы адамдардын*** укугун коргогон профсоюз уюмдарынын арасында тең салмактуулук сакталышы зарыл. Мисалы СССР де биринчи орунда бийлик, экинчи орунда профсоюз, үчүнчү орунда ишкердүүлүк жайгашып, алардын тең салмактуулугу сакталбаганы үчүн, мамлекеттик түзүлүшү узакка жашап кете албады. Кыргызстан эгемендүүлүк алган күндөрдө ишкердүүлүк биринчи орунга чыгып, алы жеткени эл ырыскысын приватташтырганга үлгүрсө, кийинчээрек байлыкка туюккан бийлик биринчи орунду ээлеп, ээ жаа бербеген үстөмдүгүн жүргүзүп келет. Демек партия түзүү менен саясатка кирүүдө, коомдогу ушул үч күчтүн тең салмактуулугун эсепке алган башкаруу системасы гана узак жашаарын эстеп коюшубуз керек.

Ошентип саясат таануу багытындагы кесипти тандасаң анда:

1. *Кыргызстанда жашаган элдердин жашоо мүнөзүнө шайкеш келген саясий багытты тандасаң гана коомчулуктан колдоо таап, ийгиликке жетише аласың.*

2. *Чет өлкөлөрдүн үлгүсүндө экспорттолгон саясий технологиялар биздин жашоо мүнөзүбүзгө туура келбегендиктен, аны демократиялык принциптерге негизделген башкаруу системасы менен көпкө кармап туруу мүмкүн эмес, анткени белгилүү убакыт өткөн соң анын аймактарга карата адилетсиздик сырлары ачыкка чыгып жаңы төңкөрүштөргө алып келет. Башка элдердин шарттарында жасалма жол менен экспорттолгон башкаруу системалары, күчтүү режимдердин кысымы астында гана жашап кетиши мүмкүн.*

3. *Мамлекеттин биримдигине доо кетирген, турмуштук жана экономикалык жактан негизи жок адамдардын кургак ишенимин шыктандырган чакырыктарга жамынган саясатка кирбешиң керек. Анткени "Казанда болбогон соң, чөмүч кургак чыгып", бат эле шылуундугуңдун бети ачылып,"Эл караган бетиң, жер карайт".*

4. *Саясат менен алектенүүнү мал багып, дыйканчылык кылып же жеке өндүрүш ишканасын уюштуруп маңдай териң төгүп киреше тапканга*

*караганда жеңил оокат катарында тандабоо керек. Эгерде кара курсакты биринчи орунга койгон саясатты жактасаң, анда сен сыяктуу бекер оокатты самагандардын конкуренциясынан бүтүн чыгышың күмөндүү экенин унутпа, анткени "Бекер тамак, капканда гана болот" деп айтышат элибизде.*

5. *Кыргыз саясаты өнүккөн чет өлкөлөрдүн саясаттарынан көз каранды болгондуктан, алар менен мамиле кылууда Ата – Мекендин кызыкчылыгын биринчи орунга коюп, англичандардын макалын кыргызча "Кыргыздардын түбөлүк досу жок, кыргыздардын түбөлүк кызыкчылыгы гана бар" – түшүнүү зарыл.*

Албетте өзүң иштегенге карганда акыл айтуу жеңил болот дечи, ошондой болсо да дүйнө саясий технологдору жер шарында күтүлүп жаткан катастрофаларды эске алып, суу басат деп болжолдогон мекендеринен тоолуу аймактарга жер которуу амалдарын алдын алып жаткан мезгилде, Кыргызстанга сырткы башкаруу технологияларын кийлигиштирүү, кыргыз элинин келечегине кооптуу абал жаратары турган нерсе. Ошондуктан сырткы таасилерге ишенген бийлик кумарын татууга азгырылбай, дүйнө башкаруу тажрыйбасын карап, кыргызды башкаруу амбициясы тоок кайтаргандай эле кызмат экендигин түшүнүп, Ала – Тоону башкаруу эксперименттерин токтотуп, жаратман бейпил жашоого өтүүбүз керек деп ойлоймун. Афганистан сыяктуу өлкөлөрдө, араб дүйнөсүндө жана Европанын айрым өлкөлөрүндө болуп жаткан туруксуз абалдардын учугу, алардан алда канча алыс жайгашкан өлкөлөрдө жатканы бизге сабак жана коркунуч сигналы экендигин түшүнүүгө тийишпиз.

## 4. Көркөм чыгармачылык өнөрү

Коомдун жашоо ыргагына бараандуу таасирин тийгизген кесиптердин бири көркөм чыгармачылык өнөрү. Анткени коомдогу адамдардын материалдык эле керектөө муктаждыктары болбостон, духовный же жан дүйнөсүн сергитүү муктаждыктары болуп, аларды реалдуу турмушту кыялында коздоп же көркөмдөп кабыл алуу менен канааттандырышат. Адамдардын духовный муктаждыктарын канааттандыруу жолунда көркөм чыгармачылык өнөрүн аркалаган адамдардын тобу пайда болот. Эзелтен эле кыргыз айылдарында Асан кайгы, Жээренче чечен, Бекназар, Куйручук, Кожонасиридин сыяктуу куудулдар, Ныязаалы, Жеңижок, Токтогул, Барпы, Ботобай сыяктуу төкмө акындар, Сагынбай, Саякбай өңдүү манасчылар болуп, алар элди куйкум сөздөрү, таамай ойлору жана тапкычтыктары менен патриоттук сезимдерин ойготуп, элди руханий жактан байытып көңүлдөрүн көтөрүп келишкен. Алар көркөм өнөр чеберчилигин кесип катары аркалашып, өнөрлөрлөрүнө жараша коомчулук тарабынан сый, байге формасында материалдык колдоо алып турушкан. Коомдук түзүлүштүн өзгөрүшүнө жараша элдин табити калыптанып, улуттук көркөм өнөрүнө болгон муктаждыктар өзгөрүп олтуруп, убагында эл сыйлаган таланттар эч

кимге кереги жоктой унутулуп, өнөрү менен жанын бага албай материалдык жактан жактан кыйынчылыктарга дуушар болушат. Мисал катарында убагында кыргызды түрө кыдырып төрдө олтурган, СССР курулган соң басмачылардын динчил акыны деген жалаа жабылып куугунтукталган Ботобай төкмөнүн, менин чоң атам Мамайсуп менен сүйлөшкөн окуясына күбө болгон Шерат атамдын эскерүүсүн айта кетейин: "Чоң аш – тойлордо кыргыздын төкмө акындары топтолуп талантына жана сакалына карап боз үйдү толтура олтурар элек, ошондо мага улагага жакын жерден орун тийсе, жаш Токтогулга боз үйдүн сыртынан орун тийер эле. Тагдырдын тамашасы менен боз үй толгон акындардын ичинен бир Токтогул гана жаңы өкмөткө жагып, аты аталып эркин ырдаганга укук алып калды. Бизге антип ырда, мынтип ырда деп эч ким үйрөтүп койбоптур, коммисиясына мурдагыдай эле көргөн билгендерибизди ырдай бериптирбиз. Акында кайдагы саясат болсун, элге жаккан нерсени ырдап көнүп калган жаныбыз, бул көзүбүз менен көрө элек жаңы өкмөттүн кайсы жерин макташыбызды деле билген эмеспиз" – деп ымандай сырын айтып, "Баланчанын тойунда "Өкмотүңдө токтом көп, ополдомочуң боктон көп" деп ырдай койгон экенмин артымдан НКВД түштү, адигинелердин аксакалы эмессизби, сиздин үйдү тинткенге батына койушпас, тынчыганча жашырып туруң" – деп эки айча жашап кеткен экен. "Ботобай келет бостондон, ырыскысын кошкондон" – деп ырын баштап, байгеден алган мал – дүйнөсүн Ысык – Көлдөн Ноокатка келгенге чейин жардыларга чачып түгөткөн берешен акын, "Болсоң Ботобайдай бол" деп элди суктантканы менен, өмүрүнүн акырында тамак ашка зар болуп, арманы аттын башындай болуп өлгөн дешет. Кийинчээрек Кыргыз ИА сынан акындын ырларын таап, аны изилдөө үчүн келген Пайзилда Ирисовдун айтымы боюнча, Ботабай төкмө өлөрүндө балдарын топтоп, "Менин бир гана керээзим бар, менин тукумумдан эч бир акын чыкпасын" – деп айтыптыр. Уулу Малик эч ким жок ээн жерде төгүп ырдап бугун чыгарганы менен, эл алдында бир жолу да ырдаган эмес, кала берсе Жаныш – Байыш дастанын жатка айтып, мектепте директор болуп мага кыргыз тили жана адабияты боюнча сабак берген небереси Мадамин агайдын таланты да, ата керээзинин тыюусунан улам жерге көмүлүп кете берди. Жогорку билимдүү болуп, элдик өнөрдүн баасын билип, биздин кулагыбызга куюп үйрөткөн агайымдын чоң атасы Ботобай төкмөнүн табышмагын өзү менен кошо ала кеткенин чоң өкүнүч менен кабыл алдым.

Коомчулуктун материалдык колдоосуна муктаж болгон өнөр адамдарынын саны чектелүү болгон, анткени алардын баарын элдин эсебинен багуу мүмкүн эмес эле. Ошондуктан алардын саны ар бир элдин руханий муктаждыгын канааттандырууга болгон төлөө мүмкүнчүлүгүнө жараша аныкталат. Көркөм өнөрүңдү башка элдердин төлөө мүмкүнчүлүгүн эсебинен кеңейтүү үчүн, алардын тилдерин жана руханий талаптарын үйрөнүп чыгууга тийишсин. Мал багып, тер төгүп дыйканчылык кылууга караганда алда канча жеңил сыяктуу көрүнгөн көркөм өнөр кесибине ээ болуу үчүн, бир канча элдердин тилдерин жана маданияттарын үйрөнүү

жөндөмдүүлүктөрү керек болгондуктан, нукура кыргыз тектүү элдердин арасынан бир канча элдердин маданияттарын өздөштүрүп, алардын руханий муктаждыктарын өздөштүргөн адамдар жокко эсе болгон. Негизинен Орто Азия аймактарында көркөм өнөр чеберчилиги менен үй – бүлөсүн баккан адамдар мусулмандашкан еврей же Бухардык жөөттөр деген ат менен белгилүү болуп, алардын тукумдары ушул күнгө чейин бул чөлкөмдөгү эгемен республикалардын маданият тармактарында таасир берүүчү күч болуп келишет. Биздеги көркөм өнөр кесиби жетишерлик деңгээлдеги бакубат жашоону камсыз кыла албагандыгы үчүнбү, айтор тигил же бул көркөм өнөр чеберинин жөөт экендигин билбейбиз. Бирок боордош Өзбек Республикасындагы белгилүү эл артисти Тамараханум жана атактуу Ялла ансамблин түзгөн Закировдордун жөөт экендиги ачык эле айтылып жүрөт. Мындан сырткары фарс, араб, кытай жана орус маданияттарынын таасирине берилип, алар менен аргындашып башкаруу системаларына ынанып, уруулук түзүлүштөргө караганда кененирээк интернационалисттик мүнөздөгү жашоо образын кабыл алган кыргызтектүү уруулардан да Молдо Ныяз жана Кокон хандыгын тарыхын жазган Зыябидин – максым сыяктуу чыгармачыл кыргыз адамдары чыгып келгенин айта кетсе болот.

Ошентип көркөм өнөр чеберчилигинен нан таап бардар турмушуңду камсыз кылуу үчүн, биринчиден, сенин өнөрүңдү баалап андан ырахат алып акча төлөөгө даяр адамдардын болушу зарыл. Экинчиден, жалпы дүйнөлүк глобалдашуу агымында коомдогу элдердин руханий муктаждыгы кеңейип олтургандыктан, бир канча элдердин маданияттарынан маалыматыңдын болушу абзел. Үчүнчүдөн, өзүң сыяктуу өнөр адамдары менен тил табышып, көркөм өнөр сатуу базарынан орун ала билишиң керек.

Дүйнөлүк көркөм өнөр базарын да еврей улутундагы элдер көзөмөлгө алып турат деген сөздүн чын же жалган экендигине баа бере албасак да, бул элдин уул – кыздарынын талантына таазим кылып, төрөлгөн күндөн баштап эле бир канча өлкөлөрдө жашап калышы мүмкүн деген болжол менен, ал өлкөлөрдүн тилин жана маданиятын үйрөнүшкөн өжөрдүгүнө, талыкпас эмгегине баа берип, андан үлгү алууга тийишпиз. Адамдар ар башка улуттарга бөлүнгөнүнө карабастан, турмуштук көйгөйлөрүндөгү жалпылыктар боюнча окшош болушуп, кайсы бир деңгээлде маданий кызыкчылыктары дал келишип турат. Ошондуктан жалпы дүйнөлүк көркөм чыгармачылык өнөрү пайда болуп, анын таасири астында жалпы дүйнөлүк адабият жана маданият баалуулуктары түзүлүп келет. Мындай жалпы дүйнөлүк баалуулуктарды пайдаланып, айрым элдер өздөрүн рекламалап жакшы жашоо абалдарын сактап калууга аракеттенишет. Укканыма караганда дүйнөдөгү белгилүү жазуучулар, акындар, актерлор, сүрөтчүлөр, журналисттер, кинорежиссерлор еврей улутундагы адамдар болушуп, алар чыгармаларындагы каармандары менен еврейлерге боор ачуу саясатын жүргүзүшүп, еврей улутундагы элдердин бийликтерде жана жылуу жумшак орундарда иштей берүүсүнө жагдай түзүшүп келишкендей. Чынында эле бири китебин жазып, бири киносун тартып, дагы бирөөсү массалык

маалымат каражаттарынан эртеден кечке кулагыңа сиңдирип олтуруп, 1941 – 45 – жылдардагы согуштарда еврей эли гана кордук көрүп, фашизмдин негизги курмандыгы болгондой сездирип жиберет. Расмий тарых булактарында еврейлер тирүү өрттөлгөн мештер жана концлагерлер гана жазылып, үчүнчү рейхтин адамзатка жасаган кылмыш деңгээли жабыр тарткан еврейлердин санына карап аныкталганы менен, иш жүзүндө согушта курман болгон 50 миллиондон ашык адамдардын 1 миллионунан азы гана еврей улутунан болгону белгилүү. Ошентип көркөм чыгармачылык өнөрү карапайым калкка руханий азык болсо, тандалган элдер үчүн саясий максаттарга жетүү каражаты катарында да кызмат кылат.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында кыргыз элинде коммунисттик көз карашты калыптандыруу максатында түзүлгөн көркөм өнөр кесиби, адамдардын табитин эске албастан, борбордук бийликтин каалоосунун чегинде өнүгүп келген. Борбордук бийликтин ишенимине кирген кыргыз чиновниктери көркөм өнөр чеберчилигине да уруулук кызыкчылыктарын киргизип, кайсы өрөөндөн кимге кандай өнөрдү ыйгаруу маселесине чейин кийлигишип турган. Натыйжада бир аймактан чыккандын баары жазуучу, экинчи аймактан чыккандын баары артист, илимпоз ж.б.у.с., болуп кете берген. Көркөм өнөр кесибиндеги мындай жердешчиликтин кесепетинен, чыныгы таланттар чыкпай, өнөр кесиби жасалма таланттардын уюмуна айланып калган. Бүгүнкү күндө бир эле кыргыз элинин эмес, бүтүндөй түрк элдеринин сыймыгы болгон Чынгыз Айтматов деле убагында кыргыз жазуучуларынан колдоо таппай, казак жана орус жазуучуларынын колдоосу менен жазуучулар чөйрөсүнө аралашып калганын айтып жүрүшөт. Жазуучулукту менчиктештирип алган “таланттуулардын” айынан 70 жашка чыкса деле жаш жазуучу же жаш акын болуп өлүп кеткен канчалаган акын жазуучуларды билебиз. Эгерде алар эгемендүү ушул күндө туулуп калса, таланттарын бийлик баалабаса эл баалап, Шайлообек Дүйшеев өңдүү калк кадырлаган адамдардын бири болуп калар беле деп ойлоймун.

Кыргыз мамлекети эгемендүүлүк алып, кандай гана кесип болбосун коомдун керектөөсүнө жараша барк – аброй ала баштаган күндөн баштап, көркөм өнөрү да эл менен маңдай тескей тике олтуруп түз кездешип, эл бийликтин же саясаттын каалоосуна карап талант тандабай, өздөрүнүн жан дүйнөсүн каалоосу менен талант тандап, стадионго толуп, акчасын төлөп концерт көрүп калышты. Совет доорунда калыптанган “жаңы кыргыз феодалдарын” заказы боюнча чыгармачылык бийиктиги аныкталган чыгармачыл адамдарыбыз, замандын кысталышына жана кыргыз коомчулугуна таарынып “Китептерибизди баспай коюшту, ырыбызды укпай калышты, кино тартканга акча бөлүнбөй калды, театрдан эл алыстап, руханий жакырчылык пайда болду” – деп айткандары менен, элдин табитине жаккан китеп сатып кирешесине партия түзүп өлкө башчысына чейин жеткен, ырдап эстрада жылдызына айланып вице - премьер министр болгон, кино тартып дүйнөлүк ареналарга чыккан, чоору менен дүйнөнү суктанткан таланттуу адамдардын өсүп чыкканын билебиз. Кантсе да совет заманында

мамлекеттик чиновниктердин саясий табитине жана жеке көз караштарына жараша цензура коюлуп, ага жараша көркөм өнөр мыктылары тандалып чоң сахнага же коомчулукка таанылуу укугун алса, эгемендүүлүк жылдарында өз киндигин өздөрү кесип, эгемендүүлүк жылдарында жеке демилгелери менен көркөм өнөрүн аркалап үй – бүлөсүн багып келет. Кыргызстандагы бардык кесиптердин ичинен базар экономикасын шарттарын тез өздөштүргөн көркөм өнөр чеберлери, элдин төлөө мүмкүнчүлүгүнүн чегиндеги каражаттарды өз убагында топтоого үлгүргөндөй сезилет. Канчалык таланты болсо да совет доорунда Рыспай Абдыкадыров, Түгөлбай Казаков өңдүү талант ээлери, өздөрүнө бай жана бакубат турмушту камсыз кыла албастан, таланты үчүн күнөөлүү адамдай жашап өтүшкөн. Кайра куруунун шарапаты менен өмүрүнүн соңку жылдарында областтык советке депутат болуп, араңдан зорго Эмгек сиңирген артист наамына ээ болгон Рыспай кечирээк төрөлсө, балким бүгүнкү эгемендүүлүк шарттарында бай жана бакубат адам катарында Жогорку Кеңешке депутат болуп, өкмөт башчыларын бири болуп калар беле деп ойлоймун. Кыргыз тарыхында Баткен чөлкөмүнөн Эл артисти чыкпаганы менен, эмгектерин өкмөт эмес эл кадырлаган Саламат Садыкова менен Апаз Жайнаков Эл артисттери болушуп, элдин сүрөөнү астында президентибиз А. Акаев баш болгон мамлекеттик чиновниктерди тике туруп кол чабууга аргасыз кылышты. Эгемендүүлүк болбосо кыргызга аты – жыты жок болуп кала берүүчү Айчүрөк, Динара, Гүлнур, Сыймык сыяктуу ырчылар, “Кыз Бурак” эстрада тобу  купулга толор клиптери менен элдин кумарын жазышса, Күмөндөр, Абдылда, Рахман, Жамбыл, Жаныбек – шорпо, Бердибек өңдүү куудулдар өнөрлөрүн толугу менен реализациялап, үзүрүн көрүп келишүүдө. Ал эми белгилүү обончу Түгөлбай Казаков замандын өзгөрүү агымында жаштар менен жарышуудан тартынганбы, айтор наркын төмөндөтпөй курагына ылайык аксакалдык кесип тандап кетсе, Жолболду Алибаев агайыбыз элдик дастандарды жаңыртып кыргыздардын намысына тийген, сактанууга чакырган казалдары менен көч алдынан түшпөй келе жатат. Ошондой эле Мелис Эшимканов сыяктуу жигиттер эл талашып окуган газеталарды чыгарып, газета окубайт деген элден ченемсиз киреше алууга жетишсе, 200 дөн ашык массалык маалымат каражаттары чыга элек чууну чыгарып, укканды көргөндөй айтып, бирде элди эсине келтирсе, бирден эсинен кетирүүдө. Ошондуктан элдин табитин тапкан чыныгы таланттуу өнөр адамын эмгеги жерде калбайт, анын китептери сатылат, картиналары көрүлөт, ырлары угулат. Кыргыз обончулары, аткаруучулары жана куудулдары менен кошо массалык маалымат кызматкерлери элибиздин музыкалык жана маалымат муктаждыктарын канааттандыруудан түшкөн кирешенин 80% га жакынын сыртка чыгарбай кармап калышса, айрым көркөм өнөр ээлери элдин табитин таба билбей, бул боштуктан түшүүчү каражаттарды сырттан экспорттолуп келген көркөм өнөр ээлерине тарттырып жиберишти. Мисал катары америка, япон, корей ж.б.у.с., элдеринин фильмдери тартылган дисктер миллиондоп сатыкка коюлуп, жарды элибиздин акыркы тыйындарын жалмап кеткенин айта кетели. Демек

чыгармачылык өнөр кесибин аркалоо үчүн дүйнөлүк маданиятты үйрөнүп, көптөгөн элдердин жан сезим табиттерин анализдеп, элдин психологиясына карата кесибиңе тапкычтык мамиле жасооң зарыл. Ошондо гана сенин китебиң сатылып, тарткан киноң киреше алып келет. Анткени кыргыздар китеп окуганын, кино көргөнүн токтотушкан жок, болгону табиттерине төп келген саясий жана диний китептерди окушуп, чет элдик кинолорду көрүп калышты.

Бүгүнкү күндө жарандардын табиттерин саясаттан жана динден арылтуу үчүн, аларды экономикалык муктаждыктарды чечүүнүн реалдуу жана конкреттүү жолдорун үйрөтүүчү китептерди жазууга, өзүмдүк иш орундарын ачууга көмөктөшүү керек. Мисалы XIX – кылымдын ортосунда дүйнөдө демократиялык жолго түшүү агымы күч алып, турмуш кыйынчылыгынан элдин акылы качып, маданияттар кагылышып, миграция күчөп, китеп окулбай калган мезгилде Джек Лондон алтын казуучулардын окуяларын мисалында тарбиялык маанидеги китептепрди жазса, Жюль Верн турмуш кыйынчылыктарына моюн сунбаган оптимист каармандары менен жашоо жолун таап кетүүгө үндөгөн китептерди жазышып, жазуучулук өнөрлөрүнөн баар табышкан. Эгерде кыргыз жазуучулары да ушундай мазмундагы китептерди жазышса, анда адамдар күнүмдүк жашоо проблемаларын чечүү жолдорун асмандагы Кудайдан жана жердеги чет элдик инвесторлор менен кургак чечендердин оозунан издебестен, өздөрүн акылынан жана эмгегинен издешип, жашоодон толук канааттануу алуу үчүн көркөм чыгармачылык өнөрүнө муктаж боло башташар беле демекчимин. Ошентип өзүңдүн жеке чыгармачылык талантың коомдун керектөөсүнө ээ болгондо гана чыгармачылык өнөрүн кесип катарында тандай аласың. Жөнү жок эле кыялданып, толгонуп менин талантымды эл баалабайт деп таарынуу туура эмес, элдин баасын алуу үчүн анын табитин таба билүүң зарыл. Ошондуктан мектептерде сөзсүз окутулуучу көркөм адабияттарды жана элдик чыгармаларды тандоодо, биринчиси окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүүчү жана элдик салт үрп – адаттарын негизинде патриоттук сезимдерге тарбиялоочу маанисине карата, сочинение жазуучу же милдеттүү окутулуучу адабияттар катарында жана экинчиси окуучулар табитине карап, өздөрү каалагандай эркин тандаган адабияттар катарында экиге бөлүп окутуу зарыл. Анткени өз тааныштарыбызды окуу китептерге киргизип, кыргыздын улуу жазуучулары дей бергенибиз менен, окуучулар аларды кызыгып окубай, кыргыз тили жана адабияты сабагынын куну учуп, окуган менен ал китептерден алар нерсеси жок болгондуктан, окуучуларыбыз эне тилин өздөштүрүүдөн көңүлү калууда.

## 5. Илим – билимдин кесипке тийгизген таасири

Кесиптер негизинен кара жумушту же акыл эмгегин колдонулганына байланыштуу ар кандай түрлөргө бөлүнүшөт. Илим – билими жана ойлоп табууга жөндөмдүүлүгү жок адамдардын көпчүлүгү кара жумушка

байланышкан кесиптерди аркалашып жан багышса, алардын эмгегин багыттап, натыйжасынан жаратман ой жүгүртүү менен жаңы кесип таба билген адамдар акыл эмгеги менен жашап келишет. “Эшектин күчү адал болгону менен, эти арам” – дегендей, кара жумуш жасап жашаган адамдар маңдай терин төгүп көп иштегени менен, акыл эмгеги менен иштеген адамдарга караганда кедей жашаганын көрүп эле жүрөбүз. Көбүнчө малчылык менен дыйканчылык кесиптерин аркалаган элибиз да кара жумушка негизделген кесиптерге маш болуп, өндүргөн продукциясына же көрсөткөн кызматына инженердик тапкыч – ой жүгүртүү менен мамиле жасоону өздөштүрө албай жатканы өкүнүчтүү. Азырынча өндүрүштөргө кам сырье жана кара жумушчу берүүгө гана кудурети жеткен элибиздин эмгегинин жарымынан көбү жанына пайдасы тийбей, акылдуу адамдардын алкымына түшүүдө. Ошондуктан элибиз жаш акын Алтынбек Исмаилов айткандай “Адамча жашоо үчүн, жан дүйнөсүнө төңкөрүш жасашы керек”, анткени илимий – техникалык прогресстин өсүү темпи менен жарышып, космостук ылдамдык менен өнүгүп жаткан жер шарында адамча жашоо бактысы баарына эле буюрган эмес. Башканын гана эмес өзүнүн тиричилигине да кайдыгер – маңыроо көз караш менен мамиле жасап, тагдырын башка элдердин колуна тапшырып, турмуштун агымын ээрчип жүрүп олтурган элдер жашоо жарышында сүрүлүп олтуруп, бат эле аты – заты менен кошо жок болорун тарых тастыктап турат.

Кыргыз эли кат таанып сабаттуу болгону менен турмуш таануу багытында сабатсыз болуп, жөнөкөй жашоо усулу менен күн кечирип келген элдердин катарына кирет. Мисалы Кыргызстанды түрө кыдырып, өз элине кайтып жаткан үч чет элдик ишкердин маегине күбө болуп калдым: “Кыргыздарды сабаттуу эл деп мактап жатканына таң калам. Өздөрүнүн тиш жууй турган пастасы менен, кир жуучу самынын чыгара албаган эл кантип сабаттуу болсун, булардын маймылдан эмне айырмасы бар, бергениңди жей бере турган макулуктарга окшош экен” – десе, экинчиси “Туура айтасын, ичер чайын өздөрү ташып келип иче албаган элде кандай келечек болсун, жакынкы жылдарда жок болот да” – деп коштоду, үчүнчүсү аларга көзүн кысып “Акырын түшүнүп калышат” – деп мени жаңсап көрсөтүп калды. Аларга каршы сүйлөп талашайын десем, чын эле тиш жууй турган пастаны да чыгара албашыбызды, Индияда кампаларда чиригенге чейин топтолуп жаткан чайды ташып келе албасыбызды моюнга алып, алардын маегин укпаган кишидей кала бердим. 1917 – жылдан баштап 1990 – жылга чейин СССР дин интернационалисттик саясатын күчү менен, башкалардын жетелөөсүндө жашаган кыргыздарга бакубат жашоого баш оорутуп, демилге көтөрүүнүн деле зарылчылыгы жок болуучу. Эгемендүүлүк алган 1990 – жылдан баштап кыргыз элинин тагдыры өз колдоруна өткөндүктөн, мурдагы “Ээ аны орус жасайт, муну тиги жасайт” – сыяктуу кайдигерлик сөздөрүн таштап, “Баарын кыргыз өзү жасайт” – деген чындыкты моюнга алышыбыз керек. Эгерде мурдагы кайдыгерлик инерциясы менен “Аны америкалыктар, тигини кытайлыктар, калганын казактар менен орустар” жасайт деп олтура

берсек, анда экономикабыздын өнүгүшү күмөндүү бойдон кала берет. Демек кыргыз элинде илимди да кыргыз изилдейт, техниканы да кыргыздар жасап, өздөрү оңдой алат деген сыяктуу ишенимдерди калыптандыруу керек. Ал үчүн изилденген илимдердин, жасалган иштердин баарын Кыргызстандын элинин практикалык турмушуна тике пайдасы тийе тургандай гана уюштуруу зарыл. "Өтүгүңө карап, бутуңду сун" – дегендей практикалык жактан колдонулушка ээ болбогон теориялык илимдерди изилдөөгө каражат коротпой, изилденүүчү илимдин ар бир түрүнүнүн кайсы тармакка канча пайдасы тийерин эсептеп чыгып, натыйжасына ишенген соң гана каражат бөлүү керек. Өнүккөн өлкөлөрдө теориялык илимдерге каражат бөлүнгөнүн себебин, алардын келечектеги үстөмдүк стратегияларында теориялык илимдерди колдонуу үмүттөрүнүн бар экендиги менен түшүндүрсө болот. Мисалы, убагында узак жылдар бою Индияны колония катарында кармап турган Англиялыктар, Индиялыктардын акыл – жөндөмдүүлүктөрүнөн коркуп, аларды практикалык жактан колдонулушу жок кургак теориялык эсептөөлөр менен байланышкан илимий изилдөө иштерине багыттап келишкен. Натыйжада Индиянын эң акылдуу адамдары өмүрлөрүн көпчүлүк бөлүктөрүн тригонометриялык, логарифмалык функциялардын маанилеринин таблицаларына, шахмат чеберчилигине коротушуп, эсептөө алгоритмдерин түзүп убараланышкан. Убагында биз колдонуп жүргөн цифраларды ойлоп табышкан (Европага арабдар аркылуу тарагандыктан араб цифралары деп аталып калган деген божомол бар) Индиялык окумуштуулардын ойлоп тапкычтыгы дүйнөнү таңдандырып келгенин, Жюль Верндин фантастикалык китептериндеги суу алдында отунсуз сүзүп жүрүүчү кеменин авторлугу да теги индус капитан Немого берилгендиги менен түшүндүрсө болот. Кантсе да эгемендүүлүк алган 1949 – жылдан баштап, илим акылын практикалык колдонуу багытына буруп, космос мейкиндигин изилдөөгө чейин жетишип, атом энергиясын пайдалана билген индустар компьютердик технологияларына жан киргизген колдонуу прогрммаларын түзүү боюнча дүйнөдөгү алдыңкы өлкөлөрдүн бири болуп калды. СССР дин убагында түптөлүп, Москванын каалоосу менен изилдөө багыттары тандалып өнүгүп жаткан кыргыз илимине да чектөөлөр коюлуп, негизинен теориялык илимий – изилдөөлөргө басым жасалып келген. Ошондуктанбы, азырынча СССР дин курамындагы 70 жыл ичинде кыргыз илимпоздору тарабынан ачылып, практикалык турмушта кеңири колдонулуп кеткен ачылыштарды жолуктура албадык. Ветеринардык жана айыл чарбалык селекция багыттарында айрым ачылыштар айтылып калганы менен, алар гендик негизге чейин тыкыр изилденбеген жөнөкөй тажрыйбалар же байкоолор менен жыйынтыкталып, эл аралык деңгээлде таанылып кете алган жок. Анын далили катарында Австралиядан кочкор, Голландия сыяктуу өлкөлөрдөн картошкадан баштап, помидор, гүл, алма түрлөрү сыяктуу өсүмдүктөрдүн өнүмдөрүн сатып алып, алынган өнүмдөрдүн гени бузулуп, өмүргө зыян экендигин аныктоого акыл – дараметибиз жетпей же лаборатория кура албай, экспериментке катышкан чычкандардай эле абалда

калганыбызды айтсак болот. Чет өлкөлөрдө бул өнүмдөрдү колдонууга чектөөлөр коюлуп, келечегинен кооптонгон акылдуу элдер көчө демонстрацияларын уюштуруп, гени бузулган продукцияларга эскертме жазып коюуну талап кылышса, биз кирешесине карап “Түшүмү жакшы, эти мол тура” – деп мактап, даамына карабай аңкоо сыяктуу ашап жеп жатабыз. Табигый илимдер тармагында деле ушундай абал сакталып, кыргыз илимпоздорунун негизги бөлүгү өздөрүнөн башка эч кимге пайдасы тийбеген “белгисиз илимдер” менен алектенишүүдө. 1941 – 45 жылдардагы согушта Кыргызстанга эвакуацияланып келген күчтүү медиктердин таасири астында тарбияланган медицина тармагындагы окумуштуулар гана кыргыз илиминин абийирин жаап турбаса, калган илимдердин тармактары боюнча кыргызга пайдасы тийген көзгө басарлык ачылыштар жокко эсе.

Эгемендүүлүк алгандан кийин кыргыз илими да тармактар боюнча орус илимпоз агаларынын оозун карабай, дүйнөлүк илим менен интеграциялануу багытындагы өсүү жолуна түшүүсү керек эле. Бирок өздөрүн орустардын бакма баласындай сезген кыргыз окумуштуулары борбордон көрсөтмө болбой калган соң, кайсы илимди кандай изилдээрин билбей ондогон жылдарга инерция боюнча мурда окуган китептерин окуп, бураган тетиктерин бурап олтуруп калышкандай болушту. Алдыңкы илим жана технологиялар ар бир мамлекеттин жашыруун сыры болгондуктан, аларды оңойчулук менен үйрөтө койбойт. Эгемендүү Кыргызстандын өзүнүн кызыкчылыктарына жана керектөө муктаждыгына жараша илимий – изилдөө институттары болуп, алар иш жүзүндө мамлекеттин экономикасынын өсүп - өнүгүүсүнө салым кошуусу зарыл. Ошондуктан Кыргызстандын керектөөсүнө ылайыкташтырылган илимий тажрыйбаларды жүргүзүүчү лабораторияларды түзүп, аларда иштөөчү кыргыз илмпоздорунун мектебин түзүү программасын ишке ашыруу керек. Азырынча жогорку окуу жайларды бүтүп, аспирантурага кирүүчү жаштардын көпчүлүгү кайсы илимдин, эмнеси ачылган дагы эмнесин ачуу керек экендигин тактап билүүгө кызыкпай, анын канча турарына же канча сом берсең илимдин кандидаты же доктору болосун? – сыяктуу суроолорду чечүү менен алектенип келишет. Ал эми ачылып жаткан илимдер жана жазылып жаткан диссертациялар Россия өңдүү өлкөлөрдө ачылган жана жазылган илимдердеги цифралар менен аталыштарды алмаштыруу менен эле ишке ашып жаткандай көрүнөт. Кыргыздын дүйнө таанымына ылайыкташкан өлкө экономикасынын өсүүсүнө жана жакшы жашоосун уюштурууга өбөлгө жөлөк болуучу кыргыз илимин түптөө мөөнөтү өтүп кетип жаткандай көрүнгөнү менен, убакытты созбой накта кыргыз илимин нөлдөн же төрт амалдан болсо да баштоо керек деп ойлоймун.

Накта кыргыз илими эгемендүү болуп, илим агаларынан арылып, алар менен өнөктөш болушу зарыл. Кыргыз илими кыялдагы адамзат баалуулуктарына эмес, конкреттүү элдин кесиптеринин сапатын жакшыртууга жана муктаждык керектөөлөрүн канааттандырууга кызмат кылуусу керек. Ошондуктан кыргыз илиминин чабалдыгына намыстанбай,

примитивдик болсо да кыргызга кызмат кылган багыттарды колго алып, аларды жакшыртуу максатындагы илимий – изилдөө иштерин баштоо керек. XIX– кылымдын башында батыш өлкөлөрүндө жүргүзүлгөн примитивдик илимий (механикалык, электрдик, оптикалык) тажрыйбаларга жана сыноолорго негизделген илимий ачылыштар акырындап олтуруп Европаны турмуш тиричилик цивилизациясынын туу чокусуна чыгарганын эстеп көрөлү. Кыргыз окумуштуулары жаңы улуу ачылыштарды ачуу милдетин аткарышпаса да, ачылган илимдерди пайдаланып, айыл чарбасын өнүгүүсүнө салым кошуп, жер шартына ылайыкташтырылган чарба техникаларын, энергия булактарын пайдалануу жолдорун иштеп чыгышы керек. Ошентип кыргыз илими да кесиптер сыяктуу эле коомдун керектөө муктаждыктарын канааттандыруу ишкердиги катарында түшүнүлүп, аны уюштурууга жумшалган чыгымдарды актап гана тим болбостон, илмпоздорго да киреше алып келип, алардын бакубат жашашына шарт түзүүсү керек. Демек, илимий – изилдөө иштери формалдуу кошумча авторитет алуучу “окумуштуулук” кесиби катарында эмес, анын натыйжасынан киреше алып, бай жана бакубат жашооңду уюштура алчу кесип катарында бааланып, ишкердүүлүктүн бир формасы деп эсептелиши зарыл.

Азырынча СССР ден калган илимди сактап калалы деген инерция менен эле илимдин абийирин жабыш үчүн мамлекет тарабынан каражат бөлүнүп жатса, жакынкы жылдарда республиканын бюджетине ачыктык киргизилип, налог төлөөчүлөр ар бир төлөгөн тыйынынын эсебин сурап, пайдасы тийбеген илимге каражат бөлбөө талаптары менен көчөгө чыгары талашсыз. Ошондуктан илимий изилдөө иштерин да базар экономикасынын шарттарына ылайыкташтырып реформалап, окумуштууларды алдыда күтүп жаткан жумушсуздук проблемасынан убагында куткарууга үлгүрүп калышыбыз керек.

Базар экономикасынын шарттарында окуп билим алуу же илимий - изилдөө иштери менен алектенүү, турмуштук муктаждыкдыктарды канааттандыруу зарылчылыгына жараша аныкталган төмөндөгүдөй максаттарды ишке ашыруу менен аткарылат:

1. *Тандаган кесибиңди өздөштүрүп, андан жакшыраак киреше табуу үчүн;*

2. *Башка кесиптердин натыйжаларын колдонуп, жаңы кесипти өздөштүрүү үчүн;*

3. *Эл аралык маанидеги адис болуу үчүн.*

Мектепте же адистешкен окуу жайларда билим алып, кесипке үйрөнүү зарылчылыгы ар бир баланын өз каалоосуна ылайык келип чыгып, аны жакшы кесипке ээ болуп бай жаша деп эч ким мажбурлабайт. Ошондой болсо да жалпы коомчулуктун жакшы жашоосуна тоскоолдук кылбай, анын агымынан нан таап жеш үчүн, көпчүлүк өлкөлөрдө минималдык деңгээлдеги милдеттүү билим берүү системалары киргизилген. Алардын катарында Кыргызстан да жалпы элдик сабатсыздык алааматына кабылбоо максатында милдеттүү 9 – класстын көлөмүндөгү акысыз билим берүү саясатын

жүргүзүп келет. Ал эми каалоочулар үчүн акысыз 11 – жылдык мектеп билими берилет. Бирок мындай мүмкүнчүлүктү туура эмес түшүнгөн балдар мугалимдерди кыйнап окутуучу адам катарында кабыл алып, алардын жакшы окуусу мугалимдер үчүн гана керек деген ойго келишип, мектеп убакыттарын куру бекер өткөрүп жиберишет. Жакшы жашоо үчүн сабаттуу кесипке ээ болуу керек экендигин убагында түшүнүп, убакыттан уттурбай жакшы окуп, өз алдынча мектептен үйрөнгөнүнө кошумча келечектеги тандоочу кесибиң боюнча адис болууга даярдануун керектигин билишиң керек. Көз ачып жумганча өтүп кетүүчү мектеп күндөрүн эффективдүү пайдаланып калсаң гана кийинки турмушуңа жакшы фундамент куйган болосуң. Базар экономикасынын шарттарында ар бир өнөр кесиби акысыз үйрөтүлбөйт, азырынча бизде гана ширетүүчү, механизатор ж.б., сыяктуу кесиптерге акысыз үйрөтүп жатканы менен, өнүккөн өлкөлөрдө да мындай кесиптерди акча төлөсөң гана үйрөтөт. Айрым учурларда гана өздөштүргөн кесибиң боюнча кайсы бир ишканаларга иштеп берүү милдеттеме келишимдери менен, алар жүргүзгөн төлөмдөрдүн чегиндеги акысыз өнөрдү үйрөнүшүң мүмкүн. Ал эми айрым өлкөлөрдө өнөр үйрөнүү үчүн устат адистерге шакирт болуп ондогон жылдар алардын өнөрканаларында акысыз иштеп келишет. Мамлекет болсо өзүнө керектүү адистиктерге бюджеттен акча бөлүп, алар окуп, өнөргө ээ болгондон кийин иштетип, жумшаган чыгымын актатат. Ошентип эч кандай билими жок эле “эшек” же “ат” сыяктуу кара жумуштарды иштеп жүрүү ниетиң болсо, анда окубай үйрөнбөй койсоң боло берет. Дыйканчылык кесибин тандасаң да окууга туура келет, анткени эгилген аянттын топурагынын составын, себилген эгиндин өнүмүнүн сапатын билип, агротехникалык эрежелерди туура пайдаланып, алган түшүмдү сактай билип, кирешелүү сатуу өнөрү белгилүү бир билимди талап кылат. Болбосо дыйканчылыкка жумшаган каражатың жана эмгегиң өзүн актабай, жетиштүү киреше албаган соң, дыйканчылык кесибин таштоого туура келет. Малчылык менен алектенүү да жетишерлик билимди талап кылып, туура зооветеринардык эрежелерди сактабасаң, малың өнүкпөй убарагерчилик тартаарың турган нерсе. Элибиздин кесиптерге карата сабатсыздык менен жасаган мамилесинин натыйжасында СССР дин мезгилинде Польшадан, Белоруссиядан алып келинген асыл тукум уйларга маани берилбегендиктен, туура селекциялык эрежелер сакталбай, малды эттүү экен деп уурдап сатып жеп олтуруп, “Баягы, баягы, койчумандын таягы” – дегендей желини какшыган асылсыз уйларды багып, сөөгүн мүлжүп калдык. Ушундай эле акыбал койчулук, жылкычылык чарбаларында да орун алып келет. Баккан малына паспорт түзөлү десе, шымсыз адамды көргөндөй шылдыңдаган кыргыздар эл аралык базарга сабаты жоктугунан чыга албай жатканын түшүнүшү керек. Эгерде адамча жашоону өздөштүргүң келсе, анда тандаган кесибиңден максималдык киреше алууга аракет жасап, ал кесиптен ким кандай киреше алып жатканын изилдеп, андан да чоң киреше алуу жолдорун ойлоп табууга тийиишсин. Сен окуп жаткан мектеп билими дал ушул адамча жашоонун жолдорун издөө этаптарында калыптанып, алгачкы

учурда кат тааныту милдетин аткарса, турмушту таанып жашоо жолун издей баштаганында химия, биология, математика, физика өңдүү сабактар менен толукталып жүрүп олтурат. Мектепке киргизилген информатика сабагы адамзаттын турмушун эбегейсиз жеңилдеткен компьютердик технологияны үйрөнүүгө жол ачат.

Ошентип окуп билим алуу процессин жөн эле алаксуу мезгили катарында эмес, конкреттүү бир өнөрдү сапаттуу үйрөнүү мезгили катарында кабыл алуу керек. Чынында эле эч максатсыз окуп жатсаң, анда алган аттестатың же дипломуң жөн эле таза картон кагаздан айырмасы болбой, очокто жаксаң бир чайнек чай кайнабаган отунга окшоп кала берет. Берилген дипломдордун сенин тагдырыңа кандай таасир берерине окуу жайлар жооп бербейт, алар да базардагы өтүк саткан камоктой эле кардарды качырбай келгенине картон кагаздан жасалган дипломун сата бермекчи. Мындай абалды токтотуу үчүн окуп коюу үчүн окубастан, сага зарыл болгон бир кесипти өздөштүрүү максатында гана окууга келишиң керек. Мисалы, тамак – аш технологиясына байланышкан кесипти өздөштүрүп жатсаң, анда химия менен биологияны мыкты билишиң керек, анткени тамак – аштын курамын так билип, адамдарга пайдалуу же зыяндуу бактерияларды аныктай алсаң гана өндүргөн товарыңды дүйнөлүк базарга чейин чыгарып сата аласын. Демек, ар бир сабакты кайсы бир кесипти толук таануу каражаты же инструменти катарында үйрөнүү керек. Эгерде тегирмениң болуп, ун чыгаруу кесиби менен жаныңды багып жатсаң, анда бул кесип дыйканчылык кесибинен туунду катарында келип чыккандыктан, дыйкандар менен иштешип, аларды өзүңө тарта билбесең, башка тегирмендерге кетип калышат. Буудайдын илешимдүүлүк жана башка сапаттарына маани бербесең, базарды үйрөнүп, элдин табитин жана керектөөсүн баамдай албасаң, анда базарга койгон ундарың өтүмсүз болуп, ишиң жүрүшпөйт. Ушулардын баарын сезип, ага кошо техникаңды тейлей албасаң, анда сенин тегирменчилик кесибиңдин келечеги күмөндүү болот.

Өткөөл мезгилде билими болбосо деле шылуундук сапаттары менен иш уюштуруп, бакубат жашоосун камсыз кылган адамдардын ийгилиги да убактылуу экендигин турмуш көрсөтүп олтурат. Дүйнөлүк практика көрсөткөндөй сабатсыз адамдардын эмгегинен тапкан кирешеси кара курсагынан ашпайт. Ошондуктан балдарынын жакшы жашоосун каалаган ата – энелер убагында көңүл буруп, балдарына кесип тандашып, ошол кесипке карата керектүү билим алуусуна жардамдашуусу керек. Мисалы, түрктөр балдарына кесип тандоодон мурда “кезмеге” жөнөтүшүп, элдердин турмушун, базарларын, кесиптерин үйрөнүп келүүгө жөнөтүшөт. Өздөрү жетиштүү билим албай калган ата – энелер окуунун маанисин жете түшүнбөй, окуса эле адис болуп калат деген ишеним менен балдарынын жөндөмдүүлүктөрүн, билимин, каалоосун эске албастан, адис болуп калсын деген ойдо көзгө көрүнгөн окуу жайларга окууга киргизишип, балдары окуп келсе турмуштары оңолот деген ойго жетеленип келишүүдө. Ошондуктан бүгүнкү айрым ЖОЖ дордо энергетик адистигине үйлөрдөгү счетчиктерди

тескери айлантып баюуну, ал эми автомобилист кесибине ГАИ болуп шоферлордон “левый” акча топтоону, юрист кесибине элди камап, коркутуп акча алууну, врач кесибине оорукчандардын эсебинен бай жашоону, милиционер кесибине уурулар менен бөлүшүп жегенди самагандар гана окуп жаткандыгын көрүүгө болот. Мындан улам окуу жайлар таза наристе балдардын мурдагыдай аруу сезимдери менен окуп, билимдерин өркүндөтүп кетүүчү ыйык жай болбостон, айылдан салыштырмалуу адептүү жана таза балдар келип окуп, бүткөндө бузулуп кетчү мекмемелерге айланып бара жатканын сезесин. Биринчиден, ата – энесинин таанышына жана төлөм мүмкүнчүлүгүнө жараша окуп калгандыктан, көпчүлүк студенттер кайсы кесипти өздөштүрүп жатканын деле жакшы түшүнбөйт. Экинчиден, космонавттан башка бардык кесиптерге даярдап жаткан кээ бир ЖОЖ дордо адистиктер боюнча элементардык лабораториялар, керектүү адабияттар, окутуучу адистер жетишпейт. Мектеп деңгээлиндеги билими жок болгону менен илимий даражаларын сатып алышкан окумуштуу агайлардын адистиктерге киришүү деңгээлиндеги интернеттеги маалыматтарды камтыган сабактарынан эмнени үйрөнүшөрүн билбеген студенттер 5 жылдык өмүрүндө ата – энесин эсебинен бекер жашоону, косметика колдонууну, моданы, “окуп жатам” сөзүнөн башталган калпычылыкты, шылуундукту, жеңил турмушту үйрөнүшүп, “Шаар көргөн эчки” кесибине ээ болуп кайтышууда. Айылда жумуш оор болгондуктан, жеңил жашоого көнө түшкөн жаштар туулган жерине барбай, дүйнө кезип жөнөшүүдө. Жалтырак кийингенден башка кесиби жана билими болбогон ЖОЖ дун бүтүрүүчүлөрү чет жерде да жарытылуу иш таппай, күнүмдүк оокаттардын кулу болуп жүргөнүн угуп жүрөсүңөр. Ошондуктан өзүң жебей үнөмдөгөн акыркы тыйыныңды балаңды окутууга жумшоодон мурда, ошол окуу жайга келип окутуу базасын көрүп, аны окуп бүткөн студенттердин жана алардын ата – энелеринин пикирлерин угуп, балаң кесипке ээ болгондон кийин иштөөчү мекемелерге барып, алардын жашоолору менен таанышып чыгууң керек. Балаңды келечеги белгисиз окууга киргизгенден көрө, өзүң үйрөнгөн кесибиңдин сабаттуу жолуна үйрөткөнүң туура болчуудай.

Жер шарты ар кандай ишкердүүлүк жасаганга ыңгайлуу, ырыскылуу кыргыз айылдарындагы кесиптерге сабаттуу мамиле жасалса, элибиздин бакубат жашоосун толук камсыз кыла алат деп ойлоймун. Чынында эле, эмне үчүн кытайлар тамынын башында баккан коенду кыргыз айылында багып, этинен жана терисинен жасалган түрдүү продукцияларды Европага чейин сатса болбойт. Кесибибизге жасаган сабатсыз мамилебизден улам Европа өлкөлөрү биз өндүргөн продукцияларга ишенимсиз карап, жийиркенүү менен мамиле жасашат. Экологиялык таза продукцияларды өндүрүп сатуу үчүн шартыбыз болсо да, билимибиздин жетишпей жатканын моюнга алып, чет өлкөлөргө кара жумуш издөө үчүн эмес, кесиптерге сабаттуу аяр мамиле жасоонуу үйрөнүүгө барар мезгили келди. Ал үчүн окуу жайлардан жана балаңардан төлөгөн акчаңарга жараша кесип үйрөтүүсүн жана үйрөнүүсүн талап кылып, алардын ишмердүүлүгүн көзөмөлгө алууңар керек. Балам эптеп

бүтүп кетсин деп келечекте кереги тийбеген кесипке окутуп, эстрада жылдыздарындай көбөйгөн "Шоу - Билим" жылдыздары болгон ЖОЖ дордун кайырмагына илинип, өз акчаңарга балаңарга сабатсыз кесип сатып бербегиле. Кыскартып айтканда, XXI – кылымдагы жер шарындагы жашоо "Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат" –деп аталарыбыз айткан макалдын тууралыгын далилдеп, элдерди акыл билимине карап ырыскы берип, бай – кембагалга бөлүп салчуудай туюлат. Ошондуктан кайсы окуучу болсо да, ал өзүн келечек коомго керек адам экендигине бекем ишенип, кичинекей Кыргызстандын оорун колдон алып, аны илим-билимдүү алдыңкы өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кошуу парзын бүгүндөн баштап эле аткарууга ашыгып туруусуна жетишүү зарыл. Убагында атактуу француз жазуучусу Жюль Верндин «Суу астында жыйырма миң миль», «Капитан Гранттын балдары», «Сырдуу арал» сыяктуу китептериндеги кыйын кыйчалыштан жол издеп, бактылуу турмушка жетишкен, өздөрүнө бекем ишенишкен талыкпас каармандары азыр деле маанисин жогото элек. Көрсө, өз заманында фантаст – жазуучу мыкты педагог болуп, окуучуларды кызыктуу окуяларда түзүлгөн кырдаалдардан чыгуу үчүн математика, физика, химия, география, биология ж.б. предметтерди үйрөнүү зарылдыгын түшүндүрүп, алардын турмуштагы колдонуштарын көрсөткөн китептерди жазган тура. Анын китептери миңдеген окуучуларды кайрадан мектеп партасына олтуруп, билимдерин тереңдетүүгө үндөп, адам баласынын жашоосунда илимий-техникалык жетишкендиктерди ийгиликтүү колдоно билүүгө жана адамдарды коллективде жашоого үйрөтүп, жаратылыш менен гармонияда жашоо чакырыктары катарында жазылганын кийин билип олтурбайбызбы. Жюль Верндин китептеринин таасири менен адам баласынын акылына сыйбас ачылыштар жасалып, илимий-техникалык прогрesstин тездегенин тарыхтан талашып тартып алууга болбой калды го.

Эл аралык деңгээлде ишкердүүлүк жасоо ниетиң болсо, анда өнүккөн өлкөлөрдө жашаган элдердин тилин өздөштүрүп гана тим болбостон, алардын өндүрүш технологияларын жана өндүрүлгөн товарларды сатуу механизмдерин үйрөнүп чыгууга туура келет. Мисал катары эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары орто мектептин деңгээлинде сабаты болгону менен, майда соода иштеринен каражат топтоп, Ноокаттын тамекисин Россияга экспорттоо менен, элдин проблемасын чечүүгө аракет кылган патриот жигиттин ишкердүүлүгүнө токтоло кетейин. Өзүнө санаалаш достору менен жүз миң америка долларын топтоп, тамекини акырына чейин иштетүү максатында сигарет заводун куруу чечимине келишип, мага сигарет заводун куруучу компанияларды табуу тапшырмасын берип калышты. Мен да бул сыяктуу идеяларга мурдатан эле кызыгып, изилдеп жүргөндүгүмдөн, аларга дароо эле бул оюңардан баш тарткыла деп кеңеш бердим. Анткени, биринчиден, тамекини эгип өстүрүүгө азыраак эле акыл керек болгондуктан, дүйнөдө тамеки өстүргөн адамдар көп, экинчиден, сигареттин оромо кагазы менен кутусу, ичиндеги тамекиден алда канча кымбат, үчүнчүдөн, дүйнөлүк сигарет базарын контролдоп турган гигант сигарет заводдор бар, ал сигарет

заводдорунун кожоюндары өз базарларынан Кыргызстан эмес, Россияга да орун бербейт. Социалисттик лагерге кирген өлкөлөрдүн базарын мыкчый кармаган СССР дин саясий планынын негизинде гана биздеги заводдордун продукциялары сатылып келгенин түшүндүрдүм. Чынында эле эркин базар экономикасын шарттарында жеке ишкер эмес, Кыргыз өлкөсү да Ноокатка сигарет заводун кура албайт болуучу. Эгерде миллиондогон кредит алып, заманбап сигарет заводун курсаң да, анын кагазын Финляндиядан, фильтрин Германиядан алып келүүгө туура келет. Бул өлкөнүн өндүрүүчүлөрү да мурдатан иштешкен туруктуу кардарларын жоготкусу келбей, Ноокаттагы сигарет заводуна гиганттар менен макулдашылган баада гана кагазды, фильтрди сатышат. Натыйжада тамеки талаасынын четине курулган сигареттин кутусунун өздүк наркы 20 сом болуп, киреше алуу үчүн жок дегенде 20,1 сомдон сатуу керек болсо, гигант заводдор Ноокаттка жана ага жакын аймактардагы базарларга кутусу 19 сомдон болгон сапаттуу сигареттерди жайнатып жиберет. Ошентип биз курган завод ачылган күндөн эле зыянына иштеп, экономикабызга пайда алып келмек турсун, чоң баш ооруну жаратат. Айласыз заводду курууга алынган кредитти элдин эсебинен төлөөгө туура келет. Сигарет завод куруучулардын сигареттин сатылуу базары менен иши жок, алар кура турган заказ болсо эле иш баштап, куруу акысын алууга жана өз шаймандарын сатып орнотууга кызыкдар. Көптөгөн өлкөлөрдө өндүрүлүп сатууга даярдалган сигареттер кампаларда чирип, мөөнөтү өтүп кеткенден кийин вагондору менен өрттөлүп, кемелерден сууга ташталып жатат. Чөйрөнүн экологиясын коргогон мекемелер аларга өз алдынча жок кылууга уруксат бербей, акы төлөп зыянсыз жок кылуучу заводдордо гана жок кылууга уруксат беришет. Демек чыгарган сигаретиңди киреше алып сатмак турсун, кайра чыгым тартып жоготууга тийишсин.

Мисалда айтылгандай ишкердүүлүк уюштуруу үчүн мектептеги алган билим, айылдын же райондун деңгээлиндеги ой жүгүртүү жетишсиз болуп, чет өлкөлөрдө кошумча билим алууга туура келет. Ошондуктан жакшы жана бай жашоону каалasaң, анда мектеп окуусуна жана андан кийинки кесиптик билимдерге өзгөчө көңүл буруп, кара жумушка сабаттуу илимий көз караш менен мамиле жасоону үйрөнүшүң зарыл. Албетте, жакынкы 50 жылда супер компьютер же автомобиль, же болбосо турмуштук техникаларды жасап, дүйнөнү таң калтыруучу кыргыз чыга койбойт дечи. Ошондой болсо да аларды сабаттуу тейлеп иштете ала тургандай кыргыздарды тарбиялоо милдетин аткарышыбыз керек. Мисал катары айта кетели: Ош шаарында компьютердик технологияларды бир канча ЖОЖ дордо окутуп жатканына карабай, аларды бүтүшкөн адистердин ичинен ушул багытта көзгө көрүнгөн, сөзгө аларлык иш кылган кыргызды жолуктура албайсын. Ош шаарында компьютердин тетиктерин таанып оңдогон, анын базарын көзөмөлгө алып, эс тутумдары жана кубаттары боюнча сатылуу тартиптерин аныктаган адамдардын ичинде кыргыз улутундагы адамдар жокко эсе. Башка улуттун 16 – 18 жашар балдары “кыргызбайлардан” баштап, мамлекеттик мекемелерге чейинки кардарларга компьютер сатып, кеңеш берип жатканын

көрүп, алган буюмунун атын билбеген кемпирлерге окшоп: “Ээй, бир темири жок дешип жатат, сырты кубаттуу компьютердикиндей болгону менен, ичинде бирдемеси жок окшойт ”, – деп жаткан абройлуу эле адамдарыбыздын сөзүн угуп арданып кетесин. Жаштарыбыздын кылар ишти кылбай, окуй тургандын окубай, үйрөнө турганды үйрөнбөй жатканына нараазы болуп, башка улуттун балдарынын зиректүүлүгүнө тан бересин. Аргасыздан ардагер педагог – окумуштуу Бекембай Апыштын “Педагогиканын “П” сын билбегендер окутуп жатса, студенттерден ким чыкмак эле” деген сөзүн эстеп, баарынан мурда балдарына кесиптин бир “К” тамгасын үйрөнүүгө көмөктөшө албай жаткан ата – энелерди күнөөлөгүм келет. Кудай берген баласына ырыскысын кошо берет дегенибиз менен, жок дегенде ошол ырыскыны терип жегенди тоокчолук болсо да үйрөтүү милдетин Кудай тарабынан ата – энелерге жүктөлгөнүн унутпасак. Кандай гана бала болбосун, ата – энеси көрсөткөн жолду биринчи орунга койгондуктан, кайсы багыттагы кесипке окууну, эмнени үйрөнүү керек экендигин үй – бүлөнүн таасири астында тандайт. Эгерде ата – эне баласы тандаган кесипке көңүл буруп, аны өздөштүрүүсүн көзөмөлгө албаса, анда аны кандай мугалим же устат үйрөтсө да жакшы жыйынтык чыкпайт. Ошондуктан акылдуу улуттагы ата – энелер балдарын жаш чагынан ээрчитип жүрүп үйрөтүп, адистерге шакирттикке берип, кесип тандоо жана өздөштүрүү процессин көзөмөлдөшөт. Мисалы, өз экономикасынын өнүгүү коопсуздугуна алдын ала кам көргөн Англияда, төмөнкү класстын окуучуларынын кандай кесипке кызыгуулары алдын ала изилденип, ондогон жылдардан кийин коомдо жетишпей турган кесиптерге карата чаралар кабыл алынат. Ушундай изилдөөлөрдүн биринде, балдардын басымдуу бөлүгү тез баюу максатында эстрада ырчысы, футболист, киноактер сыяктуу жеңил оокаттарды тандагандыктан, келечек өндүрүшүнө керектүү инженер, технолог, программисттеди үчүнчү өлкөлөрдүн балдарынын эсебинен толуктоо программасын иштеп чыгышып, аларга каражат бөлүшкөн. Ал эми кыргыз коомчулугу кесиптик сабатсыздыгын моюнга алгысы келбей, өлкөнүн өнүкпөй жаткандыгыгынын себебин өкмөт башчыларынан, саясатчылардан издешип, балдарын кесип үйрөтүүгө эмес, наараазы болуп акцияларды, революцияларды өткөрүүгө үйрөтүп жаткандай туюлат.

Эгемендүүлүктүн башталышында белгилүү окумуштуу Аскар Акаевдин Президент болуп шайланышы Кыргызстанга эбегейсиз чоң утуш алып келген, анткени дээринен окумуштуу А.Акаев Кыргызстандын проблемаларын илимий тема катарында карап, аны чечүүнүн илимий усулдарын иштеп чыгууга аракет кылган. Кийинчээрек маани берилбей калганы менен, убагында “XXI – кылымдын кадрлары" программасы жаштардын жашоо жолун туура тандоосуна, кесиптик сабатсыздыгын жоюуга чоң салым кошуп, кыргыз жаштарынын көз карашын өзгөртүп дүйнөлүк цивилизациянын агымына интеграцияланып жашап кетүүсүнө мүмкүнчүлүк түздү. Индиянын көмөгү менен аз каражат жумшап, көп киреше табууга шарт түзгөн компьютердик технологияларды колдонуу

программаларын түзүп – сатуучу адистердин мектебин түзүү аракеттери көрүлдү. Бул мектептерде окуган жүздөгөн кыргыз жаштары Россия, Казакстан сыяктуу өлкөлөрдүн компьютердик технологиялар менен байланышкан ишканаларында жетектөөчү кызматтарга чейин жетүүгө мүмкүнчүлүк алышты. Дүйнөнүн унутулган кыйырында жайгашып, алдыңкы технологиялар базарынан алыс аралчада тургансып көрүнгөн Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүү багыттары аныкталып, өнүгүүгө жагымдуу шарт түзүүчү иш чаралардын тизмеги түзүлүп, жол, уюлдук жана интернет байланыштары сыяктуу орчундуу маселелелер тездик менен чечилди. Экономикалык маселелер да саясий көз караштар аркылуу чечилбестен, илимий эсептөөлөргө негизделген болжолдоолорго таянылып, өз убагында зиректик менен чаралар кабыл алынган. Эгерде эгемендүүлүктүн башатында коммунисттик көз карашы бар адам бийликке келсе, анда СССР ден калган традицияны сактап АКШ ны империалист, Кытайды шовинист, Батыш өлкөлөрүн капиталист деп мамиле түзбөй, Кыргызстандын экономикасынын дүйнөлүк интеграцияга аралашуусу кечеңдеп, өз жанын бага албай калган Россиядан товар келбегендиктен, керектөө муктаждыгы өсүп, өткөөл абал мындан да татаал болмок. Сомдун киргизилиши кыргыз банкын Госбанктын таасиринен убагында чыгууга мүмкүнчүлүк берип, куну учуп эч кимге кереги жок кагаз катарында калып кетүүчү рублдин Кыргызстанга топтолушунан жана СССР ден калган акыркы товарлардын сыртка ташылып кетилишинен сактап, кыргыз керектөөчүлөрүнө дүйнөлүк базардан эркин соода – сатык иштерин жасоого шарт түздү. Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна мүчө болуу менен СНГ өлкөлөрүнө күнүмдүк керектелүүчү товарларды ташуу коридору катарында кызмат кылып, кыргыздар ортомчулук ишкердүүлүгүнөн киреше алышты. Кала берсе бүгүнкү күнгө чейин ыры менен чыры бүтпөгөн Кум Төр алтын кенине байланышкан проект да кемчилдигине карабай, Кыргызстандын бүгүнкү бюджетин толтуруп турган негизги финансалык булак экендиги талашсыз. Кыргызстандын энергетикалык көз карандылыгына жетишүү менен электр энергиясын сатуу артыкчылыгын пайдалануу максатын көздөгөн Датка – Кемин проектиси да А.Акаевдин демилгеси менен башталып, айрым факторлордун негизинен ишке ашпай келсе, учурда ишке ашып, элибиз анын пайдасын көргөнү турат. Кыскартып айтканда Кыргызстандын жакынкы 50 жылдар үчүн экономикалык өнүгүү программалары А.Акаев мезгилинде аныкталып, кийинки жетекчилер аны ишке ашыруу менен эле убарагерчилик тартып жаткандай туюлат. Менин сөзүмдү эгемендүүлүк жылдарынан бери гезит – журнал окуп, өлкө турмушунан кат кабары бар ар бир адам ырастайт деп ойлоймун. Кантсе да Кыргызстан өлкөсү обьективдүү жана субьективдүү себептерден улам А.Акаевдин акыл – күчүн жана билимин акырына чейин пайдалана албады деп ойлоймун. Кыргызстандын экономикалык проблемаларын чечүү үстүндө тынымсыз иштеп олтуруп, А.Акаевдин экономика боюнча дүйнөдөгү адистердин бирине айланганын, ага Россия өңдүү улуу державанын өз экономикасынын математикалык моделин түзүү

ишениминин артышынан жана “Коомдук илимдерди өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн” В.Д.Кондратьев атындагы конкурстун лауреаты деп таанып, алтын медаль менен сыйлашынан, эл аралык ири экономикалык форумдарда Россиянын атынан сүйлөө укугун бергенинен улам байкайбыз. Бир сөз менен айтканда Петр – I Россиянын сырткы дубалын көзөп, Европага карай терезе ачса, А. Акаев Кыргызстандын сырткы дубалына Европа гана эмес, дүйнөнү таанытуучу терезе менен эшикти кошо салды деп ишеничтүү айта алам.

## 6. Демократиянын шарттарында кесип тандоо

Гректердин “демос” сөзүнөн келип чыгып “эркин болуу” маанисин түшүндүргөн “демократия” сөзүн жаш баладан кемпир чалдарга чейин жатка билишип, маанисин жете түшүнбөсө да, айтып жана угуп келишет. Ошондуктан бул сөздүн маанисин жана максатын төмөндөн жогору карай чечмелеп келели. Адамдын жашоо жолунда алгачкы жолу “үй – бүлөлүк демократия” деген сөз учурап, ал үй – бүлө мүчөлөрүнүн бири – бирине тең укуктуу жана ар биринин пикирин эске алган мамилелеринин жыйындысы катарында түшүнүлөт. Андан кийин уруулук, айылдык демократияларды жон териң менен сезип, жашоо жолдорундагы атаандаштыктардын агымында келип чыгуучу адилетсиз мамилелерден, кемсинтүүлөрдөн жана кысымдардан улам, күнүмдүк жашооңдон демократияны издей баштайсын. Ошондо өзүңө карата демократиялык принциптер бузулду деп, оболу айылдык деңгээлдеги демократиялык мамилелерди орнотуу үчүн күрөшө баштайсын. Бирок ар бир адамдын көз карашындагы демократия ар башкача болуп, сен үчүн демократиялык деп эсептелген мамилелер башкалар үчүн адилетсиздик болуп эсептелиши мүмкүн. Мисалы, “уурулардын демократиясы”, “мамлекеттик чиновниктердин демократиясы”, “укук коргоочулардын демократиясы” бири – бири менен дал келбеген карама - каршылыктуу түшүнүктөр болушат.

Кандай гана коом болбосун, анын жашоо жолунун тууралыгын ырастап, элдердин колдоо – ишенимин туудуруп туруучу идеологиясы болот. Ал идеология ошол коомду башкарып тургандардын кызыкчылыгын көздөп, элдерди аларга баш ийүүгө, урматтоого үндөйт. Натыйжада ошол идеологиянын негизинде элге үстөмдүк кылуучу, жетектөөчү тап пайда болуп, бул идеология аларга бай жана бакубат жашоого жана башкаруу мөөнөтүн узартууга шарт түзөт. Мисалы, кул ээлөөчүлөрдүн, рыцарлардын, уруу жетекчилеринин идеологияларынын баары алардын үстөмдүктөрүнүн демократиялуу, адилеттүү жана түбөлүктүү экендигин ырастоо максаттарында ошол коомдордогу бийлөөчү таптар тарабынан ойлонулуп табылып, элге эреже же мыйзам катарында таңууланып келген. Ошентип демократияны кайсы бир адамдардын тобунун өздөрүнүн жакшы жашоолорун сактап, түбөлүккө үстөмдүктөрүн уланта берүү идеологиясы катарында эсептесе да болдот. Эгерде коммунисттик идеологияны

жактоочулар адамдардын коллективин бүтүн бир адам катарында карап, алардын баарын тең мүмкүнчүлүктүү жана укуктуу деп, жарандарды теңдештирген саясаттын негизинде элдерди бириктирип, бийликти алып келишсе, азыркы демократиялык идеологияны жактоочулар ар бир жарандын жеке мүмкүнчүлүгүн жана укугун коргоонун негизинде топтолгон коллективдин же коомдун укугу корголот деген саясаттын өңүтүндө жарандарды бириктирип, бийликтерин бекемдеп келишет. Табиятынан ар түрдүү адамдарга жасалма теңдештирилген бирдей жашоо жана эмгектенүү укуктары берилгени менен, бул мүмкүнчүлүктөрдү жарандар өз билгениндей түшүнүп, “Койчу көп болсо, кой арам өлөт” – дегендей, ортодогу байлык көбөйбөй, дымыгуу кризисине кептелип, коомдун кыйрашына социалисттик лагердин урашы мисал болуп тургандай. Бирок бул батыш демократиялык принциптерин жүз процентке жакшы дегендикке жатпайт, анткени “демократия” деген адамдардын тең укуктуу өз ара сүйлөшүүсү гана болуп калбастан, экономикалык, социалдык жактан да бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн атаандаштыгына шарт түзүшү керек.

Аты кооз жана жагымдуу демократиялык мамилелердин артында эмнелер жатканына назар салып көрөлү. Биринчиден, демократия урааны өзгөчө өнүккөн өлкөлөрдүн экономикасынын пайдасына кызмат кылып, алардын ишкерлерине жагымдуу шарттарды түзөт. Мисалы Кыргызстанда ишкердүүлүк же экономикалык жактан демократиялык шарттар түзүлдү дейли. Анда кайсы өлкөдөн ким келип иштебесин, алар биздин жарандар сыяктуу эле чыныгы атаандаштык негизде каалагандай ишкердүүлүк жүргүзө алышат. Өнүккөн чет өлкөдө орточо айлык акы 10 000 доллар деп алсак, анда 100 000 доллары бар чет өлкөлүктөр четтен табылат. Ал эми Кыргызстанда орточо айлык акы 100 доллар десек, анда 100 000 доллар акчасы бар кыргыз аз эле экендигин баамдайбыз. Айталы, Кыргызстанда 100 000 долларга келечекте чоң пайда алып келүүчү бир ишкана конкурстук негизде сатыкка коюлсун, анда бул конкурска ондогон гана кыргызстандыктын катышуу мүмкүнчүлүгү болсо, четтен келген ар бир адамдын катышуу мүмкүнчүлүгү болот. Мындай демократиялык мамилелердин натыйжасында “Казга теңелген карга” болуп, пайдалуу өндүрүштөрдүн баарын конокторго берип, алардын кулуна айланып каларыбыз турган нерсе. Биз бай деп ойлогон араб өлкөлөрүндөгү байлыгынан баса албай чиренген араб шейхтери, нефть чыккан жерлеринен алган аренда жана налогдордун эсебинен гана киреше алышып, өндүрүш ишканаларына толугу менен чет элдик компаниялар көзөмөл кылышат. Жер ээлерине караганда жүздөгөн эсе көп пайда табышкан коноктор, нефть сатуу саясаттарына арабдарды формалдуу гана катыштырып, демократия ураанына жамынып араб өлкөлөрүн өздөрү каалагандай башкарып келишет. Чынында эле ушундай бай өлкөлөр сыяктуу көрүнгөн араб мамлекеттерин бири – бирин колдоого саясий кудурети жетпей, “Араб лигасы” сыяктуу уюмдардын үндөрүн башкалар турсун өздөрү эркин уга албай жатканын угуп, теледен көрүп олтурабыз. Ошентип биздин шарттарда өнүккөн өлкөлөрдүн түшүнүгүндөгү демократияны кабыл

алуу туура эмес деп ойлоймун, анткени бай өлкөлөрдүн демократиялык түзүлүштөрү, негизинен, биз сыяктуу чабал өлкөлөргө жасалган адилетсиз мамилелердин эсебинен жашап келишет. Албетте, кыргыз акылы жетпеген технологияларды пайдаланып, өндүрүштү өнүктүрүү үчүн чет өлкөлөрдүн шарттарына көнүп, алардан жардам алууга мажбур болсок да, жетишерлик бай болгону менен саясий эрки өздөрүн коргоого жетпеген мамлекеттердин тажрыйбаларын эске алып, экономикадагы демократиялык мамилелерди өз шартыбызга ылайыкташтырып түзүүбүз керек.

Экономикасы чабал өлкөлөр менен өнүккөн өлкөлөр бардык маселелер боюнча демократиялык мамилелерди түзгөн кезде келип чыгуучу дагы бир адилетсиздик жөнүндө сөз кылалы. Өнүккөн өлкөлөр өз жарандарынын коопсуздугу үчүн деген шылтоолор менен, аларга четтен келүүчү адамдарга түрдүү шарттарды коюп келет. Мисалы, кагаз жүзүндө Англияга кирүүгө тоскоолдуктар жоктой көрүнгөнү менен, иш жүзүндө Англияда калып кетпесин деген кооптонуу менен кайра кайтууга кепил болуучу документтерди даярдашың керек, кала берсе акчаң бар экенин далилдеген банк эсеби жана мүлкүң жөнүндөгү маалыматтарга чейин көрсөтүүгө тийишсин. Ошол эле учурда чабал өлкөлөргө кирүү жана ал жерде ишкердүүлүк жасоого тоскоолдуктар дээрлик коюлган эмес. Мындан өнүккөн өлкөлөрдөгү демократия принциптери өз жарандарын коргоого, алардын байлыгын көбөйтүүгө кызмат кылып, чабал өлкөлөрдүн жарды адамдарына өз эшигин жабарын көрөбүз. Кыргызстан Орто Азияда “демократиянын аралчасы” деп мактанганыбыз менен, анын жарандары ошол демократиянын түшүмүн толук жей алышпайт. Эч качан карапайым кыргыз жараны өнүккөн өлкөлөргө барып, ишкердүүлүк жасап эркин жүрө албайт, анткени анын Кыргызстанда бир жыл бою топтогон каражаты өнүккөн өлкөдө бир күндүк жашоого да жетпейт. Эгерде өнүккөн өлкөлөргө кирүүгө документтерди топтоо биринчи тоскоолдук болсо, бизге байкалбаган баа саясатын экинчи тоскоолдук деп эсептөөгө болот. Анткени өнүккөн өлкөлөр дүйнөлүк базар бааларын көзөмөлдөп турушкандыктан, өз продукцияларын жогору баалап, эл аралык валюта деген кагаз акчаларынын баркын көтөрүшүп, баш айланткан акция, банк саясаттарынын негизинде өлкөлөрүндөгү нормалдуу бир айлык төлөм акчаларын, чабал өлкөлөрдүн жарандары үчүн бүтүндөй бир байлык катарында көрсөтүүгө жетишишкен. Демократия ураанына жамынып, жер шарын менчиги сыяктуу калчап турган өнүккөн өлкөлөрдүн өндүрүшчүлөрү дүйнөлүк базарды ээлешип, Кыргызстан сыяктуу майда өлкөлөрдүн өздөрүнө өндүрүш ишканаларын курууга мүмкүнчүлүк бербейт. Мисалы сапаттуу бут кийим, текстиль өндүрүштөрүнө Италия көзөмөлдүк кылса, парфюмерия базарын Франция менен Израиль, автомобиль өндүрүшүн Германия менен Япония, электрондук технологияларын Япония, Корея ээлеп келет. Ошондуктан бул багыттагы өндүрүштөрдү ачуу үчүн базар ээлеринин кызыкчылыктары сакталган келишүү уруксатын алууга мажбур болосун. Биздин базардан Түрк ишкерлери тери сатып алып жатканы менен, алар химикаттар менен терини

иштетип, даяр булгаарыга айланткандан кийин Италия менен Германияга сатышат. Өз жерлерин зыяндуу химикаттар менен булгагысы келбеген Европалыктар иштелип бүткөн даяр булгаарыны, темирди ж.б.у.с., сырьелорду гана алышат. Европалыктарга караганда кесиптерге сабаттуу мамиле жасоону билбеген Турция, Россия сыяктуу өлкөлөр "демократтардын мусору" жыйналган өлкөлөргө айланып жатканда, дүйнөлүк демократия үчүн Кыргызстан кандай мааниде керек болорун ойлоп көрөлү.

Демократия деп айгай салганыбыз менен бул асыл сөздү же айтылган идеологияны жок дегенде кыргыздардын минималдык кызыкчылыктарын коргой ала тургандай шарттарда гана жетекчиликке албасак, анда А.Акаев, К.Бакиев, Р.Отунбаева, А.Атамбаев эмес, Манас келип Президенттик кылса да, сабаттуу жашоону үйрөнө албаган элибиздин көчө кыйкырыктары менен дем алган партиялар жана саясатчылар демократиянын ашмалтайын чыгарып, аны кыргызды кыйратуучу күчкө айлантып салчуудай туюлат. Анткени бизге четтен келүүчү демократиянын акыры "Жалпы адамзаттын баалуулуктарын сактоо жана өнүктүрүү" ураанынын алдында жер шарындагы адамдардын баарын жалгыз "демократия" динине ишенген бир элге, бир журтка айландыруу менен бүтөт. Бирок бир журтка айлануу процесси алсыз улуттардын экономикасын интеграциялап сиңирүү жолу менен, же болбосо демократиялык төңкөрүштөрдү колдоочу согуштар менен жүргүзүлүп, улуттардын жоголуусуна алып келгендиктен, демократиянын финишине жетип, жаңыдан калыптанган журттун арасында жок дегенде беш алты кыргыз табылабы же жокпу? – азырынча белгисиз.

### 7. Жашоодогу "вампирлер"

Жомоктордон жана уламыштардан угуп, "ужас" фильмдерден көрүп жүргөн вампирлер турмушта жолугабы деген суроо туулат. Вампирлерди көргөн жандуу күбөлөр болбогону менен, "вампир" түшүнүгү жөн жеринен жаралган эмес. Анткени адамдардын жашоо жолдорунда түрдүү окуялар кездешип, улгайган кезде өткөн өмүрүнө акыл токтотуп сересеп салса, анын жашоодогу акыл күчүн, эмгегин жана энергиясын бирөөлөр пайдалангандай ойлорго келиши мүмкүн. Жашоого келген ар бир адамдын өзүнө гана таандык биоэнергетикалык талаасы болуп, адамдар өз ара сүйлөшүп гана байланышпастан, алардын биоэнергетикалык талаалары да байланышып, өз ара бири – бирине таасир берип турушат. Айрым адамдардын биоэнергетикалык талаалары башкаларды өзүнө тартып, алар менен мамиле түзүү ынтызарлыгын жаратат. Ошондуктан алардын айланасында ага берилип, анын көрсөтмөлөрү боюнча гана жашай алчу адамдардын тобу пайда болот. Мисалы, илимий – изилдөө иштерине жетишерлик даярдыгың болбогонуна карабастан, жан тилегиң менен илимпоз болууну самасаң, анда кайсы бир илимпоздун чөйрөсүнө кошуласын. Көпчүлүк илимпоздор жаңы жаш күчтөрдүн эсебинен илим ачуу усулдарына басым жасашып, жарытылуу илими болбосо деле өздөрүнө окуучулары бар, салабаттуу окумуштуу

имиджин түзүп жүрө беришет. Эгерде ушундай илимпоздордун колуна түшсөң, анда өмүрүңдүн күлгүн курагын бошко өткөрүп, жаштыгыңды кургак кыялдарга арнаган болосун. Көп жылдык өмүрүңдү арнаган менен эч кандай илимий наамга жете албай, жалган илимпоздуктан башка кесибиң жок, эч кимге кереги тийбеген адам катарында коомдун агымына ыргытылганыңда, сени илимпоз болосун деп ишендирген илимий жетекчиңдин сага жолуккан "вампир" экендигин түшүнөсүң. Ушундай эле "вампирлерди" чыгармачылык чөйрөлөрдөн да жолуктурууга болот. Жаш таланттарды өздөрүнө ишендирип тарта алган көркөм өнөр ээлери, алардын музыкалык же башка чыгармачылык топторун түзүп, коюлган концерттерден түшкөн кирешелерди өз билгениндей пайдаланып, өздөрүн "ак сөөк" сезип келишет. Чыгарманы өз атынан аткара албаган жаш таланттар өмүр бою жетекчисинин атын чыгарып, канчалык таланттуу болсо да белгисиз бойдон кала беришет. Жетекчисине топтон чыгуу пикири билинип калса, мафия артынан түшкөндөй куугунтук жеп, ур токмокко же башка бир кысууларга кабылган таланттарды угуп жүрөбүз. Ошондой эле өндүрүштө жана соода ишкердүүлүктөрүндө да көптөгөн адамдардын өз өмүрлөрүн кожоюндарынын же "вампирлердин" бактылуу турмушта жашоосу үчүн арнап келгенин байкоого болот. Ошентип турмушта фильмдердегидей кан ичкен вампирлер жолукпаганы менен, дээрлик бардык тармактарда башкалардын энергиясын өздөрүнө багыттап соруп келген вампирлер жашап келишет.

Өнүккөн өлкөлөрдү да кайсы бир деңгээлде чабал өлкөлөрдүн энергиясын соруп жашоочу "вампир" деп түшүнүүгө болот. Демек, кайсыл бир тарап экинчи бир тарапка өз эмгегин жана мүмкүнчүлүктөрүн чексиз пайдалана берүүгө жол коюп келсе, анда акырындап олтуруп экинчи тарап биринчисин соруп жашоочу "вампирге" айланат. Ким болбосун жеңил оокат табууга аракет кылгандыктан, турмушта "вампир" болууну каалагандар четтен табылат. Эгерде иш баштоо алдында каражатың жана мүмкүнчүлүгүң жок болсо, анда сөзсүз "вампирлер" менен мамиле түзүүгө туура келет. Бирок бул мамилени түбөлүк улантпоо үчүн, "вампирлер" менен мамиле түзүүдөн мурда, аны менен иштөө максаттарыңды этаптарга бөлүп, ошол этаптардын кайсы бири бүткөндөн кийин, көз карандысыз жашоону улантуу программасын түзө билишиң керек. Эгерде мындай программа түзө албасаң, анда убагында кесибиңди же кылган жумушуңду алмаштырууга, же акырындап кожоюнуңа өз кызыкчылыктарыңды коргогон шарттарды коюуга тийишсин.

Тиүүлүктө бир гана адамдардын энергетикаларын эсебинен жашаган "Вампирлер" кездешпестен, тирүүлүктүн бардык формаларынын өзүнө жараша "Вампирлери" болот. Адамдар да өзүнөн майда тирүүлүктөргө "Вампир" болушса, адамдарга караганда жогорку тартиптеги тирүүлүктөр болушкан планеталар, жылдыздар жана аалам мейкиндиги адамдар үчүн "Вампир" болушат.

## 8. Инвесторго карата мамилелер

Кыргызстандын эгемендүүлүк алган күнүнүнөн баштап "экономикага инвестиция алып келдик", "инвестор таптык" деген сөздөр көп айтылып, алы жеткени да, жетпегени да сырттан келген акча булактарынын эсебинен өлкөбүздү оңдойбуз деп жатышат. Бир караганда инвестиция сөзү бекер оокаттай эле сезилгени менен, иш жүзүндө алдуу жана бакубат өлкөлөрдүн экономикасы начар өлкөлөрдү өздөрүнүн таасири астында кармап туруу инструмент катары эсептелип келет. Өткөн кылымдарда мамлекеттер өз таасирин же үстөмдүгүн согуш аракеттерин жүргүзүп, колонизациялоо жолу менен ишке ашырышса, азыркы учурдагы бүткүл дүйнөлүк глобализациянын агымында экономикалык инструменттерди кеңири колдонушат. Экономикага сырттан кирген инвестиция, дал мына ушул инструменттердин бири болуп эсептелет. Кандай гана инвестиция болбосун "жети өлчөнүп, бир кесилген" так эсептердин жана максаттардын негизинде чечилип, анын түпкү натыйжасы инвесторго пайда алып келүү менен аяктайт. Ошондуктан "бекер оокат капканда гана болот" деген макалды унутпай, инвестиция алуудан мурда анын соңку келечегин изилдеп түшүнүү зарыл. Эгемендүүлүк алган 1991 – жылга чейин СССР дин курамында болуп, анын идеологиясынын жетегинде сырттан экономикалык жардам алууга тажрыйба топтой албаган Кыргызстан өңдүү республикаларда экономикага алынган инвестициялардын көпчүлүк бөлүгү, киреше алып келмек турсун өлкөлөрүн талап тоноп кетүүгө жол койгонун көрүүгө болот. Мисалы СССР дин убагында калыптанган Россиянын ишканалары приватташтырылып, басымдуу бөлүгү чет элдик ишкерлердин колуна өтүп, Россияны өз алдынча экономикалык саясат жүргүзө албай турган абалга жеткирип салды. Приватташтыруунун натыйжасында Россиянын нефть, газ, токой, металл сыяктуу сырьелорун, автомобиль, курулуш, электр жабдыктар, тамак – аш өндүрүштөрүн тоноого жол ачылып, Россияга караганда чет өлкөлүктөргө көбүрөөк пайда алып келгенин статистикалык эсептөөлөр далилдеп турат.

Ушундай эле абал Казакстанда да орун алып, казак өндүрүш ишканалары, жер байлыктары иштетүүгө мүмкүнчүлүгү болгон чет элдик ишкерлерге бекер берилип, аларга иш орундарына Казакстандын жарандарын алуу жана налог төлөө шарттары коюлган. Чет элдик компаниялар төлөгөн айлыктын жана налогдун эсебинен айлык, пенсия, пособия жогорулап Казакстан утурумдук байып кеткендей көрүнгөнү менен, иш жүзүндө анын экономикасын көзөмөлдөө чет өлкөлүк компаниялардын же инвесторлордун колуна өтүп, катардагы казактардын көйгөйлөрүн өлкөсү эмес коноктору чечип калды. Мисалы 2005 – жылдардан кийинки дүйнөлүк экономикалык кризистин кесепетинен айрым инвесторлор мурдагы убадаларын бузуп, казактарга берген акчаларынын эсебин алып башташты эле, ишкердүүлүктү кыргыздардай төө, жылкы, кой багуу болбосо үй сатып

алып, кайра сатуу деп түшүнгөн казактар жумшаган акчасынын изин таппай асынып өлгөнгө чейин барышты. Кала берсе бир тууган казактардан жардам ала койгон канчалаган кыргыздар да жабыр тартышканын уктук. Ошентип Казакстандын экономикалык саясаты дээринен усулдуу жана сабаттуу кесип ээлери болушкан башка улуттарга киреше табууга мүмкүнчүлүк түзгөнү менен, кургак айлык, пенсия, пособиядан башка кирешеси жок казактардын тагдырын инвесторлордун ыктыярына салып берди. Чынында эле кокусунан Казакстан өкмөтү койгон талаптар инвесторлорго жакпай калган күнү иштерин токтотушуп, үйлөрүнө кайтып кетсе, түшкөн налогдордун эсебинен даяр тамак жеп көнүп калган казактарды базарларда араба түрткөн абалга чейин түшпөйт деп ким кепил боло алат. Ансыз деле Казакстандын чоң базарларында миңдеген казактар, башка улуттагы ишкерлердин анын ичинде кыргыздардын жүгүн тартып, жалданып иштеп жүрүшкөнүнө күбө болуп жүрөбүз.

Бизге караганда базар мамилелерине сабаттуу болуп көрүнгөн Өзбекстанда деле инвестициялар ийгиликтүү боло койгон жок, мисалы Кореялык ишкерлер менен пахта сырьесуна алмаштырылып, Асаке шаарына курулган автомобиль куруучу “Дамаз” заводунан көп үмүттөрдү күтүшкөн болуучу. Келишимдин шарттарында көрсөтүлгөн мөөнөттө бензинди аз талап кылган “Тико” өңдүү автомашиналар чыгарылып, өзбек элинин тилеги акталгандай көрүнгөнү менен, завод куруу аралыгында жалпы Орто Азиянын автомобиль базарын үйрөнгөн корейлик ишкерлер завод курулуп, келишим шарттары аткарылгандан кийин, Асаке заводунан чыккан автомобилге тектеш корей автомобилдерин Орто Азия базарына толтуруп салышты. Натыйжада автомобиль курууга тажрыйбасы жок, базары чектелген Асаке заводунун иши начарлай баштады. Чынында эле автомобилге керектүү тетиктердин баарын ташып келип кураган заводдун келечеги болбосун корей ишкерлери алдын ала билсе да, өзбек дыйкандарынын маңдай теринен топтолгон пахтаны алып, анын ордуна орточо технология менен жабдылган заводду куруп кете беришти. Дүйнөлүк автомобиль базарында алдыңкы технологиялар менен жасалган япон, немец, америка машиналары сатылбай жатканда, өзбек машинасын ким аларын ойлоп көргүлө. Албетте Өзбекстандын ички автомобиль базарына сырттан машина киргизбей коргоп, кайсы бир деңгээлде өзбек элине мажбурлап сатуу менен заводду аз кубаттуулукта иштетип турууга болот. Толук кубаттулукта иштеген күндө гана киреше алып келүүчү заводдун азыркы учурда Өзбекстандын экономикасына айтарлык салым кошуп жатканына ишенүү кыйын.

Кыргызстанга келген инвесторлордун биринчи толкуну болор – болбос кыргыз өндүрүш ишканаларынын ичиндеги жабдыктарын сыртка ташып сатуу менен бүттү десек болот. “Банкрот” деп жарыяланган ишканаларга мамлекет тарабынан коюлган ликвидаторлор ишканалардын баасы миллион долларга жакын станокторун үстөк акча ала коюп, он миң доллардан баалап, Иран, Кытай, Россия өңдүү мамлекеттердин ишкерлерине сатып жиберишти. Оштун пахта, жибек иштетүүчү комбинаттарын сатып алган инвесторлор да

бул ишканаларды иштетүүнүн ордуна колго кирген станокторун сатып түгөтүп, бул ишканалардын каңгыраган бош дубалдарын калтырып кете беришти. Азыркы күндө деле аларга ортомчу болуп, эл байлыгын тоношкон мекендештерибиздин мээсинде калган – каткан ишканаларды сатып түгөтөтүүдөн башка жаңы ой жаралбай келет. Ошентип бүгүнкү кыргыз инвесторлорун экиге бөлүүгө болот. Биринчиси – Кыргызстандагы өндүрүш ишканаларын бузуп – тоноп, сатып, кирешесин капчыгына салып кете бергендер, ал эми экинчиси – чакан өндүрүштөрдү, кызмат көрсөтүү точкаларын ачып, товар өндүргөндөр жана базарларда соода ишкердүүлүгүн уюштуруп алып сатуу менен алектенгендер.

Кыргызстанга анын ишканаларын бузуп сатуудан башка пайдасы тийбеген ишкерлердин көпчүлүгү депутаттык, министрлик кресcлолорго чейин жетишип, ээлеген кызматтарында да мурдагы бузуп сатуу саясатын улантып келишет. Мисал катары Ноокаттын “Улуу – Тоо” сымап комбинатын иштетүүгө инвестор болгон депутат – ишкер жалган “спектакль” уюштуруп, Хайдаркандан даяр сымап сатып келип, аны “Улуу – Тоодон” чыгып жаткандай көрсөтүп, Президент А.Акаевге тасма кестирип ачылыш жасаган болуп, текейден арзан приватташтырып алган. Приватташтырылган соң бат эле комбинаттын “жалган” иши токтоп, анын ичиндеги темир – тезектин баары кесилип сатылып жок болгон. Бул комбинатты кесип сатуусуна катышкан ширетүүчү, “бир айлык акыма жеңил машина алдым” – деп мактанып жүргөнүн угуп, депутат – ишкерди “Улуу – Тоолуктар” жөн жеринен каргап шилеп жатышпаганын түшүнгөндөй болдум. Ошентип ар бири алынын жетишинче кой короо, уй фермаларын иштетүүгө алышып, соңунда чаңы чыкканча чагып сатышса, кыргыз миллионерлеринин башатын түзгөн “ишкерлер” гигант ишканаларды тоноп сатуу өнөрлөрүн токтотуша элек. Кала берсе кыргыздарга грант катары бөлүнгөн каражаттарга курулган ишканалар да чет элдин көзөмөлүнөн чыккандан кийин тонолуп, жабдыктары сатылып кеткен учурлар кездешет. Мисалы Ош шаарына жакын жерде гранттын эсебинен курулган “Ак булак” сүт иштетүүчү кичи өндүрүшүнүн кургак дубалдары калып, ичиндеги жабдыктар эбак эле Россия менен Бишкек шаарындагы жеке ишкерлерге сатылып кеткен.

Кыргызстанга келген дагы бир чоң инвестиция Токмок шаарына курулган кагаз комбинатын курууга жумшалган. Кыргызстандын гана эмес, Орто Азиянын кагаз муктаждыктарынан ашып түшкөн кагаз продукцияларын чыгарууга ылайыкташкан бул заводду бир күн да иштете албадык окшойт. Себеби, биринчиден, заводдун бир – эки күндүк продукциясы эле Кыргызстандын кагаз муктаждыктарын канааттандырып, калганын сатууга базар издөө керек болсо, экинчиден мындай заводго сырье табуу мүмкүн эмес болчу. Кыргызстандын бардык теректерин, камыштарын кесип келгенде да заводго бир жылдык сырье боло алмак эмес.

Кыргыздардын мал багып, дыйканчылыктан башкага алы жетпеген сабатсыздыгынан жана чиновниктердин чыккынчылык менен элдин кызыкчылыгын акчага сатып жибергендигинен пайдаланган инвесторлор,

кыргыздарга акыл болуп өндүрүшүн жандандырууга жардам бермек турсун, анын түбүнө жеткиришти. Эгемендүүлүк жылдарында алынган инвестициялык каражаттардын ичинен жол курууга жумшалган акчалар гана максаттуу пайдаланылгандай көрүнгөнү менен, тоо – кен өнөр жайына жумшалган каражаттардан майнап чыга берген жок. Пайдасынан чуусу көп “Кум – Төр” алтын кени деле айтарлык киреше алып келе албады, анткени Кыргызстан тараптан кирген учредителдердин арасында Кыргыз Өкмөтүнөн башка жергиликтүү жеке адамдар да киришип, алар эч акчасын кошпосо да кол койгондугу үчүн дивидент алып келишкени маалым болду, анткени Кыргызстандын бул кендеги үлүшүнүн чоңоюшу канадалыктардын эсебинен эмес, ошол жеке адамдардын үлүшүн тартып алуунун эсебинен жүрүп жатканы чет элдик жана кыргыз басма сөздөрүндө жазылып калды.

Экономикага инвестиция катарында акча каражатын же техникалык жабдыктарды алып, аларды сабаттуу пайдалануу үчүн эмнелерди билүү керек экендигине токтололу:

1) *Инвестор, биринчиден, өз кызыкчылыгын ойлойт, ал өзүнө пайда алып келүүчү проекттерге гана каражатын жумшайт.*

2) *Инвестор менен иштешүү үчүн атайын билимге ээ болуп, даярдык көрүү зарыл. Инвестордун өздүгүн жана кылган жумушун үйрөнүп, анын киреше табуу усулдарын өздөштүрүп, кайсыл жерлерге кандай инвестиция салганын жана анын натыйжасын билүү зарыл. Инвестор менен иштешүүдөн мурда, болжолдонгон шериктештиктин экономикалык моделин түзүп, алдын ала шериктештиктин натыйжасын болжолдоп билүү керек.*

Мисал катарында Базар – Коргон районунда совет бийлигинин акыркы жылдарында курулуп, жарым жылча иштеп үлгүргөн кондитердик фабрика жөнүндө айта кетейин. Кыргызстанга жардам берүү ниети менен келген түрк ишкерлеринин тобуна аки - чүкүсүн түшүнбөй эле 1996 – жылы ушул фабриканын иштеткиле деген сунуш болгон. Бул сунушту үйрөнүү үчүн Түркиядан 26 адамдан турган эксперттер учуп келип, токтоп калган фабриканын келемиш менен чаң баскан имаратын кыдырып, орнотулган жабдыктарын көрүп жатты. Фабрикада печенье бышырчу эки Украиналык, эки Германиялык технологиялык линиялар бар экен. Кол компьютерлеринен карап, алардын маркаларын жана кубаттуулуктарын тактаган соң, баштарын чайкап, бул бүтүндөй союзду печенье менен камсыз кыла тургандай фабрика экен деп, кетүүчү сырьелорду эсептеп киришти. Таттуу печенье жасоо үчүн атайын сорттогу унду Казакстандан, шекерди Украинадан алуу керек, аларды ташуу үчүн темир жол болушу керек деген эксперттердин бири Кыргызстанда беш миллион эл болсо, алардын бир жылдык керектөөсүнө ашып барса 500 вагон печенье кетет экен деп жыйынтык чыгарды. Ошентип эксперттер тобу, төрт печь үчүн ушунча сырьену ташып келип, кайра ташып барып башка базарларда саткандан көрө, ушул төрт печти сатып алып, унга жакын Алма Атага орноткула деп кеңеш берди. Биз заводду көчүрбөй эле аз кубаттулукта иштетсеңер болбойбу деп сурап калдык. Алар печтерди

жаккандан кийин сутка бою өчүрүүгө болбойт, анткени жылуулук үзгүлтүккө учурай берсе энергия коромжу болуп, киреше алуу кыйын, биз төрт сменада иштеген заводду эсебин алуудабыз деп түшүндүрдү. Түрктөр менен шериктешип кондитердик заводунун иштетебиз деп ишенип калган жергиликтүү жетекчилерге иштин чоо – жайын түшүндүрүп, кечирим сурап кайра кайтуудан башка аргабыз калбады. Өзүбүздүн өндүрүш боюнча сабатсыз экендигибизди моюнга алып, мындан кийин өзүбүз билген нерсеге гана кийлигишчү болдук.

3) *Инвестор менен келишим түзүп жатканда, ачыктык саясатын колдонуп, өз өнөктөштөрүңдөн же элиңден жашырып киреше алуу ниетиңди билдирбешиң керек, анткени сенин таза адам эмес экендигиңди билген инвестор сени урматтабайт жана биргелешкен иштин жүрүшүндө мурдагы келишимди бузууга аракет жасай берет.*

4) *Кыргызстан сыяктуу базары кичине жана экономикалык борборлордон четте жайгашкан өлкөлөргө инвестордун табылышы да чоң проблема, анткени өз жеринде туруктуу жана кирешелүү иши бар жакшы инвестор мындай өлкөлөргө келүүнү түшүндө да ойлобойт. Өнүккөн өлкөлөрдүн саясий кызыкчылыктарынын чегинде, айрым учурларда, мамлекет аралык келишимдер аркылуу гана пайдалуу экономикалык инвестиция келбесе, калган учурларда кыргыздын пайдасы экинчи, үчүнчү же андан да кийинки орунда турган инвестициялар гана берилет.*

Ошондуктан базар экономикасынын кысымы астында конкурентциядан чыгып, банкрот болуу коркунучунда калган инвесторлор гана экономикалык сабаты жок өлкөнү киреше булагы катары эсептеп, анын кедей элинин эсебинен жаңы импульс алып, өз бизнесин оңдоп кетүү үчүн келиши мүмкүн. Мындан сырткары орто жерден акча курап, жанында жарты тыйыны болбосо да ууру чиновниктерге өнөктөш болууга келген эл аралык шылуундардын тобу келиши мүмкүн. Дээринен коногун сыйлап төрүнө жаткырган кыргыздар чет элден келгендерге урмат менен мамиле кылып, коноктун келген максатын сүрүштүрбөй эле ичиндеги бар сырын төгүп, асыл ойлору менен бөлүшүп жатып калат. Кыргыздардын мындай алаңгазарлыгын пайдаланган коноктор кыргыздардын мүмкүнчүлүктөрүн, экономикалык абалын, жашоо образын үйрөнүп, кыргыз базарын ээлеп алганга үлгүрдү. Натыйжада кыргыз өзү багып өстүргөн тамекисин, пахтасын, төө бурчагын, жаңгагын, балын, жүнүн өзү сата албай, түрк, кытай, иран же орус ишкерлеринин оозун карап калды. Даяр оокатын эл аралык базарда сата албай калган кыргызга мындан өткөн кемсинтүү же мазактоо барбы? Демек инвесторго өзүңдүн сырыңды жана түпкү максатыңды билдирбөөң керек. Мисалы, биздин сырьелорду сатып алууга келген түрк ишкерлеринин кимисинен эмнени сурасаң да “Абий бу ишни аңламам ки” же “Шу анда не олдугун билмёорум” – деп жооп берип, бир да товардын баасын ачык айтпайт. Кыргыздан бир нерсени сурап калсаң, өзүнүн гана эмес айылдын бардык элинин сырын айтып, мүнөздөмө берип, айыл уурусунун үйүнө чейин көрсөтүп берет. Ушундай эле өзбек айылына барып бирөөнү издеп калсаң,

кошунасын да таанышбаймын деп үйүн көрсөтүп койбойт. Демек, инвестор сага өзү жана иши жөнүндө көп информация бергиси келбесе, сен да ага табышмак болуп көрүнүшүң керек.

5) *Бизге инвестор болуп көрүнгөн чет элдик компаниялардын көпчүлүгүн орто мектептин деңгээлиндеги билими жок коноктор башкарып, президенттин балдарына чейин таасирин тийгизип келгенине күбө болуп жүрөбүз.*

Мындай компаниялар эч кандай өндүрүштөрдү курбай эле бири чай, экинчиси сагыз, конфет сатып Кыргызстандын валюта запасын азайтып ташып кетишүүдө, же болбосо чиновниктерин сатып алуу жолу менен шылуундуктун элементардык ыкмаларын колдонуп, өздөрүнө кирешелүү алып сатуу ишкердүүлүгүн жүргүзүп келишет. Эгерде ар бир кыргыз сабаттуу кесипке ээ болуп кайдыгерлигин таштаса жана чыгынып ойлонсо, анда бизге ортомчу инвесторлордун кереги деле жок, алар сыртка ташып саткан сырьелорду жана сырттан ташып келген товарларды өздөрү деле аткарыша алмак.

Кыргыздардын кедейчилигинин себеби – тандаган кесиптерин сабаттуу деңгээлде өздөштүрө албай жаткандыгында экендигин түшүнө албай, инвестициянын маани – маңызын изилдебей эле тарта берип, максатсыз жумшап, карызга белчесинен батып жаткандыгы өтө күнүчтүү.

Сырттан келген инвестицияларды сарамжалдуу жана натыйжалуу жүргүзүү үчүн, менчиктин формасына карабай келген инвестициаларды эсепке алып, анын натыйжасын жана кайтарымын каттап турган мамлекеттик орган керек. Мындай орган келген инвестицияларды минфинге окшоп 10% тик үстөк (пара) менен таратпашы үчүн, статистикалык эсепти гана жүргүзүп: ким, эмне алды? Кандай иш бүттү? Ким, качан төлөйт? – сыяктуу билгилерди квартал сайын ийне – жибине чейин ачыктап коомчулукка жарыялап турушу керек. Ошондо гана коомчулуктун таасиринен чочуп, инвестицияны максатсыз уурдоо азайышы мүмкүн.

## 9. Кесип тандоодо спорттун орду

Колунда каражатың жок болгону менен кара күчүң болуп, спорттун кайсы бир түрүнө жөндөмдүүлүгүң болсо, анда аны келечектеги самаган кесибиңе жетүү үчүн өбөлгө катары колдоно билүүгө болот. Анчалык акыл эмгегин талап кылбаган спорттук таймаштар оңой оокаттай көрүнгөнү менен, анын артында кажыбас эмгек жана өжөр мүнөз менен талыкпаган машыгуулар турат. Өз жаныңды аябай тобокелдик менен таймашка түшүү ден соолугуңду бузуп, организмдин бардык резервдеринин тезирээк түгөнүшүнө алып келет. Ошондуктан дүйнө практикасында бактылуу карылык жашына чейин жашап өткөн белгилүү спортсмендерди көрө албайсын. Өнүккөн өлкөлөрдө спорт менен машыгуу дененин гармониялык толук өсүп жетилүүсүн камсыз кылуучу деңгээлде гана жүргүзүлүп, эл аралык таймаштарга ит уруш, короз мушташтыруу сыяктуу мамиле жасалып,

көбүнчө таймаштарга катыштыруу үчүн башка өлкөлөрдөн спортсмендерди сатып келишет. Жашоо турмуштары начар өлкөлөрдүн жаш спортсмендерин алып келип, аларга жашоо шарттарын түзүп, атайын программадагы машыктыруулардын жүрүшүндө гармондор кошулган тамактар менен багып, андан кийин аларды таймаштырып, кумарларын жазышат. Мындай көрүнүш байыркы Грецияда гладиаторлорду өлүмгө чейин чабыштырган оюндарды уюштурган ак сөөктөрдүн кумар жазуусуна окшоп кетет.

XX – кылымда спорттук мелдештерди уюштуруп, анын эсебинен киреше тапкан далдалчылар, спортту саясатташтырып, өлкөнүн мыкты жана күчтүү экендигин анын спортчуларынын мелдештерде жеңген ордуна карап аныктай баштаган. Мындай айлакерликтин натыйжасында эл аралык, региондук олимпиадаларды өткөрүү модага айланып, мамлекеттердин авторитеттери ушул мелдештерде алган медалдарына санына жараша таанылып келет. XX - кылымда дүйнө социалисттик жана капиталисттик лагерлерге бөлүнүп, алардын ар бири өз түзүлүштөрүнүн мыкты экендигин далилдөө үчүн спорттук мелдештерди жеңип чыгууга аракет кыла башташкан. Тымызын күрөштүн кызыгына баткан өлкөлөр спортсмендеринин келечек тагдырын эске алышпастан, аларды идеологиялык ишенимдерге азгырышып, убактылуу күч берүүчү допингдерди беришкен. Натыйжада “немец керемети” сыяктуу ийгиликтер жаралып, социалисттик өнүгүү жолунда бараткан ГДР (Германия демократиялык республикасы), өзүнүн батыштагы жарымы болгон капиталисттик ФРГдан (Германия федеративдик республикасынан) “артыкчылыгын” далилдеген. Арадан жылдар өткөн соң, убагында дүйнөнү дүңгүрөтүп, ГДР ге сыймык алып келген спортсмендердин көпчүлүгү инвалиддик коляскаларга олтурушканын, же бул дүйнө менен коштошуп кете беришкенин көрүп олтурабыз. Кантсе да биринчи орунда адамдын өмүрү тургандыктан, спорттук жетишкендиктерди өзүңө канааттануу алуу максатынын чегинде жаратсаң туура болот. Кайсы бир өлкөнүн же саясатчынын куру намысын коргоо үчүн жаныңды тобекелге салуунун зарылчылыгы жок. Спорт гана эмес, сенин бардык жумшаган эмгегиң өзүңө бактылуу жашоону камсыз кылуу максатына кызмат кылуусу керек.

Спортту өнүктүрүү саясатынын артында айрым топтордун жеке кызыкчылыктары турушу да мүмкүн. Мисалы, кылмыш дүйнөсүнүн адамдары өздөрүнө “жөкөрлөрдү” тандоо үчүн жаштарга кам көрүү чакырыгына жамынып, спорт клубдарын ачышы мүмкүн. Ушундай эле максаттарда саясий партиялар, дин уюмдары иш алып барып жаткандыгы да жашыруун эмес. Мындай спорт клубдары акысыз, же аз төлөм иенен эле жаштарга спорттук машыгуулар үчүн мүмкүнчүлүк түзүп бергендей болуп, иш жүзүндө спортсмендердин арасынан тандалган балдарды азгырып, өздөрүнүн жеке максаттары үчүн пайдаланып келишет. Адатта мындай топторго бир жолу кошулган адам андан өмүр бою кутула албасын турмуштук мисалдар далилдеп олтурат. Ошондуктан спортко машыгууда кара күчтү көбөйтүү маселесин эле биринчи орунга койбостон, машыктырган

спонсорлордун түпкү максаттарын, алардын жашоо усулдарын, аларга болгон коомдун жана укук коргоо органдарынын мамилелерин билишиң керек. Эгерде  кандайдыр бир шектүү же сага түшүнүксүз аракеттерди байкап калсаң, анда бир келген жашоодогу өмүрүңдү бирөөлөргө энчилеп байлап бергенден көрө, бул спорт клубунан убагында чыгып кеткениң туура болот.

Ошентип сен үчүн жөнөкөй ден соолугуңду чыңдоого машыккан спорттун түрү, кимдир бирөөлөргө элди чогултуп спорт мелдештерин өткөрүп, киреше табуунун булагы болсо, башка бирөөлөргө кумар жазуу, үчүнчү бирөөлөргө айланасына алдуу - күчтүү топторду түзүп, өз бийлигин жана байлыгын сактоо амалы болуп эсептелет. Бул топтордун мүдөөсүнө туура келип турган учурда сен аларга керек болгонуң менен, алдан тайып картая баштаганыңда керексиз мусордой көчөгө ташталышың мүмкүн. Ошондуктан спорттук бактың ачылып турган убакытты бошко кетирбей келечегиңди ойлоп, түбөлүктүү бир кесип тандоого жана тапкан каражатыңа ылайык ошол кесипти сабаттуу өздөштүргөнгө же жеке ишкердүүлгүңдү ачууга аракет жасооң керек.

Спорт мектептерине келген биринчи күндөн баштап, машыктыруучулардын мамилесин байкап, алардын спорттук этиканы маданиятты сакташына көңүл буруу керек. Эгерде машыктыруучулар орой, ырайымсыз жана катуу адамдар болсо, анда алар тарбиялаган балдар да ошондой мүнөздө болуп, спорттук ийгиликтерге жеткенден кийинки тагдырлары криминалдык топтор менен байланышып калышы мүмкүн. Ошондуктан спорт клубуна акча төлөп, балаңыздын мүнөзүнүн жана жашоодогу тандоосунун туура сакталышын кааласаңыз, анда балаңызды машыктырган тренерди жакшы үйрөнүүгө тийишсиз. Анткени жаңыдан машыгууга келген бала өзүн машыктырган тренерин кумир тутуп, ага окшошууга аракет жасайт. Орой жана ырайымсыз кара күчү бар өспүрүм турмуштан өз ордун таппай калса, анда ал тескери жолдорго ыктап, өзүнө окшош топторду издей баштайт. Айрыкча коомдук түзүлүштөр алмашкан өткөөл мезгилдерде адамдар акылы менен эмес, жырткычтар сыяктуу кара күчү менен жашап калган учурлар кездешип, өспүрүм балдар билим алып, сабаттуу кесипке ээ болгондун ордуна спортко машыгып, “бригадаларды” түзүп рекеттердин катарына кирүүнү самашат.

Спортко машыгуунун башкы максаты дененин ар тараптан туура өсүп жетилишине жана ден соолугуңдун таза болушуна жетишүү болуп эсептелет. Ошондуктан спорт менен денени мажбурлап кыйноо үчүн эмес, жан дүйнөңдү сергитип, ырахат алуу үчүн машыгуу керек. Деги эле турмуштук проблемалардан алаксып, жан энергетикаңды толуктап туруу үчүн кара жумуштан башка музыка сыяктуу жан эргиткен кыймыл – аракеттерди жасап туруу зарыл. Жашоо көйгөйлөрүн башыңа үйбөй, аларды чын жүрөктөн ишенген Кудайыңа тапшырып, жаңы жашоону баштоого, жаныңды дем алдырууга тийишсин. Мындай дем алуу жөн эле уктап жатуу болбостон, спорт менен машыгуу, йога көнүгүүлөрүн жасоо, саякаттоо, ишенген динге

сыйынуу ж.б., сыяктуу аракеттер менен коштолсо, анда жан энергетикаң канааттануу же эргүү абалына келип, жаңы биозаряддарды кабыл алып, толукталууга ыңгайлуу жагдай түзүлөт. Ошондуктан көптөгөн өлкөлөрдө спорт менен мээлүүн машыгуунун түрлөрү жалпы элдик мүнөзгө айланып, сейил бактарында жана аянтчаларында миңдеген адамдар спорттук машыгууларда физикалык денелери менен кошо жан дүйнөсүн тазартып, намаз окугандай ырахат алып турушат.

Чоң спорт менен машыгуу мөөнөтү 10 жылдан ашып кетпегени жакшы, анткени чоң спорт чоң энергияңды алып кеткендиктен, аны толуктоо үчүн белгилүү бир убакыт ичинде спорттун ырахат алып келүүчү жан сергиткен формасына өтүүгө тийишсин. Эгерде узак убакытка чейин чоң спортто жүрө берсең, анда анын кумары жан энергияңды соруп олтуруп, токтоно албас ээлигүү абалындагы терс энергияны топтоп, кимдир бирөөнү жазалоо же жыгыта коюу сыяктуу шайтандык сезимдерди ойготот. Мындай топтолгон терс энергияны реализациялоо үчүн жаман иштерге барып, анын арты өлүмгө же түрмөгө барып бүтөт. Реалдуу турмушту байкап көрсөң, дүйнөлүк аренада узак кармалууга аракет кылган спортсмендердин көпчүлүгүнүн тагдыры кейиштүү бүткөнүнө ишенесин. Ошондуктан чоң спорт менен машыгуу мөөнөтүндө жан энергетикаңдын жырткыч айбандардын жан энергетикасына айланып, “Тозоктун” отуна даярдык көрүүсүнөн сактанууң керек.

Спорт боюнча эл аралык мелдештер саясий мүнөзгө ээ болуп, спорт оюндарын уюштурган далдалчылардын киреше булактары катарында жылдан жылга уланып кете бермекчи. Мындай спорттук кумардын тегирменине түшүүдөн мурда, андан бүтүн чыгып кетүүгө толук ишеничиңдин болушун жана эркиңдин жетишин билүүң зарыл. Демек, өлкө намысын коргоого даярданган спортчунун анык бир максаты болуп, спорттук карьерасы бүткөндөн кийин тапкан кирешесине ылайык жашоо жолун улап кетүүчү программасы болушу абзел.

### 10. Турмуш курууга карата пикирлер

“Түшкөн жери келишсе, кара катын ак болот ”, “Эрди жаман кылган да, жакшы кылган да аял” сыяктуу аял эркектердин турмуштагы орду жөнүндөгү элдик макалдарда айтылгандай, жагымдуу жашоо жолуңду таап бактылуу болуу үчүн, турмуш түгөйүңдү туура тандоо негизги маселелердин бири болуп эсептелет. Айрым учурларда ата – энелеринин тандоолоруна каршы чыгып, өз тагдырларын өздөрү аныкташып, ала качуу менен үйлөнүшкөн жаштар болбосо, негизинен, айылдын жана уруунун чегинде жашоо кечирген ата – бабаларыбыз эзелтеден айылдын чегиндеги турмушту толук билип үйрөнгөн адис катарында балдарына ылайыктуу түгөйлөрдү өздөрү кудалашып тандап, үйлөнүү маселелерин чечип келишкенин тарыхтан билебиз. Бирок коомдогу жашоо образы өзгөргөн сайын жаштардын түгөйүн таап үйлөнүүсү алардын өздөрүнүн тандоосуна ылайык ишке ашырылып

келет. Анткени азыркы жашоодо ата – энелер балдарынын келечек тагдырын толук көзөмөлгө алып, бактылуу жашоо уюштуруп берүүгө кудурети жетпейт. Базар экономикасынын өөдө – ылдый толкунунда ийгиликтүү сүзүп жашап кетүүдө ата – энелер старт берүүчү функцияны гана аткарып, андан кийинки чөкпөй сүзүп кетүү ыктымалдуулугу балдарынын өздөрүнүн жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Жаштардын басымдуу көпчүлүгү орто мектептерди бүткөндөн кийин кесип алуу үчүн шаардагы окууларга же иштеп акча табуу үчүн өндүрүш ишканаларына, базарларга келишкендиктен, түгөй табуу курагы ата – энелеринен алыс жерлерде өтүп, үйлөнүү маселелерин жеке өздөрү чечүүгө мажбур болушат. Ошондуктан жаш түгөйлөр таанышкан булактар менен жайлоолор кинотеатрларга, кечелерге, окуу жайларына, базарларга, өндүрүш мекемелерине айланып, жашоо татаалдашкан мезгилде оңойчулук менен түгөй табылбайт.

Дүйнөдөгү түгөй тандоо боюнча жүргүзүлгөн байкоолордун натыйжасында топтолгон айрым тажрыйбаларга токтолуп кетели:

1) Өңү түсү ашкере сулуу жаштар менен түгөй болуп жашоо өтө көп түйшүктөрдү жаратышы мүмкүн. Анткени сулуу адамдарга сенден башка да толгон – токой суктанып жете албай кызыгуусу арткан көп болуп, сулуулар дайыма коомдун көңүлүнүн борборунда турушкандай көрүнөт. Мындай учурда аларга жакындашып сүйлөшүүгө аракет жасаган адамдардын назары же жан энергетикалык талаалары сулуу адамдын жан энергетикасына таасирин тийгизип, өздөрү жакындап сүйлөшпөсө да анын энергетикасынын кайсы бир бөлүгүн тартып алып кемитип олтурат. Натыйжада сулуу адамдын жан энергетикасы өзгөрүп, мүнөзү кайсар, туруксуз боло баштайт. “Мен кандай болсом да мени жакшы көрө беришет” деген жоопкерчиликсиз ишенимдин акыры сулууларга бактысыз турмушту алып келиши мүмкүн. Ошондуктан “Сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу”, “Тышы жалтырак, ичи калтырак”, “Чачы узун, акылы кыска” – сыяктуу макал – лакаптарды эске тутуп, түгөй тандоодо “Түстүүдөн түңүлбө” макалын акылдуулук менен колдонуу зарыл. Антпесең сулуу адамдарды аңдыган замандаштарың менен түгөйүңдү бөлүштүрүп жашоого кириптер болуп калышың мүмкүн.

2) Адатта эмгекчил жана акылдуу адамдардын түгөйлөрү жалкоо жана акылсызыраак болушат. Анткени мындай адамдарга анын акылын угуп жактырып турган жана жасаган эмгегин баалап, ага муктаж болгон адамдар гана жагары белгилүү. Ошондуктан эмгекчил жана акылдуу адамды түгөй катары тандоо үчүн убактылуу болсо да анын акыл пикирин угуп үйрөнүп жаткандай түр көрсөтүп, анын жардамына муктаж адамдай көрүнүшүң керек. Баш кошкондон кийин гана сенин эмгекчилдигиң менен акылың үй - бүлөлүк бюджеттин туруктуу болуп көбөйүшүнө салымын кошуп жатканына ишенген жарың сенин баалуулуктарыңды байкап, сага чыныгы сүйүүсүн арнап бактылуу жашайсыңар.

3) Көбүнчө ата – энелеринен жана коомдогу элдерден уялып корунган, өз сүйүүсүн өтө жогорку деңгээлдеги купуя сыр катары сактоого аракет кылган жаштар турмушта түгөй табуудан кыйналышат. “Улуу сөздө уят жок”

дегендей, сен дилиңде аздектеп сактаган сезимиңди убагында тышка чыгара билбесең, анда турмуштагы ырыскыңды тарттырып жиберип “Кудай берген куруттан, эмне мени куруткан” деп жүрө беришиң турган нерсе. Бул өмүргө бир келип – кеткен жашоонун даамын толук татуу үчүн, ата –энеден же башкалардан жөнү жок эле уяла берүү адептүүлүккө жатпасын, ал сенин кечиримсиз кемчилдигиң болорун туура түшүнүп, аны тез арада жоюуга милдеттүүсүн. Түгөй тандоо уялуучу нерсе эмес, ал адам болуп төрөлгөн пендеге Теңир тарабынан коюлган негизги тапшырмалардын бири болуп эсептелет, ал эми Теңирдин тапшырмасын аткарбай пенделерге табияттан берилген көбөйүү процессине катышпасаң, анда жан энергетикаңдын биозаряд алуу жөндөмдүүлүгү начарлап улам өчүп бара берет. Бирок, башка бир телепатиялык эргүү абалдарына алып келүүчү медитациялык көнүгүүлөрдүн жардамы менен жан энергетиканы түздөп кетүүгө болот.

4) Түгөй тандоо кудайга жаккан иш экен деп, биринчи орунга жалпы жан энергетикаларынын талаасынын балансын сактоону койбостон, башкы орунга тукум калтырып жеке жан кумарыңды кандырууну коюп, баш аламан түгөйлөрдү тандап, “аягы суюк” жашоо жолуна түшсөң, анда жан энергетикаңдын бүтүндүгүн коргоочу кабыкча туруксуз бузулма абалга келип, биозарядың чачылып, белгиси тез өзгөрүлмө болуп калат. Ошентип жан энергетиканын белгиси терстешип кетүүсүн көзөмөлдөө жөндөмдүүлүгү начарлап, “Тозокко” түшүү ыктымалдуулугу жогорулайт.

5) Түгөй тандоодо эмоциялык сезимдерге негизделген сүйүүнү биринчи орунга коюуга болбойт. Анткени адамдын эмоциялык абалы шартка жараша өзгөрүп, бүгүн жактырган адамың эртең жакпай калышы мүмкүн. Ошондуктан китепте жазылып, кинолордо көрсөтүлгөн сүйүүлөргө толук ишенүүгө жана аларды туурап сүйүү үчүн жаныңды курмандыкка чалууга чейин барууга болбойт. Себеби китепти жазып, кинону тарткан адамдар да өз ойлорунан чыккан жеңил сүйүүлөрдү баяндашып, окурмандардын сезимдерин жаралап, көркөм базарында өз продукцияларын сатып киреше табууну көздөшөт. Мындан сырткары адамдарды кайдыгерликке, жалкоолукка жана “чымчык сүйүүгө” үндөгөн диверсиялык кинофильмдер, башка элдерди жөндөмсүз макулуктарга айлантып, турмуштук конкуренциядан сүрүп чыгарып, базарын ээлөө багытында тартылышат. Ошондуктан сүйүүнү китептен же кинодон издебестен, чыныгы турмуштан издөө керек. Тандаган түгөйүң биринчи кезекте сенин тандаган турмуш жолуңа, кесибиңе зыяны тийбестен, аны улап кетүүгө дем берүүчү адам болушу керек. Демек түгөй тандоодо жаштардын ой пикирлеринин дал келиши, биринин кесибинин экинчисине каршы келбеши же болбосо үндөш кесиптердин болушу чоң мааниге ээ болот. Түгөй тандоо үчүн көчөлөргө чыгып, кыз же жигит уулоонун кереги жок. Түгөйдү, тандаган турмуш жолуңа жана кесибиңе ылайык келген чөйрөдөн издесең туура болчуудай сезилет. Ошентип тандаган түгөйүңдүн өңү - түсү жана кебетеси башкы орунда турбастан, анын сен тандаган турмуш жолуна жана кесибиңе макул

болуп, жашоонун арабасын кошо тартыша алуучу сапаты башкы орунда турушу керек.

6) Түгөйлөрдүн табышып ынтымак жашап кетүүсүнө ата энелер да чоң таасирин тийгизет. Түгөйлөрдүн жалпы кесиптик гана кызыкчылыктары болбостон, ата салтынан калган келиндик, күйөө балалык милдеттерди да так аткарууга даяр болушу зарыл. Кыргыздарда ислам дини келгенге чейин эле калыптанып, бүгүнкү күнгө чейин уланып келген үй - бүлөөлүк салттардын, дүйнөдөгү эң демократиялык жана адилеттүү үй - бүлөө кодекстеринин бар экендиги белгилүү. Адал эмгеги менен бала чоңойткон ата – энелердин баары картайган кезде сый көрүп, төрдө олтуруп чай ичкиси келет. Кыргыз улутун ата салтында карыган ата – энелерин сыйлап багуудан башка аларга аксакал даражасын ыйгаруу менен баш ийүү жана турмуштагы түйүндүү маселелерди аксакалдарга чечтирүү сыяктуу башкаруу укуктары берилген. Акыркы деми менен төшөктө сыркоолоп жаткан кары адамдын сөзүнө да өзгөчө маани берилип, ата – эненин "керээзи" деп ыйык жана бийик сөз катарында аткарууга аракет жасалып келген. Ошондуктан кыргыздардын узун тарых жолунда калыптанып, алардын улут катарындагы өзгөчөлүгүнүн сакталып келишине себепкер болгон "Карынын сөзүн капка сал", "Кары келсе ашка, жаш келсе – ишке" өңдүү макалдар жаш түгөйлөрдүн жашоо жолундагы негизги чакырыктардын бири болушу керек.

7) Түгөйлөрдү тандоодо медициналык жактан кандарынын оң же терс резуста экендигин тактоо жана гендик карама – каршылыктардын жок болушун текшертүү зарыл. Эгерде медициналык жактан биргелешип жашоого уруксат берилбесе, анда мындай никелердин түбөлүгү түз болбой калышы мүмкүн. Кан резусу оң болгон адам түгөйлүккө оң резустагы адамды, терс резустагы адам терс резустагы адамды тандашы керек. Кан резустары бирдей болбосо, анда түгөй болуу ниетин достук менен алмаштырууга туура келет. Болбосо алардын тукумдары кемчилдиги менен төрөлүп, коомдо тукум улап жашап кетүүсү күмөндүү болгондуктан, түгөйлөрдүн карыялык доору бактысыз болуп калганын турмуштук мисалдар көрсөтүп олтурат. Айрыкча, туугандардын арасындагы никелер чоң чыр - чатактарды жаратып, түгөйлөрдүн гана эмес, туугандарынын арасындагы келишпестиктерди жаратып жүрөт. "Башка урууларга же улуттарга кыз бербейбиз" деген текберликтин айынан келип чыккан туугандардын ич ара никелешүүлөрүнөн акылы кем, дене кемчилдиктери бар балдар төрөлүп, элдин сапаты кете баштайт. Анткени кан резустары дал келишпеген адамдар табыятынан окшош көрүнгөнү менен, өз ара аргындашып, биоталааларындагы термелүүлөр тектешип, жаңырып жанданууга күчөткүч же башка бир термелүү жетишпей, өз алдынча жаңы жан энергетикасын түзүүгө кудрети жетпей калат окшойт.

8) Түгөйлөрдүн бир улуттан, жок эле дегенде тектеш улуттардан же бир дин ишениминдеги элдерден тандоо чоң мааниге ээ, себеби ар бир улуттун каада – салттары , жашоо образдары жана баалуулуктары ар башка болгондуктан, түгөйлөр канчалык бири – бирин жакшы көрүшсө да, кайсы

бир күнү келишпестиктер келип чыкпай койбойт. Мисалы, айрым бир улуттар үчүн баш кошуу түбөлүк түгөй болуп жашоо максатында эмес, өмүрдүн кайсы бир бөлүгүндөгү зарылдык катары бааланып, ал зарылдык канааттандырылгандан кийин, түгөйү менен чогуу жашоонун мааниси жоголуп, жаңы жагдайдагы зарылдыкка карата чечим кабыл алып, дүйнөнүн башка бир жерине жол тартат. Көбүнчө чет элден келген адамдар граждандуулук, үй - мүлк, киреше алуу максаттарында гана үйлөнүшүп, өз максаттарына жеткенден кийин, жаңы ийгиликтерге ылайыкталган жаңы түгөйлөрдү кармап кете беришет. Ошондой эле тандаган түгөйүнөн тукум калтыруу үчүн гана никеге туруп, өзүнүн программасын аткаргандан кийин "Мага дагы бир крокодилдин кереги эмне" деп түгөйүн айдап чыккан эркектерди да, айымдарды да жолуктурууга болот.

"Курама темир курч болот" – деп башка улут менен баш кошууну, улуттун сапатын жогорулатуу катарында баалаган пикирлер болгону менен, биоталааларында айырмачылыктар көп болгон адамдардын никесинен төрөлгөн балдардын биоталааларында да, ар башка жаныбарлардын аргындашуусунан туулган жандыктардай эле аномалдуу абалдар орун алып, тирүүлүктүн туруктуу сакталуусуна кепилдик боло албайт. Ошондуктан жогорудагы макалдын чындыгын тектеш элдердин никелеринен күтүү туурадай көрүнөт.

9) Түгөйлөр чогуу жашоо мезгилинде диний же саясий эрежелерди жетекчиликке албастан, биринчи кезекте ата салтына негизделген адамдык сапаттарга жана баалуулуктарга негизделген үй - бүлөөлүк мамилелерди гана жетекчиликке алуусу керек. Түгөйүң үй тиричилигине сарамжал, дили таза адам болгонуна карабай, аны намаз окуй албаганы үчүн же тиги бу саясатты жактаганы үчүн күнөөлөп, аны өзүң ишенген нерселерге мажбурлоо, жаңжал чыгаруу күнөө болот. Үй - бүлөө баарынан ыйык жана жогору турган сезимдерге таянган бүтүн ишеним жашаган уя болот, Теңирдин жалпы жан энергетикалык талаасынын тең салмактуулугун сактоо милдетин аткарган үй - бүлөөлүк союздун бейпилдигине эч бир дин, молдо же саясатчы сырттан кийлигише албасы керек. Бул ыйык уяны бүтүн сактоо жана сырткы таасирлерден коргоо түгөйлөрдүн ички маселеси болуп эсептелет жана анын бузулушунун күнөөсүн өздөрү гана тартышат. Үй - бүлөөдө түгөйлөрдүн бала багуу сыяктуу ички сыр катарындагы тиричилик мамилелери гана орун алып, сырттагы мамилелер, көз караштар үй - бүлөөлүк мамилелерге таасирин тийгизбеши керек. Ошондо гана Теңир тарабынан үй - бүлөөгө тагылган табыгий милдет аткарылып, жалпы жан энергетикалык талаанын тең салмактуулугун бузууга аракет жасалбайт.

10) Үй - бүлөө курууда достордун да таасири маанилүү орунда тургандыктан, дос тандоого кылдат мамиле жасоо керек. "Ишенбегин досуңа, саман тыгат постуңа", "Миң сомуң болгончо, миң досуң болсун" сыяктуу макалдардын жаралышы "дос" түшүнүгүн көп кырдуу экендигинен кабар берет. Достук, адамдардын кызыкчылыктарындагы жалпылыктардын топтомунун деңгээлине карата аныкталып, "утурумдук", "иш боюнча" жана

“өмүрлүк” болуп бөлүнүшөт. Жашоо жолунда адамдын кызыкчылыктары тынымсыз өзгөрүп тургандыктан, иш жүзүндө өмүрлүк дос күтүү мүмкүн эместей көрүнөт. Сенин жан сырыңды, кемчилдиктериңди, ийгиликтериңди жакшы билген досуң менен кызыкчылыктарың келишпей калса, анда сага коркунуч жараткан душмандарыңдын башында досуң туруп калышы мүмкүн. Ошондуктан кандай гана жан – досуң болсо да, аны менен турмуш куруу сыяктуу жеке маселелерди бөлүшүп, ачык талкуулоо туура эмес болот. Анткени өзү жакшы билген адам менен атаандашуу жеңил болгондуктан, көбүнчө конкурент катары эң жакшы билген адамдар тандалат. Ошентип жакын достуктун арты конкуренцияга айланып, кечээги достор келишпес душмандарга чейин жетиши мүмкүн. Жашоо жолундагы тандаган кесибиңе өнөктөш болгон адамдар менен, же “иш боюнча” тандалган достуктар гана, салыштырмалуу узагыраак уланат деп ойлоймун.

11) Эзелтен элибизде жаштардын баш кошуп, өз алдынча түтүн булатып кетүүсүнө жеңелер чоң салым кошуп келишкен. Балалык менен кош айтышып келин болуп келген жеңелер, түшкөн жеринде балалык кусалыгын кайнилери жана кайынсиңдилери менен жазып, алар менен сырдашкан жакын курбуларга айланышат. Эгерде келин түшкөн жеринде өзүн бактылуу сезсе, анда жаңы курбуларына да ошол бакытты каалап, алардын өмүр – шерик таап кетүүсүнө чын көңүлдөн жардам берет. Ал эми түшкөн жеринде кордук көрсө же кемсинтилсе, анда кайни – кайынсиңдилерине да ошондой келечек каалап, кайын журтуна болгон ич күптүсүн жазууга аракет кылат.

Бул 11 беренеден турган эрежелерди майдалап түшүндүрүү максатында жаш түгөйлөргө жана анын үй - бүлөө мүчөлөрүнө айрым кеңештерди бере кетели.

**Жигиттерге кеңеш:** Кыргыздарда үй - бүлөө куруу жана тукум улоо жоопкерчилиги негизинен жигиттерге жүктөлгөнү белгилүү. Ата салтынан үй - бүлөөнү башкаруу, кем карчын камсыздап “Канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай” багып асыроо милдетин алган эркектер, үй - бүлөөнүн бактылуу болушунда негизги ролду ойношот. Ошондуктан аял тандоодо эмоция менен эмес, акыл менен жактырып үйлөнүү керек. Мисалы иши жүрүшкөн жигитке турмушка чыгууга кызыккан кыздар көп болуп, кадимкидей эле “жигит уулоо” жарышы башталат. Сен кайда барсаң да, кокусунан алдыңан чыккандай көрүнүп, сага жаккан көйнөк жоолукчан кыздардын жароокер көздөрүнө арбалуудан мурда, анын чыныгы жүзүн териштирип таанууң зарыл. Себеби сага жаккан сөздөрдү сүйлөп, сен каалаганды каалаган кыздар жасалма жоруктары менен убактылуу сен эңсеген кыздай болуп көрүнөт. Сага чексиз берилип, театрга өзү билет алып келип, эшигиңдин алдында жалооруй термелген көздүн артында, сени түбөлүк менчиктештирүү максатын көздөгөн, амбициясы күчтүү кыз туруп калышы мүмкүн экендигин унутпа. Адатта мындай никелер кыздардын демилгеси менен түзүлүп, жашоодо аялдардын үстөмдүгү өкүм сүрөт. Ал эми жигиттер кантип жана кандай үйлөнүп калганын байкабай, аялынын чыныгы жүзүн кеч таанып, “кыз кезинде баары жакшы, жаман аял кайдан чыкты” деп

жүрө беришет. Бирок мындай никелер демилгесиз, башка бирөөнүн жетегинде өзүн коопсуз жана ыңгайлуу сезген жигиттерге бактылуу жашоо тартуулашы мүмкүн. Анткени турмуштун кайнаган казанынан өз түгөйүн “тиши менен” сууруп чыкканына ишенген кыздар, аларды жакшы көргөн куурчагындай аздектеп, каалаган жеринде коздук катары пайдаланып жүрө беришет. Ал эми мындай, балыкчы кыздар менен өз көз карашы бар, демилгелүү жигиттер түзгөн никелер көбүнчө ажырашуу менен аяктаарын көрүп жүрөбүз.

Өзүнчө көз карашы бар демилгелүү жигиттер түгөйүн жеке демилгеси менен тандап үйлөнсө гана бактылуу болушат. Таанышкан күндөн эле сага турмушка чыгуу ниетин ашкере билдирген кыздарга эмес, сени байкап көрүп, оңойчулук менен макулдугун бербеген кызга үйлөнгөнүң туура, анткени мурда чоочун болгон адам менен бир жаздыкка баш коюп, тагдырын ишенип тапшыруу жеңил ой менен чечиле койбойт.

**Кыздарга кеңеш:** Кыргыздар “кыздын кырк чачы улуу” деп сыйлаганы менен “кызга кырк үйдөн тыюу” деп кыздарга чектөөлөрдү коюп келишет. Сөздүн ток этер жерин айтканда, үй - бүлөөнүн ички түйшүгү аялдардын мойнуна илинип, бала багып тарбиялоо, жокту бардай кылып казан кайнатуу, конок күтүү сыяктуу кошумча милдеттер жүктөлгөн. Ошондуктан сен өзүңдү акыл – эстүү, турмуш куруп кетүүгө жөндөмдүү деп эсептесең, анда сенин артыңда “кыз уулаган” жигиттердин көп экенин эсиңден чыгарбашың керек. Себеби үй - бүлөөлүк турмушка тың, Акыл Карачачтай кыз кандай эркектин болсо да бактысын ачаары турган нерсе. Эгерде кайсы бир жигит артыңдан сая түшүп, жаман сөз айтсаң деле келе берсе, анда ал сага эптеп жетип өзүнүн проблемаларын сага артып коюп, чалкалап жатып жашоону самаган арсыз жигит болуп калышы мүмкүн. Мындай жигиттердин чыныгы максаттарын үйрөнүп, анын кооз түсүнө жана жалооруган мүнөзүнө ишенбей, жашоодогу принциптерин жана жоро - жолдоштурунун арасындагы пикирлерди үйрөнүп, үй - бүлөөсү жөнүндө маалыматтарды жыйнап, андан соң гана бир чечимге келгениң туура болот. Анткени өзүн - өзү урматтаган жигиттер эмоциялык сүйүүгө караганда өзүнүн жеке аброюн бийик коюп, кыздан кагуу жегенден кийин ага экинчи жолу келүүдөн намыстанат. Ошондуктан пикири бар, өзүнө ишенген жигиттер менен баш кошууну кааласаң, анда сенден кагуу жегенден кийин келбей калган жигиттер менен байланышты жаңылоого аракет жасашың керек. Ошондой жигиттер гана сени базарга олтургузуп коюп, сенин артыңа жашырынып тиричилик өткөрүүгө дити барбайт. Негизинен акыл эси бар кыздар баш кошууга ашкере аяр мамиле жасап, түгөй тандоодо ашыкча этияттыкка жол коюшуп, турмуш курбай да калышат. Ал эми арсыз жаштар никеге турууну кезектеги окуя катарында кабыл алып, анын түпкү маанисине көңүл бура беришпей, эшигиңдин алдында көгөрө туруп, түпкү максаттарына жетишет. Натыйжада жакшы кыздар жаман жерге турмушка чыгып, жакшы жигиттер жаман кыздарга үйлөнүп, турмуштун дөңгөлөгү айлана берет. Адамдар гана эмес, жапайы айбандар да уланган тукумунун жаратылышта

өлбөй жашап кетишин камсыз кылуу үчүн күүлүү - күчтүү түгөйлөрдү издешет. Жапайы инстинкти менен өзү үчүн өлүмгө чейин тытышып, жеңип чыккан айбанды гана өзүнө жакындатат. Ошондуктан кызмын деп олтура бербей, өз бактың үчүн эркектерден калышпай аракет кылып, эмоция менен жашабай, акылың менен жашасаң, көздөгөн максатыңа сөзсүз жетесин.

Эс акылдуу кыз келин болуп келген үйүндө биринчи кезекте кайненеси менен мамиле түзүүгө аракет жасашы керек. Анткени сен келгенге чейин кайненең үйдүн ички тартибин аныктап келгендиктен, сени кайсы бир деңгээлде конкурент катарында кабыл алат. Үй – тиричилик мамилелерине жаңы келиндин кошулушу менен, кайнене өз уулуна болгон бийлигинин чектелип, өзүн керектен чыгып бара жаткан буюмдай сезе баштайт. Үй - бүлөөдө кайненеге барктуу жана баалуу болуп эсептелген тиричилик буюмдары ардакталбай, келиндин буюмдары баркталып, кайнененин жалындуу жаштыгын, башынан өткөн ачуу – таттуу күндөрүн эстетип турган буюмдардын көзгө илинбей жерге ташталышы, тебеленди болушу, кайнененин жүрөгүн оорутуп, келин менен карама – каршылыктардын жаралышына алып келет. Ошондуктан жакшы келин болуу үчүн, кайнененин тарыхын урматтап, анын баалулуктарына аяр мамиле жасоо керек. Өзүңдү үй - бүлөөгө келген жаңы кожоюн катары сезбей, кайненеңдин ишин улантуучу, анын кызыкчылыктарына туура  келген жардамчысы сыяктуу сезсең гана, келин болуп келген үйдө агарып – көгөрүп, бактылуу турмушка жетесин. Эгерде кайненеңдин кызыкчылыгына каршы аракеттерди жасап, айла амалдарды ойлоп, сценарий түзүп, анын туура эмес экендигин далилдөөгө аракет кыла берсең, анда сенин келиндик турмушуң узакка созулбайт. Турмушуң уланса да сенин айла амалдарыңды көрүп чоңойгон балдарың аларды кайталап, армандуу кайнененин кейпине келесин. Турмушта кайненеси же эринин жакындары үйүнө келген сайын, баалуу буюмдарым жоголду деп, жолдошун туугандарынан алыстата берген келиндердин бактылуу кайнене болгонун ырастаган фактылар аз кездешет. “Катын – шайтан” демекчи, көпчүлүк келиндердин оюна эрин толук менчиктештирүүдөн башка ой келбейт. Уктаса түшүндө, ойгонсо оюнда эри экөөнүн бактылуу турмушуна анын туугандары жана достору тоскоолдук кылып жаткандай сезип, бүт өмүрүн эрине туугандарынын жана досторунун жаман экендигин далилдөөгө арнаган келиндерди көрүп жүрөбүз. Аялдардын басымдуу бөлүгү эрин конкурент сыяктуу кабыл алып, аны баш ийдирип, айтканындай жолго баштаса эле бактысы ачылып кете тургандай пикирде болорун  психологиялык изилдөөлөр ырастап олтурат. Ошондуктан түгөйлөрдүн эрегишүүсү болгон үй - бүлөөлөргө караганда, биринин акылына экинчиси акыл болуп кошулган үндөш түгөйлөрдүн түбөлүгү түз болуп, балдары да экиленбеген туруктуу бир пикирде өсүшөт. Ал эми өз туугандарынан жат болгон балдар Ата Журтун жана мекенинин баркын билбей, эрезеге жеткенден кийин мекенин гана эмес, багып чоңойткон ата - энесин да таштап, кара курсагынын айынан жер кезип Ата Журтсуз калышат. Ата Журттан ажыраган бала баарына кайдыгер болгондуктан, туруктуу үй -

бүлөө күтүүгө да жеңил мамиле жасап, бирөөнүн эмес, өзүнүн да бактысын ача албайт.

Жакшы келин болгонуңа карабастан, кандайдыр бир сага байланышпаган себептер менен жолдошуңдан айрылууга туура келсе, анда “Башыма түшкөнү ушул экен деп” мөгдүрөп олтуруп калганың туура болбойт. Айрыкча, диний эрежелерге маани берген ата - энелер турмуштан ажыраган кыздарына кийлигишип, аларды кимдир бирөөнүн этегин кармап кайра турмуш куруууга мажбурлашат. Мисалы менин айылдагы бир досум кызын диний эрежелерди катуу сактаган ыймандуу аталган үйгө кудалашып турмушка берет. Эс акылдуу кыз болгонуна карабай, жаш келин эрте туруп дааратка суу ысытуу, эшик шыпыруу сыяктуу жумуштарды аткарууга үлгүрбөй, “даараты жок тамак бышырат” деген күнөө менен төркүнүнө кайтып келүүгө мажбур болот. Карапайым айылдык момун мүнөзү бар досум 19 жашар бир балалуу кызынын келечегинен коркуп, тынып кетсин деп 60 ка таянып калган кишиге турмушка берип жибериптир. Аны угуп досума “Эмне кызыңды азапка салуу үчүн багып чоңойттуңбу, бага албасаң аны эркине коюп, Россияга же башка жакка жөнөтүп жибербейсиңби, өз бактысын өзү таап кетпейт беле” деп абдан кейидим. Ата – энесин урматтап, шарият жолуна каршы чыга албаган жаш кыз түшкөн жеринен эки балалуу болгондон кийин, картайган күйөөсүн ээсине узатып, үч баласын жалгыз багуу милдетин мойнуна алып олтуруп калды. Кеч болсо да балдарын алып калып, өзүн чет өлкөгө жөнөтүп жиберген досум, “Кызымдын дээринде бар эле, бактысын өзү тапты, турмушка чыгып акча жөнөткөн экен Бишкектен үй сатып алдым, кышында жылуу деп неберелерим менен Бишкекте кыштап жатабыз” – деп, кызынын алдында күнөөкөр болуп, анын бактысын байлаганына өзүн кечирбей турганын айтып калат.

Табиятта эркек же кыз болуп төрөлүп калганы үчүн эле бирине артыкча, экинчисине кем укук берилбейт. Жараткан теңирдин жан энергетикалык талаасынын тең күчтүүлүгүн сактоо максатында программалаштырылган никелешүү жана көбөйүү процесси аялга да, эркекке да тукум калтырып асыроо милдетин жүктөгөн. Алар бул милдетти аткарып бүткөндөн кийин Теңир алдындагы карызы аткарылып, тең укуктуу эркин жашоого ээ болушат. Төрөлгөн соң карып болбостон, бай жана бакубат жашоонун ырахатын татуу мүмкүнчүлүгү эркекке да, аялга да бирдей буюрулган. Аял болгонуң үчүн эле кемсинип, эркекке караганда чечкинсиз позицияны ээлегениң чоң күнөө болот. Кыргыз тарыхынын эр сайышка чыккан Кыз Сайкалынан башталып, Курманжан датка менен бүткөн үзүмүн карасак, алар аялбыз деп турмушка жеңилип олтуруп калса эмне болмок? - деген суроого келип такалабыз. Шарият турсун, ата – салтын бузуп, бала кезинен кудалашып койгон жеринен качып келип Алымбек даткадай теңин тапкан Курманжан энебиз жалгыз өзүнүн гана эмес, жумурай кыргыз журтун тагдырын чечүүгө салымын кошконун унута элекпиз. Ошондуктан аял киши эркектин кабыргасынан алынып жасалган деген жомок, Теңирдин аялдарга тартуулаган укугун уурдап, аялдарды кумар кандыруучу оюнчук катарында

колдонуу аракетин көздөгөн көр пенделер тарабынан ойлонулуп табылганын туура түшүнөлү.

**Ата энелерге кеңеш:** Теңирден милдет катары жүктөлгөн тукум улоо милдетин аткарган соң, балдарыңарга толук ээлик кылуу ниетинен алыс болгонуңар жакшы, анткени ал силердин эле эмес, Теңирдин жан энергетикалык талаасынын тең салмактык керектөөсүнө жараша төрөлгөн, өзүнчө бир жан энергетикасына ээ физикалык денелүү бала болот. Демек, баланын ата эненин алдындагы балалык милдетинен башка да Теңир алдындагы милдети бар. Бала да келечектеги ата – эне сыяктуу Теңир алдындагы милдетин аткарып, тукум улап асырап табыятка таштап кетүүгө милдеттүү. Табыят берген инстинкт боюнча келечектеги тукумун сактоо жоопкерчилиги баланын жеке өзүнө жүктөлгөндүктөн, ата – эне тарабынан баласына өз алдынча жашап, тукум улоого мүмкүнчүлүк берилиши зарыл. Ошондуктан өз балабызды жеке менчик буюм катарында кабыл албай, аны Теңир тарбынан түзүлгөн ааламдын жан энергетикасынын туруктуулугун сактоочу тирүүлүктүн өкүлү катарында кабыл алышыбыз абзел. Жарык дүйнөгө убактылуу тирүүлүктүн өкүлү катарында келип, кайрадан жалпы жан энергетикалык талаанын бөлүгү катарында анын ыктыярына кайра кошулуп турган тирүүлүктүн айлампасында убактылуу жашап жаткандыгыбызды моюнга алып, уул – келинден турмуш улоо милдетин талашпай, жол коюуга милдеттүүбүз.

### 11. Кесип тандоого карата сунуштар

Теңир тартуулаган турмушка келген соң, жарыкчылыкта өкүнбөгөндөй татыктуу жашап өтүүнү мойнуңа тагылган милдет же парз катарында кабыл алып, өзүңдүн жана үй - бүлөңдүн бакыбат жашоосун камсыз кылуу үчүн кирешелүү кесип тандоого тийишсин. “Кайсы бир кесипке ээ болуп, анын үзүрүн толук көрүү үчүн эмне кылуу керек?”, - деген суроого жооп издеп көрөлү:

1) Кесип тандап, пенделик милдетиңди аткарууга киришүүдө жасаган жумушуңа жана тандаган кесибиңе Жараткан Теңир кандай мамиле кылат, ага жагабы же жокпу, жолум ачылабы? – деген күмөндүү ойлор жаралып, жан дүйнөңө тынчтык бербей келет. Жараткан өзү берген өмүргө Теңир өзү менен жеке сен гана кожоюнсун жана акыретте жеке өзүң жооп бересин. Акырет күндө сенин жаныңда сага кантип жашаганды үйрөткөн коомдук ишмерлер же саясатчылар, молдо кожолор же дин аалымдары күнөөңдү кошо тартышып, сага жан жолдош болуп олтурушпайт. Сенин Кудайың сенин гана жеке дилиңде жашап, сенин жалпы жан энергетикалык талаадагы тең салмактуулукту бузууга карата жасаган аракетиңе жараша “Бейишке” же “Тозокко” даярдайт. Жан энергетикаңдын “оң” же “терс” белгилери сенин жеке чечимдериңен гана көз каранды болуп, бирөө берген кеңешке азгырылып кабыл алган чечимдердин күнөөсүнө кеңеш берүүчүлөр жооп беришпейт. Ошондуктан жашоого келген өмүрүңдө сен өзүңө өзүң

Кудайсын, эгерде жан энергетикаңдын кайра тирүүлүккө келип “Бейиште” жашоосун кааласаң, анда анын “оң” белгиси бузулбай турган гана чечимдерге төп келген жашоо усулун тандоого милдеттүүсүн. Ошентип сен ишенген диниң сенин жашоо жолуңа, тандаган кесибиңе тоскоолдук болбостон, ага шык берип, ийгиликке жетүүсүнө шарт түзүшү керек..

2) Кесип тандоодо башкы орунга жеке ишкердүүлүгүңдү уюштуруу максатын койгонуң туура болчуудай, анткени өнүккөн өлкөлөрдө биринчи кезекте жеке ишкердүүлүктөн киреше алып, капитал топтогон соң гана саясий партияларга аралашып, бийлик бутактарына умтулуу жарышына катыша башташат. Саясатка аралашып бийликке жетүү курсагы ток адамдардын шахмат турнирлерине окшоп кеткени менен, кыргыздар тескерисинче, бийликке курсагын тойгозуу үчүн аралашууга умтулуп келишет. Кайсы гана Кыргызстандык ата – эне болбосун жогорку окуу жайын бүткөн баласын жеке ишкердүүлүк уюштурууга үндөбөстөн, эптеп мамлекеттик кызматтарга орноштурууга аракет жасашат. Бул Кыргызстанда мамлекеттик кызматтар элге кызмат кылуу үчүн эмес, азырынча элдин эсебинен киреше таап бай жана бакубат жашоонун гарантиясы катары бааланып келгенинен кабар берет. Өнүккөн өлкөлөрдө саясий жогорку кызматтар гана жем – корлук (коррупциялык) аракеттерге мүмкүнчүлүк түзсө, Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдө жөнөкөй справка берген кызматтардан баштап, чоң укуктуу кызматтарга чейин коррупциялык каражаттарды топтоо булагы болуп калган. Ошондуктан өнүккөн өлкөлөрдө мамлекеттик майда кызматтарда жөндөмсүз адамдар иштешет деп, аларды аяп, тиричилик төлөмдөрүнө жеңилдиктер каралып, иштөө мөөнөтүндө социалдык үйлөр менен камсыз болуп келишсе, бизде кандай мамлекеттик кызмат болбосун сыйлуу болуп, табуучу кирешесине карата сатылып алынат.

Кыргызстанда бардык укуктук мыйзамдар түзүлгөнүнө карабастан, граждандык коомдун активдүүлүгү ойгонбой, коммунисттик мезгилдин инерциясы менен турмушун жакшыруусун мамлекеттик чиновниктерден күтүп олтурушууда. Ал эми чиновниктер болсо, элге укуктарын түшүндүрүүнүн ордуна, аларга төлөгөнүнө жараша кызматын көрсөтүп, кызмат орундарын менчик коммерциялык күркөлөргө айлантып алышкан. Бирок НПО лор сыяктуу демилгелүү топтордун элдин укуктук сабатсыздыгын жоюу багытындагы иштеринин жанданышы, жакынкы жылдарда коомдо мамлекеттик кызматкерлер тейлөөчү гана ролду ойноп, мамлекетти алдына тартуучу күч анын жарандары болору баарына белгилүү деген ишенимди жаратат. Ошондуктан кыргыз жаштары мамлекеттик кызматка иштөө үчүн эмес, өзүнчө жеке иш ачуу үчүн окуп билим алса, кесип тандап, чет өлкөлөрдөн үйрөнүп келсе деген тилегимди билдирем.

3) Азырынча Кыргызстанда чоңоюп, окуп билим алган жаштар жогорку техникалык технологияларга негизделген өндүрүштөрдү ачууга даремети жетпейт. Мисалы автомобилди, сотовый телефондорду, компьютерлерди, учактарды жана татаал тиричилик буюмдарын жасаганга акчаң жеткени менен, ал заводдо иштөөчү адис жумушчуларды, өндүргөн

продукцияңды сатуучу базарды табуу, сырье тартып келүү маселелеринде кыйынчылыктар келип чыгышы мүмкүн. Дүйнө өндүрүшү сырьелорго жакын жайгашып, алдыңкы адам акылын пайдалануу менен экономикалык тыкан изилдөөлөргө таянып, продукциялардын наркын төмөнкү деңгээлге чейин түшүрүүгө жетишкен. Мындай жер шарындагы адамдардын бардыгына жетерлик буюмдарды жасап, базарларды ээлөөгө үлгүргөн өндүрүшчүлөр менен атаандашуу мүмкүн эмес. Ошондуктан дүйнө өндүрүшүнүн агымына моюн сунуп, адегенде алардын чыгарган продукцияларын сатуучу, технологияларын тейлөөчү же ремонт кылып монтаждоочу кесиптерге ээ болууга аракет кылуу зарыл. Кыргызстандын ички базарынын керектөөсү кичине болгондуктан, анын чегинде чоң киреше алып келүүчү ири ишканаларды куруу айрым тобекелчиликтерге барууну талап кылат. Анткени дүйнөлүк үлгүдөгү завод фабрикалар 24 саат бою иштегенге ылайыкташып, биздин керектөөдөн ашыкча продукция өндүргөндүктөн, адегенде товарларды сатуучу базарларды аныктоо керек болот.

4) Кыргызстандын шартында ишкердүүлүктү аз каражатты талап кылган майда өндүрүштөр менен баштоо зарыл. Адегенде кичине базарда сатып, базардын керектөөсүнө жараша ишкердүүлүгүңдү кеңейтип олтурсаң гана киреше таба аласын. Ошондуктан чоң кредиттерди алып, ишкердүүлүктү тез байып кетүүгө үмүт берген куруу кыялдарга ишенип уюштурсаң, анда базардын керектөөсү тартипке салып турган өндүрүш мыйзамы, кыялыңдагы кирешеден кол жуудуруп, чоң карызга белчеңден батырып коюшу мүмкүн.

5) Кайда барып эмне жумуш кылбагын татыктуу кесип тандап, ага ылайык өнөр үйрөнүүнүн үстүндө иштешиң керек. Айрыкча Кыргызстанга караганда экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөргө барып иштөө убактысында алардан тажрыйба алып, иш үлгүлөрүн топтоп, чогулткан маалыматтарыңдын негизинде өз алдынча иш уюштурууга жөндөмдүү болуп кайтууң керек.

6) Өз алдынча майда ишкердүүлүк уюштуруудан колу таза эмес чиновниктердин, криминалдык чөйрөлөрдүн тоскоолдуктарына туруштук берүү үчүн, иштеген жериңдеги майда ишкерлердин союзун түзүп, анын жардамы менен Кыргызстандын мыйзамдарынын чегиндеги ишкердүүлүк укуктарыңды коргой аласын. Анткени ишкердүүлүк жүргүзүүдө толгон – токой тоскоолдуктар келип чыгып, керектүү уруксат кагаздарын топтоо, өндүрүлгөн продукцияларды сатуу процесстеринде коррупциялык схемаларды аралап өтүүгө туура келет. Мисалы, таттуу нан азыктарын жасоого байланышкан ишкердүүлүк уюштурууга бел байлап, үй - бүлө мүчөлөрүң менен чогуу санитардык жана технологиялык нормаларды сактап, аз аздан продукцияңды сата баштадың дейли. Мындай азыктарды чыгарган чет элдиктер менен кошмо ишканалар, жергиликтүү бийликти жана көзөмөлдөөчү органдарды колго алып койгондуктан, алардын заказы менен сенин чакан өндүрүшүңдү текшерүү басып, өндүрүш нормаларына туура

келбейт деген айыптоолор жазылган корутундулар берилип, ишинди токтотуу чечимдери кабыл алына баштайт.

АКШ жана Япония баштаган өнүккөн өлкөлөрдө "үй шартында даярдалган" деген жазуусу бар продукциялар жогору бааланып келгенине карабастан, бизге окшогон кесиптик сабаты жоюла элек өлкөлөрдө, курамындагы натуралдык азыктардын ордуна химиялык жолдор менен синтезделип алынган азыктар кошулган продукцияларды, кооз оромуна карап баалап сатып алыша берет. Биздин климаттык шарттарда өсүп жетилбеген же өндүрүлбөгөн азыктар болсо го мейли эле, мал жандуу кыргыздардын арасында сүттүн эки, үч күндө ирип бузуларын билбеген адам жок болсо деле, алты ай күндүн нуруна койсоң да бузулбаган сүттү мактап, жактап кымбат баада сатып алып иче беребиз. Ошондуктан жергиликтүү майда өндүрүшчүлөрдүн союзу аркылуу ушундай проблемаларды көтөрүп чыгып, "алдыңкы технология" деп аталган жасалма азыктарды колдогон чиновниктердин жүзүн ачып, ата мекендик өндүрүшчүлөрдүн укугун коргоо зарыл. Өнүккөн Европа өлкөлөрүндө азык - түлүк жасоо технологиялары адамдын колу тийбей турган деңгээлдеги автоматташтырылган абалга жетип, тамактын курамына тирүү адам татпай турган кошулмалардын жашыруун кошулушу үрөй учурчуу жаңы ооруларды пайда кылгандыктан, ар бир өзүн сыйлаган Европалык адам автомат эмес, тирүү адамдын колу менен жасалып, оозу менен татып көргөн гана тамактарды азык катары пайдаланып калганын билебиз. Ошондуктан Кыргызстанда жогорку технологияларды колдонбой, үй – шартына ылайыкташкан технологияларга негизделген табигый тамак – азыктарды даярдоочу ишканалардын тармагын түзүп, дүйнө базарларына Ала – Тоо жыттанган "ак сөөктөрдүн" азык даамдарын жайылтууга мүмкүнчүлүк бар. Бирок мындай мүмкүнчүлүккө ээ болууга коррупциялашкан мамлекеттик система тоскоолдук кылбайт деп айта албайбыз, анткени кошоматчылыктан башкага жөндөмсүз атка минерлердин тобу акча үчүн өзүнүн ар намысына кошуп, кыргыз элинин ырыскысын да сатып жатканы жашыруун болбой калды. Башыбыздан өткөн эки төңкөрүштөн кийин ачык айтылып жаткан маалыматтарга ишенсек, киреше алып келүүчү ишкердүүлүктүн түрлөрүн, өндүрүш тармактарынын дээрлик көпчүлүгүн Президенттерибиздин санаалаштары рейдерлик ыкма менен мурдагы ээлеринен тартып алганын көрөбүз. Бул кыргыз өндүрүшчүлөрүн коргоочу мыйзамдардын болгону менен, аларды эл аралык деңгээлге чейинки соттордо сабаттуу коргой ала турган уюмдардын же болбосо адвокаттардын калыптана электигинен кабар берет. Ошондуктан ишкердүүлүктү баштоо менен катар аны коргоо чараларын көрө кетүү зарыл.

7) Ишкердүүлүк адамдан сабаттуу мамилени талап кылат, ошондуктан кайсы ишти баштасаң да, аны ийне – жибине чейин өздөштүрүп, бир канча өлкөлөрдү кыдырып, өзүндөй иштеп жаткан адамдардын тажрыйбаларын үйрөнүп, экономикалык так эсептерди жасай билүүгө тийишсин. Эки, үч адам топтоло калып эле баш аламан баштаган ишкердүүлүк көпкө узабайт. Ошондуктан билбей баштаган ишиндин жүрүшүндө аны сабаттуу үйрөнүүгө

аракет кылып, келечек натыйжасын болжоп билүүгө умтулсаң, анда жок дегенде убагында токтотуп, башка бир кирешелүү ишке киришесин.

Ишкердүүлүккө жасалган сабатсыз мамилелерден улам бир эле учурда бир канча ишкердүүлүктүн түрлөрү менен алектенген адамдар көп кездешет. Бир эле учурда кирпич, тамак аш продукцияларын чыгарып, автосервис уюштуруп, сатуу түйүндөрүн ачкан ишкерлер баарына үлгүргөн таланттуу адамдардай сезилгени менен, аларды тез киреше табууну эңсеп, ишкердүүлүккө жеңил ой мамиле кылган адамдардын тобуна кошууга болот. Анткени ар бир иш өзүнчө талыкпас эмгекти жана изденүүнү талап кылып, иштин башында баарына үлгүргөндөй сезгениң менен, жалгыз адам анын баарын пландаштырып чече албай, кайсыдан киреше алып, кайсынысынан чыгаша тартып жаткандыгын тактай албай кыйналат. Мындай учурда өндүрүштүн чиеленишкен маселелерин чечүүгө убакыт коротуп, психологиялык жактан кысылууга учурап, ден – соолугуңдан ажырап калышың да мүмкүн. Ар тармактуу иштер көптөгөн жардамчылардын кызматына муктаж болгондуктан, убакыт өтүп картайганда иш башкарган өнөктөштөрүң “Мен болбосом, бул иш эбак токтомок” деген аргументтер менен ишиңе ээ чыгып, тартып алышы да мүмкүн. Жасаган ишкердүүлүктүн ырахатын татып, бактылуу жашоо үчүн, алың жеткен бир иштин майын чыгара аткарып, ага канаат кылып, үзүрүн көрүүгө аракет кылганың туура болот. Адам баласынын тарыхында баарын жеңип чыккан, бардык байлыкты түбөлүккө менчиктештирип үйүп алган ишкерди же падышаны жолуктурууга болбойт. Ошондуктан “Теңирим теңчиликти сүйүптүр” дегендей, сенин жасаган жумушуң жеке өзүңө гана пайда алып келбестен, башкаларга пайда алып келсе гана ишиң жүрүшөт. Айрыкча, Кыргызстан сыяктуу калкынын басымдуу бөлүгү кара жумуштан башкага жөндөмү жетпеген же сабаттуу кесипке ээ боло албаган өлкөлөрдө элдин бай жана кедей болуп бөлүнүшүнө алып келген социалдык теңсиздиктин себебин элдер өздөрүнөн издешпестен, бай адамдардын амалкөй ач көздүгүнөн деп түшүнүшүп, алардын мүлктөрүн мезгил мезгили менен талкалап тоноп турушат.

8) Иш уюштурууда ашкере амалкөйлүк менен баарынан акылдуу болуп, алардын күч энергияларын “Вампир” катары пайдалануунун келечеги да жакшы бүтпөйт. Анткени өндүрүштөгү же ишкердиктеги адилетсиздик мамилелердин жыйындысы топтолуп олтуруп чыңалгандан кийин, тең салмактуу абалга келүү үчүн жарылууга дуушар болуп, башталган иштин чачылып тонолушу менен аяктайт. Ошондуктан иш баштоодо кыянат ойлорду таштап, ак көңүл жана таза ниет менен өнөктөштөрүңдүн укугун сактоого жана сыйлоого милдеттүүсүн.

9) Акылдуу адамдар үчүн өнүккөн өлкөлөргө караганда Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдө иш уюштурган ыңгайлуу, себеби, биринчиден, атаандашуу аз, экинчиден, Кыргызстандын климаттык шарты жана ишкердүүлүк мыйзамдары жагымдуу, үчүнчүдөн, калкынын басымдуу бөлүгү кара жумуш менен алектенип, дыйканчылык жана мал мал чарбалык продукцияларын өндүргөнү менен аларды акырына чейин иштетип сатууга

сабаттары жетишпейт. Негизги артыкчылыктардын бири, дүйнөлүк экономиканын тартуучу күчү болгон Кытай Эл Республикасы менен жанашкан коңшу болуп, алардын технологияларын үйрөнүп, продукцияларын үчүнчү өлкөлөргө сатуу менен тейлөө борборлорун уюштуруу мүмкүнчүлүгүнүн болушу эсептелет.

10) Кыргызстанда жеңил өнөр жайы жана азык - түлүк өнөр жайларын өнүктүрүү ыңгайлуу, анткени бул товарларга жергиликтүү базарларда да керектөө болуп, ашыкчасын коңшу өлкөлөргө сатууга болот. Экинчиден, өлкөбүздө  СССР дин мезгилинен ушул тармактагы өнөр жайларга маани берилип келгендиктен, адис жумушчуларды даярдоочу миниамалдык шарттар сакталып калган. Үчүнчүдөн, жакынкы Казахстандын, Россиянын аймактарында өспөгөн жемиш өсүмдүктөрү бизде болгондуктан, дээрлик 70 миллиондон ашык кийим кийүүчү жана тамак азыктарын керектеген адамдар жашаган аймактарда базарлар бар. СССР дин жоюлушунан кийин чек аралар ачылып, бул базарларга Иран, Кытай, Европа өлкөлөрү киргени менен, Россиянын, Казахстандын аймактарында кыргыз жарандарына ишкердүүлүк уюштурууга берилген артыкчылыктарды пайдаланууга болот. Төртүнчүдөн, экономикасы өнүккөн кошуна кытайлардан кездемелерди жана тамак – аш технологияларын арзан алуу мүмкүнчүлүктөрү бар.

11) Кыргыз эли кылымдар бою калыптанып келген жашоо образын бүгүнкү күндүн талабына жараша өзгөртүүсү керек. Анткени мурдагыдай интернационалисттик саясат менен кыргыздарды кайсы бир деңгээлде коргоп камкордук кылган жана аң сезиминин төмөндүгүнө, кайдыгерлигине, жалкоолугуна маани бербеген СССР жоюлуп, босогодо алы жокту аябаган, жогорку илимий технологияларга таянган базар экономикасы араандай оозун ачып күтүп олтурат. Сөздүн ток этер жерин айтканда, бүгүн кыргызды колдогон бир Теңир эле болбосо, кыргыздан башка бир да жан жок. Демек, “Сак бол кыргыз, сак болгун” деген Кетбука төкмө атабыздын сөзү күндүн чакырыгы (лозунгу) болгон күн кайтып келип, бул жарыкчылыкта кыргыз жеке өзүнө ишенип, өз күчү менен жашаар мезгилди башыбыздан кечирип жаткандыгыбызды билишибиз зарыл. Кыргыздар табиятынан аң уулап, отун кескен, боз үйүн мактап, башкалардын малын чаап уурдаган примитивдүү жашоосун токтотуп, кылымдын жашоо талабына ылайык сабаттуу кесип ээси болбосо, бүгүнкү дүйнөнүн жашоо тегирменинен бүтүн чыгышы күмөндүү. Ошондуктан убакытты куру кыялдагы саясатка, дин ишенимдерине, чет өлкөлүк инвесторлорго коротпостон, ата тегинен бери кыргыз башын ийбей бай жана бакубат жашап келгени үчүн сакталып калганын, сен аны улантууга милдеттүү экендигиңди биринчи орунга коюп, кечикпестен заманга шайкеш сабаттуу кесип алууга киришишиң керек.

12) Кыргыздардын базар экономикасына маани бербегендигинен, приватташтыруу процессине кайдыгер карап, өз ырыскыларын башка элдерге жана шылуун мекендештерине тарттырып жиберишти. Эгерде мындай кайдыгерлик улана берсе, анда чоң киреше алып келүүчү кесиптерди да башка элдерге тарттырып жиберип, кыргыздар мал кайтарчуу таягына

жөлөнүп, кетменин кармап кала беришет. Ошондуктан кесип өздөштүрүүдөн чочулап, колуман келбей калбасын деп шектене берүү туура болбойт. Мисалы, ата – бабаларыбыз сууга кийиз бастырып, алтын чайкап алып келишкенин билсек да, кайсы бир алтын кенин бел байлап иштетүүгө аракет кылган элди же айылды көрбөйсүн. Ошол эле мезгилде Чаткал менен Ала – Букада сабатсыз эле кытайлар кетмен менен казып, эшек менен ташып, химикаттарды куюп чайкап, чайкандысын биз ичкен сууга төгүп эле алтын өндүрүп баштаашты. Түшкөн кирешесине өндүрүшүн жандандырып технологиясын оңдоп алганга да үлгүрүштү. Башында конок деп чайын берип, оозун ачып угуп олтурган кыргыздар: "Ээ, кытайың андай экен, мындай эле турбайбы", - деп алардын "эшек жеген" сыяктуу кылык – жоруктарын үйрөнгөнү гана болбосо, аларга ким лицензия сатты, кантип жана канча алтын өндүрүштү, аларга ичкен суусун булгагандан башка кандай пайда алып келишти – деген сыяктуу суроолорго азырынча чындап баш оорутуша элек.

13) Мекенчилдик деген Ата Журтту сүйүп коргоо менен гана чектелип калбайт. Базар экономикасын шарттарында мекендин гүлдөп өсүшү үчүн анын базарын да коргой билүү керек. Мекенчилмин деген ар бир адам кыргыз жеринде өндүрүлгөн гана товарларды сатып алып колдонууга, азыктанууга аракет жасашы керек. Бир же бир канча адамдардын мекенчилдик сезимдери менен эле чектелбей, жалпы мамлекеттин деңгээлиндеги экономикалык мекенчилдик сезимдери ойгонуп, мыйзамдар менен корголсо гана өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө реалдуу салым кошулуп, анын көз карандысыздыгынын пайдубалы түптөлө баштайт.

Базар экономикасын сабаттуу өздөштүрбөгөн мамлекеттерде анын титулдук эли кедей жашап, мамлекеттин негизги байлыгы келгин элдердин колунда болот. Анткени өзүн жердин кожоюну сыяктуу ток – пейил кармаган элдер, төрө – пейилдик менен кайдыгерликти ажыратып түшүнө алышпайт. Ошондуктан төрө – пейилдүүлүктөн жаралган кайдыгерлик, жергиликтүү элди демилгесиз байкоочуга айлантып олтуруп, базар экономикасындагы атаандаштыктан сүрүп чыгарып салат. Ошондуктан Россияда кедейлердин басымдуу бөлүгү орустар, Кыргызстанда кыргыздар ж.б.у.с. болуп кете берет. Чоочун жерге көчүп келген адамдардын башкы максаты, ошол жерде жашап кетүү болгондуктан, жергиликтүү элдердин психологиясын үйрөнүп, алардын кемчилдиктеринин арасынан нан табуу мүмкүнчүлүгүн издешет. Мындай тынымсыз изденүүнүн натыйжасында, алар жергиликтүү калктын муктаждыгына зарыл болгон, алардын колунан келбеген кесиптерди өздөштүрүшүп, атаандашуусуз эле чоң кирешелерге жетишишет. Демек базар экономикасынын шарттарында кыргыздар мактанган төрө – пейилдүүлүк, аларга аброй алып келбестен, тескерисинче итке минген жакырлыкты алып келиши мүмкүн. Ошондуктан төрө – пейилдүүлүктү кайдыгерликке жеткирбей, япондорчо төрө – пейилдүүлүктү мекенчилдиктин символу катарында кабыл алышыбыз зарыл.

14) Өндүрүлгөн продукцияны сатууда туура баа коюу жана рекламалоо маанилүү ролду ойнойт. Баа кетирилген чыгымдардын үстүнө болжонгон кирешени коюу менен аныкталат деп окуганыбыз менен, сатуу баасын базардын керектөөсүнө жана кардарлардын сатып алуу мүмкүнчүлүктөрүнө карап, базардагы далдалчылар аныкташат. Арзан наркта жасалган продукция болсо деле, далдалчылары келишсе кымбат баада сатыла бериши мүмкүн. Мисалы Дордой, Кара Суу өңдүү базарларда бир эле товарды, күркөлөрдөгү сатуучулардын чеберчилигине жараша ар башка баада сата беришет. Товарды жасоо менен катар, анын элге керектүү экендигин көрсөтүп рекламалай билсең гана киреше таба аласын. Элдик уламыштарда айтылгандай элди бүргө басып шайын оодарганда, акча табууну ойлогон Апенди жөнөкөй эле кызыл кирпичти майдалап, бүргө даары деп сатып киреше таап баштайт. Эртеси бүргө өлбөй жатат деп даарысын кайтарып берүүгө аракет кылган алармандарга апенди “Силер жөн эле чачып койсоңор кайсы бүргө өлмөк эле, бүргөнү тутуп, оозуна салып көргүлөчү, бүргөнүн өлбөгөнүн көрөйүн” – деп жооп берип, даарысын сатууну уланта берген экен. Экинчи бир Апенди чогулган элди таратып, жолун кеңейтүү максатында үнүн барынча кыйкырып, коңшу көчөдө халва сатып жатат деп айгай салыптыр. Апенди ушунчалык ишеничтүү кыйкырган экен, элдин баары коңшу көчөгө чуркап кетип, Апенди өзү жалгыз калыптыр. Эки жагын карап таңдана түшкөн Апенди да чын эле халва сатып жүрбөсүн деп, элдин артынан коңшу көчөнү карай чуркап жөнөгөн имиш.

15) Дин да саясаттын бир формасы болгондуктан, аны менен алектенген молдолукту да кесип катары эсептөөгө болот. Бирок бир айылда бир молдого муктаждык болуп, аны багууга ылайык гана каражат түшүп тургандыктан, Кыргызстан боюнча 400 адамдын тегерегиндеги молдолорго гана кызмат табылат. Ошондуктан динге ашкере берилип, даабатка чыгып, үйдө намаз окуп, Алладан суранып олтура берсең эле курсагың тоюп калбайт. Себеби элдин төлөө мүмкүнчүлүгүнө жараша киреше таба албаган иш – аракеттерди кесип деп айтууга болбойт.

16) Тандаган кесибиң же өнөрүң коомдун керектөө муктаждыгына жараса гана ал сага киреше бериши мүмкүн. Ошондуктан кесип тандоонун ийгиликтүүлүгүнүн негизги критерийи анын коомго керектүүлүк даражасы болуп эсептелет. Канчалык кардарың көп болсо, ошончолук кирешең артат.

Сен тандаган кесип же ишкердүүлүк жеке сага гана киреше алып келбестен, сенин өнөктөштөрүңө да киреше табууга мүмкүнчүлүк бериши керек, ошондо гана сенин ишиңе көмөктөшкөн өнөктөштөрүң сени таштап кетпей, ишеничтүү керектөөчү кардар болушуп, ишиң токтолбойт.

Кедейчиликтин башкы себеби, калкка керектүү болгон кесип же өнөр тандай албагандыгың болуп эсептелет. Ошондуктан сабаттуу кесип тандап, баштаган ишиңдин үзүрүн акырына чейин көрүүгө аракет кылышың керек. Эгерде ар бир иштин башын бир чокуп таштап кете берсең, ал ишти аягына чыгарган адам гана пайдасын көрүп кете берет.

Сабаттуу кесип деп өндүргөн продукцияны акыркы керектөөчүнүн талабын канааттандырган деңгээлге чейин иштеп чыгып сата билүү чеберчилигин айтабыз.